www.bizdin.kg

Жапаркул Токтоналиев

# АБИЙИР ӨЛҮМДӨН БИЙИК

*Тарыхый роман*

«Турар»
Бишкек 2011

www.bizdin.kg

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Т 51

**Китеп автордун 85 жылдыгына арналып, балдарынын демөөрчүлүгү менен жарык көрдү**

**Токтоналиев Жапаркул.**
Т 51 **Абийир өлүмдөн бийик. Тарыхый роман.** – Б.: «Турар», 2011. – 272 б.

ISBN 978-9967-15-106-2

Көркөм сөздө калеми төшөлгөн, адабият майданында көп жылдар үзүрлүү эмгектенген жазуучунун үч тарыхый романы, бир тарыхый роман-хроникасы жарыкка чыккан. Автордун бул китебине кыргыз элинин 17–18-кылымдардагы өтмүшүн изилдеген тарыхый романы жана убагында басма сөздө орун алган макалалары, сын-пикирлери кирди.

Китеп өз окурмандарын кайдыгер калтырбайт деген ишеничтебиз.

Т 4702300100-11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-106-2

© Токтоналиев Ж., 2011.

www.bizdin.kg

# АВТОРДОН

Бирин-бири улаган «Абийир өлүмдөн бийик», «Хан Ормон», «Баатыр Шабдан» романдарында улуттун көрөңгөсүн, жергесинин кол тийбес бүтүмдүгүн түбөлүк сактап калуу үчүн 18–19-кылымдарда күчтүү жоолор менен үч жүз жыл бою үзгүлтүксүз, жан кыя салгылашкан элибиздин мекенчил, моюбас эрк-кайратынын, жоокерлик кудуретинин тарыхый панорамасын тартууга астейдил аракет жасалды.

Тарых хронологиясын сактоо менен алгач «Абийир өлүмдөн бийиктин» жазылуусу жүйөөлүү эле. Бирок, 17–18-кылымдардагы калмак баскыны жана аны сүрүп чыгаруу боюнча даректүү маалыматтардын жетишсиздигинен улам, убакытты утуу максатында архивдик материалдар, илимий далилдер жетиштүү «Хан Ормон», «Баатыр Шабдан» романдары жарык көрдү.

Оңдой берди болуп Байтик баатырдын бабасы Түлөберди акылмандын айткандарына таянып жазылган, Кыргыз Улуттук Академиясында жарык көргөн «Алымбектин санжырасы» аталган даректүү эмгек колго тийип, кечигип турган романды жазууга мүмкүндүк ачылды.

Окурман баамдап тургандай, Түлөберди акылман жана «Акылбектин санжырасы» жөнүндө сөз кыстаруунун жүйөөсү келип турат.

Өспүрүм кезинде Түлөберди акылман кыргыз элчиси болуп Абылай хандын алдына барган. Тынч жаткан кыргыз эли бир тууган коңшусуна душман

www.bizdin.kg

эмес экенине каардуу ханды муютууга аракеттенип, жүйөөлүү сөздөрү, адеп-ахлагы менен анын сый-урматын көрүп узаган. Кыргыз элин коргоп, Чоң Баатыр атанган[1] Эсенгул бабабызга келип Абылай хандын кыргызга чабуул салаары ашкере экенин баяндап, анын купулуна толуп, батасын алган. Өмүрүн кыргыз элинин ишине арнап, өрнөктүү өмүр сүрүп өткөн, өз доорунун чыгаан ишмери Түлөберди акылмандын калтырган мурасын чечмелеген «Алымбектин санжырасы» эл ичине кеңири таралган кыргыз санжыраларына мүнөздүү өз уруусун мактап, өзгөнү каралоодон оолак, табыялуу маалымат булагынын катарында турат.

Китеп жазууда бул баалуу мураска Белек Солтоноевдун «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгегиндеги «калмак жапырыгы» жана башка үзүл-кесил маалыматтар жөлөк болду.

Элин жоодон сактап, өмүрлөрү легендага айланган баатырлардын эл оозунда калган эрдик баяндары демөөр болуп, он жетинчи, он сегизинчи кылымдарда калмак баскынын кайрып, жергесинен сүрүп чыгарган элдик күрөштүн баяны – «Абийир өлүмдөн бийик» романы жазылды.

Ата конушун калмак баскынынан бошоткон кыргыз эли баш-аягын жыйып, мамлекетин чыңай электе анын кенчтүү жергесине, тоо койнунда чалкыган Ысык-Көлгө, берекелүү сары өзөн Чүйгө, Манас ордосу кең Таласка, байлыгы мол Ферганага көз арткан күчтүү коңшулар: түндүктөн Орус империясы, батыштан Кокон хандыгы, чыгыштан Кытай көрүнө да, көмүскө да баскынчылыктарын ишке ашыруу аракетине өтүштү.

Диндин, дилдин биримдиги деген жүйөөлүү руханий себепти бетине кармаган Кокон хандыгы молдоэшендерин, соодагерлерин эл аралатып, кыргыз же-

---

[1] Чоң Баатыр – «Алымбектин санжырасында» ушундай аталат.

www.bizdin.kg

рине жылып кире чептерин куруп, бийлигин орнотуу камына өттү.

Орусия империясы илим-изилдөө шылтоосун бетине кармап, окумуштуу стратегиялык максаттагы тыңчы саякатчыларын: Тяньшанский атанган Семеновдун, Пржевальскийдин, Северцовдун экспедицияларын жиберип, жер-суунун танабын тарттырып, жаратылыштын сырларына үңүлүп кире, кыргыз жерин келечекте оторлоштуруунун, кол тиелек жаратылыш байлыктарын кандайча пайдалануунун жоспорлорун даярдашкан.

Тынч элди куралдуу күч менен басып алуудан эл аралык аброюн сактоо үчүн кыргыз элин уруу-урууга бөлүп, ичинен биримдигин бузуп, урууларды бирден каратып алуунун амалын ишке ашырууга киришкен. Бул максатта Батыш Сибирь генерал-губернатору князь Горчаковдун жашыруун тапшырмасы менен омскийлик татар Файзулла Нагаев 1824-жылдан 1855-жылга чейин соодагер атына жамынып, бугу уруусунун ичинде бузукулук иштерди тынымсыз отуз жыл бою жүргүзгөн. Боронбай бийдин колдоосу менен элдин ичи-койнуна кирип, бийлердин колтугуна суу бүркүп, орус букаралыгын кабыл алууга көндүрүүнүн аракетинде болгон. Отуз жыл бою тынымсыз жан үрөгөн амалы үзүрүн берип, 1855-жылы Боронбай, Качыбек бийлер бугу уруусунун атынан Омскиде генерал-губернатордун алдында Орусия букаралыгын кабыл алуу жөнүндөгү келишимге кол коюшкан. Муну менен Ормон хан башында турган кыргыз хандыгы бөлүнүп, биримдиги бузулган. Бул аракеттин артында кыргыз элин, жерин Орусия империясына каратып алууда каскак болгон Ормон ханды кыргыздын өз колу менен «уруу жаңжалы» деген шылтоого жамынып кулатуунун кош кабат кытмыр саясаты жаткан эле. Бул саясаттын үзүрүнөн Ормон хан өлтүрүлүп, кыргыз мамлекети кулаган. Ушул трагедиялуу да, карама-каршылыктуу да доордогу кыргыз элинин көз карансыздыгы, эркиндиги үчүн

www.bizdin.kg

жүргүзгөн күрөшү «Хан Ормон», «Баатыр Шабдан» романдарында баяндалат.

Орошон кенч-байлыктуу кыргыз жерине көз арткан Кытай империясы өзүн коңшуларынан күчтүү сезип, кыргыз жерине куралдуу күч менен басып кирген. Генерал Баян-Батоонун жетегинде каптап кирген куралдуу экспансиясына Тайлак баатыр баштаган кыргыз жоокерлери кыйрата сокку урган. Генералынан айрылып, кыйраган кытай баскынчыларынын жергеден сүрүлүп чыгарылышы элибиздин мекени үчүн моюбас демдүү күрөшүнүн өчпөс илеби эле.

Элибиздин чымырканып, күч жыйнап, «баш канжыгада, кан көөкөрдө» деп, сабыр тута, күчтүү жоолор менен үч кылым бою салгылашкан мекенчил күрөшүн баяндаган үчилтик дастан соңуна чыкты.

Кантсе да, табыялуу маалыматтардын кунары аздыгынан 17–18-кылымдагы калмак баскыны жана аны сүрүп чыгарууда окурмандардын баамында турган орчундуу учурлар толук камтылбай калганын мойнума алам. Окурмандардын, элдин чыгармага байланыштуу сын-пикирин эске алуу менен, Иншалла, өмүрдүн чаркы жетсе, романга кайра кайрылаармын деген ой бар.

Баалуу маалыматтар менен жардам берген окумуштуу Элебай Турганбаевга рахмат айтам.

Чыгармачылык ишиме демөөр берген уул-кыздарыма ыраазымын.

Кол жазманы компьютерге салып, иштеп чыккан кызым Зейнепке өзгөчө ыраазылык билдирем.

www.bizdin.kg

*«Өмүрүн эл ишине арнап өткөн Эсенгул баатыр бабамдын арбагына багыштаймын»*

# ТЕСКЕРИ БАТА

Көч узап баратат... Кулжа айынын он беши. 1670-жыл. Көл аягы...

Тоо кырынан мурутун чачырата кылайган күн нуру көл бетин жаркыратып, бейпил жарыкка толгон айлана тынчтыкка мелт-калт. Жүк эрте коюлган калың айылдын көчү журттан артын үзө, кыркаар тарта түзөлүп, Топурак-Белге бет алууда. Көч кыймылы жылаажын шыңгырына коштоло сөөлөттүү кылкылдайт. Жасалгалуу боз үй турмандары жүктөлгөн чуудалуу атандар, ботолуу ингендер ак элечек байбичелердин, үртүктөлгөн ат минген үкүлүү, каркыралуу[1] кыздардын, ак жоолук келиндердин жетегинде каалгып, көч жарашыгы артууда. Көч жүрүшүндө адашкан тайлактын боздогону жылаажын шыңгырынан бөлүнө, кусалуу ололойт.

Көч башында жүк үстүнө калы[2] килем жабылып, кош чамгарактуу түндүк бастырылган кара атанды мойнуна жылаажын тагылган, жүгү жасалгалуу карача каймалга кош жетелеген каркыралуу кыз үртүктөлгөн боз жоргонун тизгинин жыя кармап, суусунга кармалган чоң энесин күтө кылчактай баратат.

Чоң үйдүн журт төрүндө кундуз кыюуланган боз парча желең[3] чепкенчен, ак элечек, алтымыштын ары

---

[1] Үкүлүү, каркыралуу кыздар – кундуз тебетейлерине үкү саңорун, каркыра канатын сайынган кыздар.

[2] Калы – баалуу ( кыргыздын унутула баштаган эски сөзү).

[3] Желең - жеңил деген мааниде.

www.bizdin.kg

жагындагы ак саргыл толмоч байбиче ийиле сунган келинден сыр аякты алып, бир тынып бөксөрттү да:

– Болду, – деп ак жүзаарчы менен эрдин сүртө, салабаттуу оңдонуп отурду. Жеңил кийме элечекчен, көк шайы көйнөгү көйкөлө, боюн, кымча белин кынаган каралжын лампус кемсел көкүрөк жарашыгын арттырган карасурдун сулуусу, кумар көз келин Деркен энеңин аяктүбүн шыпкап ичип, күмүш чегеленген кара көөкөрдүн оозун бекитип, канжыгага байлады да:

– Эне, көч узап кеткен тура. Жакын арада киши көрүнбөйт. Тынай небереңизди бешиги менен алып бериңиз. Мен атка минейин, сизди өзүм атказып алам... Атчан туруп эле бешикти бир жагыма алып, колтуктап атказып аламын, – деп төшүн баса ийилип, ызаат көрсөттү.

– Аа, ... ошондойбу?!

Мостоё келинди жекире тиктеген байбиченин көөмөйүн текебер тээп: «Муну кара, түйдөк чачты! Даңазасы калайыкка өрнөк болгон айтылуу Манаптын карачечекей небереси, дөөлөттүү Сарысейит бийдин байбичеси, кош арстан Үчүке, Түлкүнүн энеси – мени жумшайт тура, какмар!» – деген менменсинүү жаалын кайнатты. Кайын эне эрдин күбүрөтө бир паска үнсүз келинин теше тиктеп турду да:

– Мени Түлкү баатырың өзү келип атказат. Сен бешигиң өңөрүп кете бер. Жолуң бош! – деп алаканын тетири жайып бетин сылады.

Каада-салттын, бата-дубанын маанисин терең түшүнүп, ыйык туткан Деркендин жан дүйнөсү бүлүнүп, чөгөлөй жыгыла кайын энесинин тизесин кучактап, жаш төгө буркурады:

– Энекебайым, аз айып, көп күнөөмдү кечириңиз. Аяңыз небереңизди, каргыштан куткарыңыз Тынай үчүн мени. Энекебайым, касиеттүү мазарым.

– Тур ары! – Колунун сырты менен келиндин ийилип турган маңдайын жийиркене кескин түртө, терс бурулган кайын энеңин кайткыс карарганына көзү

www.bizdin.kg

жеткен эстүү келин бул окуянын балтыр бешик уулу Тынайдан, сүйүктүү жары Түлкү баатырдан түбөлүк айрылуу менен бүтөөрү анык экенин туйду да:

– Эне, кайыр кош! Энесиз жетим калуучу Тынайымды Кудайга тапшырдым, – деп атка шап минип, бешикти эңип алып алдына өңөрө, көч артынан шайбыр жүрүш менен жөнөдү. Жаштайынан ат үстүндө чоңойгон чыйрак келин бешикти тыкан өңөрө, жоргону бөжүтө кылкылдаган көчтү жандай, көч башынан үчүнчү бараткан өзүнүн үй турманы жүктөлгөн ботолуу ингендин буйласын ашмачы келиндин колунан алып, салттуу көчкө кошулуп, эч нерсе болбогондой сабырлуу баратты.

Көл аягына чыга көч узоодо. Топурак-Бел жактан текирең жүрүш менен келаткан Түлкүнүн жакын жигиттеринин бири Эркиши Деркен айымга жакындаганда тизгинин жыйып:

– Жеңе, көч байсалдуу болсун! Кандай келатканын билип келчи деп баатыр атайын жиберди. Көч башында байбиче көрүнбөйт го... – деп суроолуу карады.

– Андай болсун. Энебиз уулум өзү келип атказсын деп журтта күтүп отурат. Тезинен кайра жөнө. Баатыр бизден кам санабай, энесинен кабар алсын. – Деркен кайгысын жашыра, жигитке жайдары сүйлөдү.

Опурталдуу окуя күтүп турганын баамдаган Эркиши тизгин бура кайра таскактатты.

Көч башы Топурак-Белге чукулдаганда Атакозу, Чабакты, Эркишини ээрчиткен Түлкү баатыр акжал чабдарды текирең салдыра көчтү жандай артка баратты... Жубайынын орунсуз жорукка барбасына көзү жеткен акылдуу эр ага көз жибере жандап өтө берди. Деркен эч окуя болбогондой сабырлуу, кер кашка жоргону сылай камчылана, көч жүрүшүндө кете берди. Көчкөн журтка бута атым калганда Түлкү баатыр аттан түштү. Жолдоштору да түшүп, аттар куюшкандаштырылгандан кийин, камчысын ээр кашына илип, курун мойнуна сала, башын ийген калы-

бында энесине бет ала жөнөдү. Атакозу, Чабакты, Эркиши баштарын ийе, Түлкүнүн артынан ээрчишти.

Атынын чылбырын кармап журт төрүндө кебелбей отурган энесине үч кадам калганда курун мойнуна салган калыбында башын ийе чөгөлөгөн Түлкү баатыр энесине эгилди:

– Эне, өзүм жана Тынай неберең үчүн курумду мойнума салдым, ырайым этиңиз. Деркен келиниң жаңылгандыр. Аны мен түзөйм, бизди аяңыз.

Жоо бетинде нечен айкаштарда жүрөгү солк этпей, өлүмгө тике караган уул эне алдында үнү каргылдана бошоп турду.

– Уулуң Тынай экөөң бир болгула. Катының Деркен мени бозортту. Ага карарганым карарган. Көч өрүүгө конгончо катыныңды кетир, антпесең ак сүтүмө коём. – Катаал калыбынан жазбаган эне мостое уулуна суроолуу да, чечкиндүү да көз жиберип турду.

Түлкү баатыр энесинин ырайымсыз маанайын туюп, кайгылуу турду да:

– Эне, кара чечекей неберең балтыр бешик маалында эне сүтүнөн ажырап жетим калабы, аяңыз. Ийиңиз, сизди капа кылган Деркендин жазасын колуна берем. Уулу менен болсун. Кудай акы, мээрбан энем, ачууңузду мага бериңиз, – деп энесинин тизесине башын кое ийилди.

– Болду... «Эмчек берген ары бол, эзилишээрим бери бол» дегендей коюндаш катыныңды кыя албай турасыңбы?! Болду, болду, башка сөз жок. Ак сүтүмө коем дебедимби! Катыныңды көч үстүндө кетирбесең, мен ушул журтта өлгөнүм абзел. Атаңды бул ишке кийлигиштирбе, өзүм жооп берем. Конуш чалганы кеткен неме ишин бүтсүн!

Эненин үнү айбаттуу, суук угулду. Каргаша окуянын кайткыс турганын туйган Түлкү баатыр бүлүнүп турган дүйнөсүн кайратына камтып:

– Айтканыңыздай болот. Туруңуз, өзүм атказам. Көч башы ордуңузга жеткизейин, – деп энесин ыклас

www.bizdin.kg

менен этият колтугунан көтөрүп атказды да, кошо бастырып, көч башындагы каркыралуу карындашынын колунан буйланы өзү алып берди. Санаасы тынган байбиче кула жоргону сылай камчылана көчтү сөөлөттүү баштап баратты. Көч катарынан бир аз обочолой Түлкү баатыр жолдоштору менен аттан түштү.

Өмүрүнө өчпөс так түшүрүүчү каргаша үстүндө өзүнүн адамдык аброюн түшүрбөөгө белсенген Деркен үй турманы, мүлкү жүктөлгөн үч төөнү көчтөн чыгарып, чөктүрө күтүп турган эле. Жубайынын жолдоштору менен түшкөнүн көрүп ашмачы келинге кайрыла демейдекидей жайдарыланды:

– Кана, Зуураш, жүктөн керектүүлөрдү алып дасторкон жайчы. Баатырга ашыналары менен суусун ичирели. Ысыкта чаңкашты го.

«Атанагат, ушундай асыл жардан ажырап, энесиз жетимдин атасы боломбу» – деген арман оюн бийлеп турса да, Түлкү токтоо калыбында:

– Жүргүлө, Деркен айымдын дасторконунан көч үстүндө суусун ичели, – деп жолдошторун ээрчите дасторкон сыйына отурду.

– Күн ысыкта чаңкадыңар го. Суусун бергиличи. – Деркен алаканын жайды. Бата тилегенден кийин кымыз сунулду. Деркен астыртан жубайына көз жибере кадыресе унчукту:

– Кана суусун кандыргыла. Камыбыз алынча, керчөө, эжигей, боорсок эле.

Суусун ичилип бир тынымга дасторкон үстүн үнсүз тынч, аянычтуу маанай ээледи. Отургандардын эч кимисинин оозуна сөз кирбеди. Бир тына бөксөртүп, аякты дасторконго кое Түлкү баатыр Деркенге аянычтуу кыйбас көз жиберип турду да:

– Деркен, эстүү жансың. Билгиликтүүлүгүңө ыраазымын. Арабыз бөлүнгөнү турат. Кыямат күнү бирге болобуз. Бул дүйнөлүк талак айттым. Мага ыраазы бол. Мени энчимдеги малдын баары сенин көчүң менен кетет. Эркиши аялы менен, малчылары менен

www.bizdin.kg

узатып барат. Эмне дейин, акырет күнү бирге болорунду сен да тастыкта. Тынайды Атакозунун аялына тапшыр. Уулу менен эмчектеш асыраар, – деп буулуга түшө тамагын кыра, мандашын түзөдү.

Өзөгү бошоп, жаш кыстаган Деркен боюн токтотуп, оюн жыйноо аракетинде ылдый кароодо. Үнсүз күтүү...

Кылкылдай узап бараткан көчтөгү адашкан тайлактын боздогону кусалуу оболойт. Деркен башын көтөрүп эрине ыраазы карады:

– Баатыр, акыретте биргебиз дегениңе ыракмат. Мен өзүмдү сенден бу дүйнөдө да, акыретте да бөлө албайм.

Анан тамагын жасап кайраттана:

Бир бололу акыретте,
Ыраазымын мен сага.
Бу дүйнөдө арабыз бөлүндү,
Сен да ыраазы бол мага.
Үйлөнөөрсүң, Кудай алды,
Көз боло жүр Тынайга.

Өгөй өсөөр, кантээр экен,
Тапшырдым аны Кудайга.
Убакыт өтөөр желдей сызып,
Уулубуз да күчкө толоор,
Үчүкенин үч уулу,
Үч бирдей Үчүке болоор.
Жалгыз калган Тынайым,
Сен көз салбасаң кор болоор, – деп меселдете[1] Түлкүнү жалооруй карай, бетаарчысын алып, карегине айланган көз жашын сүртө улутунду. – Уулум Тынайым менен коштошоюн.

Деркен Зуурашты карады да, бешик жанына келгенде уулунун жүзүн ачып:

– Эмизип уктаттым эле, ойготуп үнүн угайын, – деп бетине эмчек сүтүн дир эттирди. Ойгонуп ыйла-

---

[1] Месел- жамак, меселдете – жамакташтырып.

www.bizdin.kg

ган жазыксыз перзенттин үнү тунжураган тынчтыктан бөлүнө наарazy ыңаалады. Уулунун жүзүнө төгүлгөн көз жашы эмчек сүтүнө аралаша перзенттин наарazyлыгын жуугансыйт.

Эне ымыркайдын ыйын токтотууга аракеттенбей, анын жүзүнө эңиле ылдый карап мүңкүрөөдө. Көрүп тургандар баштарын ийе үнсүз, эненин кайгысын бөлүшкөнсүп, айлана тынч тунжурайт. Көч экиге бөлүндү...

* * *

Кара-Коодон ары Алтын-Булакка өргүгөн бийдин көчүнө да, Кыз-Арттын алды Узун-Булакта өргүгөн Деркендин көчүнө да таң ата жүк коюлган. Бири капчыгай өрдөп, Соң-Көл жайлоосуна, бири Кыз-Арт аша Жумгалды басып Таласка узады.

www.bizdin.kg

# ЫНТЫМАККА ЖОО ДААЙ АЛБАЙТ

Жай чилдеси күчүндө.

Соң-Көлдүн башы Тулпар-Таштан ылдый тарта күңгөй, тескей жээкти бойлогон бетеге, туландуу жайыттарда көл аягы Таш-Көчүү, Таш-Тулганы айлана тай чабымча аралыкта конгон ак үйлүү айылдар тоо арасында чалкыган көлдүн жарашыгын арттырып турат. Мал киндиктүү Соң-Көл койнуна төрт түлүк малды батырып, береке төгө келберсийт.

Көлдүн тескейине саяк, моңолдор, тынымсеит айылдары конгон. Күңгөйүндө сарыбагыш, саяк айылдары конуш алышкан. Жоокерчилик замандын өңүтүнө жараша уруу-уруу, ата-атадан тарагандар айылдаш. Ар бир үйдүн мамысында суутулган ат байлануу, капшытында эр найзасы жерге сайылуу турат. Күнбү, түнбү, кай маалда болбосун жоо тийиши ыктымал. Бул коога атамзамандан бери көчмөн, жоокер элдин жашоосун коштоп келатат. Жерден боорун көтөргөн балдар, секелектер да сергек ойгонушуп, ата-энелерине кол кабыш кылышат. Атка минүүгө да даяр. Кыйынчылыктарды ата-энелери менен тең бөлүшө өскөн кыргыз балдары тубаса жоокер. Кыздар энелеринин колуна кол, бутуна бут, кыйын күндө ат ойнотуп, жоокерлердин катарында турушат.

Ата-бабалардан мурасталып келаткан «жашоо көнүмүшү» ушундай. Коога менен тынччылык жа-

www.bizdin.kg

наша турат. Алдыдан жакшылык күткөн элдин тиричилиги уланууда. Айыл жигиттери жаратып ат минип, курал-жарагын шайлап, ашууларды, мерчемдүү жерлерди бел чечпей кайгуулдап турушат. «Жарактуу күнү жоо келбейт» деген ата-баба накылы дайым эсте. Иледен бери ыкыс берип калмак турат.

Үчүке, Түлкү жоо-жарагы кам жигиттери менен экиге бөлүнүп, Кара-Кужур, Солто-Сары, Көк-1Торпок, Жаңы-Жер, Улан, Арпа, Аксай, Окторкой, Сандык, Көк-Ойрок, Каркыра жайлоо, кыштоолорду аралап, Долон, Торугарт, Кыз-Арт, Өтмөк, Бедел ашууларындагы кайгуулдарга көз салып, абалдан кабардар боло, уруу бийлери, эл менен жолугушат. Ынтымак, ырашкерлик, тиричиликтин оош-кыйыштары ортого салына «ийри отуруп, түз кеңеш» өтөт. Билгиликтүү, жүйөөлүү ойлорго, атпай журт үчүн күйгөн аракеттерге муюп, тиричилик талаш-тартыштары жөнгө салынат. Акылы жетик, амал-айлалуу, кысталышта сөз тапкан, кыйындыкта ык тапкан, эпчил, жугумдуу жигиттерден калмак, бийлик чөйрөлөрүнө тымызын чалгын жиберилет. Алардын алдыдагы жана болочок аракеттеринен кабардар болуп, калабанын алдын алуу аракеттери көрүлөт.

Эки жылда бир жолу Сарысейит бий кеңешке уруу бийлерин, эл ичинде төбөсү көрүнгөн билермандарды атайын чакырат. Улгайган Сарысейит бий насаатчы, кеңеш башы билгиликтүү уулу Үчүке[1], кадырман уруу бийлери кеңешчи болгон сыйлуу субхатта урууlar ынтымагы, тышкы кооп-жоромолору ортого салынат. Масилет жүрөт. Жүйөөлөргө кулак төшөлүп, акыл калчанат. Эл ичиндеги доо-дооматтар ата-баба салтына, шариат жолуна ылайык чечилип, чыбык кыркылып, баары эп көргөн бүтүм чы-

---

[1] Белек Солтоноев, «Кызыл кыргыз тарыхы», 109- бет.

гарылат. Тыштан болуучу жоо калабасына сак болуу чаралары макулдашылат.

Тынччылык. Байкерчилик. Эл малдуу. Бири кем дүнүйө, колунда жоктор байлардын малын багып тиричилик өткөрүшөт.

Сарысейит бийдин жылкысы суугa түшкөндө Чүйдүн суусу жылжып калат. Анык санын бий өзү да билбөөсү ыктымал. «Мал бар, элде бар болсун. Мал аманбы, силерге Кудай ынсап берсин» – деп карс-карс күлө жылкычыларына кайрылат. Бийдин төрт түлүгү шай, өлүү мүлкү[1] да жетиштүү.

Акылга дыйкан, жоомарт Сарысейит бийдин кадыр-баркы Букар[2] эмирине, Кыйва[3], Самаркан өкүмдарларына да жеткилең. Тартуу менен барып хан сыйын көргөн учурлары аз эмес. Анжиян, Намангенге мал түшүргөн соодасы да бар.

Бийдин айылы жайлоого чыккандан бери «конуш жайлуу болсун» айтып келген кыргыз билермандарынын аягы сууй элек.

Бүгүн бийдин сый кеңешине атайы чакырылган уруу бийлери, калыстыгы, чечендиги менен төбөсү көрүнгөн салабаттуу эл кишилери чоң үйдө субхат маек үстүндө отурушат. Үйдүн жасалгасы ээсинин сөөлөтүнө төп. Үзүк, туурдуктары бордолуп[4] бышырылган ак кийизден жасалып, кыркаларына жөргөмдөлгөн жибек тасма басылган, кырчоо, боочуулары жибек аралаш ак жүндөн эшилген. Уук, керегелери жай саратанда көлөкөдө кургатылып, копшолуп, талкууланып[5] калыбына келтирилген тандалма талдан жасалган. Кош чамгарактуу түндүк кул-

---

[1] Өлүү мүлкү – баалуу, алтын, күмүш, каадалуу буюмдар.

[2] Букар - Бухара.

[3] Кыйва - Хива.

[4] Бордолуп – кийиз ак болуш үчүн бор себилип бышырылган.

[5] Талкууланып – керегe, уукка тандалган талдын ийрисин түзөтүп калыпка келтирүүчү жасалга.

www.bizdin.kg

жанын мүйүзүнөн кыналып кынапталган, түндүктөн ылдый түшкөн жибек, жүн аралаш эшилген желбоолордун учтарында арстан кейиптүү кытай жамбылары[1] салаңдайт.

Кереге, туурдуктар арасына түстүү жибек менен чырмалган чийлер каланып, кереге баштарына жибек башчалгыч тартылган. Аларга улай уук билектерине жете оюу түшүрүлгөн сокмо тегиргичтер тартылып, уук боолор жибектен эшилген. Андан өйдө уук учтарына жете үзүк алдына жашыл-кызыл манаттан оюлган жабыкбаштар каланган.

Төрдө күмүш чабылган жагдандарга жыйылган жүккө кеби менен узата бириктирилген илбирс терилери жабылган. Эки капшыттарына колдо токулган жука килемдер тартылуу. Жүктүн[2] эки бурчунда баш кеби менен ийге келтирилген жолборс терилери суналат. Оң бурчтагы жолборс тумшугун жаба, атагы атпай кыргызга өрнөк болгон айтылуу Манап баатырдын айчыктуу кызыл туусу жайылуу турат. Оң капшытына килемди ортолой туулга, соот чопкуттары илинген. Ага тушма-туш жаасы, жебелүү саадак килем ортосунан жай алган. Төргө узата аюу талпактар, капшыттарына ирегеге чейин кара саксак көлдөлөңдөр төшөлгөн. Үй турумунан кыргыз уз өнөрүнүн кайталангыс жарашыгы, кыргыз жергесинин илбээсин, кайберенге байлыгы, жоокер элдин мергендиги айгинеленип турат.

Төрдө аюу талпак үстүндө көбүнөн жашы илгери, солто билерманы Талкан бий отурат. Тепчиме ак топучан, ийи майда боз биязы төшү ачык кемселди ак жегде көйнөк сыртынан кийген. Жазы маңдай, терең кабак алдында курчу кайткан сурмалуу көздөрүн ой уялайт. Келтерээк кырдач мурун, эрин үстүндө муруттары такай серпилген. Кулак түбүнөн куюлуша

---

[1] Жамбы – кытайдын ири күмүш акчасы.
[2] Жүк – төргө жыйылган жууркан, төшөнчүлөр.

www.bizdin.kg

төшүн жаба жайкалган ак сакалы ийиндүү тулкусуна жарашып карыянын салабаты артып турат.

Оң жагында Намангенден Сарысейит бийге дидар каниметке келген аалым[1] Сайид Азим кыргыз бийлерине ынтаалуу көз жиберүүдө. Кабагы тайкыраак, куш мурун, көк ала сакалы ээгин айланта тегиз кыркылган, муруту сыпаа серпилген. Кырдана оролгон жашыл селдечен, жука ак кемселине, селдесине өңдөш жибек кур курчанган. Мойсопут[2] көз карашынан, келбетинен адеп-ахлак туюлат. Ага удаа ийи майда кара таар кемселчен, шырыма кара топуну жазы маңдайына көтөрө кийген, бүркүт кабак, сурмасыз көздөрү курч тиктеген, кыр мурун, көк ала сакалы чап жаак ылдый учтана төшүн жапкан, тыкан серпилген калкагай муруту кулагына жете келбетине сүр берген саяк бийи Кайдуулат сөзгө кулак төшөй отурат. Тулкусу толмочураак, кызыл чийкил, көк-ала сакал, ак топучан, жегде көйнөккө көк боз кемсел кийген, мурунү келтерээк, алагар көздөрү ынтаалуу тиктеп, бейнесинен кайрат, салабат туюлган моңолдор бийи Бакы мандашын түзөп, өз кезегин күтүүдө. Денеси чымыр, жээрде сакал, сыпаа кийинген бугу бийи Жамангул айтылган сөздөр купулуна толгондой топуктуу. Аларга улай жаш курагын сыйлай эл башчылары, айыл кадырмандары жай алышкан. Он эки канат үй ичи жык. Өз урууларынын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон эл кишилери атпай кыргыз амандыгынан кабардар боло санаалары тынып отурушат.

Сарысейит бий конокторуна ызаат көрсөтө, эр жак капшытта бийлерден төмөнүрөөк орун алган. Ак төө жүн биязы төшү ачык кемсел, ак жегде көйнөк сыртынан кийилген. Башында төбөсү учтуу ак топу, бийик кабак, сурмалуу көздөрүнөн ыраазылык, камкордук туюлат. Жайык төш, ийиндуу келбетине төшүн

---

[1] Аалым –илимдүү, окумуштуу.
[2] Мойсопут – ыйман туткан сабырлуу.

www.bizdin.kg

жапкан ак сакал, муруту төп келе бейнесинен кайрат, акыл жанып турат.

Эр жак ирегеден өйдө тарта Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Эркишилер карыялардын сөзүнө кулак төшөп ызааттуу.

– Ыраазы бололу, Теңир Аллага. Эрдене коңтаажынын кандуу калабасы басылганы эл ичи тынч. Элибиз ирденип, өрүшү кеңейүүдө. Кудай ушуну кут кылсын, ыраазы бололу Жаратканга. Калмак ошондон ары түпкөрүгө ооп кеткиси бардыр. Ички ынтымагыбызды түзөйлү, – деп отургандарга сөз учугун таштады Талкан бий.

– Сөзүңүз ордунда, баатыр. Эрдене коңтаажыдан кийин тынч турганыбызга, сиз айткандай, ыраазы бололу. Ошентсе да эсте тутуучу бир жагдай бар. Коңтаажынын уулдары так талашып, бири-бирин жоолап, бийлик кумарына кол байлоо болуп турабы дейм. «Сактыкка кордук жок» дегендей, чама-чаркыбызды чактап, баарына азыр болууну ортого салалы. Элдин тынчтыгына, беймарал жашоосуна курал-жарагынын шайлыгы жанаша жүрөбү... Ушул зарурат иш жаатында кеп уралы, деген Сарысейит бий бийлерге аңгеме нугун сала-сал этти.

– Кеп эки жагынан төп чыгып турат. Тагай бийден ата бийлиги мурасталган Богоростон баатырдын урпагы Талкан бий айткандай, Кудай берип турган бейпилчиликке ыраазы бололу. Түбөлүк болсун. «Сактансаң сактаймын» – деген тура Жараткан Эгебиз. Сый ээси бийдин «так талашы бир жаңсыл болсо, калмак дымып тура албайт» – дегени бар сөз. Суусу мөл, жайыты мол ата конушубуз Ала-Тоого калмактардын көзү кызарып турбайбы. Ички ынтымагыбызды түзөп, күнбү, түнбү, жоо кайрыганга азыр бололу. Кудайга шүгүр, түтүн[1] сайын бирден эр бүлө суутулуу аты, найза, жебеси менен жоо тосууга кам-

---

[1] Түтүн – элүү үй.

www.bizdin.kg

дуу турат. Бир өксүк – мылтык, кылыч, айбалта тартыш. Кандай ылаажы бар? – Сөзүн бүтө Сарысейит бийге көз жиберди калмак менен айкаштын нечени башынан өткөрүп, улгайса да тулкусунан эр кайраты туюлуп турган Кайдуулат бий.

Болот курал тартыштыгы баарынын көңүлүн өйүп жүргөн бийлер ичкери менен карым-катнашы бар Сарысейит бийден сөз күтө, үй ичи бир паска тынчый түштү. Бий баш ийкеп, сөз улана түшсүн деген тейде ойлуу...

– Теңир жар болсо курал өксүгүбүз да толоор. Жоо алдында чөгөлөгөн эл эмеспиз. Калың калмактын калдайы[1] Кара кулунун уулу Эрдененин тумшугун кайрыган элбиз. Бий айткандай, жоо көпкө дымып тура албайт. Болгон күчүбүздү жамдайлы. Уучубуз куру эмес. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар кол баштайт. Ата-бабанын эрдик салтын колдон чыгарбайлы. «Баш канжыгада, кан көөкөрдө» – деп кан майданда кылычташып, калмакты Иледен бери өткөрбөй тосолу. Шейит кеткен Манап, Көкүм баатырлардын, кала берсе, калмак эмес, кыжылдаган кытайдын кыйырын бузган айкөл Манастын арбагы Кудай алдында карап турбайбы! – деп сакалын сылай сүйлөгөн журт уюткусу моңолдор Бакы бийдин сөздөрү сабырлуу да, кайраттуу да угулду. Кудай алдында эли-жери үчүн өмүрүн сайган айкөл Манас баштаган эрендердин аттары айтылып, жыйын көтөрүңкү маанайда улануудa.

– Кудай дейли. Эл камдуу да, демдуу да турат. Бакы бий айткандай, ата-бабалары ат ойнотуп, найза сунуп, жаа тартып, жоо кайрып өткөн жоокер жоомарт элибиз калмакка бел бүкпөйт. Атаганат, хан Турсунду ант урбаганда, казак, кыргыз ынтымагы бүтүн болуп, эңгезер бойлуу Эр Эшим, Манап, Көкүм баатырлар калмактарды биротоло түпкөрүсүнө сүрүп

[1] Калдайы - улугу, ханы.

www.bizdin.kg

таштап, эл тынчып калат эле. – Курсунгөн Жамангул бийдин сөздөрү кеңештин көтөрүңкү маанайын алдыда турган кооптуу жагдайга бурду.

–Бар сөз. Хан Турсундун кесепетинен кол экиге бөлүнүп, калмакты сүрүп аткан күч азайып калбадыбы, болбосо... – деп оюн бүтө албай ынтаалуу оңдонуп отурду эл башчыларынын бири.

–Ошол аз кол менен эле, эрдиктин күчүнө салып, жан кыя салгылаша калмактын калың күчүн бүлүнтө тосуп, жерибизге өткөрбөй шейит кетишпедиби Манап эрен башында нечен баатырларыбыз. – Тынымсейит бийи Мортуктун үнүнөн канааттануу да, кейиш да угулду.

–Калк карыткан кыргыз бийлердин айткандары бизди шердентип да, ойлонтуп да турат. Өткөндөн сабак алалы. «Өзөктөн чыккан дарт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген эл насааты ырасталып турбайбы. Казак, кыргыз биригип жоо сүрүп атканда, өз элин чаап олжологон хан Турсундун жексур мансапкор, дүнүйөкорлугу эл ишин өксүткөнүн эсте туталы. Катарыбыз бүтүн жана ак болсун. Эл ынтымак күтсө, жоокерлердин катары бүтүн жана агедил болсо, жоо даай албайт, – деп бийлерге көз жибере оюн сала-сал эткен, кеңеш башы болсо да, мансаптан адепти бийик тутуп, сабырлуу отурган Үчүке баатырдын сөздөрүнөн мындай бейкапарлыкка, бузукулукка жол бербөө ишеничи туюлду. Түлкү баатыр түнөрүп ойлуу. Агасынын айткандарынан жүйөө жана зарылдык туюп, билинер-билинбес баш ийкеп отурду. Сөз башталгандан бери жашы улууларды урматтап, ынтаалуу сөз тыңшап отурган Атакозу ой ортого салынганын туя сөз кыстарды:

–Ка-ап, каргаша болуучу хан Турсундун көзүн эртерээк «тазалап» коюшса болмок экен да, Эр Эшим, Манап, Көкүм баатырлар.

–«Мал аласы тышында, киши аласы ичинде» деп бекер айтылбаган да. Хан Турсундун өз элин чаап,

www.bizdin.kg

Манап, Көкүм баатырлардын шейит кетүүсүнө себеп болоорун ким билди. – Чабак мырза өкүнө сүйлөдү.

–Көкүм баатыр Турсунду жексендегенден кийин Ташкенде хан болбоду беле, кайран эр, – деген Эркишинин сөздөрүнөн «Кандайча өлгөн киши Манап, Көкүм баатырлардын шейиттигине себеп болот?» деген түпөйүл суроо угулду. Кеңештегилер кары-жашы дебей элдин өткөнүнө жана келечегине күйүп турганын баамдаган Сарысейит бий:

–Кудайга шүгүр, – деп оңдонуп отура сөз улады. – Жарык дүйнөдө жакшылык, жамандык жанаша жүрөт эмеспи. Жамандык ар дайым жакшылыкка бөгөт болуууну көксөйт. Казак, кыргыз биригип, ата конуштарын жоодон сактаган биримдигине да, ал үчүн кан майданда салгылашкан эсил баатырлардын өлүшүнө да хан Турсундун көөмөйүндө ойгонгон бийлик, байлык кумары себеп болду. Ооба, ошондой болду... Бүдөмүк ой калбасын, чечмелейли. Азыркылар да, болочок муундар да каргашадан калас болсун. Ата-баба мурасы ынтымакты, ак пейилдикти кол тийбес бийик тутушсун. Кара таандай калмак каптап келатканда казак, кыргыз ынтымакка келип, Ташкенди борбор кылып, энгезер бойлуу Эр Эшимди хан көтөрүп, жоого казат ачкан казак-кыргыз ынтымагы жоо тоскон кебелбес чеп болгон, калмакты түпкөрүсүнө сүргөн кубаттуу толкун болгон. Муну казак, кыргыздын азыркысы да, келечеги да баалап, барктап, сактай билсе экен. Оо, жараткан, пенделериң, кулдарың буга муктаж. – Улгайган бий көзүн жумуп, сакалын сылай демигип, бир тынымга үнсүз отурду да, кеңештегилерге көз жиберди. – Эки элдин бириккен күчү калмакты сүрүп баратканда, Талкан бий айткандай, хан Турсунду ант урбадыбы!? Аны жексеңдөөгө бөлүндү болуп күчү азайган кыргыз, казак жоокерлери жан кыя салгылашып калмакты тосту. Көбү ата конушун сактап, шейит кетти. Ант ургурду жазалап, Көкүмдү хандыкка коюп келген Эр Эшим ийиндеш кылыч шилтешкен куралдашы Ма-

www.bizdin.kg

напты жоктоду. Калмакты сүрүү солгундады. Эр Эшимден кийин бийлик азгырыгы шыкактаган казак мансапкорлору Көкүм баатырды өлтүрүштү. Казак, кыргыз кагылышып, ынтымак ириди. Казак өзүнчө, кыргыз өзүнчө бөлүнүп, хан көтөрүштү. Кыргыз бийлиги Тагай бийдин урпагы Тейиш ханда. Казак, кыргыз арасы жоо болуп турат. Эмки арга кыргыз башы бабабыздын жолун жолдоп, анын насили Тейиш ханды туу тутуп, кара кыргыз ынтымагын түзөйлү. Хан Тейишке акыл кошолу, демөөр бололу. Хан Тоокеге сүйлөштүрүп, кыргыз, казак ынтымагын калыбына келтирүүгө аракет кылалы. Антпесек, алардын да, биздин да колтугубуз калмакка ачылып турат.

Бий демин жыя тыным алды.

– Баракелде. Жоого колтугубуз ачылып турганы ак сөз. Кыргыз, казак ынтымагы болсун. Кыргыз башы бабабыз Тагай бийдин ураанын улайлы. Анын мураскору хан Тейиш оң, солду, ичкиликти бириктирсин. Сиз айткандай, колтугубузду бүтөп, хан Тейиш, хан Тооке менен кол алышсын. Эки элдин ынтымагы бүтүн болсо калмак даай алабы, – деп сый кеңеш ээси бийге, отургандарга көз жиберди Жамангул бий.

– Ойдогу сөз.

– Туура айтылды.

– Антпесе болобу, биримдик керек, – деген колдоо кобуру басыла электе:

– «Аккан арыктан суу агат». Тейиш хан бабабыздын чөбөрөсү «ак үйлүүдөгү» Чоокенинен төрөлгөн уулу Жанкороздун небереси эмеспи. Такты мураскоруна моюн суналы. Колдойлу. «Жаманы өлсө бири өлөт, жакшысы өлсө баары өлөт» болуп, Манап, Көкүм, Эр Эшим эрендердин ынтымагын колдоп, биротоло түшүрүп ийбей, кыргыз, казак ынтымагын күтөлү. Ага тете уруулар аралык баш кошуубузду бекемдейли. – Тынымсейит бийи Мортук «Сөзүм орундуу болду» деген тейде ыраазы отурду.

www.bizdin.kg

– Бирибиз ойдо, бирибиз тоодо болгон жашоо ыңгайыбызда көптөн бери көрүшө элекпиз. Дидар каниметке жыйылганыбыз ырас болду. – Кайдуулат бий үнүн көтөрө жыйынга көз жиберип оюн улады. – Мортук карыя ырас айтты. Уруулар аралык ынтымак атпай кыргыз ынтымагына тете болуусу абзел. Кыргыз ынтымагын колго алуу үчүн ушул зарурат иштин ийрисин түзөп, чың кылалы. Жалпы кыргыз ынтымагынын уюткусу уруулар биримдиги эмеспи. Мына ушунда көзүн ача турган маселелер бар.

– Ак көз, кара көз, орой-чарай отурабыз. «Оорунү жашырсаң, өлүм ашкерелейт» дегендей, «кыргыз ынтымагы» деген улук сөздүн далдаасында «сен моңолдор, мен саяк, мен сарыбагыш, сен солто» деп жиктелип барымталашкан, ал эмес, бири–биринен жоодон бетер жылкы тийген[1] ээн баш, эси жок жоруктар кыргыз ичин иритип турганын көрүп эле турбайбызбы!? Ушул жексур беймаза жорукту кан бууган-дай тыялы. Ээн баш эл бузарларды элден чыгара жазалайлы. Бул жаатында атайын масилет курулат го. Сөз ыгы келгенде айтылып кетти. Кыргызды эл кылган ынтымак, биримдик канча кайталаса да баркы кемибес улук сөз. Улук сөздүн, улук иштин башында Адигине, Тагай, аялзатынын айкөлү Наалы эже, Көкө баатырлар турган. Ушул арбагы айдыңдуу кеменгерлердин осуяттарын тутуналы. Кыргыз башы Тагай бий акылмандыгы, калыстыгы, чындыкка тике караган эрдиги, кыргызды мусулман биримдиги менен бирге көргөн ойчулдугу үчүн мусулман хандары сыйлаган, урматтаган, – деди уруулар арасындагы кээ бир ырксыз көрүнүштөр тынчын алып, өткөн ата-бабалардын нарктуу мурастары көңүлүн толтурган моңолдор бийи Бакы карыя. Сөз ээлерине көз жибере, кунт коё угуп отурган Сарысейит бий оюн ортого салды:

---

[1] Жылкы тийүү – жоолашуунун бир түрү. Өрүштөгү жылкыларды айдап кетүү, чабышуу менен коштолот.

www.bizdin.kg

–Азыркыбыз үчүн да, болочогубуз үчүн да таасын, жүйөлүү ойлор ортого салынды. Жүрөгүбүздү өйүгөн бүгүнкүбүздүн оң-терс жактарынын жүзүн ачып ой калчаган бийлер, эл жүгүн көтөргөн лөктөр, силер баштаган эл жакшылыкка тушугарын Кудайдан тилейли. Элибиздин алды жагы коопсуз эмес. Аны баарыбыз көрүп турабыз. Жоонун убактылуу дымып турганын туюп, айла издегендерге Кудай ыраазы болсун. Болот курал тартыштыгы жаатында кеп болду. Хан Тейиш менен акылдашалы. Самаркан, Букар, Кыйва өкүмдарлары менен сөз алышсын. Каражат үчүн Наманген, Анжиянга мал түшүрөлү, кам көрөлү. Баарыңарга төп келген бүтүмгө кеңеш акырында жетебиз. Ага чейин дагы сөз угалы. – Бийдин сөздөрү сабырлуу да, ишенимдүү да эле.

Кеңеш башталгандан бери түнөрүп отурган сомдогондой чымыр, жайык көкүрөк, ийиндүү тулкусуна жакалуу боз таар кемсели бап келген, тарам кызыл жүздүү, жазы маңдай, бүркүт кабак, кашы калың, алагар көздөрүнөн кайрат жана чечкиндүүлүк учкуну жанган, дөңсөрөөк кыр мурун, эрин үстүндө серпилген кара муруту кулагын карай учтанып, эр туюму, жигиттик сымбаты артып турган Түлкү кеңештеги бийлерге, сый ээси атасына ызаттуу көз жибере сөзгө аралашты:

– Салмактуу, жүйөлүү, ошого жараша кооптуу ойлор ортого салынды. Калмактын кол байлоо болуп дымып турганы айтылды. Дымып турган жоонун эртең эмне иштерин болжоого болбойт да. Дымып турган калмактын каптап кирээрин күтүп отура берип, элди каран калтырбайлы. Карыялар айткандай, элибиз ата конушун сактап жоо кайрууга кам турат. Кудайга шүгүр, биз да эл аралап кам көрүп жүрөбүз. Калмакты ошол кол байлоо болуп турган кезинде капысынан басалы. Көпкө созбойлу. Биз, агабыз Үчүке, Атакозу, Чабак, Аккочкор, Каңкы баатырлар сөз алышып жүрөбүз. Калмак көпкө тынч тура албайт. Алар козголо электе басып кирели.

www.bizdin.kg

Түлкү баатырдын сөздөрү көптүн көңүлүндө турган окшойт:

–Калмак канчага дымыйт эле.

–Калмакты капилет басалы деген ак сөз.

–Дымыбай калсын. Какшаалда нойгут туугандарды калмак басып кириптир. Кыз баатыр Жаңыл мырза жасоо курап, кол баштап, Жети-Тер, Чемен деген жерде калмактан жергесин коргоп согушуп жатканын, өткөн күнү ошол жактан келген Эшпайдын кудасы кеп салды, – деп эндей калпагынын кырын сөөмөйү менен көтөрө копшолду сары чийкил жээрде сакал, боз таар кемселчен киши.

–Мына эмесе! Каптап келген тура каран калган калмактар.

–Аз эл нойгуттар кантээр экен?!

–Кыздары Жаңыл мырзадай эл моюбайт.

–Аман болсун нойгуттардын кыз баатыры!

–Кудай сактай көр, кыргыздын жолборс кызын!

–Ургаачыны жолборс дечү беле, кантет!?

Удаа-удаа айтылган кобурду баса:

– Оо, ургаачы жолборс жок бекен? – деген Кайдуулат бийдин үнү отургандарды дуу күлдүрдү.

Күлкү басыла:

–Нойгут эмес, жалпы кыргыздын баатыр кызына Кудай дем берсин, – деп ыраазы боло бир паска унчукпай турган Талкан бий Сарысейит бийге кайрылды:

–Калмактар козголгон го. Түлкү баатырдын кептеринде жүйөө турат. Капилет калбайлы.

– Толук ыктымал. Камыналы. Баштуу элбиз, ханыбыз Тейишке акыл салалы. Хан Тейиш алдыда айтылгандай оң, солду, ичкиликти, атпай кыргызды баш коштурсун. Казак ханы Тооке менен кол кармашып, Эр Эшим, Манап, Көкүм баатырлар убагындай казак-кыргыз биригип тосолу жоону. Хан Тейиш Самаркан, Букар өкүмдарлары менен байланышып, жоокерлерибизди болот курал менен жабдууга көмөк болот. – Сарысейит бий отургандардан сөз күттү.

www.bizdin.kg

– Бийдин ою омоктуу. Ырасында хан күткөн баштуу элбиз. Тейиш хан кыргыз башы бабабыз Тагай бийдин мураскору эмеспи. Казак–кыргыз жамы мусулман ынтымагын туу туткан, мындай ынтымакка жоо даай алабы, – деди бугу бийи Жамангул.

– Улук сөз. Казак– кыргыз жалпы мусулман ынтымагына өтөгөн кызматы үчүн бабабыз Тагай бийди Мукамбет кыргыз деп мусулман өкүмдарлары урматтаган. «Аккан арыктан суу агат». Асыл бабабыздын нугун кеңейтели. Жоо жакадан алганы турган кыйын кезде ынтымактан бекем тирек барбы? – деп дымактуу отурду моңолдор бийи Бакы.

– Туура сөз, кыргыз башы бабабыздын арыгын кеңейтели.

–Казак деле, өзбөк деле өз элибиз.

–Мусулман элдери бир бололу, – деген кобурга удаа Сайид Азим аалымдын тоболуу үнү угулду: – Алхамду Иллахи.

Сайид Азим: – Алхамду Иллахи, – деп кайра кайталады да, – Кудайга шүгүр. Ушул жыйынга катышканыма бек курсантмын. Калайык калк, жамы мусулман биримдиги деген ыйык сөздүн жарыгы түшүп турган кыргыз бийлеринин кеңеши мубарак болсун. Кыргыз калкына, жалпы мусулман калкына тынч, берекелүү, ыймандуу жашоону Аллах–Тааладан мунажат этемин. Тагай бийдин жана анын Мухамед кыргыз деген улук ысымы угулду. Бар кеп болду. Тагай бийди, анын мусулманчылыкка күйгөн давлат иштерин ислам жамааттары урматтап, Мухамед кыргыз, Мухамед Хайдар атаган. Тагай бий ошого тете кайраттуу, агедил кеменгер инсан болгон. Мусулман падышалары менен жылуу мамиле, тең алака күтө билген. Тагай бий мындан жүз элүү жыл илгери хандыкка көтөрүлгөн. Хан ордосу өзүңөрдүн Барскоондо турган. Моголистан өкүмдарлары Султан Сейит андан кийин Рашит хан Тагай бий менен күч бириктирип, Чыгыш Түркстанды багындырышкан. Теңдеш мусулман кыргыз хандыгын көрө албай Султан Се-

www.bizdin.kg

йит тынч жаткан Барскоонду басып кирген. Тагай бийди камоого батына албай, «Ак үйү»[1] менен ордосуна алып барып, эки жылча кармаган. Бул саясат амалы «Тагай бий ак үйлүүгө барган» деген ат менен тарыхта калды. «Ак үйлүүдөн» бошогондон кийин Тагай бий элине келип, кыргыз биримдигине, мусулман биримдигине өмүр акырына чейин кызмат өтөдү. Анын өмүрү сарп болгон улуу ишти бүгүн урпактары сиздер улап турасыздар, – деп сөзгө муюп отурган бийлерге көз жиберди.

Бакы бий аалымга суроолуу көз жиберди:

– «Ак үйлүү» деген анык туткун экен да. Биз бийди ак үйү менен сыйга чакырган дечү элек. Капырай, митайымдыктын жылма жолун тапкан экен Султан, Рашит падышалар.

– Бийлик саясаты айла, амал, митайымдык менен коштолуп жүрөт. Сиз айткандай «ак үйлүү» чынында туткун, барымта деген мааниде болгон. «Тагай бий Ак үйлүүдө» турганда кыргыздар Моголистан ордосуна кол сала албайт эле. Өз бийлигин сактоонун жана кыргыздарды көз каранды кармоонун жымсал амалы ушундай болгон, – деп жооп узатты аалым. Жамангул бий нааразылана күрсүнүп аалымды карады:

– Митайымчылык менен тактысын сактап, мусулман биримдигин ириткен падышаларды каапыр десе болот да?!

– Арийне, мусулманчылыкка окшобойт. Калыс Кудай Таала өзү бар. Падышалар да пенделер, бирибиринен айырмалуу. Мухамед Салло Алейхи Ва Саламдын ишин улаган Азирети Абу Бакр, Умар, Осмон, Али халифтер мусулманчылыкка, эл биримдигине кызмат өтөөнүн үлгүлөрү болушкан. Элге, мусулманчылыкка ак кызмат өтөгөн өкүмдарлардын өмүрлөрү эл оозунда дастан болуп, муундан муунга

---

[1] Ак үй, ак үйлүү - сыйлуу туткун.

www.bizdin.kg

өтүп келатпайбы. Амир Темир көрөгөн[1], анын небереси Бабур бийликти мусулманчылыкка, эл биримдигине кызмат кылдырышкан.

Мусулман динин эл, калайык-калк ынтымагынын данакери, өчпөс шамы катары ардакташкан. Амир Темир өзүн «жер жүзүндө мусулман биримдигин, эл биримдигин сактоочу Аллахи-Тааланын кылычымын» деп санаган. Биринчи иретке түрк элдеринин биримдигин коюшкан. Амир Темир да, Бабур да түрктүн барлас уруусунан. Өзбөккө да, кыргызга да, казакка да бирдей.

– Кебиңиз көңүлгө толду. Биз Амир Темирди да, Бабурду да өзбөк деп жүрүүчү элек. – Талкан бийдин таңкалычтуу жана ыраазылык сөздөрүнөн кийин:

– Уккандан уга элегиң көп.

– Амир Темир кыргызга жакын экен да.

– Ырас кеп болду, муундарыбызга мурас экен, – деген кобурдан кеңештин маанайы көтөрүлүп турганын туя сөзүн улаган аалым:

– Кудай-Таала улук жараткан бабаларыбыз мусулманчылыкты эл ынтымагынын дабасы катары тутушкан. Өзүлөрүн түрк санашкан. Амир Темирдин байтактысы турган Самарканда Эки дарыя чөлкөмүндө жашаган өзбөктөр Амир Темирди да, Бабурду да, улук шайыр[2] Алишер Навоини да «менчиктеп» алышкан, – деп тамашага чала жайдарыланды.

– Лайли Мажнунду Алишер акын өзбөкчө ырдаган турбайбы?! – Медреседен дарс[3] алып, аздыр-көптүр сабаты ачылган Атакозу таңкала сөз кыстарды.

– Газал шайырдын өз тилинде түркчө жазылган. Өзбөкчөгө которулуп окулат, – деди аалым.

---

[1] Көрөгөн – Чынгыз хан насилинин күйөө баласы деген мааниде.

[2] Шайыр – акын деген мааниде, араб тилинен алынган сөз.

[3] Дарс – сабак, лекция деген мааниде, араб тилинен алынган сөз.

www.bizdin.kg

Аалым менен бийлердин, эл билермандарынын кайым маегин дил төшөй угуп отурган Сарысейит бий ыраазы тейде ага көз жибере:

– Урматтуу коногум Сайид, сиздин кыргыз бийлеринин кеңешине катышып, ой бөлүшкөнүңүз биз, тоолуктар, үчүн чоң таалим болду. Дегеним, кыргыз бийлеринен медреседен дарс уккандар табылбайт. Кудай берген акылы жеткилең, акыл таразасы төп, ак-караны ажырымдай билген – тастыгы, ой тегереткен жүйөөчүлдүгү менен эл жүгүн аркалашат. Ыйманды кепил тутушуп – «туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» – деп бүтүм чыгарышат.

Мекенибиз тоо арасы. Мечит, медреселерибиз өзүбүз менен бирге көчүп-конуп, айыл жанындагы дөбө-дөңсөөлөрдө болот. Ошол дөбө, дөңсөөлөрдө чогулуп намаз окуп, илим булагы уламалардын, сөз ээси чечендердин, журт атасы карыялардын осуят-насаатын угуп, элибиз таалим-тарбия алат. Кылымдар кыйырын аралап келаткан элибиздеги тарых жаатында санжырадан терең кабарыбыз жок. Кыргыз насили жан тарыхы жаатында бир кеп салып бериңиз, – деди. Бийдин жүйөөлү сөздөрүнөн улам:

– Ойдогуну айттыңыз.

– Дарс уккандай болдук.

– Аалымдан даты сөз угалы, – деген кобур угулуп, элдин ыклас төшөп турганын байкаган Сайид Азим:

– Кыргыз калкынын өтө көөнө тарыхы жайында айтаарлык билимим жок. Хижрадан кийин мусулманчылыкка жанаша келаткан кыргыз тарыхынан учкай кеп салайын. Мындан үч кылым илгери он бешинчи кылымдын башында фарси тилинде Сайф-ад-дин ибн Домулла Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нурмухаmeddин «Мажму-атут таворих-тарыхтар жыйнагы» китебинде кыргыз тарыхы жаатында көңүлгө толоорлук маалыматтар бар. Мухаммед пайгамбарыбыздын урпагы алтынчы имам Жафар Са-

www.bizdin.kg

дыктын өмүрүнө байланышкан кыргыз тарыхынын кызык учурлары айтылат.[1] Йазыд акими Абулхаирдин туткунунан кутулган азирети имам Жафар Садык Мединага пайгамбарыбыздын Кабрстанына келип куран окуп, жардам сурайт. Кудайдын амири менен Мухаммед аллейхи Салам Кабрдан чыгып: «Эй, перзентим, Урумга бар. Акоши коомунда мусулман болгон «гыз» деген эл бар. Алар сага жардам берет» дейт. Жафар Садык Урумга гыздарга келет. Гыздардан сый көрүп, кырк миң кол курап Шамга Йазиддерге казат ачат. Гыз аскерлери Жафар Садыктын кол башылыгы астында жеңишке ээ болуп, бир нече шаарлар мусулмандыкты кабыл алып, Жафар Садыктын коомуна өтөт, – деп тыным ала демин жыйып, таң калып жана кубанып турган бийлерге көз жибергенде:

– Оо, Кудай, бизди Мукамбет пайгамбар билген экен да?

– Кептин улугу ушул болду.

– Пайгамбар чөбөрөсүн өзү жумшаган тура биздин элге, – деген үндөр угулуп, мындан улам элдин агынан жарылып турганына өзү да кубанган аалым оңдонуп отура сөзүн улады:

– Ооба, Мухаммед Салло алейхи ва салам өзү жумшаган чөбөрөсүн. Гыздарга өзүнүн тирүү кезинде Акошадан кат жиберген. Гыздар пайгамбарыбыздын катын окуп, Азирети Али Карамуллах убагында өз эрки менен мусулман болушкан. Мусулман гыздар Жафар Садыкты колдоп, экинчи согушта жеңилип, катуу кыргынга учураган. Жафар Садык шейит кеткен. Гыздар Урумга мекенине келгенде күчтүү жоо менен беттешип, ырайымсыз кыргынга учурап, кырк гыз үй-бүлөсү качып кутулат. Ошол кырк гыз үй-бүлөсүнөн үрөн бутактап, өркүнү өскөн баатыр кыргыздар силерсиңер.

---

[1] «Мажму-атут таворих», Сайфулла Ибн Домулла Шах Аббас Аксы кенти, Бишкек, 1996-жыл, 27-28 беттер.

www.bizdin.kg

Ойго келбеген жагымдуу кабарга көңүл толуп, үй ичин аралаган жандуу кобурга кулак төшөй өзү да эргип отурган Сарысейит бий Азимге күлө бага карап борс-борс күлдү:

–Сизди периште айдап келген экен биздин жыйынга. Көрдүңүзбү, теги касиеттүү пайгамбарга байланышканына жан дүйнөлөрү жаркып турган элди. Канча сооп таптыңыз. Эми кыргыз рухун көтөргөн кабарларыңызды тарых башаты катары жаздырып алмайынча сизди кетирбейбиз.

– Баарыбыздын оюбуздагыны айттыңыз, – деп Сарысейит бийге кайрылды да, аалымды карап сөзүн улады Бакы бий. – Сизге биз эмес урпактарыбыз да ыраазы болот. Азырети Мухамбет алейсаламдан кат алып, алака күткөн түбүбүз касиеттен түптөлгөн эл экенибизди билип, Кудайга ыраазы болуп жетине албай турабыз. Сизге айылма–айыл сый көрсөтүп, илимиңизди жуктуруп алабыз. Ар айылдан алдыңызга аргымак ат тартылат. Үстүңүзгө торколуу тон жаап, урматтап узатабыз. Кеңештен кийин эл уюткусу моңолдор айылына келесиз, башка урууларга бизден кийин барасыз. Бийлер мага кошулат.

Бакы бий сөзүн бүтө сакалын сылай салабаттуу отурду.

– Менин оюм орун тапты. Сизди эл быйыл жай Наманганга кетирбейт окшойт. Тоо арасындагы момун элде мындай учур болсо, ушундай бир гана болот. Эми эл ошол учурдун үзүрүн көрсүн. Өзүңүзгө маалим кыргызды азуулуу жоо алка жакадан алганы турат. Нойгуттарды басып кирген тура. «Жайын билген жоого жаа тартыш жеңил» дегендей, жообуздун жайын билип алалы. Бул калмактар монгол, кытайдан башка эл көрүнөт. Көптөн бери казак, кыргыз, жамы мусулман жерине көз артып турган ушул эл жөнүндө кеп салып бериңиз. Сизге Кудай дем берсин, – деди Сарысейит бий жалпынын оюн билдире.

Айткан сөздөрү кеңештегилердин көңүлүн муютуп турганына өзү да ыраазы болгон аалым:

www.bizdin.kg

– Силердин элге жоо турган калмак анча салттуу эл эмес. Монгол ичиндеги майда уруулардан куралган эл. Чынгыз хандын мамлекети бириндеген соң «чорос», «кошот», «тургут», «куюн» деген уруулар биригип «ойротпуз» деп баш кошушкан. Он төртүнчү кылымда Кытай тарых наамаларында ойроттор жана мусулмандар аралаш жашап, боз үй тигип, Иле боюнда, Жети-Сууда көчмөн жашашканы айтылат. Бара-бара дин ажырымы тастыкталып, ойроттор өз дининде калмак болушту деген сөз орун таап, Будда динин туткан көчмөндөр калмак элин кураган. Бул бөлүнүүгө чейин ойроттор, мусулмандар жоолашкан эмес. Кыргыз тилине, макал-лакаптарына кызыкканымдан улам, аларда ойрот таасири бар экенин бай–кадым. Бул өзгөчө көрүнүштөр кыргыз тилинде «ойротто жок окуя» деп айтылат. Ушундан улам бул эки элдин жашоолору бир убакта жанаша жүргөнүн баамдоого болот, – деди да тыным жасап, кандай кабылдаар экен деген тейде отургандарга көз жиберди.

Ынтаа менен угуп отурган Атакозу сөз кыстарды:

– Сиз айткан «ойротто жок» деген сөз эл ичинде ушул кезде да айтылат.

–Өтө сулуу кызды «ойротто жок сулуу» деп жүрбөйбү эл. – Жаш жигит Чабак сөзгө маани бере жылмая кошумчалады.

– «Сөздү сөз табат» деп бекеринен айтылбаган да. Бабабыз Дөөлөстүн калмак ханынын кызы Көк Мончокко үйлөнгөнү тең аталык эмей эмне?! –деп обдула ондонуп отуруп аалымды карады сарыбагыш билермандарынын бири кара сакал Калдыбай. Үй ээси Сарысейит бий Сайид Азимге жылмая көз жиберди:

–Сөзүңүз жагып, элдин бүйүрүн кызытып турат. Сизди алагды кылышпаса болду.

–Мен курсантмын, бий аке. Иликтеп жүргөнүм эл оозунан табылып турганы, ишимдин оң экени да. Кепти уланталы. Төрт уруу бириккенден улам

www.bizdin.kg

көбөйүп, күчтөнө мусулмандарга кысым көрсөтүп сүрө баштаган. Он төртүнчү кылымдын аягында 1399-жылы Ойрот хандыгы жарыялангандан кийин мурдагы кошуналар мусулман казак–кыргыздардын ээлеген жерлерин тартып алууга баскынчылыкка бет бурушкан. 1552-жылы бийликке келген Алтын хандын убагында калмактардын хандыгы күчтүү мамлекетке айланган. Калмактар Кара Хулинин уулу Эрдене Бошоктунун – Улуу Коңтаажынын убагында Жунгария аталып, казак, кыргызга кол салганы маалым. Эрдене Бошокту өлгөндөн кийин анын уулу Сенге 1667-жылы Алтын хандын мураскорун кулатып, ойротту кошо жамы калмактын мамлекетин түзгөн. Азыр калмак бир кыйла күчтүү мамлекет. Бир туугандары Чечен, Цзотбейлер Сенгени өлтүргөндөн кийин так талаш бий аке айткандай калмактарды кол байлоо кыла дымытып турат. Бийликти Галдан Бошокту алуусу ыктымал. Так талашы бир жаңсыл болсо калмактар казак, кыргызды бүтүндөй Фергана, Эки дарыяны, Туранды басып киришин күтүүгө болот. Сиздердин бүгүнкү жоо күчтүү да, ырайымсыз да. Аны тосууга Аллахи-Таала, силерге күч-кубат берсин, – деп сөзүн аяктады Сайид Азим аалым.

Бийлер үн катпай келечекти өз алдыларынча жоруп ойлуу отурушту.

–Азим домулла, сизге эл ыраазы экенин көрүп турасыз. Алла-Таала ыраазы болсун. Жообуздун жайын билип алдык. Эми биз да өз күчүбүздү бириктирип, жоо кайырганга азырланалы. Калмак кечөө эле эл болгон тура. Биз кылымдар кыйырын арытып келаткан түпкү элбиз. Элибизге Кудай-Тааланын ак пайгамбары Мухамбет Алейхи Саламдын назары бурулуп, кут түшүп, ага үмөт болгон эл экенбиз. Ошонун үдөөсүнө[1] татыктуу бололу. Кудайдан жардам күтүп, күчтүү жоону тосконго азыр бололу, – деп Са-

[1] Үдөө – баркы деген мааниде

www.bizdin.kg

рысейит бий маанайы бийик турган кеңешке көз жиберди. Сөзгө, жаңылыкка муюган үй ичи тынч.

– Мен өз оюмду толуктасамбы дейм. – Үчүке баатыр атасына суроолуу карады.

– Арийне, биз карыялар жаш улуулугубузду колко кылып, кеңеш башы сага үстөм болуп турабыз. Сөз ээси сенсиң, – деп күлө бакты Сарысейит бий.

– Ыракмат. Мен карыялардын, Сайид Азим карынын сөздөрүн угуп байып отурамын. Кудай буюрса, уруулар аралык оош-кыйыш, доо-дооматтарды бул масилеттен кийин өзүнчө чечем. Азыр айтайын дегеним, колдо болгон курал-жабдыкты жамдап, күнбү, түнбү күчтүү жоону кайрууга даярдыгыбызды тактайлы. Кеңешибиз аяктары менен добулбас уруп Тулпар ташка жоокерлерди жыябыз. Ар уруудан найзакер жоокерлер он башы, жүз башы, миң башы болуп ирээти менен келишсин. Ар уруунун жоокерлеринин жоо тосууга даярдыгы белгилүү болот. Ар биринин курал, жабдык, ат көлүгүнүн абалын көрөбүз. Кемчилигибизди аныктап, ошого жараша кам көрөлү. Мылтык, кылыч, айбалта канча бар экенин, канча керегин тактап, ичкериден сатып алуу үчүн канча пул керегин тактайлы. Ал үчүн Анжиян, Намангенге мал түшүрөлү. Кеңештин акырында кайсы уруудан канча мал Анжиянга, Намангенге айдалаарын бышыктап, жоопкери ким болорун тактап алалы. Каражат топтолсо, мен көп кечикпей ар уруудан бирден тың киши алып Хан Тейишке салам менен барып, ишти аягына чыгаралы. Кандай дейсиңер? – деп Үчүке бийлерге, билермандарга сала-сал этти.

– Бар сөз болду.

– Кечиктирбейли.

– Добулбас уруп, жоого аттанчудай чогулалы.

– Калмактын алдын алалы, – деген үндөргө удаа:

– Баракелде, Үчүке баатыр! Бар бол! Кечиктирбе, ишиң оңолсун. Түлкү баатыр экөөңөр бабаңар Манастын жолун улагыла! Ар бир уруунун баатыр жигиттери силер менен болот. Жыйын аягына чейин биз

www.bizdin.kg

айтканыңдан баарын тактап беребиз, – деген Талкан бийдин сөзүн Кайдуулат бий улады:

– Оо, Үчүке баатыр, нойгуттар өз жеринен калмактарды кайрып аткан тура. Нойгут колун баштаган Жаңыл мырза менен сөз алышып, күч бириктирели.

– Туура айтат.

– Нойгут өзүбүздүн эл, – деген кобурга аралаш азан үнү угулуп, эл дааратка чыкты.

Айыл үстү дөңдө. Калың жаамат Сайид Азим имамдыгына уюп намаз окулгандан кийин эл сый тамакка чакырылды.

Кеңеш жыйын эртеси да уланып, уруулар арасындагы аялдын башын ачуу, ууру айыбы, кайыңдуу кызды ала качканга айып сымал жашоо оош-кыйыштары ортого салынып, төр бий Үчүке башында турган уруу бийлери ой ойлоп, чыбык кыркылган бүтүмдөр чыгарылып, доо-дооматтар жайгарылды.

Алдыда турган калмак баскынынын кооптуу, түйүндүү жагдайлары акылга чегерилип, убада бекемделди. Эл башына түшкөнү турган оор күндөрдүн алдын алуу камкордугун, элдин убал-сообун аркалаган бийлер сабырлуу, ойлуу тараشты.

## Жанаша жоо сүрсө, жаасы колунан түшөт

Бой калгандан бери Түлкү баатыр түнөрүп ойлуу жүрөт. Уулу балтыр бешик Тынайды Эркишинин аялы Эркеган эмчектеш асыроодо.

Үй турманы, өзүнө энчилүү малын бүт кыйып, жубайы Деркенге талак бергенден бери агасы Үчүкенин үйүн пааналап жүрөт.

Асман ачык, чак түштө чагылган түшкөндөй үйү бүлүнүп, чактысы[1] чайпалып, оюу орун таппай турат.

[1] Чакты – ал-абал

www.bizdin.kg

Ажалга бетме-бет айкаштарда солк этпеген эр жигиттин жан туюму махабат калабасына туруштук бере алар бекен!?... Кыз оюнда таанышып, токмок сала айкалышып, жан сырын ортого салып, өмүр шерик болгон аруу жубайы Деркендин орду толбоочудай туюлат. Күндөр өтө, өмүр кайткыс узап баратат. Тирүүлөй энесиз жетим уулу Тынайдын болочогун, жан сырына орток жубайы Деркенди элестетe ой убарасында келаткан Түлкү атасынын кермесине жеткенде санаасын жыйды. Салам айта ат алган жигитке баш ийкеп, ыраазылык билдире, камчысын ээр кашына илип, калбаат баса атасынын үйүнө салам айта кирди.

Бий төрүндө отурган кадырман курбусу Сарыкалчанын сөзүнө ынтаа төшөй ойлуу... Катарында иниси Тукур, анын элге төбөсү көрүнгөн мырза уулу Эшим, ага катар Үчүкө жай алган. Төрдүн эпчи жагында карылардан оолагыраак үй ээси байбиче теспе жүгүртүп, сөзгө кулак сала топуктуу отурат. Оң колун көкүрөгүнө таяп атасына, карыяларга ызаат көрсөткөн Түлкү аяр өтүп атасына, Сарыкалча карыяга, Тукур, Эшим, Үчүке агаларына кол бере алардан төмөнүрөөк орун алды.

–Ээ, Түлкү баатыр, элиңдин жүгүн аркалап, эсен жүрөсүңбү? Коогалуу заманда элге калканчы болор эр жигиттер бар болгула. Тагдыр ошол, талак берипсиң. Эми бардар жерден кайын-журт күтүп ал, – деди Түлкүгө кыраакы көз жибере көптү көргөн Сарыкалча карыя.

–Кудайга шүгүр, силердин бата-дубаңар менен Кудай алдында эсен жүрөбүз. – Ордунан козголо башын ийип, карыяга ыраазылык билдирген Түлкү кайын-журт күтүү жөнүндөгү карыянын насаатын жоопсуз калтырды. Муну баамдаган Сарысейит бий:

– Күтүүсүз окуя болуп кетти, Калча баатыр. Укандырсың «бир катындын мекери[1] кырк эшекке жүк

[1] Мекер – айла-амал, араб тилинен алынган сөз.

www.bizdin.kg

болот» деген макалдын сыңарындай биздин байбиченин мекери чоң жүк болуп алдыбызда турат. Бизде эшек жок. Кырк төөгө батабы, батпайбы азырынча белгисиз. Балачактан тай үйрөтүп, аркан тартып, моюндаш өскөн курбум сени, инилеримди, уулдарымды ыклас кеңешке баш коштуруп, акыл токооруталы дейм, – деп курбусуна, инилерине, уулдарына көз жиберди. Байбиче бийге наараzы көз жибере теспесине үңүлдү.

– Өткөн ишке өкүнбөйлү. Каада-салттуу, бардар жерден Түлкү баатырга кайын-журт издейли. – Сарыкалча карыя бир аз ойлуу отурду да, – кара кыргызда хан Тейиштен каада-салттуу ким бар. Кыздары бардыр, ханга куда түшөлү. Самаркан, Букар, Кыйва хандары менен алакаң бар, кара кыргызга кадырың өткөн Сарысейит бий деген атың бар, Манап баатырдын мураскору деген бийик насилдуу тегиң бар. Сага хан Тейиш баш чайкабайт, – деп канааттана сүйлөдү.

Сарысейит бий башын ийкеп, ой таразалаган тейде сөз күтүүдө.

– Саке карыя, сөзүңүз орундуу. Ошентсе да кадырман калкыбыз кара кыргызда кыз түгөнүп калгансып ханга куда түшсөк, элди чанган осол иш болот го, – деп Сарыкалча ак сакалга, агасына суроолуу карады бийдин кадыр-барктуу иниси Тукур.

– Тукур инимдики да уга турган сөз болду. Кандай дейсиң? – деп бийди карады курбусу Сарыкалча.

– Тукурдун сөзү жүйөөлүү. Анын үстүнө хан Тейиш менен төрт ата өткөн тууганбыз. Ата-бабалардан келаткан аруу салт боюнча жети ата өтмөйүнчө кыз алышууга болбойт эмеспи. Сегизинчи атанын балдары кыз алышкан тууган делээрин билесиз. Ата-салтын аттай албайбыз да, – деди бий курбусуна жооп иретинде. Калча карыя күлө бага Түлкүгө көз жиберди:

– Мен карыган экенмин. Кааданы да, ата-салтын да унута жаздапмын. Арийне, ата-салттан аттабай-

www.bizdin.kg

лы. Баатырга кайын-журтту башка жактан издейли.

Түлкү баатыр мостоюп үн дебей отурат.

–Ыгы келсе мен да оюмду айтайын. – Манап урпактарынан эл ичинде төбөсү көрүнүп келаткан Эшим чоң агасы Сарымсейит бийге карап сөзүн улады. – Миң жылкылуу Байбосун бай десе бай, бий десе бий. Жамы моңолдордун башын бириктирип турат. Бойго жеткен чырайлуу, колунан көөрү төгүлгөн, эстүү кызы бар. Куда түшсөк жан деп макул болот.

Калча Сарысейитти карады:

–Бар сөз. Байбосун нарктуу киши. Эшим уулум айткандай бай десе бай, бий десе бий. Жөндүү кеп.

Сарысейит ойлуу сөз күтүүдө. Үчүке баатыр атасына, инисине сөз таштады:

– Байбосун мартабалуу, кадыр-барктуу киши экени ырас. Кызы да тың чыкты деп угулат. Бардар башка жерлер да бар. Менимче Түлкү баатыр жолдош-жоролору менен аттанып, ошол кыздарды көрсүн. Купулуна толгонуна кудалашалы.

– Туура айтылды. Түлкү баатыр өзү жактырганы оң – деген Тукурдун сөзүнө удаа:

– Бий өзү айткандай, менин мекерим менен башталган иш болду. Өз уулума кара санайт белем. Келин меники болот, мен да оюмду айтайын. Уулумдун эч жеринде чаласы жок. Ата журтунун да, тага журтунун да теги бийик. Эми кайын журту да тектүү болсун. Колуктусу эстүү болсун. Кара кыргызда менин уулума тең боло турган бир гана кыз бар. Ал нойгуттан чыккан Жаңыл мырза, – деп акыркы сөзүнө басым жасай бийди жана уулун астыртан карады үй ээси байбиче.

–Салмактуу сөз, жүйөөсү бар. – Сарыкалча карыя байбичени колдогондой болду. Уулдарынан сөз күтө унчукпады бий.

–Салмагы бар сөз экени ырас деңиз. Найза сунуп, жаа тартып калмактын жапырыгынан элин коргоп жүргөн баатыр кыз казан-аяк кармап, бизге келин болуп берери кыйын го, – деди Үчүке баатыр. Түлкү баатыр кебелбей отурат.

www.bizdin.kg

– Канчалык баатыр болсо, ошончолук акылдуу болору ыктымал. Зайы[1] ургаачы болгон соң Адам ата, Обо энеден калган салттан чыга албас дейм баатыр кыз, – деп сакалын сылай оюна өзү да ыраазы боло отурду Сарыкалча карыя. Сарысейит бий уулуна көз жиберди:

– Бир кыйла түйүндүү иш. Эгер ордунан чыкса түзүк болор эле.

Отургандардын өзүнө назары бурулуп турганын сезген Түлкү баатыр:

– Эл башкарып, агабыз айткандай найза сунуп, жаа тартып, жоо беттеп жүргөн кыз өзүнүн ургаачы экенин кемде-кем эле эстөөсү ыктымал. Анын жаа, найзасын колунан түшүрүп, ургаачы экенин эсине салып туруп үйлөнсө болот, – деди. Сөз ыргагынан бийик эр кайраты жана эркектик текебер угулду. Үй ичи тынчый калганда:

– Кудай-Таала чийген адамдык парздан эч ким туйлап чыга албайт. Жаңыл мырза да адам баласы. Алты жүз жылкы айдатып, Камбарата көкүлүнө аяктай кебез байлатып, ата-бабанын салтына ылайык атасынын алдына куда түшүп барсак, Жаңыл мырзанын жаа, найзасы колунан түшөт деймин, – деп уулдарына, калган отургандарга сала-сал этти Сарысейит бий.

– «Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы» деген макал ата-бабалардан келатканы бекер эместир. Жаңыл мырзанын насили ургаачы болгону менен жан туюму эр. Өзүн нойгут элинин калканчы катары санайт. Жан дүнүйөсүндөгү ургаачылык назик туюмуна жан кыйган баатыр эрки үстөмү болуп турат. Бул үстөмдүк башы менен кошо жатат. Ургаачы экени анык, бирок ага күйөө болуп бере турган гана киши керек. «Жаңыл мырзанын күйөөсү» деген ысым менен күн көрө турган эр жигит чыкпайт го, – деген Үчүке баатырдын жүйөөлүү сөздөрүнөн башка жер-

[1] Зайы – теги деген мааниде

ден куда издейли деген ой туюлуп турду. Эрине уулуна, көз жиберген байбиче үн катты:

– Эркектердин ишине уулдун энеси мен кийлигишип алдым. Деркенди кетирткен мен болдум. Жаңыл мырзаны алып келсеңер, келин кылып алууну да мага койгула.

– Ээ жарыктык, көк ийнени көчүгүнөн түртпөй, азоо үйрөтүп чоңойгон жоокер, мерген кыз сизге казан-аяк кармап берчү беле. Анын шагын сиз эмес, калмак найзакерлери сындыра албай жүрөт, – деди кайниси Тукур.

– Атаганат. Абалтадан бери кыргызда мындай чыгаан ургаачы болбогон. Түлкү баатырга ылайык жуп болот эле. Бий өзү айткандай каада-салт менен куда түшүлсө, жарык дүйнөдө жашоо жөрөлгөсүнөн мойноп кетпес, акылдуу баатыр кыз ата-эне эркин тебелебес. Бий өзү айткандай каадасы калктан арткан той түшүрүп, жамы нойгут элин сарпайылап барганга Кудай берген чамаң жетет, – деп санаалаш курбусуна топуктуу карады Сарыкалча карыя. Ою ордунан чыгарына маанайы көтөрүлгөн байбиче теспесин жыйып жүзүн сылады:

– Сарпайы жайын, кудалыктын дүнүйөгө тиешелүү жөрөлгөлөрүн мага койгула.

– Той түшүрөөр алдында Түлкү баатыр жигит-жалаң күйөө жолдош алып кыз көргөнгө барышы салтка ылайык го, – деп Сарысейит бийди суроолуу карады Тукур.

– Кыз көрүү каадасы менен барып сынга толтургандай Жаңыл мырза жүктүн бурчунда сайма сайып отурган кыз эмес да, байке. – Түлкү баатыр агасына кайрылып сөзүн улады. – Жоо беттеп, куралдуу жүргөн кыз менен куралдуу беттешип, ургаачы экенин эсине салалы. Андан кийин кыз-жигит катары сүйлөшүүгө болот.

Түлкү баатырдын сөзүнөн анын Жаңыл мырзаны жоокерче багынтып, анан сүйлөшкүсү келгени жана андан башка кыз көрбөй турганы билинди.

www.bizdin.kg

Сөзгө кунт коюп уга билинер-билинбес башын чайкап ойлуу отурган Сарыкалча карыя бийди карады:

– Кантээр экен... Мерген кыз жебе менен тособу дейм?! Оюнда да ушул кооп турган бий курбусуна кабагын көтөрө баш ийкеди. Агасы Тукур кыйыткы сөзүн кыстарды:

– Ашкере кооптуу беттешүү болор бекен. Жебе менен кылды кыя атат кыз мерген.

– Башка киши да жаа тартканды билет, – деп кайдыгер унчукту Түлкү баатыр. Үчүке инисине саласал этти.

– Нике кайып дейт. Түбү арсар, кооптуу ишке баш салбай, кайын журтту кара кыргыздын башка жеринен издесек дейм.

Агасын жалт караган Түлкү чечкиндүү унчукту:

– Кеп болуп калды. «Түлкү Жаңыл мырзадан колоп калыптыр» деген сөз ээрчитип жүрө албайм.

Бир паска сөз тыйыла калды. Инисинин катаал бүтүмүн туйган Үчүке баатыр:

– Карыялар, Кудайга тобокел. Түлкү баатырга жол бериңиздер, – деп атасына, Сарыкалча карыяга, Тукур, Эшим агаларына ынтаалуу кайрылды. Сарысейит бий чекесин сүйөп, сабырлуу да, ойлуу да отурган калыбында:

– Шашылбайлы, жол убагы келгенде берилет. Маңги намыска алдырбайлы. Сабыр күтөлү, акыл калчайлы. Калмактын камоосуна кабылып турган нойгут туугандар жардамга муктаж. Куралдуу барып, Жаңыл мырзанын жоосун бирге кайрышып, куралдаш болгула. Жоосун бирге сүрүшкөн баатырга ыраазы болуп, баатыр кыз сөзгө келет. Сөз жарашса, силер каалагандай жаа-найзасы колунан түшөт, – деди.

– Атаңардын осуяты Жаңыл мырзанын жаа, найзасын курал күчү эмес адамкерчиликтин күчү менен колунан түшүрүү жолун ачты. Жолуңар байсалдуу болсун баатырлар! Кыз Жаңыл жоо сүрүшкөн Түлкү баатырга колун берсе, кабар жибергиле. Бий айткандай, алты жүз жылкы айдатып, Камбарата көкүлүнө аяктай кебез байлатып, кара кыргыз каада-салтына

www.bizdin.kg

ылайык кастарлуу той түшүрүп барабыз, – деп жайдарыланды Сарыкалча карыя. Түлкү баатыр мелтиреп үн дебеди. Үчүке мандашын түзөп, атасына ыраазы көз жиберди:

–Атабыздын осуяты, карыябыздын насыяты Түлкү баатырга, аны коштогон бизге ак жол ачты. Кудай кааласа, камыбызды бүткөрүп, сиздердин бата менен калмакты тосуп турган нойгуттарга, кол башы Жаңыл Мырзага жардамга аттаналы.

Сөз бүткөнү тастыкталып, бата тиленди.

***

Эртеси. Күн чоң шашке маал.

Калмак баскынын тосуп турган нойгуттарга, кол башы Жаңыл мырзага куралдуу демөөр менен баруу камылгасын ортого салган уй мүйүз жыйын Үчүкенин үйүнөн өйдөкү дөңсөөгө чогулууда. Жыйын төрүндө Үчүке, анын оң жагында Тейиш хандын уулу Аккочкор, сол жагында Түлкү, аларга Атакозу, Чабак, Эркиши, солто, бугу, саяк жигиттери жаш курагына ылайык орун алышкан. Серке чаначтар чайкалып, кырма аяктарда кымыз сунулууда. Ат арытып атайы Түлкү баатырга жай айтканы келген хан уулу Аккочкор тууганча ал-жай, эл-жердин абалын сурап, ымыла билдире өзү да ыраазы отурат.

Кастарлуу коноктун урматына Эркиши черткен комуз күүсү оболой чалкып, айыл үстүн шаңдантып турат. Күү ыргактарынан катар-катар кылкылдап, бөрү тил найза жылтылдап, асабасы калкылдап, ай балталар жаркылдап, Азияда ат ойнотуп ата-конушун коргогон элдин жоокер кудурети туюлгансып көңүл эргийт. Күүгө муюп отурган Аккочкор ыраазы боло мурутун жанып, Үчүкеге кайрылды:

–Мен Түлкү баатырга жай айтайын, жардам болоюн деген дама менен атайы келдим. Баатырга кайын иликтеп атасыңарбы?

–Келгениң ырас болду. Убагында келдиң. Ыраазыбыз туугандык ымылага. Куда түшүүчү бардар

www.bizdin.kg

жерлер арбын. Алардан миң жылкылуу бай, айтылуу Байбосун бийдин чырайлуу, колунан көөрү төгүлгөн кызы Шаарман, нойгуттун баатыр кызы Жаңыл мырза көңүлгө толду эле. Ары калчап, бери калчап, баатырдын көңүлүнө толгон Жаңыл мырзага куда түшүүгө акыл токтоду. Атабыз да, калк карыткан карыялар да туура көрүп жол беришти, – деди Үчүке. Аккочкор Үчүкеге суроолуу карады:

– Орундуу да, жүйөлүү да, омоктуу да кудалашуу болот экен. Жаңыл Мырза Түлкү баатырга жарашкан жар болот. Азыр нойгуттардын башына иш түшүп, калмак жапырыгына кабылып, Жаңыл мырза кол баштап Жети–Тер, Чеменде калмак чабуулун тосуп турат дейт. Кудалап баруугa абал кыйчалыш го.

– Жоо кайрып турган элге куралдуу көмөк менен баралы. Айылга эмес, майданга барып Жаңыл мырзага жанаша калмакка чабуул коюп, жоосун сүрүшөлү деген бүтүмгө келдик.

– Акылга толгон, атпай кыргыз биримдигине жол салуучу, кеменгерликтин, айкөлдүктүн бүтүмү болуптур. Жоосун сүрүүгө жардамга келген тууганчылыкка ыраазы болуп, катарлаша найза сунуп, жаа тарткан Түлкү баатырга Жаңыл мырза өзү кол берери айныксыз. Баракелде, иштин оңунан чыгышын Кудайдан тилейли, – деди бешенесинен кубаныч жанган хан уулу Аккочкор баатыр. Атакозу Аккочкордун сөзүнө кошулду:

– Калмакты Жаңыл мырза менен кошо сүрүшсөк соот, чопкут, туулга кийген баатыр кыздын Түлкү баатырды жал-жал карап, жылмая кол берип турганы көз алдыга келип турат. Оо, Кудай, бере көр!

– Ырас болот. Атакозу, Чабак, Эркиши, силердин ар бириңерден аяк ичер улуумун. Күйөө жолдош өзүм болом. Жаңыл Мырзанын ак өргөсүндө нойгут кыз–келиндерине биринчи мен токмок салып ырдайм, – деп каткыра Түлкүнү карады Аккочкор. Түлкү баш ийкеген болуп мостоё үн катпады.

www.bizdin.kg

– Кудай жар болуп ушул иштин мүдөөсүнө чыксак, кыргыз элинин ынтымагына жоо тиш сала албай турганын даңазалаган мурас урпактарга калат. Кыргыздын баатыр уулу Түлкү менен баатыр кыз Жаңыл мырзанын майданда ийиндеш жоо сүрүп, кол кармашканы муундан муунга өткөн өрнөктүү махабат баяны болуп эл оозунда калаары айныксыз. Иштин өтөөсүнө жетели. Атабыздын, карыялардын батасын алып жума өткөрүп, иштин башы ишемби деп жол тарталы. Кам көрөлү, уруу кол башылары ар кишиси курал-жаракташып кош аттуу жоокерлер менен даяр болсун. Аллоху Акбар. – Үчүке алаканын жая, бата тиленери менен үй жактан келген жигит түштөнчү сыйга чакырды.

Түштөнүүдөн кийин Үчүке, Түлкү, Аккочкор, Атакозу, Чабак, Эркиши баатырлар Сарысейит бийден бата алганы жөнөштү.

Күнгө ишемби. Баш оонанын он беши. 1670-жыл.

Сарысейит бийдин үйүнүн алдында үч катар кыркаар тарта тизилген кыргыз жигиттери нойгуттун калмакты тоскон жоокерлерине куралдуу көмөккө аттанарда эл-журттан, калк карыяларынан бата сурап турушат. Алдыңкы катарда ортолой туулга, соотчопкут кийген Үчүке, Түлкү, Аккочкор, Атакозу, Чабак баатырлар турат. Жоокерлердин баары соотчопкут, сыртына окшош боз биязы кемсел, кыюуланган ак калпак кийишкен. Эл алдында какайып жакшылыкка бет алып, тизгин жыя турушат.

Сарысейит бий, Сарыкалча карыя, солто бийи Талкан, бугу бийи Жамангул, саяк бийи Кайдуулат, моңолдор бийи Бакы, тынымсеит бийи Мортук жоокерлерге бейкапар сапар тилешүүдө. Карыялардан обочороок ак элечек байбичелер, ак жоолукчан энелер, андан ары кыз-келиндер турушат. Карыялардын ортосунда турган Сарысейит бий:

– Оо, кыргыздын туйгун уулдары! Силер жергесин жоодон коргоп турган нойгут туугандарга, кол

www.bizdin.kg

башы баатыр кыз Жаңыл мырзага куралдуу демөөргө баратасыңар. Аллахи-Таала ак жолуңарды ачсын! Силер нойгут жоокерлерине, Жаңыл мырзага катарлаш найза сунуп, жаа тартып, жоо сүрүшөсүңөр. Ишиңер оңолуп, Аллахи-Таала өзү, жигит пири Шахимарданды[1] жар кылат. Кыргыз жергеси бошосо эл ыраазы болор. Кыйын кезең, казатта жардамга келген кыргыздын баатыр уулдарына нойгут эли ыраазы болор, кол башы Жаңыл мырза Түлкү баатырга кол берер. Иш оңунан чыгып кыз, жигиттин ак өргөдө жүздөшүүсү башталса, кош аттап кабар жибергиле. Ак боз Камбаратага көкүлүнө аяктай кебез байлатып, алты жүз жылкы айдатып, шаан-шөкөт, каадасалттуу той түшүрүп, кудалыкка барабыз. Аллаху Акбар, – деп алакан жая бата тиледи. Ак батага жалпы эл кошулуп айыл үстүндө Аллахи Тааланын аты жаңырды.

Жергесинен калмак баскынын кайрып турган нойгут элине, кол башы Жаңыл мырзага демөөргө аттанган кыргыз жоокерлери он-ондон катарлаша айылдан узай жөнөдү. Соот-чопкут, туулгачан Үчүке, Түлкү алдыда, алардан ат соорусунча аралык үзө Аккочкор, Атакозу, Чабак, Эркишилер, артында жоокерлер он-ондоп катар тизилип кылкылдайт. Тулпар таштан ылдый күңгөй жээк менен күн чыгышка бет ала үмүттүү да, кооптуу да сапарга баратышат.

Булут каптаган асман алдында чалкыган көл бозомук тарта мелтиреп, уулдарына кош айткансып удургуган толкунун жээкке шарпыйт.

## Тынч эл кабар күтөт

1670-жыл, баш оонанын 20сы.

Какшаал тоонун тескейиндеги кенен өзөн жай чилдесине бой сала суналат. Өзөндү жара аккан тоо

---

[1] Шахимардан – эл оозунда Шаймерден деп айтылат.

www.bizdin.kg

суунун шары көк шиберлүү жайыкка конгон айыл үстүнө шоорат сала, көңүлдү тынчтыкка муютуп турат. Суу жээгинен обочорок кулундар байланган. Желеден узай албай ылаалаган саан бээлер, субайлар чачырай жайылууда. Айылдан желени карай саанга келаткан келиндин жанындагы боз уланды карыга нукуп каткырган күлкүсү айланадагы бейкуттуктун шаанисиндей туюлууда. «Кыроо», «кыроолоп» үн созгон тестиер саанга бээ кайрып жүрөт.

Айыл ортолой тартылган көгөндөр бош. Козу, улактар төш таяна жайылууда. Түндүктөрдөн түтүн булап, демейки тиричилик деми туюлат. Айыл чети дөбөдө кыргыз жайлоолоруна мүнөздүү карыялардын, сөз баккан билгиликтүү кишилердин, кечке маал тиричиликтен колдору бошогон түтүн ээлеринин уй мүйүз маеги өтүүдө. Уй мүйүз маек төрүндө жашы токсонду таянган нойгуттун бөжөй уругунун кадырлуу карыясы, сакалы жайкалган Эрназар отурат. Үрпөгөй ак каштуу терең кабак астында көздөрүн ачып-жума сөзгө кулак түрүүдө. Башында көрпө кыюлаган кулун тери малакай, жегде көйнөк сыртынан кийген көк бейкасам чапанга боз кур курчанган. Турпатынан көптү көргөн ой ээси туюлат. Ага катар айылдын кадыр-барктуу билерманы жетимишти аяктап бараткан көк ала сакал, олбурлуу кызыл чийкил, ийиндүү, жайык төш, улгайса да бешенесинен эр кайраты туюлган, башында кундуз кыюуланган макмал топу, кара ыпча кемселине тайкыраак күмүш кемер курчанган Арзыбай бий өз баркын туя салабаттуу отурат. Кадырмандардын эки тарабында жаш жигиттер, уландар, айылдыктар орун алышкан. Коломочтонгон эптүү жигит серке чаначты чайкап, сыр аяктарга, кырма кара аяктарга кымыз куюп, илбериңки улам улуулата аяк узатып турат. Сөз уланууда.

– Ары жагы Адам Ата, Нух пайгамбар, бери жагы кыргыз ата. Муталип олуядан Долон бийге чейин бир нече ата өтүп, Ак уул, Куба уул, Кызыл уулдардан жамы кыргыз тарайт. Кызыл уулунан тарагандар-

www.bizdin.kg

дын бири он ата нойгут биздин эл. Түбүбүз түптүү жоого моюн бербеген элбиз. Арка, Анжиянда Ак уулдан тарагандар кыргыздын оң канаты. Куба уулдан кыргыздын сол канаты. Кызыл уулдан тараган ичкиликтер турушат. Кытай чөлкөмүндө калган нойгут биз. Ак-Чий, Кызыл-Суудагы чоң багыштар, ичкиликтер. – Сөз баккан Бекберген санжырачы тыным жасап, аңгеме улай Арзыбай бийге карады. – Атаганат, кыргыздын ушул үч канаты бириксе калмак эмес, кытай да даай албайт эле. Эми минтип бириндетип кол салып турат. Биригүү амалы барбы?

– Айтканыңыздын жүйөөсү жөн. Сиз айткандай, мүлдө кыргыз бир жакадан баш чыгарса, байыркы жоокер эл бакубат болор эле. Байыркы, кийинки ата-жото-жетелерибиз да биригүүнү көздөшкөн. Менин баамымча мал багып, көчмөн тиричилик өткөргөн элдин бир чөлкөмдө батып жашоосу кыйын го. Кыргызды мал менен күн көргөн көчмөн жашоо ыңгайы чачыратып койгон. Мындай бириндеген элдин башын кармоого не болбосун. Ал үчүн арбагы улук Тагай бийдей кеменгер көсөм керек. Ал киши өкүмдар Султан Сейит менен тең ата мамиле түзүп, кыргыз биримдиги үчүн өмүрүн сайган. Акыры «ак үйлүү» деп сыйлуу туткунда кармалып, сөөгү Үч-Турпандын чыгышынан жай тапкан. Кылымда чанда чыгат го мындай айкөлдөр. Үмүт үзбөйлү, кандай дейсиз? – деп Эрназар карыяга карады Арзыбай бий.

–Кудай дейли. «Үмүтсүз шайтан» дейт. Эл эмеспи, уучубуз куру эмес, эр азаматтан кем эмес. Жамы нойгуттун калканычы Жаңыл мырзабыз жоо кайрып жүрбөйбү. Баса, ал жактан кабар барбы? – Карыя Арзыбайга суроо узатты.

–Бүгүн кабар болор бекен дейм. Кудай жар болсо, жоокерлер калмактын мойнун кайрыйт деген ишеним, үмүт бар. Жоо кайрыган балдарыбыз Кудайга аманат. Кудай-Таала аманат сактоочунун мыктысы, – Сакалын сылаган Арзыбай карыянын үнүнөн Кудайга, Кудай алдында нойгут жоокерлерине кебелбе-

www.bizdin.kg

ген ишеним угулду. Өз кызы кол баштап жүргөн карыянын сабырлуу бакубат бешенеси калмак беттеген уулдарыбыз аман болсо экен деп кападар отургандардын көңүлүн тынчытып турду.

–Айтканың келсин. Жоо кайрыгандарды баштап жүргөн перзентиң Жаңыл мырза жоокерлерин сактап аман келсин. Оо Кудай, колдой көр! –деп алаканын жайды удаа отурган карасур, кагелес чокчо сакал, эндей калпакчан, боз биязы кемселине мата курчанган улгайган киши. Бул агедил тилек баарынын көңүлүн ээлеп турган эле. Дөбөдө «Оомийин Аллоху Акбар» айтылып, Кудайдан жардам күткөн элдин маанайы көтөрүңкү. Уй мүйүз маек бир тынымга тынчып калды.

–Кудайга шүгүр, тынч элге Кудай өзү жар болсун. Элдин үмүтү бар. Аркага чабаган жиберип кол сурасак нетет. Ал жакта Тагай бийдин насили, казак ханы эңгезер бойлуу Эр Эшим менен биригип калмакты сүргөн айтылуу Манап баатырдын урпактары да кыйын чыгышты деп угулат. Ошол туугандар көмөккө келсе балдарга демөөр болот беле, – деп Арзыбайга көз жиберди ар нерседен кабардар Бекберген санжырачы.

–Жер алыс. Ошентсе да кабарлашууга болот эле. Бирок Иледен бери ыкыс берип турган калмактар Аркага кол салып тынчын алып турушу ыктымал. Алар дагы өз камдары менен алек. Көмөктү Кудай Тааладан күтөлү, – деди Арзыбай кебелбеген тейде.

–Туура айтты, Арзыке. Жардамды пендеден эмес, жараткан Кудайдан күтөлү. Жакшылык тилеп көңүлдү көтөрөлү. Беке, дастандардан айтчы. Жоо кайрыган баатырлардын баянын угалы, – деп Бекберген санжырачыны карады Эрназар карыя.

–Эрмек болуп берейин. Өзүм да ойлоп турдум эле, оюмдун үстүнөн чыктыңыз, – Бекберген карыяга күлө бакты да: – Башканы коюп Манасты айт дейт эмеспи. Алмамбеттен Чубактын жол талашканын, Алмамбет баатырдын арманын айтып берейин:

www.bizdin.kg

Эгиле кылган кызматым,
Эзелки кыргыз эл үчүн.
Элге кызмат кылдырбай,
Ээрчип келиш кай күчүң.
Какая кылган кызматым,
Кадырман кыргыз эл үчүн.
Калкка кызмат кылдырбай,
Кайтарып жүрүш кай күчүң.
Артыла кылган кызматым,
Атпай кыргыз эл үчүн.
Ак кызматым өтөтпөй,
Артымдан келиш кай күчүң.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Арбыды мээнет күнүгө.
Атпай түрктүн балдары,
Жамандык кылдым кимиңе.

Каадалуу кытай элинде,
Ханзаданын уулу элем.
Кажылдайсың Чубагым,
Мен качан казагыңа кул элем.
Кыйыры калың кытайдын,
Кыйынынын уулу элем.
Кыжылдаган Чубагым,
Мен качан кыргыздын кулу элем.
Элдүү киши зорбу дейм,
Элинен азган корбу дейм.
Эли жок элкин болгуча,
Жигитке эртелеп өлүш оңбу дейм.
Калктуу киши зорбу дейм,
Калкынан азган корбу дейм.
Калкы жок качкын болгуча,
Жигитке кадимки өлүм оңбу дейм.
Тетиги мунарыктап учтанган,
Булуңча болуп бурчтанган.
Чет Бээжин деген жер ошол,
Черүүсү түмөн эл ошол.
Сараланы жоорутуп,

www.bizdin.kg

Көңүлүмдү оорутуп,
Качып келген мен ошол.
Кангайдай качып келгенде,
Ханым деп айттым киминди.
Каарым келип какайдым
Сенин кагайынбы жининди, Чубак!

Баянды аяктай Бекберген эргий оңдонуп отурду. Өзүлөрү катышкандай муюп отурган эл Бекбергенге ыраазы:

–Бали Беке, бизди жуушаттың! Кайран эр Алмамбеттин жаны күйүп айтканын карачы! Арманы агып турат... – деп манасчыны тизеге таптады жанында отурган жээрде сакал сары чайкал орто жаш киши.

–Айта түшсөңүз, Беке. Кулактын курчу канып атат, – деп ыраазы өтүндү отургандардын бири.

–Эми Азирет Аалы менен кармашкан кыз Дарыйка жөнүндө казал айтып берейин. Жоо кайрып жүргөн кызыбыз Жаңыл Мырзага демөөр болсун, – деп Бекберген комузун алып, күүгө келтире, казалдын обонун бир кайрыды:

Бул ырды бисмилла деп баштайынчы,
Жаман сөз ката болсо таштайынчы.
Аллага алдын ала муңумду айтып,
Анан соң бир окуя баштайынчы.
Табылар уйкаш сөздөр калем алсам,
Күрөшүн Дарыйканын курадтырып
Ыр кылып, болгон ишти болгонундай,
Туугандар, окуяга кулак салсаң.
Балбан кыз бардык жанга падыша болду
Бийледи такка отуруп оңду-солду.
Ар кайдан муну уккан балбан келди,
Алышып дөө–периге күчү жетпей
Дарыйка жыгып жеңди далай эрди.
Эч адам Дарыйкага тең келбеди,
Угулган Мекке менен Мединага.
Азирети Аалы балбан бата сурап,
Ийилип салам айтты пайгамбарга.

www.bizdin.kg

Отурду Ак пайгамбар көпкө ойлонуп,
Жыгылса кыздан шерге не болот деп,
Ал анан көп толгонду кайгыланып.
Аалынын токтобосун байкады да,
Пайгамбар бата берди амалсыздан.
Окуду напил намаз Ак пайгамбар
Батага кол көтөрүп жандын баары,
Тилек кылды жыкса экен деп кыз баатырды.
Эл–журту кош айтышып калды баары
Аалы шер Дарыйкага сапар алды.
Алты ай жол жүрүп Аалы баатыр
Кыз баатырга жетип барды.
Шарт коюп алдыдагы кармашууга
Кыз баатыр Аалы шерди кабыл алды.

Аалы минди дулдулга, кыз керикке,
Алышып билек сунуп, күч үрөшүп,
Оодарып бири-бирин ала албады
Кайраты эки шердин кагылышат,
Кыз баатыр Аалы шерге барабарбы?!
Аттары жерге батат тизесинен,
Кудайым берген экен баатырларга күч амалды.

Казалдагы кыз Дарыйканын кайратына, ыкчылдыгына муюган эл жоо кайрып казатта жүргөн Жаңыл мырзага, аны менен ийинме-ийин кылыч шилтеп, жаа тартып калмакты сүрүп жүргөн уулдарына жакшылык тилеп жылуу кабар күтүүдө.

## Акыркы айкаш

Түндүк тарабы тоо таяна бийиктеп, түштүгү көз кайкыта созулуп, эрме чөлгө жалгашкан дөңсөө адырлар жаңы ык салган таң алдында үрүл-бүрүл мелмилдейт.

Жергесин каптап кирген калмак баскынчыларын Жети–Тер, Чеменден өткөрө сүргөн нойгут жоокерлери таң ык сала ойгонуп, жарак-жабдыктарын шай-

www.bizdin.kg

лап, ооруk чатырларынын алдындагы түзөңдө кыркаар тарта тизилип, демдүү турушат. Кечөөкү айкашта арбын жоготууга учурап качкан жоонун артынан түшүп кыргыз жергесинен биротоло сүрүп чыгарууга аттанышкан. Кол башыдан буйрук сөз күтүүдө.

Зээри бийик, соорусу жайык, суйдаң жалдуу, ойноктоп оздук кемирген кара аргымакчан, башында чоктуу туулга, соот-чопкут ийиндүү бакубат тулкусуна жарашкан кол башы жоокерлерге кайрылып үн салды:

– Баатырлар, кандай? Беймарал эс алдыңарбы? Курал-жарагыңар шайбы?

Кол башынын коңур кайраттуу үнүнөн агедил камкордук, көңүлгө дем берген адамдык мээр туюлуп турду.

Катардан алдыга чыккан биринчи жүз башы Орозой:

– Дурус эс алдык, баатыр, кол башы. Жүрүшкө даярбыз. Курал-жарагыбыз шай. Жарадар болгон беш жоокерди өзүңүз көрдүңүз, айылга узатууга даярдап койдук. Демдүүбүз. Сизден сөз күтөбүз, – деди.

– Калмакты куушу!

– Жерине жеткире кууйбуз! – деген үндөр таң үрүлүнө жаңырыктоодо.

– Ыракмат баатырлар! Кудай жар болсун! Ишибиз оңунан чыкса бүгүн калмакты жергебизден сүрүп таштайбыз. Менин баамымда алар Жети-Төрдүн берки жыбытында суу бойлоп бугуп жатышат. Кечээки жеңилиш аларды алсыратты. Бирок үмүтүн үзгөн жок. Мендеги кабарларда алар өч алуу үчүн чабуулга чыгып, бизди артка сүрүп, жерибизди ээлемекчи. Түнкү кайгуулда жүргөн Эрмат менен Кошбак эмнегедир кечигип атышат. Алардын келишин күтүп атам. Жаңы кабар келсе, ошого жараша багыттарыбызды тактайбыз, – деп кол башы сөзүн улаарда:

– Ана келатышат, – деген үнгө удаа таң үрүлүнөн суурула чыккан эки атчандын бири катарынан озо тизгин жыйып:

www.bizdin.kg

– Баатыр кол башы, билгенибизди баяндасам деймин, – деп ызаат көрсөтө уруксат күттү. Кол башы сабырлуу үнчүктү:

–Кулак сенде, жоокер Эрмат.

–Калмактардын калкына кайтчу түрү жок. Биз тарапты жесектеп жүрүшкөнүн байкадык. Чабуулга аттанчудай кейипте турушат. Туюк-Төрдүн берки жыбытында ооруктагылары ойгонуп, тамактанып, жарадарларын артына жөнөтүүгө даярдашып, өзүлөрү ат токуп жарак-куралын шайлап тургансышат.

– Ыракмат силерге! Катарыңарды ээлегиле. Бары ңар кулак салгыла. Жагдайга жараша үч тараптан чабуулдайбыз. Орозой, Маматай жоокерлери менен күн жүрүш сол тарабынан, Бакберген, Эсентай жоокерлери менен оң тараптан тоо жакка барып, душман чабуулга өткөнчө бугуп турушат. Мени менен Эркебек, Чомотой, Кушбектердин жоокерлери бетмебет согушабыз. Алдыда болгон согуш күндөрү калмактардын жаа тартканга чабал, найза сунганга ыкчыл экендиктери баамдалды. Аларды бетме-бет бутадан чукул келтирбей жаа, жебе менен тособуз. Жаа ургаал, таамай тартылса, алар туруштук бере албай чегинишет. Артынан түшө аралык сактай сүрөбүз. Бир дагы жебе сая кетпесин! Баатырлар, кайраттуу, сабырлуу, тыкан болгула! Аллаху Акбар! – деп алакан жайды кол башы.

Таң жарыгы толук жайылган маалда нойгут жоокерлери үчкө бөлүнүп, төрдү карай баратышты. Жоокерлердин жапырт коштоосунда Карадолу аталган аргымакты текирең урдура кол башы алдыда.

Бетме-бет салгылашууга бараткан жоокерлердин алдында ээрге кошо бүткөндөй келбети көзгө толумдуу кол башы алдыга кыраакы көз жиберип, тизгин жаа жыйнактуу баратты. Чоктуу туулга кырынан кылайган жазы маңдайына ийилген кара каштары төп келе, кайрат учкуну жанган сурмалуу курч бото көздөрүнүн тереңинен адамдык мээр, үзүрлүү үмүт туюлат. Таноолураак кырдач мурдуну калыңыраак

www.bizdin.kg

эриндерине жарашып, буудай өңдүү чырайлуу жүзүнөн майтарылбас эрк, кебелбес сабыр туюлат. Жаасы каруууда, эки санда жебелүү саадак, түпөктүү найза такымга кысылган, эли үчүн өмүрүн сая ажалга тике карап бараткан кол башы – кыргыз кызы Жаңыл Мырза эле.

Туюк-Төрдүн берки жыбытына жете бербей Жаңыл Мырза жоокерлерди токтотуп:

– Баатырлар, жоону чогуу беттесек, мээленбес бута болобуз. Мерчемдүү жерге чукул калдык. Алдыартыңардан, эки тарабыңардан көтөрмө бою аралык сактап, ирээттүү, бириндеп жүргүлө. Эки тарабыбыз ыкчамдап, ортобуз тизгин тарта, жаадай ийиле жоону үч жагынан жебеге алып тособуз. Качышса, артынан түшө сүрөбүз. Бетме-бетке келтирбей жаа тартабыз. Бетме-бетке тушуксак, калтаарыбай найзасын кагып, найза сунгула. Бири-бириңерге көз сала жүргүлө. Мен алдыңарда барамын, – деп күтүлгөн жагдайды тастыктап буйрук берди.

Кол башынын буйругун бири-бирине жеткире жоокерлер айтылган ирээт, тартипти сактап, шайбыр жүрүштө жоону күтө баратышты. Көп узабай белес алдында ат койгон каптаган калмак түмөнү көрүндү. Жоо жаа бутасына келгенде Жаңыл мырзанын кайраттуу үнү шаңк этти:

– Жебе!!!

Кол башынын үнүнө удаа жаанын догосундай ийиле бараткан нойгут жоокерлеринин ирээттүү таамай тарткан жебелери калмак түмөнүнүн катарын бузду. Жоготууга учураган жоо артка чегине түшүп, кайра жапырыла чабуулун улантууда. Жаадай ийилген кыргыз жоокерлеринин катарынан үч тараптуу себеленген жебелер калмакты алдыга жылдырбай жапырып турду. Калмактар өлгөндөрүнө карабай көшөрүп алдыга жылып найзалашуу аракетинде. Эт бышымча убакыт абал улам кайталанып, жаа жебесине учкандардын саны көбөйсө да, көптүгүнө салып өжөрлөнгөн калмактар бетме-бетке жакындап келди.

www.bizdin.kg

Жаңыл мырза кошуун алдында жаа тартып баратты. Ага туйдурбай, арттараак эки тарабынан эки найзакер көзөмөлдөп, кол башын сактоого даяр жүрүшөт. Бетме-бетке келген туулгачан зор калмак Жаңыл мырзаны беттеп найза сунду. Анын найзасын калканга тосуп каккан Жаңыл мырза кайгып барып кайра кайрылган калмак кол башысын найза уруп, аттан кулатты. Жаңыл мырзаны капталынан качырып найза сунган калмак жоокерин кол башчысын көз кырынан кетирбей сактап келаткан кыргыз жоокери ээрден кулатты. Туулгачан кол башчысынын сулаганын көргөн калмак жоокерлери жапырыла артына дыргыганда ак боз атчан туулгалуу калмак өз тилинде кыйкырып, кылыч булгап качкан жоокерлерди майданга тартууга аракеттенди. Бири-бирин сүрөгөн калмак жоокерлери кайра кайрылып кыргыз жебесинин учкандарына карабай бетме-бет найзалашууга өтүп, майдан кызып турганда жоонун эки тарабынан Орозой, Бакбергендин жоокерлери:

– Жаңыл мырза! Нойгут!

– Жаңыл мырза! Кыргыз! Кыргыз! – деген ураан менен жаа тартып кол салышты. Мындай күтүүсүз соккуга туруштук бере албай кол башчысынан башка өлүктөрүн алууга чамасы жетпей калмактар жапырт качууга өтүштү.

Жаңыл мырза качкан жоонун артынан түшүүгө майданга жаңы кирген Орозой менен Бакбергендин жоокерлерин жиберди да, бетме-бет салгылашып чаалыккан жоокерлерди эс алууга буйруду.

Качкан жоону артынан сүргөн Орозой, Бакберген жүз башыларга жоокерлерди алды-артынан, эки тарабына аралык сактатып алып жүрүү буйрулган. Салгылашуунун атайын ыкмаларын сактаган жарым миңден ашуун жоокерлер бута атым аралыктан жаа тартып калмактарды сүрүп баратышты. Артынан сая түшкөн кыргыз жоокерлеринин жебесинен кутулуу аракетинде көп жоготууга учураган калмак түмөнү чычая качты.

www.bizdin.kg

Жоону бетме-бет тоскон Жаңыл мырзанын жарым миңден ашуун жоокерлери он башы, жүз башыга бөлүнө эс алып, жарадарларды, мерт болгондорду таап, айылдарга жөнөтүүгө даярдап кам көрүүдө.

Жоокерлерден алыс эмес жерде жайылган көрпөчөдө отуруп, суусун кандырып эс алган Жаңыл мырза ордунан туруп жүз башы, он башылардын тобуна барып, жарадар болгондорду көрүп, таңууларын ондоп-түзөп, ал-жайын сурады.

Жаңыл мырза кол башынын майданда түзүлүүчү жагдайды кыраакылык менен баамдап, жоокерлердин ирээтин бузбай аралык сактап, жебени сая кетирбей жаа тартуусун камсыздаганынан улам жарадарлар аз. Беш жоокер жарадар болгон. Бирөөнүкү саал оорураак. Мерт болгондор жок. Жоокерлер эс алууда.

– Баатыр эже, бизге да келиңиз, – деп ар бир топтон кол башыны сүйүмөнчүк чакырып турушту. Эс алууда, өз ара адамдык мамиледе кичүүсү да, жашы илгериси да Жаңылды «Баатыр эже» дешет.

Эт бышымча убакыт жоокерлер тыныгышып, жарадарларды айылга узатышкандан кийин кол башы Жаңыл мырза жүз башыларды жыйып акыл курады да, Орозбай, Бакберген жүз башыларга демөөр болуп, жоону биротоло чегине сүрүп таштоо үчүн капталдан капшыруу ыкмасын колдонууну чечти. Жоокерлерди жапырт аттандырып, таскак урдура Орозбай, Бакберген жүздүктөрдүн артынан жүргөн Жаңыл мырза эки чай кайнам убакыт өтө майданга жакындап, калмактар сан үстөмдүгүнө салып, кыргыз жоокерлерин бетме-бет найзалашууга тартууга аракеттенип турганын баамдап, жоонун оң ыпта аяк чегинен «кыргыздап» ураан салып, жаа тарта каптап кирди. Ирээти менен ургаал тартылган жаа огу жоонун катарын суюлтуп, жоготуусун көбөйттү. Алдынан жана капталынан сокку жеген жоо өлгөндөрүн жыйнап алууга чамасы жетпей, тоо таяна ыкчам чегинип баратты.

www.bizdin.kg

Кол башы Жаңыл мырза тизгин жыя кошуунду токтотуп, жүз башыларды жыйып, акыл калчап турду да, өтүнүчтүү үн салды:

– Жоо ушул тейинде токтобостон ашуу ашып, өз чегине өтүүсү ыктымал. Кайра кайрылбайт деп так кесер айтууга болбойт. Эсин жыйса өзгөнүн жерине көз арткан өжөр калмактын оюна эмне келерин табышмактабайлы. Жаа тартканга мерген, найза сунганга да ыктуу жигиттерден өз эрки менен эки жүз жигит алдыга чыккыла.

Жоокерлердин арасы бир паска тынчый түштү да, биринен сала бири алдыга чыгып, катарга тизилген жигиттер сөз күтүп турушту. Өз ыктыяры менен чыккандардын саны өтө эле көптөй көрүндү. Ыраазы болгон кол башы:

– Баатырлар, ыракмат, ыраазымын. Кудай-Таала жар болсун! Элиңер, ата-энеңер ыраазы болушсун. Каалагандар көп. Кудайдан ыракмат болсун. Эми чыкпагыла. Бул ыктыярлуу баатырларды жоого баштоо үчүн жүз башылардан ыктыяры менен экөө чыксын, – деди.

– Бул шумкарларды жоого баштаганга жалгыз өзүм эле татыймын. Уруксат этиңиз, – деп омуроолуу зээри бийик илбирс чаар атчан, башын жашыл шалпар менен бууп, багалеги саймалуу кандагай шымга боз таар кемселин шымданган жашы жыйырманын ортосунан өткөн, кызыл жүздүү, бакыраң көз, денеси чымыр Чомотой жүз башы алдыга чыкты.

–Ыракмат, Чомотой баатыр! Кудай жол берсин! Жоонун артынан түшүп бута атымдан жаа тартып, жоону жебе менен сүргүлө. Чогуу эмес, аралык сактай жүргүлө. Жаа бириндеп ар кайдан учса, жоо силерди көп экен деп кайрылбай кача берет. Калган кошуун силерге такоол болуп артыңардан барабыз. Жоо кайрылса, бирге тособуз. Аллоху Акбар!

Алакан жайган Жаңыл мырзага бүт кошула тоо арасында угулган Аллахи-Тааланын аты менен Чомотойдун жоокерлери таскак урдура калмактын ар-

www.bizdin.kg

тынан түштү. Кайраттуу жүз башы жетектеген үч жүз чамалуу жоокер кол башы буйругандай аралык, катар сактап жүрө жоого бута атым жетип, жаа тартууга өттү. Ооздук тоголоруна туурасынан чылбыр өткөрүлө кошоктолуп, куюшкандары да бириктирилген токулгалуу төрт аттын ээрлерине кош шырыкка таңылган кол башынын денесин арчындап беките кошуун алдына салып, өр таянып узап бараткан калмак түмөнү артына кайрыла албай жабыла ашууга жармашууда. Нойгут жоокерлери жаа тарта артынан сүрүп баратат. Жанталаша качкан калмактар таандай чачырап, тоо кырына үч чакырымдай созула жармашып, аркы бетке, жергесине ооду. Жоонун артынан сая түшө кубалаган кыргыз жоокерлери кырга чыга токтоп, өз чегине узап бараткан калмактарга көз жибере санаалары тынып турушту. Илбирс чаарды аяктата түйүлтүп, кылыч булгап турган жүз башы Чомотой ашуу кырынан:

– Кыргыз! Кыргыз! – деп үн салды.

Аркая көк тиреген аскалар да «кыргыз! », «кыргыз! » деп жаңырыктап, жергесин коргогон элди куттуктагансып заңкаят.

– Нойгут! Нойгут!

– Жаңыл мырза! Жаңыл мырза! – деген кубанычтуу кыйкырыктар аска жаңырыгына коштолуп турду.

Чомотой баштаган жоокерлердин жоо сүрүүсү ашууда аяктарын болжогон Жаңыл мырза кошуун жүрүшүн ылдамдата баштап ашууга чыга келди. Кол башыны көргөн Чомотой баатыр алдына чыга келип төшүн баса ат үстүндө ызаат көрсөтүп турду:

– Баатыр кол башы, жоокерлериңиз калмакты жергесине сүрүп чыгарды. Кыргыз жергеси бошоду.

– Ыракмат, баатыр. Кудайдын, элдин ыракматы болсун.

Жаңыл Мырза жүз башыга ыраазылык билдирип, ашуунун кырында кыркар тарта катарлаша өз жерине качып бараткан калмактарга көз жибере кубанычтуу турган кыргыз жоокерлерине кайрыла:

www.bizdin.kg

– Оо, баатырлар! Нойгуттун, кыргыздын баатыр уулдары! – деп бир аз буулугуп турду да, сөзүн улады, – Ата конушуңарды жоодон бошоттуңар. Ыраазы болгон элиңер силерди күтөт. Ата-энелер, жубайларыңар, балдарыңар, ага-иниңер, эже-карындаштарыңар, кыз-келиндер, жеңе-желпиңер күтүшөт силерди. Өзү катылган жоонун катыгын бердиңер. Эмне дейин, аман болгула! Ата Журтубузга, калайык-калкка ар дайым калканч болгула! Элиңерге, жериңерге ээ болгула! Соо болгула, бар болгула, боордошторум! Эми жыйылсак согушка эмес, тойго жыйылалы.

Жаңыл мырзанын сөзүнөн кийин жүз башылар, он башылар, жоокерлер кол башы баатыр кызга кол берип коштошуп атышты. Баатыр кыздын колун кармоого миң ашуун жоокерлердин баары ынтызар эле. Бирден келип кол алышуу бир тууганча жылуу болду. Бир кыйлага созулду. Жүзү жаркыраган Жаңыл мырза менен ат үстүндө кол алышкан жоокерлер да, Жаңыл мырза да бактылуу эле. Кол башы менен коштошкон жоокерлер уруу-уруу, айыл-айыл биригип узашты. Жаңыл мырза да өз уруу жоокерлери менен айлына кайтты.

## Кечигүү жана өктөлүү өкүнүч

Кошуундан тай чабымча аралык үзө союшка арналган субай үйүр айдалып баратат. Көлдүн аягына чыга Кең-Суу, Сары-Жон, Бөрүлүү өрөөндөрүн тепчип, Кумбелден ылдый капчыгай өрдөп, Тектир-Саздан түшүп, Кара-Үңкүр, Он-Арча, Нарын дарыяларын кечип, Кызыл-Бел, Торугарт аша Какшаал тоолорун этектей, беш ара конгон кыргыз жоокерлери түш оой Туюк-Төрдүн четки жыбына жете келишти.

Асман ачык, айлана ээн, негедир жерге жакын кузгун, жорулар каалгыйт. Коктунун таманынан түтүн булайт. Туура жакта беш-алты киши жер казып атышат. Үчүкө, Түлкү кокту таманына жигитте-

www.bizdin.kg

рин аттан түшүрүп, бел чечип эс алууга жайлаштырып, өзүлөрү четтерээк жайылган көрпөчөгө отурушту. Туш-тарабына көз жиберип турган Үчүкө:

–Кыясы ушул арада согуш болгону туюлат. Нойгут жоокерлери калмакты бул жерден сүргөн сымалдуу. Жер казгандар калмак өлүктөрүн жашырууга калган жоокерлер окшойт. Көп алыс эмес ашуу алында согуш жүрүп турушу ыктымал. Ушул жерде бир аз тыныгып аттансак, нойгуттарга демөөр болуп, бир капталынан калмакты сүрөбүз. Аныгын азыр билебиз, – деп жигиттеринин бирин жер казгандардын тыңыраагын чакырып келүүгө жиберди. Каалгый басып токтоо келген жаргак шым, таар кемсел, бүйүрмө кайыш чокойчон, кабелтең кара сур, келте мурун, сурмасыз көздөрү суз тиктеген жигит бир аз ийиле салам айта Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабактарга кол берип, сөз күтө турду.

–Алейкум салам. Кел, отур биздин жаныбызга. Таанышалы. Атың ким? Бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр? – деп жай сурады Үчүке батыр.

–Нойгутмун, баатыр кол башынын жоокери болом. Ысымым Корообай. Өлгөн калмактарды жашырып жүрөбүз.

–Баатыр кол башың ким? – Түлкү баатыр билмексен болуп сөз кыстарды. Жоокер жигит сыймыктана компойду:

–Баатыр кол башы – Жаңыл мырза. Баатыр эже эмеспи.

Аккочкор жылмая Түлкүнү карады.

–Дурус экен. Азыр Баатыр кол башы кайда жүрөт? – деди Үчүке баатыр.

– Баатыр кол башы айылына кеткен. Согушту кечээ бүткөнбүз. Калмактарды ашуу ашыра кубаладык. – Нойгут жигиттин үнүнөн өзүнө да, кол башысына да ыраазылык туюлду. Түлкү, Атакозу, Чабактар бири-бирин карап таңкалып отурушту.

–Жакшы болгон экен. Калмактан элиңерди сактапсыңар. Калмак көп беле, канча күн болду согуш-

канынар? Силердин кол башынын канча жоокери бар эле? – деп тастыктады Түлкү баатыр.

–Оо, айтпаңыз, калмак өтө көп эле. Түмөн дешти го. Биздин баатыр кол башыныкы миң жарымдан арбын эмес эле. Жоону чөлдөн тоону карай сүргөнүбүзгө он чакты күн болду. Кечөө бүтпөдүкпү. – Корообай жоокер көөкөрдөн сунулган чөйчөктү алып кымыз гүлүн татып, мурутун сылай топуктуу отурду.

–Түмөн калмакты миң жарым киши кантип сүрдүңөр? Өлгөнүңөр көппү? – деп кызыгып сурады Түлкү баатыр.

–Оо, биздин баатыр кол башы амалдуу да. Жоонун жайын чалгын жиберип билип алат да, капталынан буктура, капшыра согуп, жоонун ажалын колуна берет. Бизди бириндетип алардын артынан көтөрмө бою аралык сактатып алып жүрөт. Жоону бута атымдан жакын келтирбей жаа менен тостурат. Бетме-бетке келтирбейбиз. Чачырап, таамай жаа тартабыз. Оо, биздин жебелер себелегенде жаны кыйыл калмактар туруштук бере албайт. Бетме-бет келсе найзалашабыз.

–Кол башыңар айкашка көз салып артта жүрөт да...? – Аккочкор кытмыр суроо салды.

–Оо, кайдан артта болсун. Баатыр эже ар дайым алдыда, бизди баштап жүрөт. Жаа тартканда ыкчылдыгын, таамайлыгын айтпаңыз. Бетме-бет келсе найза сунганы кадиксиз. Кечөөкү согушта бетме-бет качыра калмактын кол башысын найза менен сулатпадыбы. Башчысы өлгөн соң калмактардын жүүнү бошоп, кача баштабадыбы. Баатыр эжеге, кол башыга таң калабыз, ыраазыбыз. Ал бетме-бетке киргенде жакын жүргөндөр баарыбыз ага көз салып, сактап жүрөбүз, – деп жоокер топусунун маңдайын көтөрө каадалуу отурду.

–Жоокерлерден жарадарлар, каза тапкандары арбындыр... –деп түшүнмөксөндү Аккочкор.

– Айтпадымбы, биз амал менен бириндеп, жаанын догосундай ийиле жүрөбүз. Душманды жаа бута-

www.bizdin.kg

сына жакын келтирбей тособуз. Баатыр кол башы бизди аяйт. Ошол себеп калмакка караганда бизде чыгым аз. Согуш башталгандан эки жигит найзадан өлдү, жыйырма беш жигит жарадар болуп айылдарына кетишти. Калмактын өлүгүнүн көптүгүнөн жыйнап, көмүп бүтө албай атабыз, – деди нойгут жигит.

– Бул жерде канча киши барсыңар, башчыңар ким? –Үчүке жигитке олуттуу көз жиберди.

– Отуз кишибиз. Өлүктү ар кай жерден чогултуп көмүп жүрөбүз. Башчысы менмин. Кечинде ушул жерден жолугушабыз. – Коробай түтүн булаган жердеги чатырды жаңсады өз абалына ыраазы тейде.

–Коробай мырза, биз да жайыбызды айталы. Ала-Тоо, Ысык-Көл, Соң-Көл, Нарын, Чүйдү жердеген кыргыздарбыз. Нойгут туугандар калмак менен урушуп атат деген кабар угуп, жардамга жоону кошо сүрүшкөнү келгенбиз, – деп Үчүке демин жыйып сөзүн улаганча:

–Кап, 2–3 күн эрте келгенде эмне!? Бизге да жеңил болот эле. Баатыр кол башы Ала-тоолук туугандарга ыраазы болот эле, кап!? – деп өкүндү жоокер.

–Биз да өкүнүп турабыз. Сага Коробай баатыр бир өтүнүч бар. Баатыр кол башы Жаңыл мырзанын атасы Арзыбай бийге, Жаңыл мырзанын өзүнө Ала-Тоодон Үчүке, Түлкү баатырлар калмакты кошо сүрүшөлү деп келишиптир. Кечигип калганына өкүнүп, нойгут элин калмакты жеринен сүрүп чыгарганына кубанып салам айтышты деп кабар жеткирип бар. Биз атайын келгенден кийин силердин баатыр кол башынын калмакты сүргөн жерлерин көрөлү. Бизге билгиликтүү бир жоокерди кошуп бер, жол көрсөтүп жүрсүн. Бир боор нойгут элинин жерин көрөлү. Узак жол жүрүп, арып-азып келдик. Боюбузду жыйып эс алган соң Арзыбай бийге саламга барабыз, – деди Үчүке.

–Алыскы туушкандардын жообузду кошо сүрүүгө келгенине биз, жоокерлер да ыраазыбыз. Анда эмесе, мен тобума барып жумушту жайгаштырып коюп, кол

www.bizdin.kg

башы баатырдын айылына силердин кабарыңарды жеткирейин. Силерге жол көрсөткөнгө Эшбердини жиберем, – деп ордунан туруп кош айтышып, тобуна кетти Корообай он башы. Корообай кеткенден кийин Түлкү баатыр агасына кайрыла суроолуу карады:

– Биз түнөп аттанган жер суусу тунук, токойлуу кашат, алды ыктоо жай экен. Жигиттер ошол жерге барып, бой жазып эс алышсын. Союшка алып жүргөн жылкыдан союп, кенен тамактанышсын. Сууга түшүп сергишсин. Биз Жаңыл мырзанын калмак менен согушкан өңүттөрүн көрүп, кечинде аларга кошулуп тыныгалы. Кандай дейсиз?

– Менин купулумда да ушул ой турду эле, – деди Үчүке. Жигиттердин арасынан бөлүнө басып келген Эркиши Үчүкеге кайрылды:

– Баатыр, уруксат болсо жигиттердин бир тобу нойгут жеринде кийик уулайлы дешет.

– Мейли ошентишсин. Макулдашып тактап алышсын, качан, кайсы жерде болушарын. Кечинде чогуу болушсун түнөөчү жерде, – деген жооп менен Эркиши жигиттер тобуна кетти.

Жан азыктарынан тамактанып, көөкөрлөрүндө сактап келаткан кымыз гүлүнөн кыба кандыра ичип алакүү болгон жоокерлер жабыла аттанып, бир тобу ууга, кээ бирлери түнөөчү жерге барып, бой сергитип эс алууга жөнөштү. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Аккочкорлор ат кошчулар менен согуш болгон жерлерди даана билген нойгут жигит Эшбердини ээрчите Жаңыл Мырза калмакты алышы кандай болгонун баамдап, баалоого аттанышты.

Калмактар менен алгачкы салгылашуу башталган Чемен талаасынан тоо тарапка созулган жашыл адырларга жалгашкан дөңсөөлөрдөн баштап, жоо сүрүүсүнүн ар күнү өткөн өңүттөрүнөн тарта туу белге чейинки майдан орундарына сереп сала көздөрү канык жоокерлер ой калчашты. Нойгут жоокерлери калмакты жан кыя кармашып, эрдик менен сүргөнүн, кол башы баатыр кыз Жаңыл мырзанын майданда

болуучу абалды, жоонун артыкчылыгын жана чабал жактарын кыраакы баалап, жагдайга жараша нойгут жоокерлерин атайын согуш ыгы менен алып жүрө алгандыгына, аз күч менен үч-төрт эсе арбын жоону жеңип, же сүрүп чыгарып, куралдаштарынын өмүрүн кыргындан сактаган жаангерлигине көздөрү жетти.

Калмак, нойгут чеги туу белге чыгып эки тарапты боолголоп, калмакты сүрүүнүн акыркы күнү кандай болгонун көз алдыларына келтирүүгө акыл калчап турушту. Аккочкор баатыр ашуунун калмак тарабына көз жиберип турган тейинде унчукту:

– Пай, пай... Түмөн калмакты түпкөрүсүнө чыгара кууп чыккан азгантай нойгут жоокерлеринин Ата конушу үчүн жан кыя кармашкан эрдигине, ургаачы жолборс Жаңыл мырзага таң калса болот.

– Жолборс дейсиң... Жолборсту жара тарткан азуулуу ургаачы тайган дебейсиңби, – деди эрге оңдонуп отурган Түлкү баатыр эркек жаангердин колунан чанда келе турган эрдикти ургаачыга ыраа көрбөй.

Түлкү баатырдын кызды кордогон сөзүнө тырчып, ачуусу келген нойгут жоокери Эшберди кескин сүйлөдү:

– Андай дебеңиз, конок баатыр. Кол башы баатыр эжебиз жолборстон да абзел. Сөзүңүз орунсуз.

– Аста, аста, баатыр. Эшберди мырза туура айтат. Элин сактаган баатыр кызды кандай мактаса жарашат, – деди сабыр күткөн Үчүке баатыр. Өзүн колдогон сөзгө көтөрүлө түшкөн Эшберди:

– Баатыр кол башыны ошол күнү көрсөңүз болот эле, – деп Түлкүгө көз жибере сөзүн улады. – Кол башысына ыраазы болгон миңдеген жоокер бирден келип кол берип турбадыбы. Кечикпегенде силер да көрөт элеңер кандай ажайып болгонун.

Жоокердин үнүнөн сыймыктануу жана ыраазылык туюлуп турду.

– Ошол миң жарым киши баардыгы кол берип бүткөнчө тажабай кол берип турдубу Жаңыл Мырза? – Чабак таңкала сурады.

www.bizdin.kg

– Тажабай дейсиң?! Соот-чопкутчан, туулгачан, көздөрү бажырайып, жүзү жаркын ар бир жоокерге ыракмат айтып, колдорун кысып турбадыбы Баатыр эжебиз! Көрсөңүз болмок, – деди Эшберди.

– Ыракмат, Эшберди баатыр. Элиңе да, баатыр кызга да, өзүңө да Кудай ыраазы болсун. Бизге чоң кызмат көрсөттүң, ыракмат. Буйруса эртең түштө силердин айылда болобуз, – деп Түлкү баатыр Эшбердинин колун кысты. Баатыр кыз Жаңыл мырзанын адамдык жана жаангер кол башылык сапатына ыраазы болгон Үчүке, Түлкү, Аккочкор, Атакозу, Чабак баатырлар ашуудан артка тизгин бурушту.

Жаңыл мырзанын калмактар менен таймашып, жергесине сүрүп чыгарган майдан өңүттөрүн чегине жете көрүп көңүлдөрү толгон Үчүке, Түлкү, Аккочкор, Атакозу, Чабак баатырлар айланага караңгы кире суу бойлогон токойлуу кенен жайыкка токтоп эс алып, андан ары түнөккө жайланышкан жоокерлерине бет алышты.

## Кыз намысы кыйыр бузат

Какшаал тоонун батыш кыркасына жашынган күн алоосунан үзүм ак булуттары кызгылтым саргыч нурга чайылган асман мухити аалам сырларын жашырып, чексиздикке төнө мелтирейт. Суу бою түзөңгө конгон айыл үстү тынч. Жайкы кечтеги тиричилик камы көзгө чалдыгат.

Арзыбай бийдин чоң боз үйүнөн бир аз обочорок көтөрүлгөн өргөнүн эпчи капшытында бөрү тилинен жерге сайылган түпөктүү найза үй ээси жоокер ургаачы экенин айгинелеп турат. Өргөнүн ички жасалгасы да ошого төп. Эпчи капшытка тартылган уз килемге жаа, саадак, туулга илинген. Эр жак капшыттагы килемде тикесинен илинген жолборс, илбирс, карышкыр терилери суналышат. Төрдө оймолуу шалча жабылган тактага адеми жууркандар-

www.bizdin.kg

дан үч кертим жүк[1] жыйылган. Илбээсинге жаа тартып турган такыялуу кыздын сөлөкөтү саймаланган жашыл манат жабуу ак жаздыктар тирелген жүккө көрк берип турат. Эпчи жакка жүк бурчунан төмөнүрөөк илинген кыз текчеси өргө ичине өзүнчө жарашык берүүдө. Көк, кызыл манат айкалыша оюланган ак кийиз текченин аякки эки бурчу кереге баштарына, өйдөкүлөрү уук билектерине байланган. Текче четинен кыз буюмдары– темир комуз, самын, эндик[2] үчүн өз-өзүнчө жасалган жарашыктуу жыгач кутулар кылаят. Кырына саймалуу ак сүлгү илинген. Текче алдына килем төшөлүп, секичеленген кыз оруну ээн турат.

Төргө төшөлгөн оймолуу көлдөлөң үстүндө четтерине кыдырата бермет чөгөрүлгөн көк такыячан, желең ак кемсел көкүрөк жарашыгын чыгарып, кымча белин кынаган, такыясына өңдөш көк жибек кош этек көйнөгү сыңар тизесин жаап, маасы учуна жете көйкөлгөн келбеттүү кыз ак кездемеге сайылган саймасын жеңесине көрсөтүп жайдары отурат. Беш-бештен өрүлгөн кара чачтары такыя ылдый эки жаагына, айдалысына төгүлө кыз сымбатын арттырат. Такыя кырынан изги кылайган жазы маңдайына, ийилген кара каштарына сурмалуу бото көздөрү төп келе, таноолуу кырдач мурунну, калыңыраак эриндерине жарашып, буудай өңдүү, карасур тарткан субагай жүзүнүн чырайын арттырып турат. Сайма купулуна толо кызга ыраазы караган кашы калың, көздөрү бакырайган, мурду кетирекей, ак жуумал жеңеси Зуура:

– Ээ садага болоюн, кызыке, найза сунуп, жаа тартып, жоо кайрып, жолборс, илбирс, кайберен уулап жүрөсүң. Мунун баарын сайганга кантип жетишесиң, – деп кайын сиңдисин ийининен сылады.

---

[1] Жүк - үйдүн төрүнө жыйылган жууркан, жаздыктар жүк деп аталат.

[2] Эндик - тамыры кызыл түс берүүчү тоо өсүмдүгү.

www.bizdin.kg

Кыт-кыт күлгөн келбеттүү кыз жеңесине эркелей карады:

– Кызык экенсиң, жеңе. Билбейсиңби, мен баарынан мурда кызмын да. Жаңыл мырза, кол башы, мергенчи деген сөздөр кызды жандап жүрүшөт. Кыз экеним алардан өйдө турат да. Ал түбөлүк эмеспи анан дагы.

– Акылым жетпейт, айланайын, кызыке. Калың эл, кары-жашы дебей, Жаңыл мырза, эл башы, кол башы деп урматташат. Сендей бактылуу кыз жок да. Анан эмне ошол кадыр-баркыңды жандоочу көрөсүң? – Кайын сиңдисин биринчи көргөндөй таңкала карады Зуура жеңеси.

Жаңыл мырза тымызын улутунуп, ойго чөгө түштү.

– Айткандарың ырас, жеңе. Ушунчалык урматсый, кадыр-барк берген Кудайга ыраазымын. Төрт тарабым түгөл турса да, жан дүнүйөмдө орду толбогон ээндик бактымды кемитип турат.

– Ал эмне дегениң, ботом… – таңкала түшүп кайын сиңдисин жылмая карай, анан кыт-кыт күлдү Зуура. – Билдим, билдим, айтайынбы?

–Айтчы, угайын, – деп кейиштүү жылмайды кайын сиңди.

Жеңеси кыздын колун кармап каткырды:

– Күйөө!

– Ооба десем да болот, бирок менин далдаамда жүрө турган «Жаңыл мырзанын күйөөсү» эмес.

– Анан кандайы керек? – деп таңданды жеңеси.

Жаңыл мырза ойлуу тейде унчукту:

– Өзүнүн эркек баркын бийик тутуп, менин адамдык баркымды тең көрүп, ургаачылыгымды урматтап, өзүнүн алмашкыс түгөйү көргөн эр күйөө керек. Ал эр күйөө элдин калканчысы боло алса… мен андай эрдин далдаасында эле болом.

– Мунуң уга турган кеп болду. – Жеңеси бир паска кайын сиңдисин аяй, ойлуу турду да, – Кызыке дейм, келип жүрүшөт го, мен эрмин дегендер. Сен

www.bizdin.kg

аларды сүйлөшүүгө келтирбей мертинтип, кубалап жиберип аткандай көрүнөсүң го, – деди.

Ичинен улутунган Жаңыл мырза жеңесине кейиштүү көз жиберди.

– Ай жеңе ай, кайсынысын айтайын. Келгендин баары эле кыз көрүп, күйөөлөөчү эркектей келбейт. Мени менен куралчан беттешип, туткундап, олжо катынга эр болууну көздөп келип атышпайбы?! Мени Кудайым олжо катын болууга жаратпаптыр. Менин бактым да, шорум да ушундабы дейм.

– Оозумдан сөзүм түшүп калды, кызыке, эмне дейин. Сени Кудайым калкыңа калканч кылып жараткан тура, өмүр берсин. – Зуура кайын сиңдисин ыраазы боло карап турду да, – Кызыке дейм, өзүбүздүн элде өзүң менен бирге чоңойгон жигиттердин арасында назарыңа илингени бардыр, – деп жылмайды.

– Кичинебизден чикит чабышып, азоо тай үйрөтүп, аркан тартышып чоңойгон курдаштарым бар эле. Жакшы жигит, мыкты жоокер болушту. Арийне, жакшы балдар, көңүлгө толумдуулары бар эле. – Жаңыл аянычтуу жылмая сөзүн улады:

– Ошолордун бири да менин көзүмө эркекче эгилип тигиле карай албай калышпадыбы!? Улуусу да, кичүүсү да жортуулда кол башы дешет, демейде эже дешет. Өзүлөрүн менден төмөн кармашат. Менин өмүрүмдөгү ийгилигим да, кемтигим да ушундабы дейм. Ошолордун арасынан бирөө менден тизгин талашып, жол талашып, жоокерлерди ээрчите алар кайрат көрсөтүп, мага эркекче эгиле караса, көңүлүм көшүп, санаам тынаар эле. Акырындап кеңешкен болуп, бара-бара кол башылыкты да, эл башылыкты да, өзүмдү да өткөрүп бербейт белем. Ага батынчу эр көрө албай жүрөм. Жараткан Кудай мага эне болуу бактысынын ордуна эл жүгүн көтөрүү бактысын бергенби. Ошондой улук бакыт күтсөм да, өмүрүм кемтик өтөт го.

Жаңыл мырзанын сөздөрүнөн анын энелик бактыга ооп турганы туюлду.

www.bizdin.kg

– Кейибе, айланайын, кызыке. Баса, биздин элге калмакты бирге сүрөлү деп жардамга тиги Какшаал тоонун ары жагындагы кыргыздар келиптир деген имиш угулду. Алар ким экен? Жоо сүргөнгө жардамга келишсе сага жолугушкандыр? – деди жеңе ойго чөмүп отурган кайын сиңдисине көз жибере.

Жаңыл мырзанын жүзүнө жылуулук киргендей болду:

– Ооба, биз калмакты сүрүп чыгарган күндүн эртеси түшкө чукул эки жүз чамалуу куралчан бейтааныш кыргыздар Жети-Төрдөгү жоо өлүктөрүн жашырганга калган биздин жоокерлерге жолугушуптур. Калмактар куулуп чыгарылганына сүйүнүп, кечиккендерине аябай өкүнүшүптүр. Баары бир кылка жаш жигиттер дейт. Он башы Корообай менен кенен сүйлөшүп, жайларын айтып: «Ала-Тоо, Ысык-Көл, Соң-Көлдү, Чүй, Таласты, Нарын боюн жердеген кыргыздарбыз. Эрдене, Коңтаажыны сүргөн айтылуу Манап баатырдын чөбөрөлөрү Үчүке, Түлкү баатырлар нойгут элинин жоосун бирге сүрүшкөнү келишип, кечигип калышканына өкүнүшөт. Нойгут эли жоосун жеңгенине кубанышат. Нойгут туугандардын жерин көрөлү. Кудай буйруса эртең бийге, кол башыга саламга барабыз» дешиптир. Бул салам дубаны он башы Корообай кечөө алып келди. Атам аларга атайын үй тиктирип атпайбы. Эртең түшкө чейин бейтааныш кыргыз баатырларын көрөбүз.

– Ырас болгон экен. Кыргыздын кайда болсо бир эл экени ырас да. Кызыке, мен бир кеп айтайынбы? – деп жылмайды Зуура.

Анын эмне айтаарын туюп турган Жаңыл мырза жеңесине билмексен боло карады:

– Айтчы, угайын ал кандай кеп экен.

– Айтты, айтпады дебегин ошол баатырлардын ана башы сага сөйкө салганы келди. Көрөсүң го. Мен жеңкетайга тунамын, – деп күлдү дилинде кубанып турган жеңе.

– Ашыкпачы жеңе, эмне болорун Кудай билет. Мүмкүн жөн эле бир эл катары жай сурап, жардам

www.bizdin.kg

бергени келген кишилердир, – деди Жаңыл ички туюмун жеңесинен жашыра.

– Антпе, кызыке. Сен деле мендей....

Жеңе сөз уларда эшиктен кирген жигит иймене көкүрөгүн басып, ызаат кылып:

– Баатыр эже, сизди бий акем чакырат, – деди да, артынан жыла чыгып кетти.

Жүзүн жылмаюу чайып турган Жаңыл мостое түштү:

– Беймаал чакырчу эмес эле атам, бир кооптуу иш күтүп турбаса экен. Азыр барам.

– Кудай сактасын, кеңешели деди го. Эртең түштөн кийин конокторду күтөбүз да, – деп жайгарган болду Зуура.

– Эмне болсо көрөбүз да. Сиз мени күтүп туруңуз, жеңе. Мен бат эле келемин. – Жаңыл ордунан тура боюн түзөп, чоң үйгө жөнөдү.

Бийдин кермесине токулгалуу аттар байланган. Үйдө күтүлбөгөн кишилер бар сыяктанат. Жай баса келген Жаңылга кызмат жигити ызааттап эшик ачты. Атасына, ага катар отурган салабаттуу сакалдуу кишилерге ийиле ызаат көрсөтө Жаңыл үйдүн эпчи бурчуна жакын орун алды.

– Кел кызым, кеңешээр иш чыгып калды. Бүгүн түш оой, күндүз эле беш-алты куралчан кыргыз жигиттери Көк-Өтөктөгү субайлардын үйүрүн көзөмөлдөгөн жылкычыны өзөртө чаап, жылкыны Ичке-Суу, Көк-Жар тарапка айдап кетишиптир. Күндүз жылкы тийген зордукчу уурулар ким? Нойгут уруулары ичинде мындай жорук жок эле деп түкшүмөлдөп отурабыз, – деди Арзыбай мостое ойлуу отурган кызына көз жибере. Жаңыл Эрназар карыядан, эл билермандарынан сөз күтүүдө.

– Ичке-Суунун аягындагы чардагай, чар уруулрынын көпкөн жигиттери болбосун, – деп Арзыбайды карады көк ала сакал, кызыл чийки, ак топу, боз кемселчен карыя. Мандашын түзөп ондоно отурган улама Бекберген үн катты:

www.bizdin.kg

– Биздин элге окшобойт. Өзөртө чабылган жылкычынын айтымында баары окшош боз кемсел, кара кыюулуу ак калпакчан дейт. Жанагы жоо сүрүшөбүз деген алыскы туугандардын жоболоңубу дейм.

Эрназар карыя сакалын сылай, кандай дейсиң деген тейде Арзыбайды карады:

– Үчүке, Түлкү баатырларбыз, айтылуу Манаптын урактарыбыз дешкен тура. Андай болсо жамандыкка барбай турган тектүү эл. Сан жылкысы Чүй, Нарын, Ат-Башы бооруна сыйбаган Сарсейит байдын балдары Үчүке, Түлкү баатырлар, аларга жылкы, мал, дүнүйө таңсык эмес. Алар мындай жоболоңдуу жорукка барышпайт эле.

– Мен да туугансып, жоо сүргөнгө көмөккө келген баатырлардын колунан мындай жексурлук келбейт эле деген ойдомун. Бир жоромол бар. Ал жакта кымыздын гүлүн кордоп, жоокермин дегендер көөкөргө байланып жүрүп ичишет. Үчүке, Түлкү Жаңылдын майдан өңүтүн толук көрөбүз деп кетишкен тура. Алардан бөлүнгөн жигиттер көөкөрлөрүн бөксөртүп, мас болуп алып, жылкы кубалап кетиши ыктымал. Үчүке, Түлкү келип көрүшсө, жылкыны кайра айдатып, кечирим сураганга эстүү, баштуу киши жиберүүсүн күтүүгө болот, – деди Арзыбай бий. Жашоонун өйдө-төмөн оош-кыйышын акылга чегерип, ар ишке жүйөө издеп, сабыр күтө билген эл кишиси бийдин көзү окуяга таасын жетип турду.

– Кандай болсо да тийилип кеткен жылкынын артынан куугунга баруу лаазым эмеспи, – деди айылдагы бардар кишилердин бири Маалатай. Арзыбай кызын карады:

– Жигиттерди жыйып дүрбөбөйлү. Көмөккө келген эл менен чабышат белек. Тынч сүйлөшөбүз.

– Дүрбөбөйлү дегениңиз ак сөз, ата. Эки-үч жигит менен мен барайын. Акылга чегерип аракеттенебиз. Окуя тынч аяктайт деп ойлоймун, –деди алдыдагы жолугушууга ой жиберип турган Жаңыл мырза.

www.bizdin.kg

– Манаптын өз насилдерине бий өзүң, Бактыбай карыя экөөңөр Жаңыл мырзаны ээрчитип барганыңар оң болор. Мен деле барат элем. Түнкүсүн атта жүрө албайм да, карылыгың курусун – деп кейиген болду Эрназар аксакал. Эрназар карыяны караган Бекберген улама жооткото сүйлөдү:

– «Сакалдуу киши жоого түшөбү» деген макал бар эмеспи. Бий менен Бактыбай карыянын барганы өөн болор бекен.

– Үчүке, Түлкү баатырлар жоо эмес да. Нойгут элине калмакты сүргөнгө көмөккө атайын келишиптир. Эртең Арзыбай бийге саламга барабыз деп кабар жиберген тура. Бий аларга үй көтөртүп койбодубу.

– Карыянын сөзү ак, үй тигилүү турбайбы. Бул кокусунан болуп кеткен окуяны жайгарып, конокторду ээрчите келебиз. Жаңыл кийимин кийип, жигиттерди ээрчитип мында келсе, аттаналы, – деди бий.

Эрназар карыя алаканын жайып бата тиленди.

– Иш оңунан чыксын. Оомийин, Аллоху Акбар!

Батадан кийин Жаңыл мырза аттанууга даярданып келүү үчүн өргөсүнө кетти.

Көз байланаар маал чукул аттанган Арзыбай бий, Бактыяр карыялар Жаңыл мырзаны үч жигити менен ээрчите, Ичке-Суунун боюндагы аскалуу бурчуктун үстүндөгү тектирчеге келип, аттарынан түшө теребелге көз чаптыра турушту. Борчук алдындагы суу бойлогон түзөңгө жайлашкан кошуун топ-топ боло от тегеректей отурушат. Бакылдаган көтөрүңкү үндөр угулат. Ылдыйыраак караңгыга төнө караан дүпүйөт. Ийриле токтоткон жылкы үйүрүбү, таасын боолголонбойт. Аркы өйүздөгү кыя жолдон түшкөн беш атчан борчук алдындагы жайыкка келип түшүштү. Салам айта, аттарын алып жайланыштырган жигит аларды көрпөчөлөр жайылып, от жагылган жайга баштады. Борчук таш далдаасында отургандарга алоолонгон от жарыгында келгендердин өңү-түсү даана көрүнүп, сөздөрү таасын угулуп турду. Арзыбай бий Бактыяр карыяга кеңеш салды:

www.bizdin.kg

– Сыягы Жаңылдын майдан өңүттөрүн көргөн үчүн Түлкү баатырлар келип түшүштү окшойт. Сөз угалы. Анан барып амандашалы. Кандай дейсиз?

– Ооба, ошентели, биз из аялдайлы. Саламдашуунун жөнүн болголоп алалы, акыл калчайлы, – деди карыя борчук алдындагы кыймыл-аракетке көз жиберип турган тейде.

Жаңыл мырза карыялардан обочороок кошуунга, Үчүке, Түлкү тобуна көз жибере ойго чөмүп турду.

Үчүке, Түлкү көрпөчөлөр үстүндө бел чече жайланышып отургандан кийин дасмал жайылып, жан азыктан тамак-аш коюлуп, көөкөрлөрдөн тунма куюлуп чөйчөктөр улуулата сунулду.

Даам татып топуктуу отурган Үчүке баатыр тейлеген жигитке кайрылды:

– Кандай, баарыңар түгөл чогулдуңарбы? Алакүү болуп адашкандар жокбу?

– Баарыбыз түгөл чогулдук. Союшка алып жүргөн субайдан экини жыктык. Тамак даярдалып атат, – деди жигит.

Жоокерлердин тобунан чыга келген Эркиши катар четине отуруп даам сыза, мурутун сылап ыңгайсыздана сүйлөдү:

– Баатыр, бир осол иш болуп кетиптир. «Эми айылга кетебиз» деп көөкөрлөрүн бошотуп тунмага ала күү болгон Кырчынбек баштаган беш жигит топтон бөлүнүп, аң уулайбыз деп кетишкен эле. Көздөрүнө илбээсин илинбегенден кийин кызуу немелер үйүргө жолугуп, жылкычыны өзөртө чаап, үйүрүн айдап келишиптир. «Шерменде болдук, кайра айдап жеткир! » десем, «атайы келип, куру кетет белек» – деп үңүрөңдөйт.

Түзөлө отуруп санын таянган Үчүке кумсара түштү:

– Атпай кыргызга шерменде болобузбу? Эркиши өзүң баш болуп жылкыны Арзыбай бийдин айылына айдап барып кечирим сура! Союшка деген субайлар-

www.bizdin.kg

дын бирин алдына тарт. Бизди кечирсин. Эртең биз баарыбыз барып кечирим сурайбыз.

– Жоосун бирге сүрүшөбүз деп келип, жылкысын тийип, кыргызда болбогон зөөкүрлүккө кабылган экенбиз. Сиз айткандай болсун. Эсирген эселектерди элге барганда жазалаңыз. Талаа-түздө жаң-жундашпайлы, – деп агасын карады Түлкү баатыр.

Борчук алдынан угулган сөзгө кулак түргөн Арзыбай бий Бактыяр карыяга кайрыла кызына көз жиберди:

– Тектүү элдин уулдары да. Ашкере эр жигиттер экен. Кокус окуяга капа болушту. Кайра айдап жеткирип, кечирим сурайбыз дешпедиби Үчүке, Түлкү экөө тең.

Жаңыл мырзанын көзү баатырлардын тобуна түшүп турду.

От жакалай отургандардын баары бир кылка жыйырманы арылаган кырчын курактагы жигиттер. Улуурагы Үчүке жыйырма тогузда. Олбурлуу, көкүрөгү кенен, субагай москоол жүздүү, кыр мурун, калыптанган сакал-муруту сыпаа серпилген, кабагы бийик, сурмалуу көздөрү ойлуу, соот-чопкуттарын чечип, эс ала сабырлуу отурат. Катарындагы он төрт-он беш жашында жоо кайрып, баатыр атанып, жылдан жылга атагы чыгып, баралына жете келаткан жыйырма бирдеги гүлгүн курактагы, тарас бойлуу, ийиндүү, көкүрөгү жайык, тулкусу чымыр, жазы маңдай иниси Түлкүнүн бүркүт кабагы туулга алдынан айбаттуу көрүнөт. Алагар көздөрүнөн чечкиндүүлүк, кайрат учкуну жанат. Таноолору кенен, кыр мурун, коюу кара мурут чыйрала серпилип, кулакка карай учтана жигитке курагынан озгон сүр берип турат. Кечке ат үстүндө талыкшыган денесин жазып, соот-чопкутун чече элкин[1] отурат. Жигиттин сүрдүү чырайынан өмүр кумары жанып, кыялы эргип отурганы байкалат. Жигитке назары түшкөн Жаңыл мырзанын баатырлыктын далдаасындагы кыз туюму дүрт

[1] Элкин - жай.

www.bizdin.kg

этип, жан дүйнөсүндө лаззат сезими жанды. Эне болуу эрки баарынан үстөм болуп, Түлкү баатырга караган тейде «сомдогондай келбеттүү, зобололуу, дөөлөттүү, кабыландай кайраттуу, кармашка түшсө айбаттуу, адамдыгы болумдуу, ашык көзгө толумдуу, жакшына кызга жар болуучу жигит экен. Ушул эрге баш кошсом, элибиз бирге болуп, эки тизгин бир чылбырды өткөрүп берип, сүйүктүү жар, сүйкүмдүү эне болсомбу» – деп кыз кыялы көкөлөп, келечекти көз алдына келтире көңүлү көшүп турду.

Түлкүгө курбалдаш Аккочкор, Атакозу, Чабак болуп баары бирдей баралына келип турган эр жигиттер Жаңыл мырзанын майдан өңүтүнөн алган таасирлерин бөлүшүп, маек үстүндө отурушат.

– Капырай, кыз башы менен ушунча колду баштап, жоокерлерин сактоо үчүн колдонгон жаангерлик айла-амалдарын карабайсыңбы, – деген Аккочкордун сөзүн уккан Бактыяр карыя Жаңыл мырзага көз жибере Арзыбайга кайрылды:

– Адамкерчиликти барктаган, ата-баба салтын бийик туткан эр уулдар экен. Үй тиктирип койгонуң ырас болгон экен. Эми барып учурашсак болот.

Жүзүн жылмаюу чайыган Жаңыл мырза:

– Кандай дейсиздер, биздин кабарыбызды билдирип жоокерлердин бирин жибергенибиз оң болор, – деп карыяларга бурулганда ээрчий жүргөн алгыр тайганы шимшилеп от жарыгына карай жөнөдү. Караңгыдан суурулуп сунала чыккан, ууртары салаңдап, кулактары жаактарын жаба куйругу чагарактаган тайганды көргөн Эркиши:

– Алгыр тайган көрүнөт. Караңгыда кайдан келди, – деп таңкала карады.

– Сырдуу тайган го... Кечиккенбиз го, жылкысын келер саат айдатып жибербей, каап! Эми эмне жооп айтабыз, уятыбызды кантип жабабыз, – деди капалыгы ташыган Үчүке батыр.

– Канчыктын канчыгы го! Куугунга келген тура! – деген Түлкү баатырдын бийик үнү караңгы ээндикте жаңырды.

www.bizdin.kg

Жаңыл мырзанын эргип турган кыз кыялы чагылган тийгендей чарт бөлүнүп, адамдык кадыр-баркы ыплас кордолуп, аялзатынын сөз тийгис аруу намысы өлүмдөн бийик көкөлөдү. Жаңыл Мырза жаасын колуна ала: «Мен буга баш кошкон күндө да канчык аталып жүрөт экенмин да!!! Мен кордолууга жаралган эмесмин! Кош, текеберлүү баатыр!» – деп атууга камынды.

– Ай балам, атпачы! Ачуу сөздүн кечирими болот эмеспи.

Атасынын сөзү бүтө электе жаа тартылды.

– Олдо, баатыр ай... Опасыз сөз болду го... –деген Үчүке баатыр инисин караганда караңгыны көзөгөн коркунучтуу жылан ышкырык үнгө удаа Түлкү баатыр чалкасынан жыгылды.

– Оо, Кудай, сактай көр! – деп инисинин үстүнө өбөктөгөн Үчүке баатыр көмкөрөсүнөн сулады.

Тура калышып борчук үстүн карай жаа тарткан Атакозу, Чабак баатырлар үстөмөн жыгылышты. Кошун үстүнөн удаа, удаа тартылган жаа жебелеринин жүрөктү титиреткен коркунучтуу добушуна аралаша бийик үн угулду:

–Мен Жаңыл мырзамын! Жаныңардан үмүт кылсаңар, ордуңардан козголбогула!

Бүткөн бою калтырап, өзүн кармоого аракеттенген Арзыбай бий келме келтирип турду:

– Олдо кызым ай, жалпы нойгутту бейпайга салдың! Өзүң да бейпайга түштүң!

– Сабыр этиңиз, ата. Жалпы нойгут бейпайга түшпөйт. Бул касыреттүү ишке менин өмүрүм сайылды... Жүргүлө, баралы.

Туулга, соот-чопкутчан Жаңыл мырза аскалуу борчуктан ылдый жөнөдү. Арзыбай бий, Бактыяр карыялар андан озо алдыга түшүштү.

Кошуун кыймылсыз. Аккочкор, Эркиши экөө Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырларды көрпөчөлөргө жаткырышып, келаткандарды күтүп турушту.

www.bizdin.kg

Алдыда келген Арзыбай бий, Бактыяр карыялар чөгөлөй отурушуп, келме келтире маркумдардын чекелерин сыйпап, көздөрүн сылап тунжураштты. Алардан эки-үч кадам артта келген Жаңыл мырза туулгасын алып, төбөсүнө түйүлгөн беш өрүмдөрүн эки жаагына, айдалысына түшүрө башын ийип, маркумдарга астыртан көз жибере, сабырдуу турду. Бүркүт кабак, эр мурун, коюу каштуу көздөрү жумулуу, муруттары кулакка карай чыйралган баатырлардын жүздөрү мостоюп сүрдүү эле. Булуттуу түн асманы адам тагдырынын мүчүлүшүнө муюшкансып бүркөө түнөрөт...

Оо, өксүгү күч адам тагдыры... Жарык дүйнөдө өмүр улоо үмүтү жанып турган кырчын өмүрлөр текеберлүү сөз менен адам абийиринин катаал айкашынан кыйылды.

Оо сөз... Баарын көркөмдөп жайгаштырууга да, жексендеп кыйратууга да себеп болгон сөз...

Чырайлуу жүзү катаалдана мостоюп, ичинен тынган сабырлуу Жаңыл мырза:

– Ата, бул иштин күнөөкөрү менмин, менин өмүрүм менен бүтөт. Алгач сөз меники болсун. Баатырларга топурак нойгут жеринен буюрган экен. Каза тапкан жерлеринен жай берели. Боз үй көчүрүп келип, ата-баба, мусулман шарты менен узаталы. Мындан аркы сөз силерде, – деп туулгасын кийип, ордунан тура айылына аттанууга жөнөдү.

Шейиттердин жүздөрү жабылып, таза орунга жайлангандан кийинки оозго сөз кирбеген кайгылуу караңгыга төнө отурушкан Арзыбай бий, Бактыяр карыялар бул кандуу окуя атпай кыргызды түйшөлтүп, азгантай нойгут элине бүлүк салаарын көз алдыларына келтире, бири-бири менен үнсүз сүйлөшүп, сана жетегинде отурушту.

Чагылгандай чарт жанган кандуу калаба дал кылып, ойлору адашкан арка жоокерлери дымып турду. Бир тыным өтө:

– Оо, элим! Жакшысы өлсө, баары өлөт болобузбу?! – деп кыйкыра муштумун көтөрүп, ордунан турган кермурут москоол жигиттин азалуу үнүнө удаа:

www.bizdin.kg

– Айтпаса төгүнбү, канга-кан!

– Өлбөгөн жерде калалы!

– Бир боорлордон айрылып! – деп намыска буулуккан үндөр түн караңгысында калабалуу жаңырды.

Борчук тарапка көз жиберип, карыялардын жанында ойлуу турган Аккочкор калабаны туя ылдамдай басып жоокерлер тобуна келгенде:

– Оо хан уулу, ошол Жаңыл мырзага башта! Журтун бузуп, кан төгөбүз! – деп кулачын кере колдорун булгалай, сабырдан таң үн салып турган жоокерге, удургуп турган көпчүлүккө токтоо көз жиберип сүйлөөрдө ага бет ала:

– Башта бизди! Ошол Жаңыл мырзаны шейиттерге курман чалабыз! – деп обдулган кара сакал жоокердин демдүү үнүнө эргиген көпчүлүк ордунан тура хан уулуна тигилишти. Удургуган элди тынчытууга сөздүн күчү, кебелбес сабыр лаазым эле.

– Бир боорлорум, сабыр этели! Жаңыл мырза жалгыз басып келбейт да. Борчуктун ары жагында жаа тарткычтары, найзакерлери тизилип турбайбы? Бөөдө кыргынга баш салбайлы, – деген Аккочкордун угумдуу сөздөрүнө, сабырлуу токтоо турпатына муюган жоокерлер тынчый түштү. Сөзү эм болорун туйган хан уулу Аккочкор:

– Кудай-Таала шейит баатырларга топуракты нойгут жеринен буйруптур. Бөтөн эл, бөтөн жерде баркыбызды түшүрбөйлү. Эртең менен Арзыбай бийди, Бактыяр карыяны чакырып, өзүбүз бата тилеп, баатырлардын кара ашына өзүбүздүн малдан мууздап, узатуу камын көрөлү. Нойгуттар өз салтын жолдошоор. Биздин жөрөлгө алдыда болсун. Сөөк биздики эмеспи. Нойгуттар биздин салтты улашат. Шейиттерди жайына шариат жолу менен узаталы. Аман-эсен элге баралы, жана айтылгандай элибиз менен бирге бололу, – деп жоокерлерди жубата бир кыйлага ой бөлүшө отурду.

Караңгыны жаңырткан калаба кандай бүтөөрүнө санаалары бөлүнүп турган Арзыбай, Бактыяр карыя-

www.bizdin.kg

лар калабаны токтото басып келген Аккочкорду көрө санаалары тынак отурушту. Мандаш түзөгөн Арзыбай бий Аккочкорго ыраазылык билдирди:

– Жоокерлерге барып келгениңиз жөндүү болду. Алардын кайгыга буулугушканы жөндүү. Ошентсе да Кудай алдында сабыр күтүшкөнү оң.

– Жоокерлер козголуп, дүрбөп турушуптур. Жай сүйлөштүк. Баатыр шейиттерди силер менен бирге узаталы. Андан аркы ишти элибиз менен бирге чечмек болдук, – деп Аккочкор бийден жүйөөлүү сөз күттү.

– Алла-Тааланын жазуусу ушундай тура, баатыр. Күтүүсүз оор кайгы түштү нойгут элине. Кайгыны сабыр менен жеңип, баатыр маркумдарды мусулманчылык жолунда узаталы. Эрлер кунсуз калбайт да, элге барып кеңеш курарсыңар. Биз дагы эл менен сүйлөшүп, ата-баба салтына төп болууга аракеттенебиз.

Эртеси Арзыбай кыргыз ата-салтына ылайык боз үйлөрдү тиктирип, нойгуттун аттуу-баштууларын баш коштурду. Сөөк ээлери аркалыктар өз малдарына бата тилешип, баатырлардын кара ашына ээ болушту. Нойгуттар кошумча ирээтинде мал мууздашты. Маркумдар шариат жолуна ылайык жайына узатылды.

Кол башы баатырларынан айрылган Арка кошуунү кара аш өткөргөндүн эртеси элине кайтты.

## Угузуу

Какшаал тоолорун күн батышты карай этектеп үч ара конгон кыргыз жоокерлери кечээ күүгүм кире Торугарт ашуусунун түбүнө келип түнөшкөн. Көңүлдөрү чөгөт келаткан эрлер таң ата ойгонуп, бел аша айылдарына жөнөөгө азырланып турганда, ортого чыккан Аккочкордун каргылданган үнү көңүлдөрүн бурду.

www.bizdin.kg

– Туугандар, Ала-Тоодон айдыңдуу аттандык эле, азалуу кайтып баратабыз. Арабызда Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар жок. Эсил кайран эрендер өзгө жерде түбөлөккө калышты. Бейиши болушсун, тагдырлары ушундай чийилген тура, – деп Аккочкор буулуга тыным жасап, сөзүн уларда кызыл чийкил олбурлуу жигит калпагын колуна ала мыкчый ызалуу үн салды:

– Эсил кайран баатырлардын ажалына себеп болгон эселектерди кошо көмүп келбегениме арман кайнап турат.

– Бир боорлордон айрылып, эсибиз эндиреп турганда «жылт коюшкан» тура. Ошол түнү Кырчынбекти баш кылып бешөөн тең «тындым» кылат элем, – деп өкүндү шыңга бойлуу кара сур жоокер.

– Сабыр күтөлү, туугандар. «Элге барганда карыялардын алдында жазаланышсын» деген Түлкү баатырдын осуяты бар эмеспи. Ошентели, – деп сөзүн улады Аккочкор хан Тейиштин уулу: – Бейиши болгон баатырлардын арты кайырлуу болсун. Эми жоокерлик ирээтибизди бузбай, эсил эрендерди салттуу жоктоп түшөлү айылга. Куттуу айыл Сарысейит бийдин айылынан узадык эле, журт атасы бийдин айылына чогуу түшөлү. Катарыбызды бузбай Атакозу, Чабак баатырлардын айылдарына ошол күнү жоктоп түшөлү. Ошентели. Кош атчан эки жигит Торугартты ашканда, Чатыр-Көлдү жакалап, Ак-Сайды өрдөп, Жаңы-Жер, Улаанды басып, ашуу аша, көл башындагы Жамангул бийге кабар жөнөтсүн. Кош атчан бир шайдоот жигит бизден бир күн мурда жетип, Саяк, Кайдуулат, Моңолдор, Бакы, Тынымсейит, Мортук бийлерге тымызын кабар жеткирсин. Ал кишилер салтты кандай күтүүнү билишет. Бүгүн күнгө дүйшөмбү, буйруса бейшемби күнү бийдин айылына түшөөрүбүз айтылса, азалуу сыяпатка даяр турушат. Бир боорлорубузду жоктоо салтында жоокер катарыбызды бузбайлы, убаданы бата менен бекители. Кудай жар болсун, Аллоху Акбар.

www.bizdin.kg

Ашуу алдында азалуу бата тиленди. Жер-суунун жайын билген кош атчан эки жоокер бугу билермандарына кабарга, кош атчан бир жоокер Соң-Көлгө алдын ала кабар жеткизүүгө аттанышты. Алардын артынан Аккочкор, Эркиши башында жоокерлер катарлаша ашууга бет алышты. Кошуун алдында көтөрмө бою аралык үзө төрт жоокердин жетегинде Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын токулгалуу аттары баратат. Ээр каштарына туулга, найзалары илинген, боз быязы чепкендери ат сооруларын камтый ээр үстүлөрүнө жабылган. Жаа, саадактары арта салынып, азалуу жүрүштөн кабар бере баратат...

Күнгө бейшемби... Бүркөө асмандан түс талашкансып бозомук тарта удургуган толкундарын жээкке чарпыган тоо көлү таңкы ээндикте кайдыгер мелтирейт.

Нойгуттан кабар кечигип, көңүлү чөгөт ойгонгон Сарысейит бий даарат алып эртең мененки намазды молдо Кыдырбай менен имамда окуп, чайлангандан соң санаасын алаксыта аттанды. Төр башындагы мал отунун жетилүүсүн көргүсү келип, тиричилик камы менен көңүлүн жубата баратат.

Бий аяк оонаны ортологонго чейин журт жаңыртууга ылайык конуштарды баамдап, чоң шашке маал айылга кайтты. Конок өргөсүнөн берирээк тартылган кермеге токулгалуу аттар байланып турат. Чоң үйдө өзүн күткөн кишилер бар экенин боолголой, бий кермеге келгенде, тосуп турган жигит кол куушуруп салам айта ат алды.

– Үйгө кимдер келди? – деген бийдин кооптуу суроосуна:

– Көл башынан Жамангул бий келиптир. Ал кишиге учурашууга келген Бакы, Кайдуулат, Мортук аксакалдар отурушат, – деп жооп узаткан жигит оолагырак басып, ызаат көрсөтө эшик ачты. Үйгө киргенде отургандардын баары ордунан тура аянычтуу ызаат көрсөткөндөрүнөн касыреттүү окуя күтүп тур-

www.bizdin.kg

ганын туйган бий ичинен келме келтирип, сабыр тута баары менен кол алышып көрүшө, Жамангул бийден төмөн катар орун алып:

– Бий, кандай? Эл-журтуңуз менен эсен жүрөсүзбү? – деп Жамангулга сыйлуу карады.

– Кудайга шүгүр, эсенчилик. Нойгуттан жоокерлер кайтып келатат деген кабар угуп, сиздин үстүңүздө баатырлар менен дидарлашып, ал-жай сурайлы деп атайы келген сапарым ушул.

Жамангул бий тыным жасап, оюн улоого санын таяна ойлуу отурган бийге көз кырын жиберди.

– Баатырлар айылына түшөөрүнө жакын калды деген кабарды угуп биз да сизге салам берели, бир чети нойгут сапарынын жайын угалы деп келдик, – деп сакалын сылаган Бакы бийдин үнү каргылдана, санаасы бүлүнүп турганы туюлду. Эшик ачыла үч-төрт салабаттуу байбичелер киришип, ыйба көрсөтө төрдүн эпчи жагында отурган байбиченин жанына өтүштү.

Оозго сөз кирбей, үй ичин беймаза тынчтык ээледи. Оңдонуп отура бөйрөгүн таянган Жамангул бий:

– Кудай-Тааланын буйругу ушундай экен, бир боорум, бий. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар нойгут жеринде шейит кетишиптир. Алла-Тааланын барлык-бирлигине кулдук кылган эстүү журт атасысыз. Кайрат кылыңыз, – деп Сарысейит бийге аянычтуу көз жиберди.

Санын таяна чекесин сүйөп, тизесине чыканактай бир тынымга үнсүз отурган бий:

– Оо кудурети күчтүү Кудай-Таала, буйругуңа моюн сунабыз. Жаратуучу да, өлтүрүүчү да, тирилтүүчү да өзүңсүң, артын бере көр. Кантебиз... Алсыз кулуңбуз, – деп тунжурап турду да:

Оо Үчүке, Түлкү балам, ай,
Арстан туулган,
Атакозу, Чабак, ай.
Ажалына жаралган,
Жаңыл мырза аял, ай.
Артын берчи, Кудай, ай, – деп үн салды.

www.bizdin.kg

Бийдин үнүнөн өтөөсүз өксүк калың кайгы угулду.

– Бий, сизге кайрат айтуу – оор вазыйпа. Биз айтчу кайратты өзүңүз күтүп турасыз. Өзүңүз айткандай Кудай-Таала эми артын берсин. Үчүкенин үч уулу, Түлкүнүн Тынайы эми эле жетилип, аталарынын ордун басышат. Кудаян уулуңуз бар, – деген Кайдуулат бийдин сөзүнө удаа калың өкүрүк угулду. Эпчи төрдө бийдин байбичесинин колун кармаган байбичелер кайрат айта жанында отурушту.

Бута атымдан алыста аба жара үн салган жоокерлердин калың катары көрүндү. Катар алдында туулга, найзалары ээр кашына илинген Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын аттары бош азалуу жетекте келатты. Айылга кире армандуу жоктоонун калың катары Үчүке баатырдын каралуу үйүнө бет алды. Өкүрүк угула чоң үйдөн чыккан Жумагул, Бакы, Кайдуулат, Мортук бийлер кайгылуу карыя Сарысейитти ортого алып, боз үйдүн каралуу килем жабылган эр жак капшыттан аркан бою оолак ала кийиз үстүнө көлдөлөңдөр төшөлгөн жайдан орун алышты. Жоктоп келаткан жоокерлерди тосуп ат алган жигиттердин кыймылы илбериңки. Шейит баатырлардын бош келген аттарын эшик алдынан эки аркан бою оолак ээн турган Үчүке баатырдын кермесине байлашты. Үчүке, Түлкү баатырлардын түпөктүү найзалары эр жак капшытка тартылган азалуу килемдин эки жагына бөрү тилдери жерге карай сайылды. Кермедеги ээр каштарына туулгалары илинип, быязы чепкендер ат соорусун камтый ээр үстүнө жабылып, жаа, саадактары арта салынган азалуу аттар баатырлардын күтүүсүз аянычтуу өлүмүнөн кабар бере ээн кейитип турду. Эки жүз чамалуу жоокерлердин «эсил кайран бир бооруму» айыл-апа, эл кайгысын бөлүшкөнсүп бозомук тарта чайпалган көл үстүндө озолонгон жаңырык салып турду. Кара кемсел, ак калпакчан белдерин бууп, таяк таянган Үчүкенин үч уулунун «эсил кайран атакелеген» жетиле элек үндөрү көптөн бөлүнө аянычтуу угулду.

Уулдардын улуусу он эки жашар Маматкулдун:
Атаке көзү өтсөчү,
Мен эрезеге толгондо.
Мен азыр жетелеме тайлакмын,
Жете албай калдым болжолго, – деген армандуу жоктоосу элдин назарына илинип, зээн кейитип турду.

Эсил эрендерди жоктоп түшкөн жоокерлер өкүрүк басылып, куран окулгандан кийин карыяларга саламга өтүштү. Аккочкор, Эркиши, ар уруунун жигит башчылары кол бере учурашып, жамы жоокерлер катар туруп ийилип таазим этишип, карыялардан оолагырак баштарын жерге салып отурушту.

Карыяларга катар четине отурган Аккочкорго көз жиберген Жамангул бий:

– Хан Тейиштин уулу, сен бизге окуянын жайын айтып берчи, угалы, – деп чакчасын алып нас жыттай оңдонуп отурду.

– Кайгылуу окуя болору ойдо жок, иш оңунда сыяктуу, көңүл жай эле. Биз жетерден бир күн илгери калмактар сүрүлүп чыгыптыр. Калмак өлүктөрүн жашырууга калган жоокерлерге жолугуп толук кабардар болуп, жайыбызды, нойгут элине калмакты сүрүүгө көмөккө келгенибизди, бүгүн Жаңыл кол башынын Майдан өңүтүн көрүп, эртең Арзыбай бийге саламга барарыбызды кабарлап, нойгут жоокерлеринин он башысын атайы жибергенбиз. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак менен нойгут калмак согушу өткөн жерлерди толук көрүп, Ичке-Суунун башындагы түнөөгө кеткен жоокерлерге көз байланаар маалда кирип келдик. Жоокерлер от жакалай эс ала отурушуптур. Алардан төмөнүрөөк имериле токтогон жылкы үйүрү тургансыйт. Көрсө биз майдан өңүттөрүн көргөнү кеткенде аң улоого бөлүнгөн беш жигит тунмага мас болуп, Арзыбай бийдин субай үйүрүнө жолугуп, жылкычысын өзөртө чаап, жылкыны күндүз эле айдап кошуунга келишиптир. Муну уккан Үчүке, Түлкү баатырлар экөө тең капа болуп, жылкыны кайра айдап жеткирип, Арзыбай бийден кечирим сурап

www.bizdin.kg

кел деп Эркишиге табыштап атканда, алгыр тайган чыга калды. «Бул сырлуу тайган го. Кечиккен экенбиз. Жылкысын дароо кайра айдатпайсыңарбы?!» – деп Үчүке баатыр капаланды.

«Куугун келген тура, бул канчыктын канчыгы да. Сак бололу» – деп Түлкү баатыр жаасын алганда, караңгыны көзөгөн жылан ышкырык чыга Түлкү баатыр чалкасынан жыгылды. «Оо, Кудай, сактай көр» деп Түлкү баатырга өбөктөгөн Үчүке баатыр көмкөрөсүнөн жыгылды. Биз – Атакозу, Чабак, Эркиши борчук үстүн көздөй жаа тартып турдук. Атакозу, Чабак экөө да жыгылды. Удаа-удаа кошуун үстүнө тартылган жаадан кийин:

– Мен Жаңыл мырзамын, жаныңардан үмүт кылсаңар, ордуңардан козголбогула! – деген бийик үн угулду. Бүтүндөй кошуун кыймылсыз турду. Биз Эркиши экөөбүз жыгылган баатырларды көрпөчөлөргө чалкасынан жаткызып, чеке, көздөрүн ушалап, көз ачаар бекен деген үмүттө турганда Арзыбай, Бактыяр деген карыялар Жаңыл мырза чогуу менен келип, чөгөлөй маркумдарга ыйман айтып отурушту, – деп Аккочкор тыным жасады.

–Алар силерди аңдып, тыңшап турушкан экен да, – деди Кайдуулат бий.

– Аңдыбай эле алар да жакшы санаа менен айылга ээрчитип кетүүгө келишкен экен. Көптү көргөн кыраакы Арзыбай бул окуянын Үчүке, Түлкүгө тиешеси жок экенин, Майдан өңүтүнө кеткенде кымыз тунмасына мас болгон жигиттердин алаңгазарлыгынан чыкканын баамдап, иштин жайын көрүп, конокторду ээрчитип келели деп келген экен. Биз жиберген кабардан улам атайын үй тиктирип коюптур. Борчуктун үстүндө туруп Үчүке, Түлкү баатырлардын капа болуп, жылкыны кайра айдап жеткирип, кечирим суроого киши дайындаганын угуп, эми барып саламдашалы деп козголгондо, Жаңыл мырзанын тайганы биздин отко шимшилеп жете келгени кырсыктын башы болбодубу? – деп өкүндү Аккочкор.

www.bizdin.kg

– Бирин-бирине дал келтирген Кудай-Талаанын чийген тагдыры да. Кантели, аргабыз жок. Артын тилейли, – деп Сарысейит бийди карады көзүнө жаш ала үч ата өткөн тууганы, бугу билерманы Жамангул. Сарысейит бий окуяны көз алдынан өткөргөн таризде ойлуу, көзүн жумуп, тизесин таяна бүркөө отурат. Бөйрөгүн таяна чыкчырылган Кудаян мырза Аккочкорго нааразы боло карады:

– Жаңыл мырзаны эки чал менен кошо мууздап жиберсеңер болмок.

– Мууздата койчу кыз, Жаңыл мырза болобу, иним, – деп Кудаянды жактыра бербей үн катты Кайдуулат бий. Сарысейит бий уулуна көз кырын сала билинер-билинбес башын чайкап оңдонуп отурду. Жамангул бий Аккочкорго кайрылды:

– Жайына узатуу кандай өттү?

– Шейиттерге ыйман окуп бүткөн атасына, Бактыяр карыяга кайрылып: «Ата, бул кайгылуу окуяга менин өмүрүм сайылды, менин өмүрүм менен бүтөт. Баатырларга жай нойгут жеринен буйруптур Кудай Таала. Кыргыздын ата-баба салты, шариат жолу менен узаталы. Мындан аркы сөз сизде» деди өзүн сабырлуу туткан Жаңыл мырза, – деп Аккочкор сөзүн уларда:

– Аялдан артык туулган жан тура! Атаганат, Түлкү баатыр менен теңдеши жок жубайлар болмок экен... – деп оюнун аягына чыкпай өкүндү Мортук бий.

– Жаңыл мырза «бул кайгылуу окуяга менин өмүрүм сайылды. Менин өмүрүм менен бүтөт» дептир. Жашоом жок дегени да.

–Кудай-Таала өзү калыс, ар кимге чийилген тагдыр бар. Сөзүңдү улачы, алаксытып койдук, – деп Аккочкорду карады Жамангул бий.

– Жаңыл мырза айткандай, түнү менен боз үйлөрдү көчүрүп келип тиктирип, бүткүл нойгутка кабар салынды. Уруу билермандары баштаган калың эл чогулду. Ата-баба салты, шариат жолу менен эр-

www.bizdin.kg

теси шейит баатырлар жайына берилди. Эрендерден ажырап, эңгиреп элге келип отурабыз, – деген Аккочкордун үнү бошой түштү.

– Тагдырга таарынабызбы... Кудай-Таала ошондой буйруган тура, баш ийели... Эми Ата козу, Чабак баатырлардын айылы күтөт силерди, – деп сабырлуу турган Сарысейит бий Аккочкорду карады.

Аккочкор ордунан турганда карыялардан оолагырак суусун ичип отурган жоокерлер бата тилеп, жапырт тура кермеге бет алышты. Жоокерлер катарын бузбай аттанышып, Атакозу, Чабактын азалуу аттарын алдыга сала шейиттерди өз айылдарында жоктоого жөнөштү.

Сарысейит бийдин айылында азалуу жоктоо улануауда. Биринен сала бири, саяк бийи Талкан, кушчу Майтык, саруу Бекболот бийлер айыл билермандарын ээрчите Үчүке, Түлкү баатырларды астейдил жоктоп, удаа-удаа түшүштү. Сарысейит бийдин өтөсүз кайгысын бөлүшө эгиле көңүл айтылууда. Калың калмак ыкыс берип каптаганы турганда, жоо кайруучу эрендердин өлүмү ар биринин көңүлүн бөксөртүп турду. Азалуу өкүрүктүн үнү басылып, куран окулгандан кийин оозго көңүл жубатарлык сөз кирбей, тунжүроо өкүм сүрүүдө.

Калмак менен кагылыштарда көзгө көрүнүп, жайчылыкта элге кадыр-баркы өтүп, ишеним күттүргөн Үчүке, Түлкү баатырлардын өлүмү азгантай кыргыз үчүн оор жоготуу эле.

Эртеси эртең мененки намазды Кадырбай молдонун имамдыгында угуп, дөңдө окуган кыргыз эл башчылары бийдин чоң үйүндө чайлангандан кийин кымыз сунулуп, көңүл айтуу үзүр-мазары улануауда. Төрдө Талкан бийге катар отурган Жамангул:

– Кайратыңызга Кудай кубат берсин, бий. Баракелде, Кудайдын буйругуна кулу катары моюн сунган мусулманчылыгыңызга, кайгыны акылга багынтып сабыр туткан адамдык эркиңиздин бийиктигине ыраазы болдук. Өзүңүз айткандай, артын берсин. «Мен

www.bizdin.kg

сабырлуу менен биргемин» деген тура Алла-Таала. Үчүке, Түлкү баатырлардан калган урпактарыңыздын өркөнү өсүп, өрүштөрү кеңейсин. Журт атасысыз. Сиздин кайратыңыз элиңизге дем берет. Каадалуу сый кеңешиңизди улантып, элиңиздин бүгүнкүсүнө, келечегине сереп салып, кеңеш берип туруңуз. Кеңеш башы Үчүке баатырдын ордун Кудаян уулуңузга ыйгарсынбы деген ой бар, – деп уруу бийлери билермандарга көз жиберди.

– Ак сөз болду. Бий, сиздин кайратыңыз, алыс, жакынды көрө билген, болочокко сереп салган кыраакы нускаңыз элиңизге керек. Калмактар баш-аягын жыйнаган өңдүү. Коңтааажы Сенгенин ордун агасы Галдан ээлептир. Эми алар күчүн жыйнап аткан шекилдүү. Алардын амалын тымызын билип, бизге жол көрсөткөн нускаңызды калтырбаңыз. Өткөн Кеңеште болот курал жаатында олуттуу сөз болуп, Үчүке баатыр ал үчүн Анжыян, Наманганга кайсы уруудан канча мал айдалаарын тактап алды эле. Жыйналган каражатты тактап, Ташкен, Бухар, Кыйвадан болот курал алууну кеңешүү үчүн Тейиш хандын алдына бармак эле. Максатына жетпей кетпедиби, эсил баатыр. Эми ошол ишти уулуңуз Кудаян жүзөгө ашырсын дейбиз. Баралына келип турат. Өзүңүздүн осуятыңыз менен бийлердин кеңеш башы бийлик озуйпасы Кудаянга ыйгарылса дейбиз, – деген Талкан бийдин салмактуу сөздөрүнө удаа:

– Төп сөз айтылды.

– Баш мээси менен, эл ээси менен.

– Жоо жакадан алганы турганда ой дечү эр керек, – деген колдоо кобурлар угулду.

– Туура айтылды. Жоо жакадан алганы турганда жоо кайруучу Үчүке, Түлкү баатырлардын ордун толтуруп, элин жоодон сактап, ачына айланып, тогуна толгонгон эл башы болсун, Кудаян уулубузга бата берели, – деп алакан жайды журт улууларына көз жибере журт уюткусу моңолдор бийи Бакы. Отургандар жапырт алакан жайганда, бийлердин баары-

www.bizdin.kg

сынан жашы улуу Жамангул бий Бакы карыянын сөзүн улай:

– Кудаян уул, элдин жүгүн көтөрө майышпаган лөк болгун. Элиңдин чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган, ачына айланып, тогуна толгонгон, ынтымагына, ырыскысына камкор эл башы, каптаганы турган калың калмакты кайрыганга кыргыз жоокерлерин курал-жарак шайлап, кайгуул-чалгынды күчөтүп, аларды майданда баштаган жахангер кол башы бол, Оомийин, Аллоху Акбар, – деп тилек айтты. Жапырт айтылып, жакшы тилекке Аллах-Тааланын аты жаңырды. Чымыр денелүү, кызыл чийкил, келтерек кыр мурун, ээрди калың, кер мурут жигит Кудаян ордунан тура:

– Кулунуңармын, кулдугум бар, – деп ийиле бийлерге сылык таазим этти.

– Кулдугуң кудайга болсун. Ак жолуң ачылсын, – деп Жамангул бий сакалын сылады.

Түшкү намаздан кийин куран окуу даамын сызып, артын тилеген бийлер айылдарына кайтышты.

## Өмүр өз нугунда

1670-жыл, аяк оонанын төрт эскиси.

Жайлоодон маалында түшкөн Сарысейит бийдин айылы суу бою күздөө конушта отурат. Арпага орок салынып калган кез. Ай арасынан[1] кабар келгенсип, асман бүркөө. Булут арасынан чанда көрүнгөн күн нуру кунарсыз, теребелге боз түшүп турат.

Айыл үстү тынч. Күз берекесин утурлаган тиричилик камы туюлат. Кемегелерден түтүн булап, мээлүн сыдырымга коштоло үзүл-кезил куурулган дан жыты келет. Кээ бир үйлөрдүн серелеринде курут

[1] Ай арасы – айдын бүтүүсү менен жаңыруусунун арасындагы 3-4 күн. Аба ырайы өзгөрүп, жайкысын жамгыр, кышкысын кар жаашы күтүлгөн учур.

www.bizdin.kg

жайылуу. Казыктарга жип айлантып өрмөк курган, өрмөк соккон, билек түрүп кийиз баскан келин-кыздардын кыймылы көзгө ымыла учурайт.

Айыл башындагы чоң ак боз үйдөн оолагыраак балдарды окутууга жана конокторго арналып үч ак өргө тигилген, кермеде токулгалуу ат байлануу. Демейкисиндей эрте аттанып, чөп чабылуучу шалбааларды кыдырып, чалгычыларга, чөмөлөчүлөргө, чөп үйгөндөргө жолугуп, ал сурап, баарлашып, кеңеш берип, камылга купулуна толо кайткан карыя бий боз үйдүн төрүндө топуктуу, тоболуу отурат. Бейнесинен шүгүрчүлүк, кебелбеген сабыр жанып турат.

Алла-Тааланын амирин ыйык туткан Сарысейит бийди капыстан башына түшкөн орду толгус кош кайгы мөгдөтө албады. Жарык дүйнөдө өмүрдүн ар бир күнүн адамдарга жакшылык жасап өткөрүүнү парз туткан карыя байбичесине «сен» деп доомат артпай, «сабыр тут» деп көңүлүн жубатып, жашоого сүрөп турат.

Төрдүн эпчи жагында теспе жүгүртүп отурган байбиченин бейнесинен сабырлуу тобо, үзүлбөс үмүт туюлат.

«Пендечилик, текеберимди Кудай өзү кечирсин. Шейит уулдарым бейиши болушсун! Арбактарын сыйлап, туяктары Маматкул, Дөөлөткул, Тынайларымдын өмүрлөрүнө береке бер! Кудайга мунажат кылып, элге кошууга чамам жетишинче кам көрөйүн» – деп келин-кыздарга жүн тыттырып, кийиз бастырып, өрмөк курдуруп, тандалма талдан өргө уук, kepere, босого таяк, эшиктерин жасатып, тынымсыз түйшүк үстүндө. Ошол күндөн ушул күнгө тике карап наараз ыланбай, «кайгы төлөө болбойт» деп алын сурап, жашоосуна өбөлгө болуп турган байына ыраазы. Жаштайынан көңүл оорутпай баш кошуп, өмүр төрүнө жете келген бай, байбиче ичинен бири-бирин аяп турушат.

Сексенди ортолоп калган карыя: «бүгүн өлчүдөй тобо кыл, түбөлүк жашоочудай оокат кыл» деген ата-баба осуятына төп күн өткөрөт. Маал-маалы менен

www.bizdin.kg

тоо арасында малын баккан эли менен жолугушуп, маанайлары жарык экенин көрүп, мал-жан аман экенин баамдап, мейман болот. Малынын туягын санап битиребеген байга ыраазы мал баккандар өзүлөрү агынан жарылып, ал-абалды ортого салышат. Жашоого көзү жетик бий кеп-кеңешин берип, сый көрүп, көңүлү толот. Жылкысынын арбындыгынан бий жалпы санын болжоп билет. Анжиянга канча жылкы, качан, ким түшүрөөрүн макулдашып айылына кайтат. Анжиянга, Наманганга мал түшүрүп, соода жүргүзүүчү табиялуу кишилери бар. Мааматкул, Дөөлөткул, Тынай неберелерин окутуп, эл аралатып жетилтүү милдети жадынан чыкпайт. Маанилүү жыйындарга барганда ала жүрөт. Ушул жагдайларды санаасынан өткөрүп, ойлуу отурганда кызматтагы жигит эшик ача ызаат менен киргизген курбусу Сарыкалча карыя жылмая курбусуна кол сунду:

– Ассалому алейкум, бий, кандай күүлүү-демдүү жүрөсүңбү?

– Алейкума салам, Калча баатыр, кел. – Бий ордунан козголо оң жагын жаңсады.

– Күүлүү жүрөсүзбү? – деп байбичеге баш ийкеп орун алган Сарыкалча карыя алакан жая жүзүн сыйпады:

– Оо, Жараткан! Жалынмак бизден, жалгамак сизден. Жалгай көр, кулундарыңды! Элге ынтымак, ырыскы, ырашкерлик, тынчтык бере көр!

Курбусуна кошула бата тилеген бий курдашына суроолуу көз жиберди:

– Кандай, демдүү жүрөсүңбү? Эки-үч күндөн бери көрүнбөй калдың?

– Жалгыз карындашым өйдөкү азыктарда эмеспи. Ал да улгайып калды. Жылына эки жолу каттап, алын сурап турам. Байы өтүп кетти. Балдары жөндүү чыгып, оокаттары тың. Эл ичи да байкер[1]

[1] Байкер, байкерчилик – барчылык, токчулук деген маанide.

www.bizdin.kg

экен. Көңүлүмдү тынчытып келген чагым. Демдүү карыя сунулган аякты алып кере жута алдына коюп, ыраазы отурду.

–Дурус иш өтөп келипсиң. «Кыз ыраазы болсо, үрөн-бутак өсөт» деген накыл байыртадан келатпайбы. Ургаачы насили аруу да, алсыз да, ошого жараша түйшүктүү да жаралган эмеспи. Түйшүгү көп ургаачы адал жупту, мээрбан эне, ар үйдүн жарыгы эмеспи. Аялсыз үй караңгы да эмеспи... Ургаачыны, энени пайгамбарыбыз сыйлаганы да ушундан, – деп бий ойго чөмүлө отурду.

–Угуучу сөз болду. Жарыктык пайгамбар «энени сыйлагыла» деген экен да. Анан да. Ата-энесинин төрүндө эрке отурган алмончоктой кыз бейтааныш жерге келин болот. Келин түйшүгү, эринин салмагы мойнуна түшөт. Барган жери жарашса бир жөн. Кыйчалыш күнгө тушугуп, биз сымал кайын эне касабына кабылып, жөнсүз күйөөсүнө кор болуп куурап өткөн бечаралар канча....

Байбиче оюна нелер келип, шыпшына байына көз жибере теспесине үңүлдү.

–Сөзүңүз ордунда, байбиче. Көрүп жүрбөйбүзбү, көк бөрү тартышта топчусу үзүлсө, үйүнө келип аялын сабаган наадандарды. Ушундайларды катуу жазалоо абзел. Балдарыңарды окуткула деп элге насият бересиң. Албетте, окутуу керек. Окутуп атасың. Анын дурус. Бирок аялын ашкере кордогон, баштарында ой жок наадандарды жазалаганыңды көрө элекмин, –деп Сарыкалча карыя нааразылана мандашын түзөдү.

–Албетте, жазалоо зарыл, бирок жазалоо менен иш бүтпөйт. Сен айткан, ою жок баштарга ой салуу үчүн окутуу керек. Азыр окуп жаткан балдар «ак», «караны» ажырата тааныган, Кудай-Тааланын көрсөткөн жашоонун түз жолу шариятты тутунган үй-бүлө башы болушат. Мындай үй-бүлөдө аял-эркек бири-бирин адал жупту катары сыйлашат, кадырлашат. Ынтымакта өмүр сүрүшөт. Мындай үй-бүлөдөн

www.bizdin.kg

энени, эже-карындашты сыйлаган билимдүү балдар чыгышат. Кудай-Таала өмүр башатына жараткан аялзатын кор тутуу унутулат. Ушундай жашоого умтулалы. Кыз балдарды да окутсам деген оюм бар. – Бий бир тынымга өзү менен сүйлөшкөнсүп, үнсүз ойлуу отурду.

– Атаганат, андай күн болсо кана! – деди үмүттүү байбиче.

Сарыкалча карыя курбусуна суроолуу карады:

– Кудай акы, жакшы иш жасап атасың. Бир жери кыздарды да окутам дегениң менин жадыма түшпөй турат. Аял молдо болобу, имам болобу? Же бийлерге катын болобу?

– Окуп, кат билип шарият жолунан кабардар ургаачы өзүнө өзү молдо болот. Эринин өйдө-төмөнүн акылдуу аракети, жайдары мүнөзү менен шарият жолуна түзөп турат. Беш убак намаз окуган аялдын бою да, ою да, жасаган оокаты да таза, үй-бүлөдө ырыскынын, ынтымактын жарыгы жанып турат. Муну туйган эркек жубайына ыраазы жүрөт. Мындай үйдө аялзаты сыйлуу, дайыма ынтымак болот, – деген бийдин салмактуу сөздөрүнө муюган Калча карыя бир азга унчукпай ойлуу отурду да:

– Буга менин оюм жеткен эмес экен. Эми толук болду. Кыз неберелеримди окутайын. Ойлору да, колдору да таза болгонго не жетсин. Баракелде оюңа, ошон үчүн бийсиң да, – деп ыраазы боло оңдонуп отурду.

– Иншалла, өрнөктүү иш болот. Сен айткандай, карыялар өзүбүздөн баштайлы. Эл ээрчиши ыктымал. Буйруса, дагы бир үй тиктирели. Кыз балдар өзүнчө окушсун. Шарият көтөргөн Ниматулла кары менен сүйлөшөм.

Бий сөзүн бүтө электе кызматчы жигит эшик ачып, үйгө салам айтып кирген бейтааныш салабаттуу киши оң колу менен төшүн таяп:

– Ассалому алейкум! Журт атасы, урматтуу бийге, кара кыргыз өкүмдары хан Тейиштен салам жана дува! Аллах-Талаа рахматына алган уулдарыңыз

www.bizdin.kg

Үчүке, Түлкү баатырлардын күтүүсүз шейит кетиши – орду толгус кайгы. Хан Тейиш кыргыз эли менен кайгыны бөлүшүп, башын ийип сизге кайрат айтып, Аллах-Талаа кайгынын ордун толтуруп, көңүлүңүздү тынчытып, элиңизге жакшылык беринүү улук амирине алышын мунажат кылат, – деп койнунан алтын жалатылган кагаз түрмөгүн алып, бийге сыңар тизелей отура ызаат менен сунду.

Бий тура калып түрмөктү алып, элчинин колун кыса салам кабылдап ызааттуу өтүндү:

– Урматтуу хан элчиси, Кудай ыраазы болсун. Төргө өтүңүз.

Бий менен кошо турган Сарыкалча карыя элчиге кол берип, ал орун алгандан кийин адеп сактап, бир аз оолагыраак отурду. Бийдин оң жагынан орун алган хан элчиси Йасин сүрөөсүн окуп алакан жая бата тиледи:

– Алхамдуу Иллахи Раббил аалаийн, Ва Рахмати Аллахи, ва баракатухху. Оо, Жараткан, элибизге тынчтык, береке, ыйман, нысап, амандык бере көр! Журт атасынын үйүнө рахматыңды жаадыра көр! Шейит кеткен Үчүке, Түлкү кыргыздын баатыр уулдарынын жаны жаннатта, арты кайырлуу болсун.

Үй ичи азалуу тынчтыкка төнүп турду. Тыным өткөрө боюн түзөп, салабаттуу отурган элчи бийге жүзүн буруп:

–Дидары канимет. Менин ысымым Абдулазиз, хан Тейиштин өзгө давлеттерге каттоочу атайын элчисимин. Сизге, даражасы бийик кыргыз бийине, хандан салам ва дува көңүл айтуу катын алып келгениме курсантмын, – деди.

–Бабабыз Тагай бийдин мураскору хан Тейиштин алыбызды сурап, кайгыбызды бөлүшкөнүнө көңүлүбүз толуп турат. Аллах-Тааланын амирине ыраазылык менен моюн сунабыз. Азалуу күнүбүздө биз менен болгон хан элчиси, сизге, Аллах ыраазы болсун. Эми хан алдынан келген кабарга көз жүгүртөлү, – Сарысейит бий тизе үстүндө түрмөк кагазды жандырып көз

www.bizdin.kg

жүгүртүп турду да, – Кудай-Таала алдында өкүмдарлык, адамдык көңүл жубаткан сөздөрү үчүн хан Тейишке Тагай бий бабабыздын арбагы ыраазы болсун. Эми хандын салам дувасын толугу менен сизден угалы, – деп Абдулазизге ызаттуу кайрылды.

Көз карашынан бийик адеп-ахлак, өз баркын билген соболо туюлган элчи:

– Сиз менен элчилик вазийпамды эсиме салып турасыз, – деп бийге жылмая карап сөзүн улады. – Хан ордосунда Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын шейит кетүүлөрү жамы кара кыргыз элин кейитип, азуулуу жоо калмак, казак-кыргызга кастарын тигип турганда, эки элдин дамасын бөксөрткөн оор мүшкүл катары кабылданды. Ушул себеп менен ханыбыз өзү казак өкүмдары Тоокеге атайын барып акылдашып келди. Казак ханы күтүүсүз оор жоготуудан кабардар жана кайгылуу экен. Калмактар казак, кыргызга кылыч көтөрүп турганда, кол баштоочу баатырлар Үчүке, Түлкүдөн айрылган эки элдин орду толгус касиретине өзүнүн да кабыргасы кайышып турганын билдирип, кыргыз элине, калк атасы сизге көңүл кайрат айтыптыр.

– Тооке ханга да Аллах-Таала ыраазы болсун. Эки элдин камын чогуу көргөн хан Тейиш, хан Тоокеге Кудай кубат берсин! Сөзүңүз ордунда, бир аз аралжы болсом кечириңиз, – деген бийдин сөзү орундуу эле.

– Сиздин сөздөрүңүз менин баяныма жүйөлүү толуктоо болду. Ошентип Тооке хан баатырлардан айрылууну казак элинин жана өзүнүн кайгысындай кабылдап, арга издеп турган кези. «Нойгутка кол жумшап баатырлардын кунун алууну кечиктирбейли. Казак эли өз колун кошууга даяр» – деген өкүмүн билдириптир. Өкүмдарлар акыл калчашып, кулжанын аягында нойгутка кол аттантууга токтошуптур. – Абдулазиз элчи тыным жасап, ойлуу түнөрүңкү отурган бийге көз кырын жиберди.

Жеткен ажалга кун жоктугун түшүнгөн бий, азгантай нойгутка туман кол менен кун кубалап кала-

www.bizdin.kg

ба салып, элди бүлүнтүүнү төп көрбөгөн оюн хан алдында күтүнгөн жыйында айтынуу чечип, элчинин сөздөрүн кунт коюп, ой жүгүртө угуп отурган тейде сөз күткөнсүп отурган элчиге:

– Сөзүңүз ордунда, Абдулазиз бек,– деди.

– Казак, кыргыз хандары эрлердин куну жайында бир бүтүмгө келишти. Айтылуу даражасы бийик эл башылар Шырдакбекке, Ашыра Калчага келерки жай алдында камылга менен келүүгө чакыруу жиберилди. Эми сөз түйүнү сизден чечилерин күтүп турушат. Мага сиздин пикириңизди биле келүү вазыйпасы берилген эле. – Өзүн собололуу туткан элчинин сөзүнөн өкүмдарлардын кеңешинен түз кабардар экенине сыймык сезилди.

Бий ойлуу тейинде сабырлуу үн катты:

–Арийне, шейит уулдар элдики да. Өзүмдүн да, элдин да атынан казак, кыргыз хандарынын кам көрүп турганына ыраазылыгымды билдиремин. Менин пикиримде көрүлүп жаткан камылга нечен миңдеген адам уулунун тагдыры чиеленген түйүндүү иш. «Жети өлчөп, бир кес» деген ата-баба осуятына төп аракеттенүү абзел. Өйдө-төмөн, оош-кыйышын карайлы деген ойдомун. Кудай буйруп барып, жыйында ортого саламын.

Сарыкалча карыя элчиге иймениңки көз жибере кайрылды:

– Бийдин ою таасын жана таамай болооруна күнөм санабайбыз. Сизге ыгы келсе, өзүмдөн бир собол берейин деп турам.

– Мага сиз өңдүү карыядан сөз угуу өтө зарыл. Айтыңыз,– деп кызыга отурду элчи.

– Кун кууйбуз деп элди дүрбөтпөй, эл-журт атасы карыялар аттанып барып, нойгуттун эл башылары, калк карыткан карылары менен ийри отуруп, түз кеңешип, ата-баба наркы менен доолап алууга неге болбосун. Хандар, бектер ойлонушаар бекен?

Айылдык аксакалдын жүйөлүү сөздөрүн кунт коё угуп отурган элчи ойлуу жылмайды:

www.bizdin.kg

– Карынын сөзү – калк казынасынан чыккан сөз. Уга турган жана көңүлгө түйүп ала турган сөз болду. Хан Тейишке айтканыңызды сөзмө-сөз жеткиремин. Азырынча кол аттантуу жөнүндө сөз уюп турат. Өкүмдарлар ойлонушаар. Хан алдында жыйында, Иншалла, бий аке айткандай, жети өлчөп бир кескен бүтүм болор.

Сарысейит бий курбусуна жылуу баш ийкеп, сөзгө кошулаарда бешим түшкү намазга азан чакырылды.

Азандын оболой созулган мукам чакырыгына коштоло айылдын өйдө жагынан чубаган элдин аягы бириндеп суюла баштаган. Балдарга тигилген мектеп боз үйдөн арыраак бетегелүү дөңсөөгө жай намаздарын жайып, жүздөн ашуун киши жай алышып, намаз маалын күтүүдө. Кечиккендер арттан орун алууда.

Даарат алышкан Сарысейит бий, Абдулазиз хан элчиси, Сарыкалча карыялар алдыга өтүп, имам Махмуттун эки жагынан орун алышты. Такбир айтылып, сүннөт төрт ирекет окулгандан соң Махмут ажы алдыга өтүп, кутпа аятын окуп, кутпа осуятын улантууну хан элчисинен өтүндү. Салабат сактап ордунан тура имамдын катарына келген элчинин:

– Ассалому алейкум алатоолук ак калпак ислам жааматы, ва Рахмату Аллаху, ва баракатуху, – деген кырааттуу бийик үнү жамааттын көңүлүн бурду. Медресе, мектеп босогосун аттабаган Ала-Тоо койнундагы кең пейил кыргыздардын мусулманчылыкка агедил ынтаа коё, алдыдан жакшылык күтүп, жан дүйнөлөрү жадырап турганына ыраазы болгон аалым сөзүн улады. – Оо, тоолук боордошторум, Алла-Тааладан жакшылык күткөн момун мусулмандар! Силерге, элиңерге Алла-Тааланын рахматы, рахманы, рахими жаасын. Ала-Тоо койну береке-бейпилдикке төнүп, ырыскы кенч болсун. Кара кыргыздын өкүмдары хан Тейиш ушундай салам дува айтууну мага тапшырды эле. Касиеттүү намаз үстүндөгү кутпада улук салам дуваны кабыл алгыла. Жамы кыргыздын кол баштоочу уулдары Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак

www.bizdin.kg

баатырлардын шейит кетишине аза күтүп турганын жана боордоштору силерге көңүл, кайрат айтып, артынан жакшылык тилөөнү хан Тейиш мага тапшырды. Хандын кайгылуу азасын, арттан жакшы тилегин кабыл алгыла. Баатырлардын ордун толтураар үрөн-бутагыңар өнүксүн. Айылда боз үй мектебиңер бар экен, балдарыңарды окуткула. Аллахи-Тааланын улук илимине умтулушсун. Жакшы окуган зээндүү балдарды Наманган, Анжияндан окутабыз. Билимдүү, илимдүү аалым болуп эл кызматында болушат. Ошого катар хан ордосунда иштөөгө жарай турган азаматтарды өстүрөбүз. Иншалла.

Элчинин сөздөрү намаз жамаатын жакшылыкка багыттап турду.

– Ылайым ошентсе экен!

– Оозуңа май, – деген жандуу кобурга удаа такбир угузулуп, имам ордуна өтүп, парз намазы башталды.

Алдыдан жакшылык күткөн маанайда намаз аяктап, жамаат бири-бири менен, имам менен кол алышып тарады.

Конок өргөсүндө өткөн сыйдан кийин шырдак, ала кийиздер үстүнө кара саксак көлдөлөңдөр төшөлгөн дөңсөөдө Сарысейит бий, Сарыкалча жана башка кадырлуу карыялар хан элчисин ортого алып, дилмаек куруп отурушат.

Кылымдар түпкүрүнөн жанган кыргыз дил мүрөгүнүн адамдык бийик ысымга төп болууга жан үрөгөн жашоо жана күрөш жолун кабарлагансып күңгүрөнө мукам созула, ийкем кайрылган комуз күүсүнө кулак төшөп, уй мүйүз тарта отурган жамаат дымып турду. Күүнүн акыркы кайрыгын кайталаган кара сакал, тарам кызыл жүздүү салабаттуу Мергенбай комузун тизесине жөлөп, сыр аяктан кымыз тата, муюп отурган элге көз жиберди.

Күүнүн маңызына төнө, ойлору алыска чабыттап эл үнсүз.

– Алхамду Иллахи, – деген Абдулазиз хан элчисинин тоболуу да, таңкалычтуу да үнү ой чабытында отурган элдин көңүлүн өзүнө бурду:

– Урматтуу бий аке, карыялар, кадырман жамаат! Мен сиздер менен намазды бирге окуп, кыргыз айылдары үчүн салттуу дил субхатында болгонума бек курсантмын. Байыркы кыргыз элинин кеңпейил меймандостугу, жоомарттыгы, жоокерлиги жаатында кабарым бар эле. Бүгүн уккан комуз күүсүнөн азгантай кыргыз элин кылымдарды аралата кыйырын буздбай сактап келаткан күч жөнүндө элдин түбөлүктүү дөөлөтүн баяндаган кереметтүү дастан уктум. Аллахи-Тааланын элге берген дил байлыгын туйдум. Үч кылдуу жөнөкөй аспап комуздан күү чыгарып, анын күүсүнөн элдин кебелбес адамдык рухун баяндаган комузчуга чексиз ыраазылык билдиремин.

Бүгүн мен бир өмүр чындыгына көзүм ачылды. Биз, ичкеридегилер, тоолук кыргыздарды мечит-медресе босогосун аттабаган, намаз түшүнбөгөн, сүрөөлөрдү жаттап алып, кайдыгер окуган түркөй мусулманчылыгы жетишсиз эл деп билер элек. Аллахи-Таала насип эткен экен. Бирге намазга туруп, кутпа сөздөрүн бирге эшитип, тоолук туугандар, силер мусулманчылыгы, адамдык руху бийик, ажайып эл экениңерге күбө болгонума курсантмын. Сөз маанисин түшүнбөгөн куран сүрөөлөрүн Кудайга таянып, демин туюп, күчтүү кудретине кулдук этип, жан дүйнөлөрү көлбүп, жаадыраган көздөрүнөн ыйман төгүлүп турган мусулмандарды көрүп, өзүм да тобого, ыйманга эргип турдум. Аллахи-Таала силерди мусулманчылык үчүн жараткан кеңпейил, ак ниет, аруу эл экениңерге күбө болдум. Кудай алдында бар болгула! Үрөөнүңөр өссүн!

Элчи сөзүн аяктаганда, жыйын бир тынымга дымып турду.

– Хан элчиси сизге элдин ыраазылыгын билдирейин, – элчиге жылуу көз жибере сөзүн улаган Сарысейит бий, – Кудай-Таала көчмөн кыргызды жарат-

www.bizdin.kg

канда анын ыйманына кам көргөн экен. Мечит, медресебиз өзүбүз менен бирге көчүп-коно, өзүңүз көргөндөй айылдын жанында болот. Пейили кенен, ниети ак, бейтааныш караңгы конокко коюн союп, сый көрсөткөн жоомарттыгын Алла-Таала шарият жолуна төп жараткан экен. Адал эмгеги менен күн көргөн эл намаз сүрөөлөрүнүн көңүлдү көшүткөн кырааттарын угуп, эки дүйнө жакшылыгына аралашып жүргөндөй, маанайлары жаркып турганын көргөнүңүзгө Алланын Рахматы болсун. Ордо мечиттеги момун мусулмандардын жамаатына тоолук мусулмандардын салам дувасын айта барыңыз, Аллоху Акбар, – деп алакан жайды элчинин агынан жаралган ойлоруна ыраазы боло.

Элдин каалоосу менен айылдан аркы керүүдө эр эңиш, тыйын эңиш, жамбы атыш оюндары көрсөтүлдү. Оюндан кийин кыргыз салтына ылайык хан элчисин эки кошчусу менен Сарыкалча карыя конокко алды.

Эртеси чоң шашке маал. Конок өргөсүнүн алдына бий айылдын кадырман карыялары менен бой тартып калган неберелери Маматкул, Дөөлөткулду жанына алып, хан элчисин узатуу сыяпатында турду. Чоң үйдөн салабаттуу эки курдашынын коштоосунда чыккан байбиче бийдин жанында.

–Абдулазиз бек, – бий элчиге кайрыла сөзүн улады. – Хан кенешине айтылган убагында, Иншалла, барабыз. Кайрат айтып, көңүл көтөргөн ак-санааңызга ыракмат. Ыраазыбыз. Ага төп кыргыздын ак калпагы, ак кементайы таберик болсун.

Бий байбиче алып келген кыюлуу, кырбуусу бийик ак калпакты элчинин башына кийгизип, кайыр жакалуу ак кементайды үстүнө жапты. Кызматтагы жигит кермеден булгаары капталган, кыргыз ээри токулган кара кашка аргымакты жетелеп жакын келгенде:

www.bizdin.kg

– Токто! – деген Сарыкалча карыянын бийик үнү угулду. Карыя суйдаң жалдуу, зээри бийик, омуролуу токулгасынан кыргыз наркы туюлган илбирс чаар атты жетелеп, бийдин тобуна салам айта келди да:

– Бий, сен мансап адамысың. Хан элчисине ат тартканың кошоматка окшоп калат. Эп көрсөң, хан элчисине бакыр киши мен ат тартайын. Эл тарткан тартуу болсун, – деп илбирс чаарды коноктун алдына тартты. Карс-карс күлгөн бий:

– Атыңа ыракмат. Мени жыктың, айтканың жүйөөлүү. Кана эми, Абдулазиз бекти өзүң атказ, – деди.

Ак калпак, ак кементайчан элчини Сарыкалча карыя колтуктап илбирс чаарга аткарды.

Хан элчиси ээрге оңдонуп отура, Сарыкалча карыянын колун кысып, бийге, узатууга чогула калган элге кайрылып:

– Боорлоштор, журт атасы, урматтуу бий! Мен азбы, көпбү хан ордосунда калк арасында агедил кызмат өтөп, кыргыз уулу катары эл аралап, үзүрлүү өмүр сүрүп жүрөмүн деп ойлоор элем. Өмүр үзүрү өзүңдүн адамдык насилиңди тааныганда гана артаарына көзүм жетти. Кечээтен бери тоо койнунда эл менен намаз сый көрүп, сыр алышып, ой жаңыланып, кыргыз болгонума курсант болуп, айылыңардан аттандым. Кудай алдында бар болгула. Кылымдар түпкүрүнөн бери кыргыз эл көрөңгөсүн коротпой сактап келаткан Ала-Тоо эли, – деп бий башында карыялар менен кол алышып, байбичелерге, элге төшүн басып ызаат көрсөтө ат тизгинин бурду.

– Кыргыз уулу, хан элчиси, бек, ак жолуң ачылсын! Аллахи Акбар!

Элчиге ак жол тилеп алакан жайган бийге эл кошула, айыл үстүндө Аллахи-Тааланын аты жаңырды.

Түлкү баатырдан кийин бийге караан болуп жүргөн Эркиши Маматкул, Дөөлөткул өспүрүмдөрдү жанына алып, хан элчисинен ат мойнунчалык аралык сактап, аны түш жарым узатууга жөнөдү.

www.bizdin.kg

## Хан алдындагы кеңеш

1671-жыл, теке айынын үч жаңысы. Ташкен.

Хан Тейиштин Боз-Суу жайыгындагы жайкы көчмө ордосунда казак ханы Тооке катышкан кара кыргыз бийлеринин чукул кеңеши өтүүдө. Кеңеш төрүндө катар коюлган күрсүлөрдө эки элдин хандары катар отурушат. Өкүмдарлардын оң тарабында Сарысейит баштаган арка бийлери, сол тарабында Ашыра калча баштаган эки дарыя[1] бийлери жагдай ийиле орун алышкан.

Ордунан тура кеңешке көз жиберген Тейиш хан:

– Урматтуу калайык аталары, эл жүгүн аркалаган билермандар биздин өтө зарурат[2] кеңешибизге келген казак элинин өкүмдары Тооке акылманга боорloштук ыраазылыгыбызды билдирели жана да салам айталы, – деп тыным жасады.

Тооке хан ордунан козголо колун көкүрөгүнө коюп, кеңешке ыраазылык билдирген соң Тейиш хан сөзүн улады:

– Бүгүнкү кеңеш биздин атамзамандан келаткан элдик намысыбызды, бизди эл катарында сактап келаткан салт-наркыбызды колдон чыгарбоонун аракетине арналат. Бул аракеттин заруратtыгы кыргыз элинин үстүнө кара булут айланып, калың калмак каратаандай каптап, эки элдин берекелүү ата конуштарын тартып алып, азуусун бүлөп турганында. Бул абал ар бирибиздин санаабызды санга бөлүп турат. Ушундай кыйын кезеңде кол баштоочу эрлерибиз Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар арабызда жок. Алар алыскы нойгут жеринде жаңжалдуу кыз Жаңыл Мырзанын жаасынан шейит кетишти. Шейит арбактар элинен кабар күтүп турат. Аларга Аллах-Тааладан жакшылык тилеп, Курани каримдин аяттарын угузалы.

---

[1] Эки Дарыя – Сыр дарыя, Амур дарыя.

[2] Зарурат – өзгөчө маанилүү.

www.bizdin.kg

Башында чатыраган ак селде, боз суп чепкенчен Хаким домулла кеңеш ортосуна чыгып, чөктүшө отуруп, Йасин сүрөөсүн кыраатын келтире окуй баштады. Касиеттүү сүрөөнүн кыраатына муюп, алыстагы шейит баатырларды көз алдыларына келтире кеңеш баш ийе үнсүз отурууда. Теребел мелтирейт. Куран дувасы окулуп бүтө, Тейиш хан үн катты:

– Аллахи-Таала элинин дувасын кабылдап, Үчүке, Түлкү, Ата Козу, Чабак баатырларга жаннаттан жай берип, калайык калктын аракетине ак жол ачсын! Кеңештин алгы сөзүн бир тууганыбыз хан Тоокеден угалы.

Дымып турган кеңешти кобур аралап, улук конокко көздөр тигилди.

– Ассалому алейкум, азиз баурластарым, аур күндерде оңаша болган каруулastарым! Бүгүн сендер менен аңаша касиет-кайгыңарды бөлүсүп, пикирим айтаарыма куанып турмын. Баурластарым, түпкү туусымыз айрылгайсыз, бир да каруулastарым дегеним, хан акемиз Эр Эшим кыргыз эл басылары Манап, Көкүм баатырлар менен биргелесип калмак басы Карахули Эрдене бошоктунун казак-кыргызды басып, кулданууну көздөгөн сансыз түмөндөрүнүн алдын кайрып, жан кыя согысып, эки элдин жергесин сактап калганы бизге мурас эмесми! – деп Тооке хан демин жыя тыным жасаганда:

– Ак сөз да!

– Эсил бабаларыбыз!

– Экөө бирдей шейит кетишпедиби!?

– Эли үчүн жан кыйган эрендер! – деген азалуу кобур угулду. Ою кеңештен орун тапканына көңүлү толгон конок хан сөз улады:

–Айткандарың жанымызга дем берип, алга сүрөйттүр. Рахмет, туускандарым. Сүрөөгө бүгүн муктажбыз. Анткени калмактардын найзалары казак-кыргызга карай сунылып турады. Галдан бошокту калың калмак колын күштендырып, уакыт күтүп турган ушыры. Таудан түскен селдей каптап кирери

www.bizdin.kg

анык болып туру. Биз азырынша бейкамбыз. Эки елди бириктирип, каруу-кушымызды азырлабасак, каламан калайык-калкты кыргында калтырамыз. Сондыктан жоокерлеримиздин катарын калыңдап карууландыруу өте зарурат иш. Будай солай кыйыншылыкта кол баштоочу жаангер эрлеримиз Үшүке, Түлкү эсил баурларымыз арабызда жок, нойгут жеринде шейит жатысады. Бүгүнкү кеңес эсил шейиттерибиздин кунын доолап, куран окууга барууну тастыктайт деп ойлойбуз. Эки елге тең кадыры өткен калк карыткан кадырман карыя Сакемизге баурластык салам жана көңүл айтамыс.

Сөзүн бүткөн хан Сарысейит бийге аёолуу көз жибере ордуна отурду. Ага көкүрөгүн баса ыраазылык билдирген Тейиш хан:

– Шейит баатырлар элинен кабар, бата дува күтөөрү ак. Акылды кысталышта жолду, кыйын кырдаалда алысты көрө билген, байыртадан ой-акылдын кенчи, алдыдагыны баалай билген кутман карыяларыбыздан үйрөнүп келебиз. Бүгүн да Тооке хан айткандай, казак, кыргыз эки элдин карыясы Касым бий акебизден сөз угалы дейм, – деп Сарысейит бийге көз кырын жиберди. Сөз ыргагынан, үнүнөн анын төлөөсүз кош кайгысын эсине салбайын деп астейдил аяганы туюлду.

Касым бий ордунан тура Тоокеге башын ийе ыраазылык билдирди да элге кайрылып:

– Биз менен оор күндө бирге болуп, касиретибизди жеңилдетип турган хан Тоокеге ыраазылык билдирели, – деди. Анан демин жыйып, Сарысейит бийге ызаттуу көз жибере сөзүн улады:

– Баарыбыз туу туткан кеменгер бий агабыздан сөз угуу лаазым болуп турат.

Сексенди ортолоп калса да келбетинен тая элек кажарлуу карыя ордунан тура сөзүн баштады:

– Баарыбыз – адам да, арбак да, Кудай алдындабыз. «Кимдин кайсы жерде, качан өлөөрүн Аллахи-Таала гана билет» деген аят куранда бар. Ушундан

www.bizdin.kg

бирөөлөр сактыгынан, амалдуулуган көп жашап, бирөөлөр сак боло албаганынан өлүп калбайт. Кудай-Таала буйруган өмүр ченеми бүткөндө ар кандай себеп менен кайтыш болот. Жаратуучу да, өлтүрүүчү да, кайра тирилтүүчү да, колдоочу да, коргоочу да, жазалоочу да Кудай-Таала өзү. Өзүнө тобо кылып, бергенине ыраазы болуп, алганына кайыл болуп, берерине үмүт күтүп жашайбыз. Уулдарды Кудай өзү берип, өзү кайра ажал маалы келгенде алды. Жеткен ажалга Жаңыл кыз себеп болуп жаралган. Кудай-Тааланын амири кайткыс да. Мындан улам жеткен ажалга кун жок да.

Карыя бийдин сөзүнө удаа:

– Жарыктык десе!

– Ата-баба салтычы!

– Бир жагынан айкөл ой?... – деген кобур угулду. Карыя бир аз кобурга кулак төшөп турду да сөзүн улантты:

– Ооба, ата-баба салтында кун алуу бар. Бирок азгантай нойгут туугандарга түмөн кол курап баруу өөн көрүнөт. Менин оюмча, кыргыздын аттуу-баштуу бир нече карыялары, эл башылары өз малыбызды алып барып, шейиттерге куран аш берсек деймин. Жаңылдын атасы Арзыбай даана киши деп угам. Жаңыл Мырза атантып кыз өстүргөн эл менен болор. Жаңыл Мырза арзан жан эмес. Анын баатырлыгына акыл-эси, адамгерчилиги бап экени анык эмеспи. Баатырлардын кунуна мени алгыла, кааласаңар, аларга курман чалгыла, кааласаңар, бүлө кылып алгыла дээри бышык. Ошентип элде ынтымак, тынчтык орнойт деген оюм бар.

Бий сөзүн бүтө электе:

– Төрт эрдин куну бир кызбы! –деген ачуу үн чыкты. Ага удаа дагы кобурлар угулду:

– Андай эмес, айкөлдүк кун!

---

[1] Атантай Жоомарт – Чыгыш легендасындагы кыргызда Атантай аталып калган бирөөнүн азаты үчүн жан кыйган Хатимтай деген жоомарт адам болгон.

www.bizdin.kg

– Баракелде, Атантай Жоомарттык[1]...

Кызуу кобурларга аралаш:

– Таксыр хан эби келсе мен да оюмду ортого салайын, – деп Тейиш ханга башын ийе карабагыш Калматай бий сөз алды:

– Көптү башынан кечирип, калк карыткан бий акебиздин оюнан өөн табуу кыйын. Терең жүйөөлүү, адамдык дилге жарашкан бүтүм болду. Атагана, жамы элдин ою бир жерден чыкпайт тура. Элдин «төрт эрдин куну бир кызбы?!» – деген өксүгү угулду. Эрендеринен айрылып өксөп турган элдин өксүгү, буга кулак салалы. Өзүнүн ээн баш уруусу нойгутту теске сала албаган нарксыз, алсыз эл экен деген өзгө элдердин сынына калабыз. Дагы өтө оор жүйөө – азуулу жоо калмактын алар коркуп турган кол баштоочу Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак уулдарынын кунун кууй албаган ырксыз чабал эл деп баскынчылоо дымагы артат. Кадырман бий аке бул жүйөөлөрдү жок дебес. Алгыр куштун кош канатындай айрылгыс эки элдин башына кара булут айланып, калмак чапкыны босогодо турганда «май көл», «сүт көл», кой үстүнө торгой жумурткалоочу маалды күтпөйлү. Элдин убал-сообун аркалаган бийлер, билермандар чама чаркыбызды чактап, жамдап кол курап, баш оонанын жаңысынан кечикпей нойгутка аттаналы. Хан амирин туткан баштуу элбиз. Элдин иши бүтүм менен ырасталышы абзел.

Калматай бий өз сөздөрүнө ыраазы болгон тейде Тейиш, Тооке хандарга көз жибере ордуна отурду. Калматай бийдин ойдологон сөздөрү кош кайгы ээси Сарысейит бийге сылыктыктан төмөн тиерин туйган Тейиш хан:

– Карабагыш элинин кадырлуу бийи сөзүңүзгө аралжы. Майкөл, сүткөл жомокто гана болорун ойноо балдар да билет эмеспи. Саке бий акебиз айтканы – адамдын пейили түзөлүп, ыйманы жылоолосо боло турган өмүр чындыгы. Ошол чындыктын үстүнөн чыгуу мүмкүндүгүн издейли, – деп кеңешке көз жиберди. Эки бөлүнгөн ойду таразалагансып ке-

www.bizdin.kg

ңеш тынчый отурду. Хандардын сол тарабында ойлуу отурган сөөлөтү, дөөлөтү хандыкка тете Шырдакбек ордунан тура төшүн басып кеңешке ызаат көрсөттү да:

–Арийне, андай мүмкүнчүлүк адам уулунун өмүр жүйөөсүнүн өзөгү. Аны Алла-Таала ошондой жараткан. Бий агабыз жарык дүйнөдөгү өмүрдүн өзөгүнө жарык түшүрүп, ошол жарыкты элдин тынччылыгына коюу мүмкүнчүлүгүн алдыбызга тартты. Калайык калктын арзыганы да ушу. Ага жетүүсүнө кээ бирлеринин жеке мүдөө-доомаⁿты кедерги болот. Алдыда бизди аңдып турган абалды акыл таразадан өткөрүүгө аракеттенели. Бир уруу эле нойгут түтүнү – жаа тартаарлары даяр, мерген, жоокер, таштын уюлундай бекем эл. Бий агабыз айткандай, Жаңыл Мырза арзан жерден чыккан жок. Ошол таш уюгундай бекем жоокер элдин өзөгүнөн өтүп чыккан өзгөчө жан. Бул мактоо эмес, чындык. Чындыкты көзгө сая карабасак, адашабыз. Жаңыл адамдык көксөөсү акылына моюн бербеген жан. Айтылуу баатырлардын канын мойнуна алганда ал ургаачы намысына өмүрүн байлап койгон. Ал муназага келе койбойт. Калмакты сүрүп чыгарган жаа тарткан мергендери даяр. Кун доолагандарды жаа жебеси менен тосуп, эли менен чөлдөн ары түпкөрүгө ооп кетиши ыктымал. Ошондуктан кун алууну акылга чегерип, жети өлчөп, бир кесүү абзел. Жаңылды капыстан колго түшүрүүнүн амалын ойлонолу, – деп Тейиш, Тооке хандарга көз кырын жибере тыным жасады. Ошол маалда:

– Таксырлар, мен да оюмду айтайын, – деген бийик үн угула, узун бойлуу, кең далылуу эндей ак калпагы, желең төө жүн чепкени тулкусуна бап келген, карасур, чапжаак, жаак сакал, бүркүт кабак орто жаштагы киши буулуга сөзүн улады:

– Кудая тобо! Төрт эрдин канын бир төккөн нойгуттун көк бет кызына не бир эрлерге ылайык мактоолор айтылып, калтаарып турганыбызга ичим

күйөт. Ушунчалык алсыз, арсыз, кунары качкан элбизби, бир кара далы долудан калтаарыган?! Сулайман сурак албаган, Искендер изин салбаган, калың кытайдын кыйырын бузган Манастын эли эмес белек?! Эмнеге бошоп турабыз, силкинели, чыйралалы. Аз болгондо бир түмөн кол курайлы, жебе менен тосуучу мерген канкор кызды күч менен, амал менен колго түшүрөлү. Түндөсү шайдоот жүрүш салып, күндүзү тири жанга бой катпай тымызын, аяр эс алалы. Жер уусун, эл жайын билген Аккочкор хан уулун баш кылып алдыга аяр чалгын жиберип, жоо жайын биле барып, айылды түнкүсүн басып, Жаңыл тажаалды туткунга алалы. Элге залал кылбай, жай сүйлөшүп, кун алып кайталы. Мырза атанган Жаңылды өмүрү өткөнчө күң кылалы. Баатырларга курмандыкка чалса болор эле. Бирок канкор кыз үчүн бул өтө жеңил жаза болот. Аны жерге да бербей, эрге да бербей күң туталы. Өмүрүнүн ар күнүн азап менен санап өтсүн. Нойгут эли тынч күн көрсүн. Эрте күндү кеч кылбай аттаналы! Биздин уруу беш жүз жарактуу жоокер менен эл түмөнүнө кошулабыз. Түмөн башыга карабагыш Калматай бий жарайт.

Жаак сакал сөзүн бүтө, тамагын кыра сакалын сылап, айткандарына көңүлү толгон тейде ордуна отурду.

– Туура кеп болду.

– Эрлер кунсуз калмак беле, – деген кобурлар басыла:

– Таксыр, – деп Тейиш ханга кайрыла сөз улады ичкилик мыктысы Ашыра калча:

– Жамы кыргызды толгонткон касиреттүү кеңештеги кептер купулума толбой турат. Шейит баатырлардын кунун кубалоо калайыктын намысына тиешелүү оор иш. Ой калчайлы. Нойгут да өзүбүздүн каны бирге кыргызыбыз. Кун алалы салт боюнча, элге жабыр келтирбейли деген төп ой көңүлгө толумдуу турат. Жаңыл Мырза түбөлүк күң болууга жаралбаганын танууга болбойт. Манас хан убагындагы

www.bizdin.kg

өзгөчө жана баатыр нисалардан[1] соң кыргыз санжыра өтмүшүндө Жаңыл Мырзадай бийик ниса болбоптур. Түмөн кол баштап, калмак баскынын жергесинен сүрүп чыгарган, элин коргогон чыгаан баатырлыгы Кудай алдында болгон иш. Ошол айкашта бетме-бет найзалашып, калмак колбашысын сайып түшүргөнү, анын Кудай-Таала көз салган баатыр ниса экенин күбөлөп турбайбы?! Канкор, эр өлтүргөн карабет деп каргабайлы. Анын баркы түшпөйт. Бул аны мактоо эмес, танылгыс чындык. Ага тике карабасак, адашабыз. Анын айылын тымызын басып, элге тийбей өзүн туткундоо зарурат. Туткун болгон баатыр ниса күң болуп бербейт. Жанын кыюуга даяр турат. Муназага келтирип: «баатырлардын канын мойнуңа алдың, ага кунду өз каның, жаның менен төлө» – деп жаа тарткыч жоокерлери менен калмактын алдын тостуруп жесекке коелу.

Ашыра калча демин жыя сөзүн узатарда:

– Туура айтылды.

– Каны, жаны менен төлөсүн баатыр кунун, – деген кобур аралап, кеңеш түйшөлө калды. Сөзү орун тапканына демдене:

– Азгантай кыргыз чачыла жүрөбүз, чогулалы. Нойгут туугандар менен жай акылдашып, быякка көчүрүп алалы. Сох дарыянын баш жагында бышыкчылыктуу, малга да ылайык жерлер ээн турат. Ошол жерлерди нойгуттарга ээлетелик. Бирге бололу жамы кыргыз, – деп Ашыра калча ордуна отурду.

– Таксыр, эр киши түгөт болгонсуп, катын кишини жесекке коебуз дегенибиз кандай? – деп хан Тейишке көз жибере буулуга оюн улаган карабагыш Агатан баатырдын жоон үнү дымактуу угулду:

– Жаңыл Мырза жаа тартат экен деп калтаарыган сөздөр жанга батып турат. Намыс кайда!!! Жаңылдан ашкере мерген жигиттер толуп атат. Керек

[1] Баатыр Ниса – ниса ургаачы деген мааниде. Курани Каримден оогон сөз.

www.bizdin.kg

болсо, калмакты утурлап алдын тосуучу жесекке беш жүз эр жигит менен мен чыгайын, таксыр. Жаңылды кармап келип, колу-бутун кишендеп, өмүрүн азап менен өткөрөлү. Баатырлардын арбагы ыраазы болсун. Аны туткундоого кол алдында мен барайын. Көп кечикпейли, аттаналы. Колду биздин бий өзү баштайт.

Бири-бирине төп эмес ой жорууларды таразалагансып, кеңеш дымып турду. Ойлуу отурган Тооке хан ордунан тура:

– Курметли кенес жамааты, кадырласым хан Тейис, мени кеширгейсилер. Суранмас сөз сүлегөө турдум. Быри-бырине карсы осол таризде баары да жүйөлүү таасын ойлор, кыргыз халкының сөз казнесинин шенемсиз байлыгы, ой шабыты, акыл мелжите шалкыган быйиктиги мены ергитип орнымдан тургызды. Жаңыл Мырза жане анын харакетлери бырде элин коргап колбастаган эр жүрөк жахангер, бырде айел абийрин өлимден бийик туткан асылзаде кыз, бырде сабырдан тайыган канкор, бырде айел бахтысын саргара издеп жете албаган, мынэ еми жетээрде абийир менен өлүм айкашып, абийирин коргап, өлүмди тосуп өксүгөн армандуу кыз көз алдыне тартылды. Баарына муюп турмын. Баары жүйели. Калайын кабыл алемыз, ойланалы. Эрлер кунсуз калмасын. Соны мен катар эле залал келтирбей муназага келүү, Жаңылды колго түсүрүп, анын да арманын угуп, эрлердин кунун жанын мен, каның мен акта деп жахангер кызды калмактын найза кылычын тосууга абзел. Елди коргап жан кыят, же ел алдында да жүзы ак болот. Нойгутту жамы кыргызга бырыктирүү деген ой жүйөөлы. Онаы эл менен акыл косып, секин орындастыруу керек деген оюм бэр. – деди да, сөздөрү кеңештегилердин купулуна толуп турганын баамдап, ыраазы боло отурду.

– Ханга лаазым сөз, – деген үнгө удаа бугу бийи Жамангул:

– Туура. Ханга ылайык сөз уктук. Ыракмат таксыр,– деп Тоокеге көз жибере сөз улады: – Мен калк

www.bizdin.kg

атасы Сарысейит акылмандын адамкерчиликке, мусулманчылыкка төп бүтүмүн колдоп турдум эле. Сөз угуп отуруп Жаңыл Мырзанын жаалын туйдум. Кыргыз кыргыз болгону, ургаачы затынын чыгааны Айчүрөк Семетейге жетүүгө кыз намысын ашыктык даргөйүнө алдырган эле. Жаңыл Мырза аялдык туюмун эргите, купулуна толуп турган Түлкү баатырды кыз намысы үчүн шейит кылды. Жарык дүйнөгө бир келген теңдешсиз чыгаан ургачы...

Жан туюмдарынан экөө тең жашоого бир келген теңдешсиз жаралган адам насили экени көрүнүп турбайбы... Мындай жандар күң болуу үчүн жаралбайт. Жаңыл Мырзаны туткундап, шейит баатырларга курман чалса болор эле. Бирок баатырлардын шейит кетүүсү аз келгенсип, мындай жанды өлтүрсөк, кыргыз бөксөрө түшөөрүн баамдайлы. Ошол себеп аны калмакка каршы коюп, каны-жаны менен кун төлөтүү деген ойлорго кошулалы. Нойгуттан кун алабыз деп бир боор элибизди бүлүнтпөйлү.

Бий сөзүн бүтөөрдө:

– Жаңыл Мырза, Айчүрөк жөнүндө угумдуу сөз болду, – деп ордунан тура кайра отурду кара сакал салабаттуу киши.

Сөзү кубаттоого татыган Жамангул бий орун алды. Айтылган сөздөрдү таразалай ойлуу отурган Тейиш хан:

– Ашкере терең, салмактуу ойлорун ортого салган урматтуу Тооке ханга жана сөз каткан чечен билермандарга ыраазы бололу. Кун доолап элге жабыр келтирбейли деген ой бир ооздон айтылганына курсант болуп турам. Кол курап баруу нойгутка эмес, аңдып турган калмакка кыр көрсөтүү болот. Жаңыл Мырзаны туткундоо менен кун бүтөт. Анын болуму жана тагдыры жаатында таанылгыс жүйөлүү, олуттуу ойлор айтылды. Биз ошого кошулалы. Жаңыл Мырза жанын найза учуна, кылыч мизине тосуп, эрки менен шейит баатырлардын кунун төлөсүн. Калмак жеңилгенге чейин айкашта өзүн актап эсен чыкса, эл

www.bizdin.kg

өз кызын бооруна батырып алар. Кеңештин сөз чарасы толду дейм. Баш оонанын аягына жеткизбей чамачаркыбызды жамдап кол топтойлу. Түмөн кол көптүк кылар, миң чамалуу куралдуу жигиттерди жер чеги Алай Жуукудан[1] аттандыралы. Кол баштоону карабагыш бийи Калматайга тапшыралы деген ой төп угулуп турат. Кандай дейсиздер? – деп бүтүм кылды. Хан бүтүмү кеңештен:

– Туура болот.

– Бий – жоокер адам.

– Ага колбаштоо жарашат, – деген колдоо тапты. Элдин оюн угуп, ичинен тынган Тейиш хан сөзүн улады:

– Ыракмат. Бүтүмгө кубат берип колдогон Тооке хан сизге, эл жүгүн аркалаган акылман лөктөр силерге Кудай-Таала ыраазы болсун. Эми сөздү колбашы Калматай бийден угалы.

Болумдуу чымыр тулкусунан кайрат, чечкиндүүлүк туюлган эр ортону Калматай бий:

– Калк башына касирет түшүп турган кыйын маалда мага ишенич арткан хан кеңешине, таксыр Тейиш хан сизге жана биздин кеңешибизге акылман оюн, бир туугандык боор толгоосун кошкон таксыр хан Тоокеге, бизди арка, бел тутуп, жакшылык тилеп турган карааны калың кара кыргыз элге ыраазымын. Кудай ыраазы болсун. Мага жүктөлгөн кол башы озуйпасынын оордугун жаным туюп турат жана аны так көтөрүүгө аракеттенемин. Өтүнөөрүм – эл, жер жайы менен тааныш ханзада Аккочкор баатыр экинчи кол башы катары биз менен болсо дейм. Хан бүтүмүнө ылайык кол барар жерге чукул Алай Жуукуда, биздин айылда баш оонанын эки эскисинде чогулсун. Кайсы элден канча жоокер келээрин кеңеш бүткөндөн кийин бийлер мага жолугуп такташсын. Бекем эскертээрим, жигиттердин ар биринин найзасы учтуу, кылычы курч, жаасы серпилгич, жебелери жетиштүү болсун. Сууту канган кош аты менен ке-

[1] Азыркы Алайкуу.

www.bizdin.kg

лишсин. Жаңыл тажаалдан баарын күтүүгө болот. Казатка баратышканын жадында тутуп, өлүм менен беттешүүгө кайыл келишсин, – деди. Бийдин катаал жоромолдору орун таппай кеңешти:

– Казатка дегени орунсуз.

– Өзүбүздүн элге казатпы?! – деген жандуу кобур аралады. Кол башы бий ордун ээлегенден кийин:

– Ырасында өз элибизге казатка аттануу коошпогон сөз. Аны кол башы өзү түзөйт, – деп Калматай бийге көз кырын сала Тейиш хан сөзүн узатты:

– Бизди өтө зарурат жана ашкере аёолуу иш күтүп турат. Кеңеште ортого салынган салмактуу, жүйөөлүү ойлорду акыл таразасынан кылдат өткөрүп, элдин амандыгын, ынтымагын көңүл борборунда тутуп, колду кыраакылык, билермандык менен баштайт деп Калматай бийге үмүт артабыз. Нойгут туугандардын беймазалыкта дүрбөп, арга издеп турган чагы. Жүрүш элдин көңүлүн жайгарып, Жаңыл Мырзаны колго алуу менен бүтөөрүнө акыл токтотулганы жамы кыргызга төп келери ак.

Шейит баатырлардын арбагы Кудай алдында ыраазы болсун. Ишибизге Улук Жараткан эгебиз ак жол ачсын! Аллоху Акбар!

Хан алакан жайып, кеңеш ак бата менен соңуна чыкты. Алдыда ашкере аёолуу да, өктөлүү да, кооптуу да кырдаал күтүп турду.

## Кооп жана үмүт

1671-жыл. Жаз чыккан.

«Арка, Анжияндан кун чабуулу келатат дейт» деген узун кулак нойгут айылдарын дүрбөлөң түшүрүп турат. Байкерчиликтегидей уруу, уруу болуп, ата конуштарына конгон калың айыл көрүнбөйт. Эл тиричилиги көздөн оолак, кокту-колоттордо бириндеп конуш алышкан. Арзыбай эки-үч түтүн ымалалаштары менен ата конушу Кең өтөктү конуштаган.

Жайлоого көтөрүлгөндөн бир жума өтө Жаңыл Мырза калмакты сүрүп, Чомотой, Орозой баатырларды баш кылып, жүз башыларды жортуул кеңешке чакырып масилет курган. Ушул тапта жүз башылар кезмектеше чакан жоокер тобу менен туш тараптан келүүчү ашуу белдерди кайгуулдап, кырдаалды көзөмөлгө алып турушат.

Күн чоң шашке. Арзыбай бийдин он эки канат үйүнө он уруу нойгуттун бийлери, билерман эл кишилери сый үстүндө кеңеш куруп отурушат. Бөжөй уруусунан баарынан жашы улуу Бактыяр карыя төрдө, эки тарабынан уруу бийлери курагына жараша орун алышкан. Арзыбай карыяларга ызаат көрсөтө, төрдөн төртүнчү эр жакта сөзгө кулак төшөп ойлуу отурат. Масилет баштала, сөз улануда.

– Кантебиз, кооптуу күн чукулдап келаткан сыяктуу. Соода жүгүртүп, Анжиянга каттап турган Чоочунбайдын айтууна караганда Анжыян, Арка биригип, Ташкенде, Тейишкандын ордосунда жыйын болгон имиш. Казак Тооке да келиптир деген кеп бар. Жыйында нойгуттан кун кубалоо кеңешилгени ак деп ойлоймун. Кун куугандар куралдуу кол менен келиши ыктымал. Бизди чогултканың ырас болду. Акыл куруп, чамабызды чактап турганыбыз оң болор, – деп сөз учугун Арзыбайга таштагансыды чар уруусунун бийи, эр ортонунан өткөн, чымыр тулкусуна тик жакалуу биязы төө жүн кемсели, кыюусуз тегерек ак калпагы төп келген, жээрде сакал Супат билерман. Арзыбай бий башын ийкеп, ой калчап дагы сөз күтө отурат.

– Ал жакта да аттуу-баштуу, калыс, эл ынтымагына күйгөн кишилер бар деп ойлоймун. Алакандай нойгут кара кыргыздын бир бүрчөсү. Ага куралдуу чапкын салып кун алууга эл муюбайт. Бул ак иш. Шейит кеткен баатырлар өзүлөрү тынч элге булүк салып, бир чети өлүмдөрүнө өзүлөрү себеп болбодубу. Бул муназага келгенде айтылуучу жүйөө. Эл ичи

www.bizdin.kg

калыстыктын кенчи. Бул жүйөө угулат. Ошентсе да кун төлөө ата-баба салты. Тынч келишсе, жөн жайга келип, кунун төлөп берип, тынчысак кантет, – деп Арзыбай бийди карады бөжөй урусундагы бир айылдын кадырман кишиси Белек.

– Айтылгандай, өзүлөрү шейит кетишти. Ошентсе да биздин жерде, биз колдуу болду. Муназага келүүнүн жүйөөсү бар. Шейиттердин арбагын сыйлайлы. Кунун төлөп берип тынчысакпы деген ой мага жагып турат. Эл эмеспизби, кураштырсак, миңче жылкы табарбыз. Кун өлчөмү ушунча болор деп болжоп турам. – Отургандарга кыдырата көз жибере, «оюм орун тапты» деген тейде топуктуу отурду чардай уруусунун бийи Мергенбай.

– Шейит баатырлар Үчүке, Түлкүнүн атасы айтылуу манаптын небереси Сарысейит бий акылга да, мал-дүнүйөгө да бай, жоомарт кеменгер киши. Сан жылкысы Аксай, Арпа, Соң-Көлгө батпай жатат. Ал нойгуттан кун алууну ойлобойт. Көрөсүңөр, уулдарына куран окутууга жай келип, эл менен баарлашып кайтат. Кудай-Тааланын бирдик бирдигин ыйык туткан уулдары жеткен ажалдан өлдү деген ойдо экени айныксыз. Жакшылык күтөлү. Бий куралсыз эли менен келер. Көрөсүңөр, жакшылап тосуп алып, ыраазы узатууга кам көрөлү, – деди баарынан жашы улуу карыя Бактыяр.

Төп ойлору, калыс мүнөзү менен төбөсү көрүнүп келаткан бөжөйдүн тың чыккан уулу Орозалы мандашын түзөп, Арзыбай бийге көз жиберди:

– Карыябыздын сөзү үмүттүү угулду. Ылайым ошондой болсо кана. Эл деген эл да. Ата-баба салты эл ичинде бекем тутулат эмеспи. Баатырлар кунсуз калабы? Кун алабыз, баюу үчүн эмес, көксөнү суутуп, ата салтын кор кылбоо үчүн алабыз деген намыс үстөмдүк кылуусу толук ыктымал. Баарына даяр бололу.

Төрдүн эпчи жагында карыялардын кырынан карыш кийинирээк отурган Жаңыл Мырза:

www.bizdin.kg

– Менин оюмду да уксаңар, – деп Бактыяр карыяга, атасына ызааттуу көз жибере сөз улады. – Кыз намысымды коргойм деп, элди кун деген мүшкүлгө салганым үчүн эл алдында, Кудай алдында эбегейсиз күнөөлүүмүн. Күнөөмдү өмүрүм менен актаймын. Элди кун төлөтүп жабыркатпаймын, жааны өмүрүмдү кунга чегерип тартканмын. Эл кун төлөбөйт. Кун кубалаган чабуулдан элди, малы-жанын коргоо үчүн ушул тапта мал жайыттары, айылдар калмакты сүрүп чыгарган куралдуу жоокерлердин көзөмөлүндө турат. Чабуулчулардын жолун курал менен тособуз. Арка, Анжиянга кун, андан ашкере менин өмүрүм керек. Эки тараптын эрөөлдө да беттешүүсү ыктымал. Мен жекеге чыгып беттешүүгө найзакер эр чакырамын. Жекече чыккан баатырын сактап, сүйлөшүүгө баруум да ыктымал. Жакшылыкты да, жамандыкты да күтүүгө болот. Сүйлөшүүгө келбей, мени туткунга алышса, элге жабыр келтирбей жерине кайтуулары да мүмкүн. Мени шейиттерге курман чалууларын да, көр кылып туткунда кармоолорун жоромолдоого болот. Андай болсо мени куткарууга аракеттенбей, тынч оокатыңарды өткөрө бергиле. Мени Кудайга аманат дегиле. Кудай алдында мен кордоолууга жаралган эмесмин. Өз тагдырымды баркым менен табармын.

Жаңыл Мырзанын кайраттуу үнүнөн жеке тагдырына ыраазылык да, эли менен алдын-ала коштошуу арманы да угулуп, отургандардын оюн жашытып турду.

– Ай чырагым ай... Элимдин коргону да, чолпону да сен элең. Жаңыңды кылычтын мизине, найзанын учуна байлап, калың калмактын баскынынан калкыңды сактап калган кадырыңа кандай кун тең келсин, – деп буулуга көз жашын сүрткөн токсондон ашкан Эрбосун карыянын кайгысына муюган үй ичи үнсүз тунжурады. Жүзаарчысы менен жаш болгон жүзүн сүртө демин жыйган карыя сөзүн улады: – Чырагым, сени Кудай-Таала элиңе дем болсун деп

www.bizdin.kg

жараткан, элиң сенден ажырай албайт. Арзыбай бийди кийлигиштирбейли. Бактыяр, Орозалы бүрсүгүнү бейшембиге силердин айылга он ата нойгуттун эл башы билермандарын жыйгыла. Мени карылык тушап алды. Ошентсе да барайын. Сүйлөшүп ой чегерип, кунга берилүүчү малды камдап коелу.

– Ырас айтат, карыя.

– Калмакка кул болмокпуз.

– Жаңылга кудай дем берсин.

– Кун Жаңылдан айлансын, – деген кобур сөзүн коштогон карыя «Алхамду Иллахи» айтып бетин сылап отурду.

Айтылгандарды акылга чегерип, үнсүз отурган Арзыбай бий:

– Азын-оолак элибизди өтө кооптуу да, үмүттүү да маал күтүп турат. Экөөнө тең даяр бололу. Капыстан болуучу мүшкүлгө элибиз камдуу болсун. Дүрбөлөңгө түшпөй жыйнактуу, сабырлуу бололу. Жаңыл балам, өзүң айткан куралдуу кайтарыкты, кайгуул-жесекти күчөт. Кайгуул күнчүлүк алысты камтысын. Анжиян, Аркада соода сатыгы бар табиялуу кишини эртеңден калбай жолго чыгаралы. Хан ордосу Ташкенден кабар алууга аракеттенсин. Кайгуул Торугарт, Эркеч-Там ашууларын, аларга жакын айылдардагы абалды билип, кабарлап турсун. Кунга атанган кол жакындап келгенде, Бактыяр карыя баш болуп, ар уруудан бирден аксакалдары менен алдынан тосуп, элдик салам айтып кол башы менен сүйлөшүп, муназалашууга жиберели. Кандай дейсиз? – деп Эрбосун карыяны карады.

– Төп кеп айттың. Колдун алдын муназалап тосуу ата-бабадан келаткан журтчулуктун, тынчтыктын иши. Менде дагы бир ой туулуп турат. Ортого салайын. Сарысейит бийди жашы узап калган, кеменгер эл кишиси деп угам. Ошол кеменгердин алдына шейит уулдарын азалап, кечиримге барсак болмок экен. Атаганат, кечигип, убагын өткөрүп алдык. Азыр да салттуу, салабаттуу карыяларды жаныңа

www.bizdin.kg

алып, өзүң барсаң жаман болбос. Кадемиң каткан карылык тушап албадыбы, болбосо сени менен өзүм барат элем, – деп демиге көкүрөгүн сүйөп карыя Арзыбайдан сөз күттү.

– Ырасында ушул жүйөлүү, салттуу жөрөлгө ойго келбеген экен. Азыр кеч болуп калды го. Ошентсе да кырдаалдын ар тарабынан кабардар болгондон соң сиздин оюңузду орундатканга аракеттенебиз. Кол аттана электе баруу абзел. Кабар күтөлү. Жакшылыктан үмүт үзбөйлү,– деген сөзгө удаа бешим намазга азан угулуп, бата тилеген эл үмүт менен намаз окууга чыгышты.

Алай Жуукудагы карабагыш бийи Калматайдын айылынан чыккан миң чамалуу куралчан жигиттер бийдин колбашылыгы астында Эркеч-Там ашып тынаккандан кийинки жолду түнкүсүн жүрүп, күндүзү аяр эс алуу менен төрт ара конуп, Какшаал тоосунан чыгышка кайрылып, чөлгө чукул күнгөйүнөн суу түшкөн коктусунан жай алышып, алдыга кайгуулдап, апта илгери аттанган Аккочкордун чалгын тобунан кабар күтүп, алдыдагы кооптуу кезеңдерге даяр болуу үчүн бой-аяктарын жыйнап, тыныгуу жана камынуу аракеттеринде турушат. Жүз башы, он башылар баш болгон топтор, аралык сактай жайланышкан. Жап казандарга аш бышырып, гүлазык татып жоокер жашоосу өтүүдө. Бийдин чатыры колдун өйдө жагында көрүнүктүү орунга тигилген. Кыргыздын ак айчыктуу кызыл туусу чатырдын оң тарабында кокту ылдый соккон сыдырым шамалды коштоой желбирейт.

Чатырдын төрүндө Калматай бий, эки тарабында уй мүйүз тарта отурган Агатан, Масеил, Кожогул баатыр атанган жүз башылар менен кеңеш курууда. Алдыда жаалы катуу Жаңыл Мырза менен жыйында айкашып, колго түшүрүү кандай болоорун жоромолдогон эр ортонунан илгери Кожогул жүз башы:

– Менин баамымда мындан алыс болсо, түшчүлүк жерде нойгут бийи Арзыбай Жаңыл Мырзанын атасы-

www.bizdin.kg

нын айылы отурууга тийиш. Ишти ошол айылды тымызын басуудан баштайлы. Түн ичинде тымызын бассак, Кудай буйруса, Жаңыл кара далыны колго түшүрөбүз, – деп капшытынан чакчаны алып нас жыттады. Масеил жүз башы Калматайга суроолуу карады:

– Жаңылдын Жаңыл Мырза экени ырас болсо, биздин тымызын барып басып алуубуздан бейкапар отурмак беле? Анын кайгуул жесектери биздин келатканыбыздан кабардар болуусу ыктымал. Жаңыл Мырза элин коргоонун амалын көрүп туруусу айныксыз. Кандай амалы бар, мына ошону билип, акылга чегерип иш кылганыбыз оң. Аккочкордон ушундай кабар келер деген үмүт бар.

– Уңгулуу оюң бар экен, баатыр. Жаңыл Мырза жоо күтүп, камдуу турганы анык. Ошол камдын жоо жайын ханзададан угабыз. Азыр келип калар, – деген Калматай бий сөзүн аяктай электе, тыштан салам айтып ат алган жигиттин үнү угулду.

– Мына буйруса, азыр угабыз.

Бий сөзүн бүтөөрдө эшик ачылып, салам айта Аккочкор кирди. Хан насилине ыйбаа эткен Масеил, Кожогул орундарынан тура кол беришти. Калматай ордунан козголо:

– Арыбаңыз,– деп Аккочкордун сунган колун кысып, оң жагын жаңсады. Бийге катар отуруп мандашын түзөгөн Аккочкор кол башыга көз жиберди:

– Кандай, баш эсен, ат-көлүк соо келдиңерби? Ырас оңтойлуу жерден орун алыпсыңар. Жат көздөн далдаа, жоо жолу даана көрүнөт экен.

– Бий өзү чалган ооруk жай ошондой болот да,– деген Кожогулдун сөзүн Агатан улады:

– Бий төгүн киши эмес да. Периште оозуна сала берген экен. Азыр келет деп оозун жыя электе ханзада кирип келбедиби!

Агатандын сөзү купулуна толуп, делебеси ойдологон Калматай бий:

– Кудай буйруса, ханзададан керектүү кабар угабыз,– деп ыраазы боло турду.

www.bizdin.kg

Оймолуу жан көөкөрдөн Кожогул баатыр өзү кырма аякка куюп сунган кымызды бөксөртө кере жутуп алдына коюп, коюу мурутун сылап түзөлө отурган Аккочкор:

– Нойгутта кооптуу тынч, туңгуюк табышмактуу абалды көрдүм. Мен мурда көргөн нойгут эли көзгө илинбеди. Уруулардын жайкысын конуучу ата конуштары ээн турат. Томсоргон бейпай тынчтык өкүм сүрүүдө. Кун чабуулунан кооптонгон эл тоо таянып, кокту-колот, жылга-жыбыттарды баш баанектеп, экиүч түтүндөн бириндеп, күн өткөрүп турган сыяктанат,– деп демин жыя сөзүн улаарда, Масеил баатыр оюн кыстарды:

– Балким төмөндөн Лобдарыя боюна ооп кетишкендир.

– Алаксытпайлы, сөздү аягына жете угалы, – деп Калматай бий сөзгө ынтаа салды.

– Масеил баатырдын жоромолу да жөндүү. Тоо этектей Жаңылдын куралдуу жесекчилери көзгө чалынганынан улам, эл тоо койнунан жай тапканы баамдалып турат. Элдин, жердин ээси катары Арзыбай бий Жаңыл мырза менен ата конушунда отурганы да, эл уюгун бузбай убактылуу тоо арасында турганынын белгиси дегенге болот. Арзыбай, Жаңыл Мырзанын чакан айылы үзгүлтүксүз куралдуу чалгын, күзөтү алдында турганын байкадык.

Аккочкор тыным жасаганда, Калматай колбашы ага суроолуу карады:

– Жаңыл Мырза өргөсүндө турат деп ойлоого болбойт го?

– Болбогону жүйөлүү. Тоодон келаткан бир жай кишиге жолукканым ырас болду. Анын айтымында, Жаңыл Мырза бел чечпей, күнү-түнү кайгуул жесектерин өзү көзөмөлдөп турат дейт. Өргөсүнө кемдекем келип эс алат имиш. Биздин колдун келатканынан кабардар, чабуул болсо жебе менен тосууга толук камдуу экенин байкадык.

www.bizdin.kg

Аккочкордун баянынан кийин абалдын кооптуу экени туюлуп, кол башы алдындагы кеңеш ой калчаган тариздe дымып турду.

– Нойгутта кырдаал биз болжоп аттанган жоспорго тескери экен да?! Эмнеден баштап, эмне менен бүтөбүз? Оюңарды ортого салгыла, – деген кол башынын түйүндүү суроосу оор да, табышмактуу да эле. Ар ким ойго батып, кеңеш үнсүз турду.

Жыл айлана көп окуяларды башынан кечирген Аккочкор да кол башынын элинде баатыр атанган жүз башылардан сөз уккусу келип, унчукпай аларга көз жиберүүдө.

– Тобокел, Алла деп, түнкүсүн Арзыбай менен Жаңыл Мырза турган жайды басып кирели. Мүмкүн мерген кыздын уктап жаткан жеринен кармап алаарбыз. – үмүттүү унчуккан Агатан баатыр бийди карады.

– Айылды жаа тартаар жоокерлер тымызын кайтарат дебедиби. Элди өлүмгө тособузбу? Анын үстүнө Жаңыл Мырза жатып бел чечпей, күн-түн ат үстүндө кайгуулдарын көзөмөлдөп жүрөт тура. Өлүмгө бел байлап басып кирсек да, Жаңыл колго түшпөйт. Мындай кооптуу ишке баш салбайлы, – деди Масеил баатыр оюн ортого сала.

– Масеил баатырдын сөзүндө Жаңыл кыраакы турат. Кун куугунун күнүн күтүп, элин да баарына даярдап койгону, эл да кол башы кызынын амирин тутуп турганы айныксыз экен. Мындай катаал кырдаалда биз кандай амал-аракеттерге бараарыбызды жети өлчөп бир кесе ойлонолу, – деген сөзү менен ой учугун кол башыга, баатыр жүз башыларга узатты Аккочкор. Калматай кол башы ойлуу тунжурап отургандардан сөз күтүүдө.

Агатан баатыр бийге көз жиберди:

– Түнкүсүн тымызын Арзыбай бий, Жаңыл Мырзанын айылын басалы деген ой жадымды ээлеп турат. Жаңыл Мырза ордунда болбосо, Арзыбай бийди барымтага алсак, кызы өзү чыга келер дейм.

– Бул жорук ата салтына каршы. Жана ханзада айткан куралдуу кайтарык жаа жебе менен тосоору

www.bizdin.kg

бышык. Андан көрө Арзыбай бийге сүйлөшүүгө барганыбыз оң болор, – деген Кожогул баатырдын оюжүйөлүү угулду.

– Баатырдын бул оюу менин жадымдан орун таап турат. Дагы ойлонолу, акыл курайлы.

Бийдин сөзүнөн кийин кол жуулуп, жол дасторкону жайыла, табак тартылды.

Эртеси жалган түш маалы. Ооруук үстү тынч. Кол башынын чатырынан бир аз оолагыраак токулгалуу аттар байлануу турат. Чатырда кол башыга салттуу жолугушууга келген калк атасы карыялардын тынчтыкка ой калчаган маеги жүрүүдө. Төрдө нойгуттун кадырман карыясы Бактыяр, ага курбалдаш Эсенбай, Нуралы, ак сакалдуу улама манасчы Бекбергендер жай алган. Кол башы Калматай аларга ызаат көрсөтө төмөнүрөөк отурат. Ага катар Аккочкор, Масеил, Кожогул, Агатан баатырлар орун алышкан. Бата тиленип, дасторкон жайылгандан кийин Бактыяр карыя оңдонуп отура:

– Бий атыңызды угуучу элек, кара кыргыздын даанышмандарынын катарында сыртыңыздан ызаат этчүбүз. Эми минтип, тагдыр экен, коогалуу кез болуп, тобо деп турабыз. Тобобузду Кудай кабыл кылсын. Тобо дегеним, баарыбыз Кудай алдында турабыз. Кабалада[1] жазылган күнү алдына барабыз. Ошондой болду. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын өмүр акыры нойгут жеринде бүтмөк экен. Кантебиз. Жамы кыргыз Үчүке, Түлкү баатырларыбыздан айрылдык дегеним, нойгут кара кыргыздын бир бутагы. Кайгыбызда да, кубанычыбыз да бирге эле. Кунга калган эл нойгут боорлошуңардын кайгы-касирети эки эсе ашып турат. Кун төлөйлү, төрт баатырга кун бычылсын. Чабылып, чарпылып, эл бүлүнбөсүн деген ак тилек менен келдик, – деп сөзүн

---

[1] Кабалада – Кудай-Тааланын алдындагы ар бир адамдын өмүр ченеми белгиленген жазуу деген мааниде.

www.bizdin.kg

бүтө Калматай бийге көз жиберди. Сөз салмагынан чатыр ичи жымжырт турду. Бир тынымдан соң кабагын көтөргөн Калматай бий:

– Карыя, сөздөрүңүз жүйөөлүү да, түйүндүү да болду. Дагы сөз угалы,– деп куралдаш баатырларга сөзүн сала-сал этти.

Сөз алган Агатан баатырдын үнү кескин угулду:

– Элчи карыя, сөздөрүңүз салттуу да, салмактуу да болду. Неге кан төккөн канкордун атын атабадыңыз? Баатырлардын куну малга гана чегерилбейт! Канкордун өзүн сурайбыз!

– Баатыр, канкордукту биздин элдин ээси – эл башы, кол башы Жаңыл Мырзага ыйгардыңыз бейм. «Баш мээси менен, эл ээси менен» деген ата-баба накылын эске туталы. Байыртадан бери канча заман өттү, биринде да эл ээсин кунга чегерүү акылга сыйбай келатпайбы. Элдин ээсин кунга суроо, бүтүндөй элди кунга чегерүү десе болот. Кандын төгүлүшүнө, тынч элдин малын тийүү, абийир кордогон ачуу сөз себеп болбодубу. Муну да ортого салалы, – деп отургандарга тегиз көз жибере оюна канааттана дымактуу отурду элинде Эсенбай чечен аталган салабаттуу карыя.

Ынтаа менен сөз угуп отурган Аккочкор сөзгө аралашты:

– Жылкы тийүү деген кесепет жаңылыштан болгон жосунсуз окуя экен. Абийир кордолду деген ачуу сөз үчүн бейкам отурганда атпай, эрөөлгө чакыруу лаазым эле да. Ага батына албай, капилет отургандарды атканы канкорлук эмей эмне?! Ошондуктан кун Жаңыл Мырзанын өз башына чегерилет.

Эсенбай чечен жооп берүүгө обдулганда, алаканын жаңсап токтоткон Бактыяр карыя:

– Атагана, бири кем өксүктүү жалган дүнүйө! Түлкү баатырдын эр туушу, жигиттик болумдуугу ургаачы туюмун дүрт эттирген Жаңыл Мырза ага жоокерче кол берип, кызча кылык көрсөтүүгө кадам шилтебеди беле?! Көз ачып-жумганча азезил аралап

www.bizdin.kg

кетпедиби?! Жаанын тартылуусу Жаңыл Мырзанын Түлкү баатырга болгон жубайлык аруу туюмунун күчтүүлүгүнөн болду. Кудай-Таала берген бул жашоо кумары ченемсиз болгондо башкага ыраа көрбөй мерт кылган, же өз жанын кыйган мартабалуу ургаачылар жөнүндө кысастарда[1] айтылат экен. Жаңыл Мырза ушул улук туюмдун туткуну болуп жаа тартты. Мен, Арзыбай экөөбүз, кызыбыздын кыяпатын көрүп турдук. Колдон эч нерсе келбей, кайгылуу кандуу окуяга күбө болдук. Кызыбыздын жан дүйнө козголоңуна күбө болдук. Окуя атайылап киши өлтүрүүгө окшобой турду. Жаңылды аядык. Түлкү баатырдын мерт болгонуна ичибиз эзилип турду. Буларды жобурап турганымдын себеби өлүм, кун жолунда баарыбызга эне ургаачынын адамдык сөз тийгис аруу туюмун сыйлайлы, – деп демиге сөзүн бүтүп, оор дем ала кайгылуу отурду.

– Сөзүңүз терең жана угумдуу болду. Бир мүчүлүшү – Жаңылдын Түлкү баатырга аруу туюму аны өлтүрдү, тирилте албайт. Ошол себеп Жаңыл өзүнүн өмүрү менен баатырлардын жазыксыз төгүлгөн канына кун төлөөгө тийиш, – деген Агатан баатырдын үнү дагы эле кескин чыкты.

– Аста, аста, баатыр, аста, аша чапмак бир паста. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак сыяктуу чанда жаралуучу эр уулдарынан айрылып, элибиз өксүп турат. Нойгутту каптап кирген калың калмакты сүрүп чыгарган кол башы баатыр кыз Жаңыл Мырза кара кыргызда, жамы мусулман калкында жалгыз, Кудай Тааланын элинин керегине жараткан теңдешсиз нисасы. Калмак алка-жакалап турганда элине караан болсун үчүн жаралган. Жаңылды курман чалган менен өзүң айткандай баатырлар тирилбейт. Нойгут эле эмес, жамы кыргыз такоолунан ажырап, толбос өксүгү арбыйт. Бүгүнкү кыйын кезеңде калайык калктын алды-артын ойлойлу. Кунду ата салтына төп

[1] Кысас - аңгемелер жыйнагы.

www.bizdin.kg

төлөйлү. Жамы кыргыз биригип, алкынып турган калмакка кайрыйлы, – деп Эсенбай чечен Калматай кол башыга сөз учун таштады.

Бий билинер билинбес баш ийкеп, ойлуу калыпта сөз күтүүдө.

–Элин амаатка тушуктурбай, Жаңыл Мырза эрөөлгө чыгып, тагдырын тобокелдеп көрөр деймин. Биз баатыр Жаңыл кызды эрөөлгө чакырабыз,– деген жыйырманын ичиндеги баатыр чыкма, дене-бою келишимдүү, турпатынын кайрат деми жанып турган Абыл баатыр сөзүм орундуу болдубу деген тейинде отургандарды кыдырата карады. Жаш баатырга ичинен канааттана көз салган кол башы бий сөзүн кесе бүтүрдү:

–Эсенбай карыя сөзүңүздөрдө мүүн[1] жок. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турган кооптуу кезеңде калайык тынчтыкка муктаж. Ич ара доо-дооматтан арылып, ой тилеги бир болуу абзел. Биз кун кубалап элди чаап, талоонго салууга эмес, тынчтыкты жайгарууга келдик. Ушул азыр тынчтыкка кедерги жазыксыз кан төккөн Жаңыл Мырза экенин нойгут эли да көрүп турганы анык. Жаңыл Мырза элим десе жазыгын баатырларча мойнуна алып, алдыбызга чыгып берип, тынчтыкка кепил болсун. Куралсыз кепилдикке моюн толгосо, жекеге эрөөлгө чыксын!

Сөзгө кулак салып кападар отурган Бактыяр карыянын:

–Кечээ эле калың калмакты сүрүп чыгарып, жерин бошотуп, элин сактаган кызын эли өзүнөн бөлө албайт да. Баатыр колбашы Жаңылды чыгарып бергиле деген өкүм, элди чаап алганга тең, ойлонуп көрүңүз. Төрт эрдин кунун төлөөгө эли азир. Кун алышып, ата салтын сактап элге байкерчилик берели, – деген сөздөрүнөн үзүлбөгөн үмүт туюлду.

Бийден дагы сөз күтүп, масилет тынчый түшкөндө колго суу куюлуп, табак тартылды.

---

[1] Мүүн - кемтик.

www.bizdin.kg

Аркан бою тоо кыркасынан көтөрүлгөн күн бүркөк асмандан чанда көрүнүп, теребелди көңүлгө кооп салган боз мунарык каптап турат.

Кун төлөп, салт боюнча тынч ажырашууну кол башы Калматай бий кабыл албаган соң Арзыбай он уруу нойгуттун карыялары, эл башылары менен кеп куруп, тагдырды Кудай алдында Жаңылдын колуна берип, кун кууп келген кол ооругуна жип чабым аралыкка жарым миң чамалдай эл менен келди. Дагы эле үмүт үзбөй, колбашыдан элчи күткөн Арзыбай каз катар турган элдин алдында. Жаңыл Мырза жоокер кийими – соот, чопкут, туулгачан атасына катар турат. Жүзүнөн, турпатынан кебелбеген сабыр, Кудай алдында өзүнө ишенген бакубаттык туюлат.

Ооруктан бута атым алыс Калматай кол башы, Агатан, Масеил, Кожогул баатырлардын катарынан озо, миңдей жоокер менен нойгут тарапты бет ала турат. Атактуу баатырлардын катарында каруу, күчү, акыл ээси менен элге төбөсү көрүнүп калган, соот-чопкут, туулгачан жаш баатыр Абыл мырза Шырдакбектин омуроолуу ээри бийик, айтылуу боз жоргосун алкынтып найзачан турду. Катарлаш турган жоокерлердин оюнда «Жаңыл Мырза оңой жообу?! Калмактын колбашысын сайып түшүп, калың колун сүрүп чыгарган Жаңыл Мырзага жеке эрөөлгө чыккан биздин баатыр кантээр экен? Оң болбойт го» – деген кооп турду.

Калматай Жаңыл Мырза менен беттешүүдө Абыл баатыр үстөм болоруна бекем ишенип турду. Бир нече жыл илгери Чоң Алайга чоң тойго мейманга чакырылган Жаңыл Мырза жаш баатыр чыкма Абылды көңүлүнө толтуруп, жай сурашыптыр деген имиш оюн ээлеген Калматай: «Жаңыл эстүү жан, кантсе да өзү көрүп, жигит катары жактырган Абыл баатырга найза салбас, тирүү ээрчитип, элдешүүгө келер. Келген соң, өзүбүз билебиз» – деп ичинен тынып турганда, алакан жая, боз жоргону алкынткан Абыл баатырдын ишенимдүү үнү угулду:

www.bizdin.kg

–Колбашы бий аке, уруксат этиңиз, Жаңыл Мырзаны жекеге чакырып, найзалашууга мен чыгайын!

– Оомийин, Аллоху Акбар! Жигит пири Шаймерден жылоолосун! – деген бийдин батасына миң деген жоокер үнү коштогон Абыл баатыр майданга чыгып эки тараптын ортосунда:

– Жекеге! Жекеге! – деп үн сала турду.

Нойгут жоокерлери, эл кишилери менен атасынын катарында Карадолунун тизгинин жыя сабырдуу турган Жаңыл Мырзанын:

– Ата, элим, куралдаш жоокерлер! Мен тиги «жекеге» деп айкырык салган баатырга бетме-бет эрөөлгө чыгайын. Менден кам санабагыла. Найза сунушчу баатырды, Кудайдан жардам болсо, мерт кылбай, тирүү сайып, атынан түшүрбөй, эс алдыра ээрчитип алып колбашыга элдешели деп силердин элчи катары барайын. Кабыл алышса, силерге кабар келер, сүйлөшүүгө барасыңар. Эгерим пендечилик кылып, мени мейман туткун этишсе, мени куткарабыз деп эки жакты тең кыргынга салбагыла. Мен кор болбоймун. Өзүмдү, абийиримди коргой аламын. Мага батаңарды жолдоп, айылдарга кете бергиле. Оокатыңарды тың өткөрүп, Кудай алдында менден кабар күткүлө. Оомийин! – деген үнүн элинин батасы коштоду.

Жаңыл Мырза Карадолу аргымактын тизгинин жая, найза сунуп, жекеге чакырып турган баатырды беттей сызды. Асмандан түшкөн ак булуттай жылжыган боз жоргонун үстүндө Жаңылды беттеп найза суна Абыл баатыр келатты. Жандарын найза учтарына байлаган баатыр кыз, баатыр жигит көз ирмебей бири-бирине найза сунуп келатышты. Көз ирмемде шилтенген найзалар, калкандар тайып, баатырлар бири-бирин кайып өтө, кайра кайрылганда Абыл жигиттин оттуу, угуттуу көздөрү жадына илинген Жаңыл Мырза: «Үчүке, Түлкү баатырлардын өлүмү мойнумда турат... Ургаачы экеним төгүнбү? Эми ушул жаш жигиттин канын төгөмбү?! Жок, тобокел,

Алла...» – деп кайра кайрылып, экинчи беттешүүдө жигиттин сунган найзасын кагып, ага Карадолу аргымактын чылбырын таштады. Чылбырды илип алган жигит:

– Арыбаңыз, баатыр кыз, – деп жылуу чырай сала кайрылды.

– Бар болуңуз, баатыр жигит, – деген Жаңыл сабырлуу да, суз да эле.

Жоргонун жүрүшүнө жанаша шайбыр келип колдун алдына токтогондо, Абыл баатыр илгери түшүп, кызды ызаат менен колтуктап аттан түшүрүп, жанаша баса колбашы бийге бет алды. Катар баскан туулга, соот-чопкутчан баатыр кыз-жигиттин келатышы көзгө жылуу да, сөөлөттүү да көрүнүүдө. Теше тиктеп турган бийдин алдына келгенде, жигит ага төшүн басып, урмат көрсөтө катарына кошулду. Жаңыл Мырза кебелбеген сабырлуу калыбында:

– Арыбаңыз, бий, – деп түз бойдон көкүрөгүнө колун таяды.

Калматай бий Жаңылды кекээрлей сүйлөдү:

– Ии... ургаачы жолборс, туткунга түштүңбү?! Ушундай болмок. Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын каны бош койбойт да сени.

– Бий көрүп турбайсызбы. Мен туткунга эмес, өз эрким менен сүйлөшүүгө келдим, элди тынчыталы деп.

Жаңыл Мырзанын үнүндө кооп да, кайгы да жок эле.

– Жок, бийкеч, элди эркектер тынчытат. Сен мындан ары Жаңыл Мырза эмес, туткун күң кыз Жаңылсың, – деген Калматай бийдин үнүнөн эми кекээрине кошо текеберчилик угулду.

– Жогуңуз бий, мага Жаңыл деген ат азан чакырылып Кудай алдында коюлган. Мырза ардактуу наамын Кудай алдында элим берген. Ушул атым, наамым менен дүйнөдөн өтөм.

Жаңылдын кайраттуу үнү, сабырлуу, сан жетпеген жоокер туруму көргөндөрдүн көңүлүнө толуп турду.

www.bizdin.kg

– Болду! Муну курал-жарагынан ажыратып, өзүнчө чатырга катуу кайтарыкка алгыла. Кайтарык күнү-түнү катуу болсун! – деген бийдин көөмөйүндө Жаңыл жөнүндө жашыруун ойлор уялап турду. Бир тынымга ойго чөгүлгөн бий жоокерлерине эс алып, ийгиликтин урматына ай туяк чалып тойлоп, дагы бир өргүп, кайра карабагышка жол тартышаарын жарыялады.

## Өмүр, өлүм жол талашат

Алай Жууку. Нойгуттан кайткан жоокерлер карабагышта бир өргүп, айыл-айылдарына тараган. Тоо этектей жайык өндүрдө отурган Калматай бийдин айылы өз тиричилигинде. Бийдин чоң үйүнөн оолагыраак кермеде токулган аттар байлануу турат.

Бий сөөлөтүнө бап жасалгалуу үйдүн төрүндө карабагыштын кадырман карыясы токсонду таяган Бекбоосун мерген, ага катар үч шайлоо бий болгон Шаамурат чечен, айыл кадырмандары Шербек, Малабектер орун алышкан. Бий өзү казаттан аман келгенине куттук айтып келген кадырмандардан төмөнүрөөк эр жакта экинчи отурат.

– Бий, Жаңыл Мырзаны колго түшүрүп, аман келгениңе жетине албай турабыз. Бар бол! Жамы кара кыргыздын ишине жарадың. Айтылуу Жаңыл Мырза, калмакты сүрүп чыгарган берен кыз оңой менен колго түшкөн эместир… Кеп угалы, кулактын курчун кандыралы, – деди сакалын сылай топуктуу отурган карт мерген Бекбоосун. Бий мартабасына маашырлана, шашылбай мактоо уккусу келип сөз күттү.

Бийге ыраазы көз жиберген эл билерманы Шербек мандашын түзөп, сөз таштады:

– Көзгө атаар мерген, жолборсту ооздуктаган Жаңыл Мырза кыйын жоо эле. Бий жаангер колбашы экенин кара кыргызга маалымдап койбодубу? Карабагыш уруусунун жамы кыргыздын куту экенин да көрсөттү.

– Элин жоодон коргогон кол башы, ачына айланып, тогуна толгонгон эл башы деп укканбыз. Акыл амалы төп болгонунан ошого жетти да. Оңой менен колго түшпөйт эле. Бий андан ашкере амал-айла, эрдик менен колго түшүрдү да, – деп сөз кыстарды Шаамурат чечен.

Аз болсо да басалгалуу мактоого көңүлү толгон бий көтөрүлө сүйлөдү:

– Айтканыңар калетсиз. Алгач атайын жесек чалгын жүргүзүп, Жаңыл Мырзанын жоо жайынан кабардар болдук. Капилет түндөсү басып кирип, туткундап алууга болот эле. Биз ага барбадык, армансыз болсун үчүн бетме-бет кездешүүнү чечтик.

Окуяга күбө болгондордон эч ким арада жок экенине көңүлү тынып, бий сөзүн улаарда:

– Бийдин айкөлдүгүн кара, Жаңыл Мырза армансыз болсун дегенин кара. Түнкүсүн тымызын басып алат эле да. Ага барбаган эрдигин кара, – деп оюндагысын агынан төктү Малабек карыя.

Оюндагысын көргөнүндөй көз алдына келтирген бий өзүнө ыраазы боло сүйлөдү:

– Ооба, ошондой болду. Бетме-бет кармашууну чечтик. Жаңылды жеке эрөөлдө найзалашууга чакырдык. Эрөөлгө Абыл баатыр Шырдакбектин боз жоргосун алкынтып найза суна чыкты, Жаңылга бетме–бет катыга. «Жаш баатырды Кудай алдында жигит пири Шаймерден колдо» деп жакшылык күтүп турдук. Биринчи сунулган найзалар калкандан тайып, экинчиге кайрылаарда тез бурулуп, көзгө илешпей бөжүгөн боз жоргочон Абыл баатыр Карадолу аргымак менен каалгый кайрылып келаткан Жаңылдын алдына жетип, чылбырдан алып, аны жетелеген бойдон алып келбедиби!

– Баракелде, атасына ыракмат. Абыл мырза амалдуу, шамдагай эр экен да. Бар болсун, – деп ойлуу сабырлуу отурду, катаал, айтып бүткүс окуялуу жаратылыш менен бетме-бет өткөн мергенчилик өмүрүндө акылга чегерилген шамдагай, ыкчылдыктын үзүрүн көрүп өткөн Бекбоосун карыя.

www.bizdin.kg

Хан алдындагы кеңеште бирге болуп, Жаңылдын мергендик, кол башылык өнөрүн калмакка каршы жесек, кайгуулга коюу жөнүндө айтылган ойлор эсинде турган курбалдашы Шербек бийге суроо таштады:

– Абыл баатырдай эл керегине жараган уулдарыбыз аман болушсун. Жаңыл колго түшүптүр. Эми эл тынчыйт. Кун албаганыңар ырас болуптур. Жаңыл Мырзаны Тейиш ханга жибересиңерби?

– Эмнеге ханга жиберет эле. Жаңыл кыз бийдин казаттан тапкан олжосу да?! – «оюндагыңдын үстүнөн чыктым го» деген тейде ага астыртан көз жиберди Малабек карыя.

– Кантсе да хан өкүм башы да. Кабарландыруу лаазым эмеспи, – деп нас жыттай, оңдонуп отурду, бийден сөз уккусу келген Шербек курбалдашы.

Жаңыл Мырза жөнүндө уюган оюн төккүсү келбей бий үнсүз. Отургандар сөз күтүүдө...

Айылдан обочо тигилип, өзгөчө кайтарыкта, кош алты канат боз үйдө Жаңыл Мырза бийдин ишеничтүү кишиси элүүнү ортологон Сейде айымдын көзөмөлүндө отурат. Жоокер кийимин чечпеген, туулгасы керегеде илинүү, өрүмдөрүн жаактарынан, айдалыдан түшүрө сабырлуу.

– Каралдым, баатыр кыз, бий бир сыйра кийим жибериптир, мен тышка чыга турайын, кийинип аласыңбы!? – деп өнтөлөдү көптү өткөргөн ымылалуу Сейде.

Жаңыл Мырза суз жылмайды:

– Түнкүсүн жуунуп, ич кийим алмаштырайын. Сырт кийимимди элиме жетмейинче которбойм.

– Ылайым тилегиңе жет. Сен да ата-энеңдин карачечекейисиң. Ошенте гой. Кечки тамактан кийин суу жылыттырып алып келем. Эми эс ал, каралдым, – деген көзөмөлчү айым чыгып кетти.

Үй ичи жупуну. Эски шырдак салынган, үстүнө эки жууркан, бир жаздык жыйналган шалчалуу жүк тактага сүйөнө, курак төшөк үстүндө Жаңыл ойго батып отурат.

www.bizdin.kg

«Оо, Жараткан! Тагдырым өзүңдүн алдында турат. Жарык дүйнөдө жакшылыкка арналган өмүр чегине жеттиби? Мага акыл-эс, эрк, кайрат, күч, кубат баарын бердиң. Мен аны адамдык бийик, энелик аруу туюмга чак аткарууга үлгүрө албай, өмүр сызыгын аттап, өз алдыңга барганы турамын» – деп оң каруусуна бекитип жүргөн болот ак тинтегин алып, тизе үстүнө коё сабырлуу тунжуроого өттү баарына кайыл Жаңыл Мырза. Үмүттүн үзүлгөнү ушулбу?! Эрөөлдө найза шилтебей, аруу туюмга байлап чылбырын берген Абыл баатыр эртең менен келип, ал сурап, жоокерче кайрат айтты. Бир кыйлага Жаңылды эгиле тиктеп отурду да: «Мен сизге, бул ааламга бир келген теңдешсиз бийик, салыштыргыс тунук кыз Жаңыл Мырзага жигиттик арзуумду билдирейин. Ошого катар баатыр кол башы менен жоокерче коштошууга келдим. Кантебиз, менин сизге жигиттик мамилемдин жолу буулуп калды. Бий менен ага-ининин балдары, эки ата тууганбыз. Кош, кыргыздын жолборс жүрөк, баатыр, ай тунук, назик, жароокер кызы Жаңыл Мырза» – деп колун кысып, шарт чыгып кетти.

...Калматай алтымышты таяп калган, эки аялдуу, очор-бачар үй-бүлөлүү киши, үчүнчү аял кылып, токолдукка алмакчы.

«Жок, мени токол болуп, күң катары өмүр өткөрүүгө жараткан эмес, Кудайым. Кордолуп басынбаган аруу жан дүйнөм, бийик ыйманым менен өз алдыңа барайын» деп айткан Жаңыл келме келтирип, ак тинтени алып, сол ыпта көкүрөккө урарда, эл алдында көзүн жаштап турган атасы, үй амандыгын тилеп турган энеси көз алдына келе, тинтени кайра тизесине коюп, сабыр тута ойго чөмүлдү...

«Өлүм...Өлүм эртеби-кечпи парз. Ата-энем, ага-тууган, ийниме-ийин кылыч шилтешип, жаа тартып, найза сунуп, элди бирге коргогон куралдаш курбуларым, тели-теңтуштарым, кайрат туткан элим мени күтөт... Мен ушунча алсызмынбы. Мына тинтени жүрөккө шилтесем, өлөмүн. Ал жандан кечкен начар адамга

www.bizdin.kg

лаазым. Мени Кудай начар жараткан эмес. Өзү кубат берет. Туткундан кутулуп, элиме жетүүнүн амалын издейин». Жаңыл тинтени ордуна бекитип, боюн түзөп, оңдонуп отурганда Сейде айым эшиктен кирип:

– Каралдым, кардың ачты го, тамактаналы, – деп чакан дасторконго козунун тил-жаагын, төш, боорсок коё, көөкөрдөн сыр чөйчөккө кымыз куюп сунду. Кымыздан татып, чөйчөктү дасторконго коюп сабырлуу отурду Жаңыл Мырза.

– Жей гой, айланайын. Менин Ак Чийдеги кызым менен тең экенсиң. Ал да жыйырма экиде. Гүлгүн курак. Аман болуп, убайын көр. Бул жалганда киши башына не келип, не кетпейт. Дүнүйө бирде адамга жүзүн көрсөтөт, бирде желкесин көрсөтөт. Жүзүн көрсөтөр учур да келет сага. Жашсың, аман бол. Келгенден бери сага боорум ачышып, жөн жайыңды сурамжылап жүрөмүн. Элин коргогон баатыр мерген кыз, калмактын оёну менен найзалашып жыгып, элжерин бошоткон атыңды аңыздан укчу элем. Эми минтип кыйын күндө жүздөшүп отурабыз, дидар канимет. Капыстан шейит болгон эрлердин кунун жайгарайын, эл бололу деген жакшы санаа менен эрөөлгө чыккан экенсиң. Ак пейил Абыл бала менин кайнагамдын уулу. Өз уулубуз баарын болгондой айтып бербедиби? Анын да сага ыраазылыгы чоң, тилеги ак экен. Каран калгыр, бий толгоп койбодубу?!... Атаганат, кандай жакшы иш болот эле. Болбой калды, кантебиз. Эми алдыдан жакшылык күтөлү. Бий катаал, кара өзгөй киши. Менин байыма аталаш ини, мен жеңеси болом. Анын напсиси агытылып турат, алтымышты чапчып турган курагы. Агынан жарылсам... Мен сени ага ыраа көрбөй турам. Сен ага эркиңди бербесиңди да көрүп турам. Мени энеңдей ак санаалуу жардамчы көр. – Сейде айым сөзүн бүтө Жаңылга аеолуу көз жиберди.

Сөздү талдап уккан Жаңыл Мырзанын жүзүн жылуулук чайыды. Туткундан кутулууга арга издеп ою кооптуу чабытта. Мындай жылуу ымала келече-

www.bizdin.kg

гине бүлбүл жарык түшүрүп, көңүлүн жайгарып, үмүтүн арттырууда. Ошентсе да ашкере кубануу эрте экенин баамдаган Жаңыл:

– Ыракмат, эже. Кыйын күнүмдү бөлүшүп, жөлөк болоюн деген энелик мээримиңизди туюп турам. Мендей балдарыңыздын убай-урматын көрүңүз. Менин жайымды толук баамдапсыз. Азыркы тейимди көрүп турасыз. Көрсөтөөр жардамыңызды алайын. Акыл кошуңуз, – деп ыраазылык билдире Сейде айымды жылуу карады.

– Менин далалатым жүрөгүн баласына арнаган энелик кам болот. Сен да мага энең катары ишен. Акыл калчайлы, шашылбайлы. Ушул арада бий өзү келип сага жолугары бышык. Анын оюн ук. Жоо беттеген кайраттуу жансың. Кандай угуп, кандай жооп берериң өз кадыр-баркыңа төп болору бышык. Анан дагы акылдашабыз. Сөзгө алаксытып койдум, шашылбай тамактануу абзел. Сага күч-кубат өзгөчө керек. Мен кечинде келем, – деп Сейде айым кетүүгө камынганда, Жаңыл Мырза жылуу жылмая өтүндү:

– Эже, бул туткунда бекер отурсам, санаага чөгүп кетермин. Мага беш-алты кез ак кездеме, түрдүү жибек же жөнөкөй жип, ийне, оймок келтирип бериңиз. Тагдырымды саймага түшүрүүгө аракеттенейин.

– Ырас айтасың, айланайын. Бекер отурсаң жүдөйсүң. Эртең же бүрсүгүнү оюңдагыны таап келем. Аман тур, – деп Сейде айым чыгып кетти.

Аз да болсо санаасы тынгансыган Жаңыл Мырза алдыдагы тагдырына жол издеп, ой узата тобокелге бел байлап, сабыр тута аракеттенүүнү чечти. Алдыдагы кооптуу да, үмүттү да өмүр жолу алга сүрөп турду. Атасынын кыйын учурга багыштап: «Тобокел дарыясына салган кеме же чөгөт, же куткарат. Тагдырың ошол, кам жебе» деген накыл сөздөрүн эсине тутууда.

...Эки күнү өтө кечки тамактан кийин түн маалында Калматай бий жанына киши албай эшиктен кире:

www.bizdin.kg

– Арыбаңыз, бийкеч, – деп атын атабай текебер үн катты.

– Бар болуңуз, бий, төргө өтүңүз.

Жаңыл ордунан козголбостон суз тейде отурду. Төрдөн орун алган бий Жаңыл Мырзага сынаакы көз жиберди:

– Абалыңды өзүм көрөйүн, ал жай сурап, кемкарчыңды толуктайын деп атайын келдим. Кеп сала отур, бийкеч.

– Ыракмат, Калматай бий. Мен жүк бурчунда отурган бийкеч эмесмин, Жаңыл Мырзамын. Абалым тынчтыкка, адилеттикке умтулуп, кара өзгөйдүн туткуну болгон колбашыныкы... Эмнесин сурайсыз? – деген Жаңыл Мырзанын үнүнөн кебелбеген кайрат, майтарылбас эркти туйган Калматай бий менменсине сөз катты:

– Бийкеч, сен менин туткунумсуң, туткундун абалын суроо адамкерчилик милдетим. Сага, бийкеч, өз абалыңды туура баалоого кеңеш берем.

–Бий, мен сиздин туткунуңуз эмес, кыргыз ханы Тейиштин туткунумун. Сиз кол башыга дайындалып, кун кубалоого кыргыз ханынын амири менен аттангансыз. Сизге өз ордуңузду, вазыйпаңызды баамдап, хан амирин аткаруу лазым. Мени кечиктирбей туткун ээси, элдин ээси хан алдына жеткириңиз, – деген Жаңыл Мырзанын жүйөөлүү сөздөрүнөн анын хан алдындагы кеңештен кабардар экенин жана бекиген оюнан кайтпастыгын сезген бий аны дагы басынтып, өксүтүүнү көздөп катаал унчукту:

– Туткунга түшкөн бийкечтин ханга эмне кереги болмок. «Тең теңи менен тезек кабы менен» деген макалды билесиң да, бийкеч. Азыр сени, кааласам, жоокерлердин моокун кандыруу үчүн мөөсүлгө[1] берип коём. Муну эсиңде тут. Кандай абалда болоруңду баамдап көр. Хан алдына барууну көксөгөн куру

[1] Мөөсүл- олжо

www.bizdin.kg

кыялыңдан арылып, эсиң барда этегиңди жапканың дурус болор.

– Айды алаканың менен жаба албайсың, карабагыштын катаал бийи. Менин Жаңыл Мырза – нойгут кол башысы экенимди дал ошол сиз туу көтөргөн Тейиш хан, андан ашкере кыргыз эли билет. Эки айылдын кыздарынча акыйлашып отурбайлы. Менин сизге сөзүм жок, – деп кесе жооп берди Жаңыл Мырза.

Оозунан сөзү түшкөн Калматай бий «коё тур» деп ичинен айтып, ордунан тура чыгып кетти.

Аяк оонанын үч жаңысы. Күн тоо кырына аркан бою көтөрүлгөн. Асман ачык. Күн чыгаарда жүк коюлган, чуудалуу атандарга, ботолуу каймалдарга жасалгалуу жүктөлгөн чоң айылдын көчү катаал жолдо каалгый узап баратат. Жүктүү атан төөлөр ак элечек байбичелердин жетегинде көч башы баратат. Аларга удаа жүгү жасалгалуу каймалдар тегине, кадыр-баркына жараша үртүктүү атчан бараткан каркыралуу кыздардын, ак элечек, ак жоолук үй ээси салабаттуу аялдардын, келиндердин жетегинде бирине-бири улай жай баратат.

Журтта көөнө боз үйдүн жүгү токол мүйүз өгүздөргө жүктөлүп, эки жигиттин жетегинде көч артынан түштү. Арттагы токол өгүздүн ыңырчак куткунуна байланган кучмач ээрлүү, жалы кыркылып, куйругу чолок күзөлгөн кер байтал өгүз аяңына жараша илкий баратат.

Жаңыл Мырза жоо кийимчен, узаган салттуу көчкө көз жибере, үнсүз сабырлуу турат. Куралдуу төрт сакчы жигиттин башчысы, кермурут Чекирбай Жаңылга кайрылды:

–Бий берген унаага минбедиңиз... Биз атчанбыз, кандай узайбыз?

– Байталды аты жүрбөй калганда өзү минсин. Мен жөө басамын. Силер атчан кайтарып жүрө бергиле, – деген Жаңыл Мырзанын үнүнөн мыскыл жана Калматай бийдин кордоп басынтууга жасаган көр пенделик жоругуна моюбаган токтоолук, өз баркын ойго

www.bizdin.kg

келбеген оор кырдалда сактай билген сабырдуулукту туйган Чекирбай:

– Баракелде, кайрат, бардашыңа, баатыр кыз. Биз милдетти аткаралы. Басыңыз, ээрчийли, – деп атына минди.

– Чекирбай мырза, силер кайтарыкчы, мен туткун болсом да, көптөн бери жамаат өндүбүз. Көчтүн артынан самсалабайлы. Узап, көч конушка конуп калган кезде алып баргыла. Ошого тууралап, бир эт бышымча убакыт өткөрө жөнөйлү. Сейде эже алып келген даам бар, бирге тамактаналы. Менден коопто́нбогула, – деген Жаңыл жанында турган чакан ак куржундун килтесин чече, дасмал жайып, эт, боорсок, таза куйкаланган керчөө коюп, кара көөкөрдөн чөйчөктөргө кымыз куюп, кайтарыкчыларга кайрылды: – Аттан түшкүлө, даам улук.

Жүйөөгө макул жигиттер аттан түшүп, тамактана, өз ара сүйлөшө отуруп, Жаңыл Мырза болжогон маалда конушка бет алышты.

...Суу бойлой конгон чоң айыл жайлоо сөөлөтүн күтө чатырайт. Айылдын туурасында обочо төрт канаттуу алачык жүдөө көрүнөт. Ич алдына эски жыртык кийиз салынган. Төрүнө эки жууркан, бир жаздык тактасыз жерге жыйылган. Алачыктагы көңүл чөгөрөр жакырлыкты ак кездемеге сайылып, эки капшытына илинген көзгө толумдуу сүрөттөр сүрүп чыгаргансыйт. Оң жагында качырып келаткан илбирске жаа тартып турган кыздын, сол жагында жаа тартып, жоо кайрып бараткан жоокерлердин сүрөттөрү түшүрүлгөн.

Куралдуу кайтарыкчынын узатуусунда суу бойлой серүүндөп жүрүп кайткан Жаңыл Мырза алачыкка кирип, бурчтан өзү жасаган курама төшөкчөнү алып, алдына төшөп бир аз отурду да, куржунчадан ак кездеме алып сайма саюуга өттү. Туткундагы атайын кемсинтүүлөр, басынтуулар, жакырчылыктын чегинен ашкан жашоо кол башы жоокер кызды мою-

www.bizdin.kg

та албады. Ал кадимкисиндей токтоо жана сабырлуу, бешенесинен өзүнө ишенген майтарылгыс эрк жанып турат. Көз карашын акылга чегерилген ой уялап турат. Өзүн кармай билүү өңүнөн аздырбаган. Бардык дитин үрөп, саймага үңүлгөн кыздын өңүндө эч кайгы жоктой ишке үйрүлүү туюлат.

... Туткун азабын акылга чегере, сабыр менен эрксиз күндөр, айлар өтүүдө....

Аяк оонанын акыркы күндөрү... Кеч.

Демейкидей тамак алып кирген Сейде айымдын жүзү үмүт чайып тургандай жылуу.

– Кардың ачты го, каралдым, тамактаналы. Ала гой, – деп дасторконго жая, табынан жаңы бышкан эт коюп, аякка ысык шорпо куюп, Жаңылга өнтөлөп, өзү да «бисмилла» айтып, ооз тийе отурду. Шашылбай даам сыза отурган Жаңыл Мырза жылмая суроо таштады:

– Эже, бүгүн кабагыңыз ачык, себебин бөлүшпөйсүзбү?

Жайдары караган Сейде астейдил кубануусунун жашырбады:

– Ооба, кабагым ачылганы бий мокоп калыптыр. Сени кемсинтүү, кордоо, басынтуу менен колго алам деген арам ою орун таппаганын туюп мокоп калыптыр. Мага жапакечтенип: «Жаңыл кызды эпке келтир, сенин сөзүңдү угарын билемин, жакшылыкташууга өтөлү дейт».

– Эмне жакшылыгы бар экен, угалы...

– Жаңылга арнап жасалгалуу ак өргө көтөртөйүн. Каалаганын орундап, кызматына табыялуу келиндерди коёюн. Менин жасоочу жакшылыктарыма текеберленбесин, каалаганын болтурамын. Жаңыл Мырза боюнча калтырамын дейт мокогон бий. – Сейде санаасы тына отурду.

– Кызык экен. Жаңыл Мырза боюнча калтырганда, менин курал-жарагымды, Карадолу аргымагымды берип, эркиме коё берет бекен?

– Бий кытмыр киши да, бузук ойлору ичинде. Ошого жараша биз да амал күтүп, боштондук алып, сени Жаңыл Мырза тейинде элине кайтаруунун аракетинде бололу дейм, – деп агынан жарылды Сейде.

Ой чайып турган жүзү жадырай түшкөн Жаңыл Мырза:

– Эже, Кудая шүгүр, экөөбүздүн оюбуз бир тура. Мен зарыга күткөн жакшылыкты сиз да күткөнүңүз, мага канатты Кудай-Таала берерининин аяны болсун. Сизди алкоого сөз табылбайт. Кудайым өзү алкасын сизди, – деген Жаңыл Мырзанын үнүнөн Сейде эжеге терең ыраазылык, алдыдан үмүт күткөн ишеним угулду.

– Тамак жей отур, сага кубат керек. Бийдин дагы кеби бар. Сени менен сүйлөштүр, кечкисин жаңы көтөрткөн өргөгө алып кел. Көзмө-көз жолугалы дейт, – деди Сейде айым тамак жей отуруп.

Жаңыл кыз эжеге ишенимдүү көз жиберди:

– Бий мени менен туткун алачыгында сүйлөшсүн. Ар иштин өз ордунда өткөнү дурус болот. Мен аны менен сүйлөшүүгө эч кайда барбаймын. Туткун өз оюн туткун тейинде билдиргени оң. Кандай дейсиз?

– Ооба, чын эле ар иш өз жайында жүргөнү оң эмей анан...

Сейде айым кыздын оюнун жүйөөсүнө, туткун абалында да өз баркын сактай билген сабырлуу жетик акылына ыраазы боло отурду. Бири-бирин эне-балача түшүнүшкөн Жаңыл Мырза, Сейде айым топуктуу отуруп тамактанышып, бата тилегенден кийин туткунда сайылган саймалуу сүрөттөрдү жана кыял саймаларын көрүүгө өтүштү.

Тогуздун айынын үч жаңысы.

Ай арасын артына салган асман шаңкайып ачык. Күздөө конушта отурган айылда аш камы көрүлүүдө. Конок алууга арналып айылдан бута атым оолак жаңы боз үйлөр тигилген. Бийдин чоң үйүнөн аркан бою арыраак жасалгалуу көтөрүлгөн тогуз канат ак өргө ээсин күтө, ээн турат.

www.bizdin.kg

Айылдын төмөн жагында туткун алачыгында демейки туткун тиричилиги өтүүдө. Айыл аш камында. Бийдин үзөңгүлөш кыйбас курбусу мартабалуу, малдуу-жандуу, калкка кадыры өткөн Жекшен бий өткөн жылы аркы дүйнөгө көчкөн. Уулдары тың чыгып, Калматай бийдин өйдөсүнө өбөк, төмөнүнө жөлөк болуп, кадыр-барктуу. Атасына аш берүүгө камынып, курбусунун ашын башкаруусун бийден өтүнүшкөн. Ашка эл оң-солдон түгөл чакырылган. Чек арадан ары Кызыл Суу, Ак Чий кыргыздары да келери күтүлүүдө. Аш тогуздун айынын онунда башталаары аныкталган. Бийдин үйүндө жыйын, кеңеш үзүлбөй турат.

Чолоо тапкан Калматай бий эртең менен күн чыга туткун алачыгына жалгыз кирди. Жаңыл Мырза, Сейде айым чайланып, дасторкон жыйган соң өз ара жай сүйлөшүп отурган эле.

– Жаңыл Мырза, амансыңбы, – деди Калматай салмактуу үн сала.

– Аман болуңуз, төргө өтүңүз.

«Төргө» басым келтире мыскылдуу унчуккан Жаңыл Мырза ордунан козголбостон орун жаңсаган болду. Сезимтал, сыр билгин Сейде жылып тымызын чыгып кеткенден кийин алачыктын «төрүндө» эмес капшытта отурган бий:

– Жаңыл, мен улук башымды кичик этип, алдыңа келдим. Капыялашпай, түз сүйлөшөлү. Өзүңө арнап, жаңы ак өргө көтөрттүм. Барып, ээ болгун. Качанкыга чейин жоокер кийимчен жүрөсүң? Кыз кийимиң, каркыралуу кундуз бөрк ээсин күтүп турат. Өргөгө кыз кийимчен киргениң оң болоор, – деди жатык сүйлөөгө аракеттенип.

– Жоокер кийимим менен туткунга түшкөнмүн. Ал кийим туткундан бошонуп, элиме барып, эркин өмүр сүрүүгө өткөндө чечилет. Айтаарым, менин өргөм нойгутта. Бул жердеги өргөм – сиз ыроологон туткун алачыгы.

www.bizdin.kg

–Андай дебе. Жакында жамы кыргыз, оң, сол чакырылган каадалуу аш өтөт. Ага чейин сен өзүң тигилген өргөгө барганың дурус болор... – Бий Жаңылга өтүнүчтүү карады.

– Ырас болот экен. Оң, сол, жамы кыргыз Жаңыл Мырзанын жазыксыз туткундалып, кордолгон абалын көргөнү жүйөлүү болор. Атпай кыргыз ынтымагын көздөп, эрки менен элчиге келген тилегимди таш каптырган сиздин кара өзгөй кытмырлыгыңызга күбө болушсун. Адилет калыс ой айтылышын күтөм,– деген Жаңылдын оюн бир келген ушул олуттуу учурду туткундан кутулууга пайдалануу айла-амалы ээлеп турду.

– Оң, солдун, өзүң айткан атпай кыргыздын алдында сенин баркыңды көтөрүп, Жаңыл Мырза тейин калыбында экенин көрсөтөйүн деп тобокел аракеттерди жасадым. Адал оюмду алдыңа төгөйүн, сенин колуңду сурап. Мага никелүү жар бол. Нойгут, карабагыш жамы кыргыз бир болсун деп турамын. Кабыл тут. Өзүңө айыл кондуруп беремин. Кааласаң, Жаңыл Мырза тейинде жоокер кийим менен мергенчиликке аң улоого чыгып көңүл ачасың. Кааласаң үй ээси катары өргөндө болосуң, – деген бийдин үнүнөн эркектик жалыныч угулду.

Ойго батып бир кыйлага үндөбөгөн Жаңыл Мырза үмүт күтүп ынталуу отурган бийге көз жибере:

–Башыңызды аттабайын. Бир элдин башы, мартабалуу кишисиз. Кол баштаган жоокерсиз. Мен ошого тете жанмын. Убада, шерттин кишилерибиз. Мен макулмун. Олжо катын эмес, салт боюнча ата-эненин эрки менен никелешкенге макулмун. Өргөгө барайын, жоокер кийимим менен барайын. Кийимдин чечилер шерти, эгер сиз ак дилден кол сурасаңыз. Куда түшүп барып, сураңыз. Мени үйдөн аттанган тейимде алып барасыз. Кудалыктын жөрөлгөлөрү орундалып, ата-эненин батасын алгандан кийин никеге турабыз, – деди сабырлуу калыбында.

www.bizdin.kg

Көңүлү жибиген бий Жаңыл Мырзанын жанына отуруп колун кармаарда, аны сылык арылаткан Жаңыл Мырза:

– Ыгы келген жерде эле кол кармашуучу айылдын жигит-кызы эмеспиз да, бий. Мен айтпадымбы, никелешкен күнү колумду берем. Менден келечектин белгиси катары муну алып, аты жогуңузга салыңыз, – деп ортонунан чыгара алтын жүздүктү[1] сунду. Жүздүктү жылмая алып, аты жогуна салган бий:

– Ыракмат, шертке бек бололу. Эмне керек болсо Сейдеден айттырып тур, – деп ордунан салабаттуу козголо, үйүнө жөнөдү.

Айыл күз камына шайкеш аш аземин өткөрүү камында. Ашты айтылып калгыдай узатуу бүткүл карабагыштын намысы. Элдин аброюн, бийдин кадыр-баркын арттырат. Бийдин кермесинен токулгалуу аттар өксүбөй, туш-тушка чабагандар жөнөтүлүп, кеңешке келгендердин аягы суубайт. Чоң үйдөн обочороок көтөрүлгөн, жасалгасы бийдин мартаба сөөлөтүнө төп, тогуз канат ак өргөдө каадасындай жоокер кийимчен Жаңыл Мырза Сейдеге жаңы сайган саймаларын көрсөтүп отурат. Саймалар купулуна толгон Сейде:

– Ээ, каралдым, мынча өнөрдү кантип жаныңа сыйдырып жүрөсүң?! Көзгө атаар мерген, жоо беттеген колбашы, сөз кетирбей орду менен, куюлуштура сүйлөгөн чечендигиң, эл башкарган көсөмдүгүң аз келгенсип, алтын оймок саймачы, бычмачы, тикмечи экенсиң. Аман бол, аман кошул элиңе, – деп ыраазылыгын билдире, жан чөнтөгүнөн кутудагы темир комузду алып чыгып кыздын алдына койду: – Буга кандайсың?

Жаңыл кутуну ачып, темир комузду чыгарып, ак бетаарчысы менен сүртүп, оозуна эптеди. Темир комуздун бирде созолоно эргип, бирде муңкана сыр

[1] Жүздүк – шакектин дагы бир аталышы.

www.bizdin.kg

төккөн мукам кайрыктары жан дүйнөнүн аруу туюмдарын назик ойгото, үй ичи керемет обонго балкып, алдыдан жакшылык күткөн жаркын маанай ээлеп турду.

Күүнү көз ирмебей жаадырап уккан Сейде:

– Бул өнөр да сенде экен. Капырай, кыялды жетелеп, делебени козгогон керемет күү уктум, – деп бир аз үн катпай турду да, сөзүн улады. – Делебем козголуп, бир икая жомок эсиме түштү. Угуп ал, Кудайым да күүлөрдү жактырып турат, айтып берейин.

«Илгери, илгери ... бир заманда хандын ашкере сулуу, эстүү, иштүү кызы болуптур. Хан мартабалуу. Кызы сулуу. Жуучу өксүбөйт. Күндөрдүн биринде макулдашып алгансып үч жуучу бир келет. Хандын кызымды каалаганына атказам деген шарты бар. Жуучу түшкөн куда башыларга күйөө болуучу азаматтар кызым менен сүйлөшсүн деп уруксат берет.

Үч азамат кыздын алдына келип, төштөрүн баса урмат көрсөтүп, кимибизге макулсуз дегенди билдире, сөөлөттүү турушат. Үчөө тең сымбаттуу, жүздөрүнөн эрдин учкуну жанган, биринен-бири келишимдүү бек уулдары. Болочок күйөөлөргө сынаакы көз жибере бир кыйлага ойлуу отурган он алты жашар сулуу хан кызы:

– Үчөөң бирдей көңүлүмө толуп турасыңар. Мен бирөөңөрдү артык көрө албадым. Ошол себеп шарт коёмун. Эл, жер кыдыргыла, кимиңер ашкере жетик өнөр үйрөнүп келсеңер, ошого өмүрүмдү кошом. Үч жылдан кийин, дал ушул айдын ушул күнүндө менин алдыма келип, өнөрүңөрдү көрсөтөсүңөр. Аман болгула, ак жолуңар ачылсын, – деп жигиттерди узатат.

Хан кызына күйөө болуучу атаандаш жигиттер үч жылдан кийин дал ушул ай, ушул хан айылынын четинде жолугушууга шерттенип, убада беките, үч тарапка бет алыша жер кесип, эл кыдыра өнөр издеп, сапарга жол алышат.

Күндөр айларга, айлар жылдарга айланып, үч жыл өтө хан айылынын четинде үч жигит аман-эсен

www.bizdin.kg

жолугушуп, ал-жай сурашып отурушат. Бирөөнүн колунда томогосуз кондурган ак шумкары бар. Экинчисинин капталдарында арчындап илинген комузу, жаурыпа[1] искирепкеси[2] салаңдайт. Үчүнчүсүнүн колунда каухар, жакут, акак айкалыштырылган, алтын чөгөрүлүп, бермет ыскытталган, маңдайынын кырбуусун айланта тагылган алтын үлбүрчөктөр кыймылга шыңгыр добуш сала көңүлдү коштоп турган шөкүлө. Шөкүлөнүн маңдайына чөгөрүлгөн бармак басым каухар күнгө чагылыша нурланып турат.

Баарлаша отурган жигиттер болжогон убагында дал хан кызынын жасалгалуу жайына кирип, таазим көрсөтүп, ийиле амандык сурап турушту. Суз жылмая көз жүгүртүп, ыракмат айткан кыз:

–Жай алып, өнөрүңөрдү көрсөткүлө, – деди.

Шумкар кондурган жигит: «Илгери Акун хандын Айчүрөгү Ак шумкарды алып кетип, Семетей баатырды тапкан экен. Кана, Ак шумкарым. Хан кызына салам бер» – дээр замат шумкар уча барып кыз тизесине конуп, «кляк, кляк» шаңшып, бир аздан соң кайра ээсинин колуна конду. Кыз шумкар ээсине баш ийкей ыраазылык билдирди.

Экинчи жигит шөкүлөнү чыгарып, эки колдой ийиле кыз алдына койду. Үй ичи жарашыкка толо түшкөндөй маңдайындагы бармак басым жашыл каухар нур чачып, жакут, акак, каухар таштар бирибирине чагылыша көз жоосун алып, сүйкүмдүү ымала көңүлдү көкөлөтүп турду. Кыздын жүзү жылыгансып, жигитке баш ийкеди.

Үчүнчү жигит комузун алып күүнүн башы Камбаркандан баштап салттуу күүлөрдү мукам чертти. Үй ичи эки келбес өмүрдүн арзуусун, бийик мүдөөсүн, өксүк арманын баяндаган керемет кайрыктарга толду. Күүнүн акыркы кайрыгына жигит үн кошо жай

---

[1] Жаурыпа –Европа Октябрь революциясына чейин ушундай аталчу.

[2] Искирепке – скрипка кыргызча транскрипциясында.

www.bizdin.kg

токтоду да, комузду ордуна коюп, искирипкеде күү созолontту. Тааныш эмес аспаптын айкеш ыргактуу, көп кырдуу, бирде бийиктен, бирде төмөндөн кыялды эргиткен добушунан булут аралап каалгыган толгон айлуу түнкү асман көз алдыга тартыла, чексиз ааламдын купуя сырларынан кабар келгенсип жан дүйнө эргип турду.

Жайлоо төрүндөгү карагай-шактуу апайбет[1]… Жалбырак, бүчүр шуудуру бутактан-бутакка учуп конгон ар кыл канаттуулардын сайрам үнүнө, мөл булактын шыңгыр агымына айкалышкан табият жарашыгы көңүлдү көөлгүтүп, кыз үйүн рахат тынчтыгы, жашоо кумары ээледи. Күүнүн акыркы кайрыгына үн кошо созолонто бүтүргөн жигит аспабын тизесине жөлөй, сабырлуу отурду. Үй ичи жарык дүйнөдө жашоонун ыракатын, машакатын, эки келбес өмүрдүн, Алла-Тааланын деминен бүткөн жан дүнүйөнүн асылдыгын, аруулугун даңазалаган керемет ыргактарга толуп, көңүл кушу көкөлөп турду. Ойго чөмүп отура күү тыңшаган хан кызы:

– Үчөөңөрдүн өнөрүңөр бири-биринен озгон чебер эмгектин үзүрү экен. Ыракмат. Эми бул өнөрлөргө кантип, кандай эмгек менен ээ болгондуңарды баяндагыла, – деген сунуш койду.

– Мен Ала-Тоону, Алай, Памир тоолорун мекендеген элдерди кыдырып, мергендер, саяпкерлер менен сырлаштым. Айрыктуу алгыр куштарды таптап, үндөккө келтирген мүнүшкер купулума толуп, аны менен бирге жатып, бирге туруп, өнөрүн үйрөнүүнү максат этип, бирге тор жайышып, куш күйүү сырын билдим. Уядан алынган балапан куштардын көңүлүн таап, бапестеп багып, үндөккө келтирип, чырга тартып, колго кондуруп, ар кыймылын, эмне кааларын, эмне билерин жадыма түйдүм. Ошого жараша аракет жасап, аларга эмне каалаарымды түшүндүрүү үчүн күн-түнү куш жанында болуп, алардын оюндагысын

[1] Апайбет – жайык бет.

www.bizdin.kg

таап, сырдаш болдум. Мына бу Ак шумкар балапан кезинен берки ынагым, өтө акылдуу жана айтылуу Семетейдин Ак шумкарынан кем эмес. Менин айтканымды жаземдебей түшүнөт жана аткарат, – деген шумкар ээси өзүнө ыраазы отурду.

– Мен өнөр артынан түшүп Шам, Мисир, Багдат шаарларын түрө кыдырып, асыл буюмдарды жасаган чеберлердин жардамчысы катары тынбай дээрлик күнүтүнү эмгектендим. Каухар, жакут, акак таштардын кооздук, жарашык жана заттык бөтөнчүлүктөрүн, кандай шартта жарашыгын, кооздук көркөмдүк касиеттерин ачар себептерин үйрөнүү үчүн аларды бири-бирине айкалыштырып кынаптап, нечен уйкусуз түндөрдү, кылдат, түйшүктүү эмгекке шыкалган тынымсыз күндөрдү өткөрдүм. Асыл заттардын алтынга шөкөттөлгөндө иретине төп келе, көркүн ача сезимге нур жандырып, дүнүйө көйкөлткөн сулуулугу, жарашык толкунунда балкыткан кайталангыс керемети менен жашадым. Мындай керемет дүйнөдө жашоо мени эргитип, күн сайын ийгиликтерге кабылтып турду. Ошентип, ханзаада кыз, сизге тартуу – жашоо кумары, аруу махабат деми сүрөгөн жан дүнүйө эмгегинен келди, – деп сөзүн бүтө жигит астыртан болочок колуктуга көз жибере ордуна отурду.

Кыз шөкүлөдөн көзүн айрып, үчүнчү жигитти суроолуу карады.

–Мен өнөр издеп, Кырым, Урумду кыдырдым. Ошол элдердин асем добуш чыгара турган түрдүү аспаптарын жасаган өнөрканаларында иштеп, эмнеден, кандайча жасалаарын билдим. Ар аспапта ойноп күү чыгарганды жан дилим менен үйрөндүм. Ошентип, сизге деген аруу сезимди күү менен жеткиргенге аракеттендим.

Жайдары тейде күү чеберине жүзүн бурган хан кызынын:

–Урум, Кырым айчылык алыс чөлкөмдөр экенин угабыз. Кандай убара менен барып келдиңиз? – деген үнүнөн күүлөр купулуна толгону туюлду.

www.bizdin.kg

–Кудай-Тааланын жардамы менен аман кайттым. Өнөргө ээ болгондон кийин бирөөлөргө жалданып иштеп, жол каражат таап элге кайтайын деген тилекте шаар кыдырып, бир чоң үйгө кирдим. Эшиктери ачык. Ортоңку бөлмөгө башбактым. Текчелер китепке жык толгон. Такта жанында жумшак орундукта чалкасынан түшүп эр ортону киши жатат. Искирепкеси тизе үстүндө. Жанына келип байкасам, тирүү эместей. Колдору, чекелери муздак. Жанына отуруп, «бисмилла» айтып келме келтире, искирипкесин алып, күү чалып отурдум. Кырым, Урумда элге жаккан залкар күүлөрдүн керемет кайрыктары үй ичин ээлеп, жарык дүйнө, аалам жарашыгынан кабар берип, акыл-эсти, жан дүнүйөнү ээлеп алды. Аллахи-Тааланын рахматы жаагандай шоокум жанып отурганда сулк жаткан киши башын көтөрүп, боюн түзөп отурду да:

–Мен жан таслим болгон элем. Керемет күү ыргактарына көөлгүп, эргиген жаным Жараткандын жактыруусу менен денеме кайра кирди. Сага ыраазымын! Саламат бол, уулум. Кайсы элден болосуң, кайдан келдиң? Жанды ойготуп, Кудай-Таалага жаккан күүлөрдү кайдан, кимден үйрөндүң? – деп жай сурады.

Мен ал-жайымды баяндаган соң жанагы киши жылаажын какты. Үстүңкү бөлмөдөн түшкөн аял даярдаган дасторкондон даам сызып, баарлаша бир кыйла отурдук. Менин абалымды толук түшүнгөн акылман боорукер киши эл-жериме жетерлик каражат берип, өзүн тирилтүүгө күү чыгарган искирепкени мага белекке сунуп, элиме узатты. Ошол жолум менен сиздин алдыңызда турамын, – ушуну айтып күү чебери күйөө жигит баянын аяктады. Ага ыбаа караган хан кызы лам дебей сабырлуу отурат.

Үй ичин бүйүр кызыта үмүт күттүргөн тынчтык ээлөөдө. Күйөө болуучу өнөрлүү атаандаштар бирибирине кызганычтуу көз артат. Хан кызы кимисине кол берерин күтүүдө...

www.bizdin.kg

– Сен кандай ойдосуң? Хан кызы кимисине кол берсе адилет болор эле? –деген Сейде эжесинин соболуна кээде жылмая, кээде суз ойлуу отурган Жаңыл Мырза оюн айтты:

– Үчөөнүн тең өнөрлөрү сын жеткис ажайып бийик. Ошентсе да хан кызы өмүрдү кайра жараткан күү чеберине кол берсе адилет болор эле.

Кызга жайдары караган Сейде:

– Кудай каалаcа, сен да тилегиңе жетип, өнөрлүү, кеменгер жубайлуу болосуң, – деп эрксиз жүргөн баатыр кыздын колунан өөп, жакшылык каалады.

Тогуздун айынын он беши.

Аш кечээ башталган. Оң, солдун, ичкиликтин, чектен алыскы Кызыл-Суу, Ак-Чий кыргыздарынын бийлери, бийлик бучкагын чойгон эл башылары өзүлөрүнө арналып көтөрүлгөн өргөлөрдө жайланышып, каадалуу аш сыйын көрүүдө. Ар уруу өз намысын көтөрүүгө эр сайышка, эр эңишке, балбан күрөшкө түшүүчү чыгаан жигиттери, акын ырчылары, топ бузар чечендери менен келишкен. Туу жыккан күлүктөрү, суу төгүлбөс жорголору саяпкерлери менен күн муруту чачырай аш ээлеринин, аш башкарган Калматай бий баштаган оң, солдун көсөм билермандарынын алдында чубатуудан өтүп, марага коё берилүүчү күн жарым алыс чекке калыстардын коштоосунда айдалып кетишкен. Бешим оой марага келүүлөрү күтүлүүдө.

Күн аркан бою көтөрүлгөн маал. Айылдын туура жагындагы кенен жайыкта каада-салттуу эр оюндары өтүүдө. Жаадай ийиле каз катарлаша, алдыдагылары отуруп, анын артындагылары чөк түшүп, андан арткылары тике тура, эң арткылары атчан тамаша кызыгына батып турушат.

Аш ээлери оң, солдун уруу башчылары, чектен аркы Кызыл Суу, Ак Чий кыргыздарынын бийлери Шергенбай, Калдыбайлар аш жыйынынын төрүндө Калматай бийди ортого алып, аш тамашасын көрүп, сөөлөттүү отурушат.

Эр сайыш, эр эңиш, балбан күрөш өңдүү салттуу оюндар кечээ өткөн. Аркан тартыш, жөө жарыш да жанараак бүткөн. Эл арасын күлкү аралаткан көз таңмай оюну аяктагандан кийин Кызыл Суу кыргызынын бийи Мергенбай ордунан салабаттуу козголо үнүн көтөрүңкү чыгарып:

– Ата салтын, калк каадасын бийик туткан карабагыш туугандарга, аш ээлерине, ашты башкарган Калматай бийге, жамы кыргыздын кол башысы атанып, болочок муундарга өрнөк болорлук иш бүтүргөн баатырга ыраазылык айталы. Бий, Үчүке, Түлкү баатырлардын кунун алып, азгантай нойгутту кана карап[1] кылбай кун үчүн айтылуу жаангер кыз Жаңыл Мырзанын өзүн гана туткунга алып, орундуу, жүйөөлүү эл ишин бүтүрдүңүз. Жаңыл Мырза сизге баш уруп, жүздүгүн бериптир деген өңдүү кабар уктук. Алдыда турган ак никеңиз кут болсун! Эми бир өтүнүч, элдин өтүнүчү десем да жарашат. Кол башы болуп жергесинен калмактын калың колун сүрүп чыгарып, бетме-бетте калмактын оёнун найза уруп жыккан, көзгө атар мерген Жаңыл мырза элине өнөрүн көрсөтсүн, – деди. Бийдин сөздөрү:

– Баракелде! Көптүн көксөгөнү ошол!

– Баатыр кызды көрөлү!

– Өнөрүн көрсөтсүн! – деген аба жарган бийик кобур менен коштолуп турду.

Күтүлбөгөн кооптуу мактоодон, уу-дуудан санаасы бөлүнүп, ойлуу отурган Калматай бий:

– Мергенбай акылман, айткандарыңыз жүйөөлүү. Көпчүлүк каалап турганы да жүйөөлүү. Азыр күлүктөр марага келе турган маал болуп калды. Сиз айткан, эл күтүп турган ишти эртеңкиге калтырып, күлүктөр келгенче, тамактанып алалы, – деп сөз узатты. Бул сөздү эп көргөн эл сый өргөлөрүнө тарашты.

---

[1] Кана карап - Кыргын салуу.

www.bizdin.kg

Туткун өргөсүндө...

Жаңыл Мырза айылда өтүп жаткан аш тамашасына, Сейде эжесинин айткандарына кулак сала сүз отурат. Эшик ачыла кирген Калматай бийдин көрөр көз жигити Жамшит:

– Арбаңыздар, – деп учурашты да, отурбастан Жаңыл Мырзага ызааттуу көз жибере сөзүн улады. – Эл сиздин дидарыңызды, өнөрүңүздү каалап, дуулдап турат. Бий ат чабыш, жорго салыш бүтсүн, шашылбайлы. Өнөрдү эртең көрөсүздөр деп убада берип, мени сизге жиберди.

Жүзүн жылуулук чайыган Сейде айым Жаңылды жалт карап, ээрдин кыса, үмүт билдире отурду. Өңүндө өзгөрүү байкалбай сабыр туткан Жаңыл мырза жооп күтүп турган Жамшитке кайрылды:

–Эл кааласа, мен макулмун. Өнөрүмдү Карадолунун үстүндө, жоокер кийим, жаа саадагым жанымда турса гана көрсөтө аламын. Карадолу өз ат жабдыгында, саадагына жебе толтура, жаа керилүү эртең менен менде болсун. Туулгачан жоокер кийим, курал-жарагым менен эл каалаган маалда алдына чыгайын.

Жаңыл мырзанын үнүнөн сабыр туткан кебелбес кайрат, эркиндик көксөгөн жан дүйнө кубанычы туюлуп турду. Ийиле, урмат көрсөтө Жамшит жигит чыгып кетти. Көктөн көксөгөнү алдынан чыкканы турганына көңүлү толгон Жаңыл Мырза кыйынчылыкта өбөк-жөлөк болгон Сейдеге энесиндей кучак жайды:

–Сизге жолуктурган Кудайга ыраазымын! Эртең менен мени ушул үйдөн өзүңүз узатыңыз.

Ыраазылыгын билдирген туткун кыз аттанууга даярдык көрүүнү акылдаша, алдыдан жакшылык күтүүдө...

Эртеси. Күн аркан бою көтөрүлө асман чайыттай ачык.

Жаңыл Мырза өнөр көрсөтөт экен деген аңыздан улам казкатар аш жыйыны кечээкиден кыйла арбын.

www.bizdin.kg

Жыйын төрүндө Калматайды ортого алган уруу бийлери сөөлөттүү отурушат.

Туткун өргөсүнөн жоокер кийимчен, туулгачан, жаасы ийининде, саадактары жан жагында аттанган Жаңыл Мырза жигит башы Жамшиттин узатуусунда жаадай ийилген казкатардын оң жак учуна жетти. Анан Жамшитти калтырып, Карадолуну алчыланта тизгинди жыя кармап, оң колун саал көтөрүп, башын ийе, казкатардын алдын кыдыра жөнөдү.

– Бали, келишимдүү жан экен!

– Кудай келбетти, сымбатты берген экен!

– Чырайлуу тура, көздөрү бdatabой жайнайт!

– Кыз башы менен кол баштаган!

– Калмактын оёнун сайып түшүргөн! – деген кобур аралаган казкатар кубанып да, таңкалып да турду. Калыбынан жазбай элге таазим эте келаткан баатыр кыз жыйын төрүнө келгенде бир аз тизгин жыя ызааттаган болуп, элге учурашууну улантууда. Казкатардын сол учуна чыкканда тизгин кайрып, ортого чыга элге кайрылды:

– Калайык калк, кадырман элим!

Жаңылдын сөзүн бүтүрбөй:

– Аман бол, кыргыздын баатыр кызы!

– Сендей кызы бар кыргыз жоого бел бүкпөйт!

– Энеңе ыракмат!

– Аман бол! – деген казкатар дуулдап, бир тынымга сүйлөтпөй алкап турду.

Колун көкүрөгүнө баса ыраазылык билдирип турган Жаңыл Мырза уу-дуу тынчый калганда:

– Оо, элим! Ыраазымын, мен силердин кызыңар экениме ыраазымын. Элди тынчыталы деген ак тилек менен өз эркимде келдим. Кайгылуу туткун болуп алдыңарда турам. Каалasaңар, жаа тартканымды көрсөтөйүн! Бириңер ортого, мага жакын келип, тебетейиңерди бийик көкөлөтө ыргыткыла, – деп жаасын алып, даяр турду. Жаңыл Мырза ыргыган тебетейди көкөлөтө жебеге алып турду. Ылдыйлаган сайын кайра атат, ушинтип улам көкөлөгөн тебетей төбөсү оюлганда, жерге түштү.

www.bizdin.kg

– Ой тобо, көзгө атар экен!

– Кудай кубат берген экен!

– Бир жаралган экен!

– Аман бол, баатыр кыз!– деген элдин ыраазы кобуру басыла Жаңыл Мырза үн салды:

– Элим, аман бол! Мен нойгутумду сагындым. Калматай артымдан куугун салып бирөөлөрдүн убалына калба! Эр болсоң, өзүң беттеш!

Анан баатыр кыз «Арпанын аягы Кептеш кайдасың» – деп Карадолунун тизгинин жая жебедей сыза узады.

Казкатар эл Жаңылдын элине кеткенин колдоп, карааны үзүлгөнчө карап кала берди. Калматай куучу камын көрүүдө.

Айылдан бир кыйла узаган Жаңыл Мырза көптөн бери минилбей буулуккан Карадолунун тизгинин жыя жүрүшүн басаңдатты. Ашууну чаалыкпай ашкан Карадолу көбүк чачып тердегенин байкаган Жаңыл Мырза тизгин тарта жерге түшүп, аны жиниктирбөөнү ойлоп, басмайылын бошотуп, ооздугун чыгара отко койду. Чакан куржундан Сейде даярдап берген көөкөрдү алып, кымыз жута дем алып отурганда, ашууга жакындап, кылычын кесе кармап, сөгүнүп-сагынып келаткан Агатан баатыр көрүндү.

– Баатыр, кайт артыңа! – деп үн салды Жаңыл. Кылычын булгалап көшөргөн баатырдын токтобосун туйган Жаңыл ал ашуунун белине жеткенде, жаа тартып атын жыкты да, Карадолуга ооздук катып, куржунду беките, шап аттанып, жүрүп кетти.

Агатан баатыр ашууда калды... Ал ашуу кийин Агатан аталды.

Тынбай таскак урдура жол тарткан Жаңыл Мырза Арпа өрөөнүн бойлой күн жүрүштөн суу түшкөн чоң сайга жеткенде, кош аттап, ат жаңырта кууган Кожогул баатыр көрүндү. Жакындап келаткан баатырдын муназага келбесин туйган мерген кыз аны да аяп, атынын алдыңкы бутун үзө атып, жолун улады.

www.bizdin.kg

Окуя болгон сай «Кожогулдун сайы» аталып калды.

Торугарттын аркы жагында айылдарга кеч кире жетүүнү көздөгөн жолоочу баатыр кыз шайбыр жүрүш менен белге чыгып, атын тыныктырып, өзү да тамактанып отурду. Күн кечтей баратат. Жол узатайын деп Карадолуга минип, тизгин кагаарда ашууга чыга келаткан Масеил баатыр найза сунуп беттөөгө өттү.

Жаңыл: «Баатыр, артыңа кайт!» деген сөзгө жооп катпай, ызырына келаткан Масеил баатырдын да атын жыга атып, көмөлөнттү.

Ызырынган баатыр атынын жанында аргасыз отурду. Бел «Масеилдин бели» аталып калды.

Тынбай жол узаткан Жаңыл Мырза эки ара конуп, күүгүм кире атасы Арзыбай бийдин үйүнө түштү.

Үй жарык. Шам жагылган. Ата-энеси, ага-жеңеси кечки тамак маалында отурушуптур. Эшиктен жоо кийими менен аман-соо кирген Жаңыл Мырза туткундан демейки аң улоодон кайткандай жайдары сабырлуу турду:

– Аман турасыңарбы?!.

– Алхамдуу Иллахи, – деп ордунан сабырлуу турган Арзыбай бий кызынын чекесинен сүйүп колун кысты. – Өзүң канттиң, карагым?! Көрүнүшүң кадимкидей... Кудая шүгүр!

Байына ызаат кыла жашын сүртө турган байбиче кучактап, Жаңылдын бетинен сүйдү: – Айланайыным! Айланайыным! Аман көрсөткөн Кудайга ыраазымын!

Ата-энелеринен ыйба кылып турган келин сөз табалбай жаш төгө кучактады:

– Кызыке.....

Агасы сөз айтпады.

Жайылган дасторкондо үй-бүлө демейкидей жай отуруп, Жаңылдын өз намысын сактай билгенине ыраазы, алдыдан жакшылык күтүүдө...

www.bizdin.kg

«Жаңыл Мырза келиптир» кабары биринен-бирине учкул жеткен эл чубап келе Арзыбай бийдин айылын түшкө маал толтуруп турду. Жүздөшүүгө барып кирип үлгүрө албаган, катарлаша өргөнүн эшиги жакка жардана турган элдин алдына атасы менен чыккан Жаңыл Мырза:

–Оо, элим, амансыңарбы! Мен силерди аман көргөнүмө ыраазылыгым Кудайга жетсин! Мен деним соо, ар-намысым ордунда. Силердин кызматыңарда боломун, – деп сөзүн уларда:

–Ылайым аман бол!

–Эл коргогон кызыбыз!

–Кудай өмүр берсин!

–Сени күткөнбүз!

–Кудайга шүгүр! – деген жандуу кобур басыла, Арзыбай бий алдыга чыгып алакан жайды:

–Оо, калайык, силерге мен да ыраазылыгымды айтайын. Жаңыл Мырза менин эле кызым эмес, силердин – элдин кызы экенине бүгүн дагы бир жолу ынанып отурамын. Кудайдын берген кубанычын чогуу кабылдайлы. Силерди күткөнгө үйлөр тиктирейин. «Айтуякка» ак боз бээлерден, «аксарыбашылга» койлорду чалып, жакшылыкка бата тилейли. Аллоху Акбар!

Эл жапырт алакан жая, жакшылык күткөн айылда ак бата жаңырды. Топ арасынан Бекберген улама үн салды:

–Оо, бий, Жаңылдан сөз угалы деп турабыз.

Ага катар отурган Бактыяр карыянын:

–Жаңылдын эсендигине айтуяк, аксарыбашылды өткөрөлү. Бата берели. Кызыбыздын сөзүн санаасы тынган соң угалы, –деген сөзүнөн улам эл жапырт киришип, үйлөр тигилип, туткундан келген кызынын амандыгына ай туяк, аксарыбашыл өткөрүштүн ырасми жөрөлгөлөрү башталды...

Күн чоң шашке. «Айтуяк», аксарыбашыл» өткөрүп санаасы тынган эл Арзыбай бийдин эшик

www.bizdin.kg

алдын бет алып, Жаңыл Мырзанын туткун баянын күтүп, казганактап кулак түрө турат. Арзыбай байбичеси менен жоокер кийимчен, туулгачан кызын ортого алып, үйдөн чыга сөзүн баштады:

– Эл-журтум! Менин кызымдын, силердин Жаңыл Мырзаңардын аман келгенине кубанып, биз менен турганыңарга ыраазымын. Ата–эне–бала биз баарлашып, акылдашып, сөзүбүздү бышырдык. Эми кызым өзү силер менен учурашайын дейт.

Атасы сөзүн бүтө Жаңыл Мырза элге жакын ортого келди да:

– Аман-эсен турасыңарбы, мени чоңойткон элим, ага-туугандарым, бирге өсүп, эл сактап, жоо кайрыган улуу куралдаштарым! Өзүңөр узаткандай, мен эрөөлгө чыгып, жекеде найза сунушкан баатыр менен экинчи кайрылып беттешүүдө бири-бирибиздин элди тынчыталы деген оюбузду көз караштан түшүнүп, жанаша бастыра бардык эле. Менин элди кыйнабайлы, сүйлөшөлү дегенимди кабыл албай, Калматай бий туткунга алып, эрксиздикте айларды өткөрдүм. Акыры ашка чогулган калың эл «Жаңыл Мырзанын өнөрүн көрсөт» деп кыстаганда, кепилге менин жүздүгүмдү алган Калматай аргасыз макул болду. Эл жаа тартуу өнөрүмдү көрө ыраазы болуп алкап толкуп турду. Мен элге кош айтып бастыра бердим. Артымдан куугунга түшкөн карабагыштын үч баатырын Арпа өрөнүүнүн үч жеринде өздөрүн аяп, аттарын жыгып калтырып, жол улай келип силерге учурап турам, – деди.

– Аман келдиң!

– Кудайга ыраазыбыз!

– Элдин сендей кызы бар!

– Бар бол! – деген үндөр жаңырып эл ыраазы турду. Жаңыл Мырза сөзүн улады:

– Эми аянычтуу сөзүм бар. Мен силер менен коштошкону турамын. Мен араңарда турганда силерге тынчтык болбойт. Мени туткундоо үчүн чабуул улана берет. Менин араңардан белгисиз кетишим – Арка,

www.bizdin.kg

Анжыянды тынчытаар. Аларга кун керек эмес. Менин кордолуп, күң болуп алдыларында туруум абзел экен. Кудай-Таала мени күң болуу үчүн жаратпаптыр. Силер да менин күң болуумду каалабайсыңар. Мен силер менен коштошуп, кыбыланы бет ала сапар тартамын. Жараткан буйруса, Мекеге жетермин. Болбосо эркиндик издей жер кесе беремин. Мени кечиргиле. Менден кам санабагыла. Адамдык бийик баркым, ыйманым менен кайсы жерде буйрулса, өлүм парзын кабыл аламын.

Элим, ата-энем, силер менен Кудай алдында ак жүзүм менен жолугамын. Мага ак жол каалап, бата бергиле.

Жоокер кыздын үнү топуктуу да, кайраттуу да угулду. Ойго келбеген кайгылуу коштошууга оюнда даба издеген эл дымып турду. Бир тынымдан кийин кыйла алдыга чыккан Бактыяр карыя:

– Оо Арзыбай бий, бул кандай суук кабар. Жаңыл Мырза, элге жөлөк болгон кызыбыз, андай дебе! Элиңден азып кайда барасың?! Элден азчу жан эмессиң! Байыртадан эле кун төлөп, тынчып келген элбиз. Өзүң башта. Хан Тейишке баралы. Эл менен жүздөшөлү, жүйөөлөшөлү. Муназага келишээр, – деп күйүп-быша үн салды.

Эл бийден сөз күтө үмүттүү турду. Сабырлуу тейде кызынын жанында турган бий:

– Карыя, мага да оңой эмес болуп турганын баамдаңыз. Айтпадымбы, биз үй-бүлөдө кыйнала, Жаңылга макул болдук. Ошол Тейиш хандан кеңеште нойгуттан кунга мал албай, Жаңыл Мырзаны колго түшүрүп келүүгө бүтүм болуптур. Арка, Анжыяндын ой калчаган билермандары калмак кол салганы турганда Жаңыл мырзанын жаангерлик кайрат-амалын душманга каршы пайдаланалы деген түзүк ойлорду айткан имиш. Жаңыл Калматай бийге карабагыш уруунун туткунуна эмес, жамы кыргызга элчиликке келгенин айтып, кыргыз ханы Тейиш менен жолуктурууну талап кылган экен. Калматай хандын жумушу бул

www.bizdin.kg

эмес, мен билем деп айтып, туткун арбытып, бир үч ай өткөнчө колбашыдан жооп сурап, Жаңылдын жайына кызыкпаган хан аны Калматайга олжого калтырганы көрүнүп турат. Болбогон ишке бой салбай, кадыр-баркыбызды сактайлы. Жаңылды Кудай мага эле эмес, Жаңыл мырза, колбашы атактындырып бүтүндөй нойгутка, кала берсе кара кыргызга берген таберик эле. Таберигибиз Кудай жолуна аттанам дейт. Ак бата берели. Элинин батасы тийип, Кудай-Талааның рахмани рахминде бар болсун чырагыбыз, кызыбыз. Кана тарткыла, Карадолу аргымакты Жаңыл мырзанын алдына, – деп узатуу сөзүн бүттү.

Карадолуга жоокер кийим, жаасы ийнинде, саадагы эки жагында ээрге куюп койгондой омоктуу бап отурган Жаңыл Мырза алакан жайды:

– Кана, бата бергиле. Менден күдөр үзбөгүлө! Кайда жүрсөм да силер мененмин!

Коштошуусун элдин Аллахи Акбары колдоп, айыл үстүн армандуу үмүт ээлеп турду.

Жаңыл мырза Карадолунун тизгинин бошотуп күн батышка бет ала кылчайбай узап баратты.

– Оо Жараткан, өзүңдүн алдыңда бул жай баарыбызга убактылуу жай. Менин кызым, элинин перзенти Жаңыл Мырза кол башы, эл башы атана, шамдай жанып келди эле. Шамдай жанган тейинде узап баратат. Өчпөгөн бойдон өз алдыңда болсун! – деген Арзыбай бийге эл кошула:

– Өчпөгөн тейде барсын, оо Жараткан! – деген кайгылуу үн обододу.

Жакшылык көздөгөн Жаңыл Мырза узап кетти. Көзү талыгыча узатып эли калды.

Алдыда азуулуу жоодон Ата-журтун, абийирин коргоп, чабылып-чачылган элдин «актаман чубурунду» делип, тарыхта калган азаптуу жолу, кайрылып кайрат жыйнап, Ата конушун сактап калган эл күрөшүүсүнүн күрдөлдүү жылдары жатты.

www.bizdin.kg

## Хандан сыр качты,
## сынчыдан сын качты

Калың калмак үйүр алышкан жоо. Үйүр алышкандыктан зомбулугу күч. Казак-кыргыздын жер талабын, каруу-күчүн, элдин биригүүгө мүмкүнчүлүгүн Эр Эшим, Манап баатырлардан тумшугу кайрылгандан улам таасын көңүлүнө түйүп, өч алууга, жер ээлөөгө агытылган напсисин тыйса да көзү кызарып турат. Күч жыйнап, кылычын кайрып, четинен тие зордук көрсөтүп казак, кыргыздын тынчын алууда.

Кыргыз ичинен бузулуп, Үчүке, Түлкү шейитке, Жаңыл Мырза белгисиз кайып жолго кетип, бөксөрүп турган кез анын баскынчылык дымагын арттырууда.

1652-жылы Сенге алтын ханды кулатып, ойрот кошулгандан соң калмак коңтаажысы күч жыйнай баштады. Казак-кыргызды басып алып, Ысык-Көл, Чүй, Таласты, Сары-Арканы ээлеп, андан ары өзбек, тажикти кошо, эки дарыя – Мавре Нахрда[1] бийлигим өтсө деген коңтаажыны Чынгыз хандын, Батый хандын «акыркы деңизге» жеткен согуш даражасына тете болом деген көксөөсү шыктандырууда.

Чоң жүрүштү баштоо жышаанасы – казак, кыргыздын четинен жылкы тийип, кулдануу үчүн уланкыздарды туткундап кеткен учурлары элдин үрөйүн учурууда.

Эртеңкиге кооптонуу арбып, элдин тынчы кетип турат.

Ушундай калк башына кара булут айланып турган маалда элинин кооптуу мүшкүлүн, кайгысын өзүнүн кош касирети менен сабырлуу көтөргөн Сарысейит бий токсонду таяган курагында дүйнөдөн көчтү. Өмүрү эли-журтунун кубаныч-кайгысы менен

---

[46] Эки дарыя –Аму  дарыя, Сыр дарыя.

www.bizdin.kg

айрылгыс өткөн калк атасын кара кыргыз урматтап узатты...

Кыйын кезеңде армандуу узады бий.

Бийди узатуу сыяпатынан кийин кыргыз башылары бугу – Жамангул бий, солто – Талкан бий, саяк Кайдуулат бий, моңолдор – Бакы бий, бугудан бөлүнө жүргөн тынымсейит бийи – Мортук, сарыбагыштан – Кудаян, чериктен – Ак чубак бий жана элге төбөсү көрүнгөн ар уруунун билермандары айыл четинде дөңдө уй мүйүз тарта кеңеш куруууда. Уй мүйүз төрүндө отурган, көбүнөн жашы илгери Талкан бий тамагын кыра, тегерегине көз жибере сөз баштады. Бийдин сабырлуу коңур үнү отургандарды кеп-кеңешке чакыргандай болду:

–Бий жаннаты болсун, кеменгер, калк камы менен жашаган өрнөктүү жан эле. Анжиян, Бухара, Самаркан, Ташкенди кыдыра өткөн айкөл адам баарыбызга баш эле. Калмак төрүбүзгө өткөнү жулкунуп турганда анын орду толбой, бек Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлар шейит кетип, калмакты жергесинен сүрүп чыгарган колбашы кыз Жаңыл Мырзанын белгисиз кайып кетиши бизди бөксөртүп турат. Дегеним, булар колбаштоочуларыбыз эле. Муну туйган калмак колун ушалап, ыкыс берип турбайбы. – Бий улутунуп, демин жыйып сөзүн улады. – Уюткулуу элбиз. Кудай дейли. Уучубуз куру эмес. Кеңеш башы Кудаян мырза турат. Мааматкул, Дөөлөткул, Белек, Бекболот уландар жетилип, эл аралап калышты. Кол куушуруп отура бербей, күч жыйнайлы. Каптоого умтулуп турган калмакты тосууга биригели. Эзелтен жоого бел бүкпөгөн түптүү элбиз. Оюбузду ортого салып, акыл куралы.

–Узатуу азадан азалуу тарасак салттуу болор эле. Эл үстүнөн кара булут айланып турганда кеңешке чогулганыбыз жүйөөлүү болду. Кудайым жүйөөлүү десин. Бабабыз Тагай бийден бийлик Богорстон бийде калган экен. Бийлик ээсинин урпагы Талкан бий

www.bizdin.kg

нускалуу, жүйөөлү ойлорду ортого салды. Бүгүнкү айтылган сөздөр тик кесер, так болсун дейм. Өзүмдөн баштайын. Биз бугу уруусу беш жүз найза жаа менен куралданган жоокер чыгарабыз. Беш жүз башы Белек мырза болот. Бара-бара жоокери көбөйсө, миң башы болоор. Болот курал, кылыч, мылтык, айбалта жетишсиз. Мунун ылаажысы табылар, – деген Жамангул бий Кудаянга көз жиберди.

Жамангул бийдин сөзүн кубаттаган саяк бийи Кайдуулат:

– Мына сөз деп ушуну айт. Болор ишке так кесер чара болду. Биз саяк эли калмактын жаалын туюп, жөн жатпадык. Кайыңды кургатып, бөрү тил найза жасап, жаа ийип, ошол ишке эр бүлөлөрдү, айрыкча жаш жигиттерди машыктырып, кам көрүүдөбүз. Түлкү баатырдын уулу Жанболот, менин уулум Жандарбек куралган колго баш болууга бел байлап, тынбай айылдан жигиттерди баш коштуруу, кол куроо камында жүрүшөт. Бери болгондо беш жүз куралдуу жоокер атка минет деген болжолубуз бар. Болот курал демекчи, Үчүке баатырдын деми менен Анжиян, Наменгенге мал түшүрүлүп, Букар, Самаркандан төөлөргө жүктөлүп болот курал келди эле. Эмгиче керексиз тургандай түрү бар. Ошонун үзүрүн көрчү кез келди го, Кудаян мырза, – деп сөзүн бүтүрдү.

– Кайыңды көлөкөдө кургатып, найзаны баарыбыз жасап жатабыз. Жоо качан келет деп күтүп отурмак белек. Жааны ийип, жебе жонуп, эл четинде болуучу уулдарга соот-чопкут да камдап атабыз. Жанагы кылыч, мылтык, айбалтаны сүрсүтөбүзбү? Эчак эле таратылса болмок экен. Эми да кеч эмес, уулдарыбызды курал менен жабдыктайлы. Анан жамысын бир жерге байыркыдай добулбас уруп чогултуп, күчүбүздү сынаганыбыз оң болор. Жамысына колбашы керек, аны да ушул сапар аныктап кетели. «Жарактуу күнү жоо келбейт» деген ата-баба осуятын аткарып, жоого даяр бололу, – деген черик башы Төрө бийдин угумдуу сөздөрү кеңештин көңүлүн Кудаянга бурду.

www.bizdin.kg

–Ырас кептер айтылды. Душман босогонун артында турат десек болот. Шейиттердин кунун кубалоого алагдыланып, үч төөгө жүк келген кылыч, айбалта, куралдар ордунда турат. Бийлердин дымактуу камкор кептери бизди кубантып койду. Кун алынары көрүнүп турбайбы. Айтылгандай ар уруудан кеминде беш жүздөн жоокер чыкса, жамысы эки жарым миң колубуз болоору баамдалып калды. Кеңештен соң ар урууга беш жүз жоокерлик курал-жаракты бөлүп берели. Унааңарга жүктөтүп ала кеткиле. Өзүңөр башында туруп, беш жүз башы, жүз башы, он башы болчу азаматтарды шайлап, курал таратып, катарга тизип сынактан өткөргүлө. Кудай буйруса, тогуздун айынын аягында Сары өзөн Чүйдүн талаасында добулбас уруп, кол жыйнап, сынактан өткөрөбүз, – деген үнүнөн «колбашы мен болом» деген дымак туюлган Кудаян бир аз тына кыраатын түзөп сөзүн улады. – Биздин Мааматкул инибиз да бекер жүрбөдү. Атасы Үчүке баатырды тарткан да. Өзү курдуулардан итабар – чамасы жарым миңден ашат го, жигит жыйнап, силердегидей кайыңдан найза жасатып, жаа ийдирип бүтүп калды. Жигиттери менен кайгуулга, жесекке чыккан болуп жүрөт. Иншалла. Чүй талаасында баарын сынайбыз. Сынды сиздер коёсуздар.

Сөзүн бүтө Кудаян бийлерге көз жибере каадалана отурду.

–Баарыңардан курагым илгери карыяңармын. Сөз уга, элим жоого босогосун аттатпайт экен деп сүйүнүп отурамын. Кудай сүйүнткүсү бардыр. Бизде Мааматкулга курбу Кошой уулубуз да аракеттенип жүрөт. Жигиттер курал жасап, ат-көлүгүн камдап, бейкапар эмес, камдуу жүрүшөт. Эми Кудаян Мырза айткандай, ошол демдүү жигиттерди куралдандырып, баш коштуруп, жамы кыргыз колун курайлы, кол башы күтөлү. Эки, эки жарым миң жоокер элдин жакшы жышаанасы. Бирок калмакка шамыян кайрууга жетишсиз. Аз болгондо жыйырма миң түзүк курал-

www.bizdin.kg

данган кол керек. Кудай жардам берсе, курал кармоого жарай турган эр бүлөлөрдүн баары аттанганга азыр болгудай аракеттенели. Ар бир үйдүн эр жак тушунда найзасы сайылуу, аты суутулу тургандай болсок, калмакты тосо алабыз, – деген солто Талкан бийдин сөздөрүнөн көптү башынан кечирген карыянын калк камы тынчын алган көңүл көйгөйү угулду.

–Карыя бийдин айткандарын көңүлгө түйөлү. Арийне, эки миң жакшы саамалык. Аны эки-үч түмөнгө жеткирели. Айтарын айтып, тынч жатып албайлы. Быйыл күздө колдо бар жоокерлерди добулбас уруп сынактан өткөргөндө эр бүлөнү жапырт аттандырууну ортого салалы. Келерки күздө буйруса, жамы күчүбүздү сынайлы. Сынакты Чүй боорунда эмес, калмакка жакын Иленин баш жагында өткөрсөк. Калмак туйсун биздин күчүбүздү, – деген тынымсейит бийи Мортук төп ой айттым го деп ырааазы боло оңдонуп отура, чакчасын алып нас жыттады. Кеңешти ой бир жерден чыккан жылуу маанай ээлеп турду.

–Эрте күндү кеч кылбай, кеңеш курганыбыз абзел болду. Мортук бийдин сынакты калмак туйгандай өткөрөлү дегени көңүлгө да, абалга төп келип турат. Көп аракет керек. Биз кеп салып отурган калмак чабуулунун айныксыздыгы, ырайымсыздыгы ар бир үй-бүлөгө, үй-бүлө башы эрлердин көкөйүнө жеткендей аракеттенели. Бастырганыбыз, айыл-апа аралаганыбыз калмакты тосууга элди даяр болдурууга багышталсын. Калмак баскыны эки тараптан болуусу ыктымал. Мортук бий баамдагандай, Иледен болоору турган иш. Эгер казак туруштук бере албаса, Кордойду ашып, Чүйгө чабуул салаарын да күтүүгө болот. Кудай буйруса, күчүбүздү сынап, жамдап алгандан кийин, ушул эки тарапты жесектеп, кайгуулдап туруу дамамат көз алдында болуу керек. Жамы кыргыз үчүн зарурат бул аракеттерди уюштуруп, көз салып жетектеп турууга кыраакы, акылман колбашы керек, – деп бийлерге сөз учугун таштады саяк бийи Кайдуулат.

www.bizdin.kg

– Колбашы лаазым экени ырас. Аны өз алдынча сөз кылалы. Абалы калмак жайына өз ара ой токоорутуп алалы. Кайдуулат туура баамдаганы көрүнүп турат. Калмак кыргызды басып кирүүсү эгер казак туруштук бере алса, Иледен башталат. Иледен Челекти, Кызыл Кыяны ашып Каркыраны, Ысык-Көлдү ээлөөнү көздөйт. Калмактын дымагы күч. Ысык Көлгө, Ала-Тоого чорлорун орнотуп алгандан кийин алар Нарынды бойлоп, Каргалык ашып, Тогуз-Тородон өтүп Көк-Арт, Үйрүмө ашып, Барганага өтөт. Андан Букар, Самарканды ээлемекчи экени анык. Ысык-Көл, Нарын, Тогуз-Торо чөлкөмүндөгү элди ушул мүшкүлгө даярдоо абзел. Жогоруда сөз болгондой бул жерлердеги айылдардын ар бир үйүнүн эр капшытында найзасы сайылуу, мамыкта суутулу аты даяр тургандай болтуралы. Кудай буйруса, ушул кезде айыл-айылдарда куралдуу жүздүктөрдүн он башылары ар бир айылда аттанууга даяр турган эр бүлөлөрүн баш коштуруп алып жүргөндөй болсун. Күзгү жоокер сынагына чейин эле биз бийлер, эл башылар күн сайын көзөмөлгө алып, бири-бирибизге каттап, иштерибизди өз ара көрүп, ийрисин түзөп, тетирисин оңдоп, жыйынтыктап, кеңеш башы Кудаян бийге маалымдайлы. Ал баарын жамдап көз салып, колдун душманды тосууга даярдыгын камсыздап турсун. Дагы акыл калчайлы. Бир чоң жыйында бүгүн бир пикирге келели – деп Талкан бийге көз жибере, ойлору бирдей чыгаарына ишенип отурду Жамангул бий. Башын ийкеп, сөзгө кулак төшөп, ойлуу отурган Талкан бий:

– Угумдуу, так кесер, таасын айтылган сөздөргө, эл үчүн агынан жаралган камкорлукка көңүлүм толуп отурам. Баарыбыздын ой тилегибиз бирге чыгып турганы, эл ата-журттун элдик абийирин, кутман-кутун ач көз азуулуу жоодон сактап калууга дилгир экенин туюндурган салмактуу, салабаттуу, кубаттуу аян десем, аша чаппасмын. Бул куттуу аянды Кудай алдында чайпалтпай, төгүлтпөй көтөрүп, азуу-

луу жоону беттөө үчүн элдин солк этпес биримдиги зарыл. Биримдикти сактоого элдин эркин жетектеген күчтүү бийлик керек. Рахматы болсун, калмакты тосуу камында жүрүп, хан Тейиш да дүйнөдөн көчүптүр. Азыр кыргыз бийликсиз турат. Калмакка кыргыздын бийликсиз турганы табылга. Калмакты ошол табылгадан кол үздүрөлү. Хан көтөрүп алалы. – Талкан бий сөзүн бүтө тыным жасап, кеңешке көз жиберди.

– Калетсиз ой. Хан бийлигин орнотпосок, эл чачылат. Чачылган элди калмак оңой эле басып алат. Ханга ылайык ким бар, сөз токоорутуп алалы. Бийдин узатуу азасынын өтүүсүн сыйлап, бир аз күтөлү да, хан көтөрүү топ жыйынга чогулалы, – деп Кайдуулат бий ортого ой таштады. Кудаян мурутун сылап, тамагын кыра оңдонуп отурду.

– Тагай бийден бийлик мурасы өткөн Богорстон урпагы Талкан бийди хан көтөрөлү, – деди Жамангул бий.

Топуктуу отурган Талкан бий мурутунан жылмая унчукту:

– Менин курагым узап кетти. Калмакты сүрүп, казак-кыргыздын түмөндөгөн колун башкарып шейит кеткен даңазалуу Манаптын урпагы Кудаян мырзага хандык жарашат. Менин оюмду колдогула.

– Угумдуу кеп болду. Манап баатырдын арбагын сыйлайлы, – деген Кайдуулат бийдин сөзү баарына төп келген кеңеш бир бүтүмдө тарады.

Аяк оонанын акыркы эскиси. Сарысейит бийдин айылында топ жыйынга чогулган эл, эл башы кыргыз бийлери байыркы ата-салтына ылайык каада менен Кудаянды ак кийизге отургузуп, айтуякка ак боз бээ чалып, хандыкка көтөрүштү.

Кыйын кезенде алдыдан жакшылык күткөн элдин алдында манасчынын:

Калкын жоодон сактаган
Каблан Манас шер эле,

www.bizdin.kg

Каалаганын кабылдап
Кайтпай турган эр эле.
Элин жоодон сактоого
Эрен Манас ант берген,
Эгем Таала алдында
Жан дүйнөсү жат[1] берген.
Ушул антты бузганды
Ай жылдыздуу көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көр урсун,
Албарс кылыч изи урсун,
Айбалтанын мизи урсун,
Алла-Таала өзү урсун. –

деп күпүлдөгөн бийик үнү элдин жан дүйнөсүн сүрөп, эргите дем берүүдө.

Хан Кудаян антты кайталап турду.

Айкөл Манастын антын хандын жана калктын эсине салган манасчы Кудаян ханга кайрыла:

Калктын жүгүн көтөргөн
Лөк боло көр, ханыбыз!
Калк алдында ант-шертке
Бек боло көр, ханыбыз!
Калың калмак каптаса,
Кол баштай көр, ханыбыз!
Калкка медер, бел болуп,
Жол баштай көр, ханыбыз!–

деген муназалуу үнүнө муюган эл үмүттүү тарады.

Калың элге алп Манасты эскерип ант берген Кудаян демдүү да, дымактуу да чыкты. Уруу бийлеринин алдында кол курап жүргөн жоокер жигиттерди чакырып, ар биринин жыйнаган колуна ылайык кылыч, айбалта, ар урууга ондон гана жетсе да, түтөтмө мылтык таратты. Жоокерлер курал-жаракты эл алдында катарга тизилип, ант берип алаарын бекем эс-

[1] Жат –таамай, таасын деген мааниде.

www.bizdin.kg

кертти. Бар болгону эки жарым миң жоокерди куралдандыруу жоо тосууга арзыбай турганын эске алып, ар уруудан Анжиян, Намангенге мал түшүрүп, курал-жаракты бери болгондо жыйырма миң жоокерге жеткендей алууга аракет көрө баштады.

1681-жыл. Тогуздун айынын беш жаңысында калмакка жакын Иленин баш жагында сарыбагыш Мааматкул, бугудан Белек, солтодон Кошой, саяктан Жайдар, чериктен Төрө баштаган беш жүздөн эки жарым миң куралдуу жоокерлердин сынагы өткөрүлдү. Талкан, Жамангул, Кайдуулат, Мортук бийлердин улгайган курактарына кайыл боло сынак кароого келиши жоого ата конушун тепсетпей турганын айгинелеген элдин күрдөөлдүү деми эле.

Кийинки жылдары удаа Кызыл-Кыя, Сан-Ташта, Кордон ашуусунун аркы бетинде казак жоокерлеринин катышуусунда, кыргыз, казак бийлерининин көз алдында өткөрүлгөн кыргыз жоокерлеринин күч сынагы эки элдин курал-жарагы айрылбастыгынан кабар берген биримдиктин аяны болду.

... Көп жылдардан бери кыргыз, казактын суулары мол жайлоо-кыштоолоруна, төрт түлүк мал кенен баткан өрүштөрүнө, жанга даба касиеттүү чалкыган тоо көлдөрүнө көз артып, андан ары берекелүү Барганaнын эки дарыя чөлкөмүнө бийлигин орнотуп, күчтүү улуу эл катары өкүм сүрүүнү каалаган ойрот калмактын баскынчылык алкы ачылып турду. Азыр түмөн машыккан кол менен селдей каптап, көчүпконо чачыранды турган тынч элди мекенинен ажыратып, кулдантуу кыйынга турбасына ынанган кара күч камын арттыра, алга жылууда.

Эл ичи камылгалуу... Эр Эшим, Манаптан бери канча жолу тумшугу кайрылса да, кайталап кол салып турган калмактын чабуулу күн сайын күтүүлүүдө. Эр бүлөлөр жаа ийип, жебе жонуп, най-

www.bizdin.kg

за учтап, жоо бетине чыгуу камында. Жашоо кубанычы чабуул камына айкалыша эл үмүт күтүүдө.

Эл жүгүн аркалаган Кудаян хан жигиттерин ээрчите айыл аралоодо. Элдин ал-жайын баамдап, жоо тосуу камына катар атасы бийден мураска калгандай балдарды окутууга ири айылдарга үй тиктирди. Ичкериден молдо алдырып, элге кат таанытып, көзүн ачуу камын көрүүдө. Бий баштап кеткен кыз балдарды өзүнчө үй тигип окутуу ара жолдо турат. Анын көзү өткөн соң кыздарды окууга жиберүү токтогон. Жүйөө таап, элди ынандырып, атанын ишин колго алуу өксүп турат.

Уруу-урууларда куралдуу кол куралып, жоо күтүлгөн тараптарда жоокерлер сынагы өткөрүлүп, жоо тосууга камдуу, куралдуу жигиттери эки жарым миңден ашып, өзүн кыргыз колбашысы санаган, төрт түлүк мал, алтын, күмүш, өлүү дүнүйөгө ээлик кылган Кудаян хандын көңүлү өсүп, келим-кетиши арбып, дымагы артууда. Хан буйругуна, кызматына азыр жигиттеринин санын кыркка жеткирди. Манасча чоро деп атоого батыналбай, кырк жигит атады. Хан өзүнө өтө ыраазы...

Куралданган жоокерлери бар, өзү кол башы. Анжиян, Намангенге мал түшүрүлүп, Самаркан, Букарга каттаган табыялуу соодагерлер аркылуу курал-жарак келип турат. Куралдуу жоокерлер саны арбууда. Салык жыйналууда. Сарысейит бийден калган өрүштөлгөн мал, дүнүйө-мүлк колунда. Мааматкул, Дөөлөткул бой тарта элек. Бийлер кеңешке келип, айтканына макул болуп, кара жоону тосконго даяр турушат. Өзү кол башы. Калмакка бетме-бет өзү кол баштайт. Эмне кеми бар... Үчүке, Түлкүнү ким эми баатырлар дешет! Калмакка кирип кээде согушканы болбосо, Жаңыл Мырза катын кишинин колунан өлүштү. Мен болгондо Жаңыл Мырзаны колго жөн эле түшүрмөкмүн дейт Кудаяндын көөмөйү... Атаганат, кошо барсам болмок экен деп өкүнөт. «Менин колумдан баары келет. Мына элди калмакка каршы

www.bizdin.kg

даярдап койдум... Хан Тейиш... Ал ким болуп калыптыр... Калмакка шамыян кайрый албай жүрүп өлдү да, калды. Калмакка мен шамыян кайруу мындай турсун, көрбөгөндү көрсөтөмүн. Мен кол баштаймын. Хандык кызматымдагы жигиттеримди кырк чоро атайын дедим эле, мен да чоң кишимин, чоң Манасты сыйладым. Өзүмдү сынатайын Санчы сынчынын өзүнө...» Ойго бекиген Кудаян хан жигит башыны алдына чакырып буйрук берди:

– Сен азыр аттангын да, Санчы сынчыны кайсы айылда болбосун, «хан чакырат» деп мында менин алдыма келтир. Жөнө!

Жигит ийиле арты менен чыга жөнөп кетти.

Өзүнүн сын жеткис мыкты хан экенин убагында даңазалуу баатырдын ата-жотолорун, уулдарын сынаган айтылуу Санчы сынчыга сынатып, санаасын тынчытууну күтүп, хан Кудаян жакшы кийинип, сымбат-сыпатын түзөп даярданып, үйүнөн алыс чыкпай чыдамсыз күтүүдө.

Эки күн өттү. Күн жалган түшкө таяган маалда хандын кермесине жигит башчынын коштоосунда жалдуу ак боз атчан карыя келип токтоду. Аттан шып түшкөн жигит карыяны колтуктап түшүрүп, атын кермеге байлап, ызаат менен узата хан үйүнө бет алды. Башында эндей төбөсү бийик ак калпак, жегде ак көйнөк, төшү ачык сокмо чыптама, сыртынан кийген жука, боз төө жүн чепкен, ийиндүү, жайык төш тулкусуна бап жарашкан, субагай тарам кызыл жүздүү, кырдач мурун, сыйда ак сакалы көкүрөгүн жаба, бийик кабак алдынан жанган сурмалуу көздөрүн сабыр жана ой уялаган карыя эшик ачкан жигиттин алдында үйгө кире көкүрөгүнө оң колун сүйөп, салабаттуу учурашты:

– Ассалому алейкум, таксыр ханыбыз.

Төрдө отурган Кудаян хан орун жаңсады:

– Кел сынчым, мындай өт.

Ханга кол бере сынчы орун алып, алакан жая, эл журтка, ханга жакшылык каалап бата тиледи. Бата-

www.bizdin.kg

га кошула жүзүн сыйпаган Кудаян хан суроо таштады:

– Ии... сынчым. Кеп сал, эмне көргөн-билгениң бар.

Сунулган аяктагы кымызды бөксөртө жутуп алдына коё, мурутун сылай ойлуу отурган Санчы сынчы:

– Эл байкерчилигин калмакты тосуу камына жумшап, найза учтап, жаа ийип, жебе жонуп, алдыдан Кудай-Тааладан неемат[1] үмүт күтүп, эмгектүү күн өткөрүүдө, – деди. Сынчынын үнүндө элинин бүгүнкү мүшкүлдүү камын, келечегин тереңинен туйган акыл жарыгы, жүрөк толтосун аралаган кооп бар эле.

– Жакшы кебиң бар экен, сынчым. Эл өз ханынын жакшылыгын билет бекен? Буга кандай дейсиң? – Кудаян хан санын таяна, мыкчыя сынчыга көз жиберди. Анын хандык даражасын түшүргөн мактанычы көңүлүн ирээнжиткен Санчы сынчы:

– Ханыбыз бар, бар болсун деген ойдо турат, – деди башка сөзгө орун жок экенин туй деген ойдо ханга сынаакы көз жибере.

– Бар болсун дегениң дурус. Мен үчүн аз.

Кудаян элдин мактоосун уккусу келип турду.

– Башка сөз эл ичинде угулбады, таксыр, – деди кыргызга ушунчалык тайкы киши хан көтөрүлгөнүнө капа болгон акылы жетик карыя. Бир кыйлага унчукпай сынчыга үмүттүү көз жиберип отурган Кудаян хандын:

– Сиз өзүңүз кандай ойдосуз. Мени сынап көрүңүзчү. Ушул кезге чейин болуп өткөн жана азыркы хандардын мыктысымынбы, айтыңыз, эл билсин. Эл ичинде башка сөз жок болсо, сиз сынагандан улам билип алышсын ханынын мыктылыгын, – деген сөздөрүнөн өзүнүн хандардын ханы экенине терең ишенген текебердик туюлду.

Сынчы сабыр тута, ойлуу тейинде ага курч көзүн кадады:

---

[1] Неемат – мол береке, жакшылык.

www.bizdin.kg

– Хан аталган кишиге сын айтууга болбойт. Аны эл ак кийизге отургузуп хан көтөргөн. Мыктылыгыңдан улам ошондой улук даражага жеттиң да, таксыр.

– Аныңыз туура, ак сөз. Ошентсе да нечен хандарды, баатырларды сындан өткөргөн сиздин өзүңүздүн сыныңыздан өтөйүн деген оюм бар. Ачык айтып ак сүйлөңүз, акылманым, – деди Кудаян хан.

Мактаганды жактырган неменин тегин жеткире мактасам деми суугусу бардыр деген ойго келген Санчы сынчы:

– Сизди сынаганга сөзүм жетпейт. Кыргызга баш болгон Тагай бийдин урпагысыз. Кийинки атаңыз Кылжыр сарыбагыш эки уруу эл – бугу, сарыбагыштын башатында турат. Дөөлөсбакты бабаң хан даражасына тете бийлик күтүп, калмак ханынын кызы Көк Мончоктун көңүлүнө толуп, ханга күйөө уул болгон. Анын уулу Манап бий казак, кыргыздын бириккен колун баштап, элин коргогон. Манап даңазасы жамы кыргызга өрнөк болду. Азыр кайсы уруудан болбосун, мыкты чыккандардын баары өзүлөрүн «манапбыз» дешет. Ошол себеп Манап мүллү[1] кыргыз мыктыларынын атасы болду. Анын уулдары Сүтөй, Жарбаң экөө бирдей баатыр, эл башылары болгон. Өз атаңыз Сарысейит бий кыргызга гана эмес Букар, Самаркан, Ташкенге кадыр-кызматы өткөн кеменгер, айкөл адам болгон. Өзүңдү эл жактырып, хан даражасын ыйгарды. Элден чоң сынчы барбы? Эл сынына толуп, хан көтөрүлгөн сизге менин сыным токтобойт, – деп сөзүн бүтүрө, ак жүзаарчысын алып, эриндерине тийип, сакал, мурутун сылап топуктуу отурду.

Кудаян хан сынчыны демите чыкчырылды:

– Андай дебе! Сынасаң, токтогону ошо! Андан мен чоңоюп кетпейм, кичирейип да калбайм. Сенин өзүңө пайда. Алдыңа ат тартам, үстүңө чапан жабам, алтын, күмүш пул берем. Сына мени.

---

[1] Мүллү – эскирип бараткан сөз, жалпы деген мааниде.

www.bizdin.kg

– Таксыр ханым, мен сени сынай албайм. Сен улук кишисиң. Сага ылайык сөз менин оозума кирбейт.

Сынчынын сөздөрү так кесер эле.

– Сына дебедимби, сынайсың! Сүйлөсөң оозуңа сөз өзү кирет.

– Кадырыңыз жам болсун. Сизди сыноого, айтпадымбы, сөз тең келбейт. Менин сөзүм бүттү. Кайтайын, кошуңуз, – деп сынчы ордунан козголордо:

– Эч кайда кетпейсиң! Сын айтмайынча жылбайсың! – сынчыны акырая караган Кудаян жигитине буйрук берди. – Мунун атына кишен салып, жайдактап койгула! Сынабаганын көрөйүн.

– Кудаян хан, мен сынасам сизден сыр качат, менден сын качат. Экөөбүз тең оңбойбуз. Мени тынч кой. Кетейин. Өзүң тынч бол, эл тынч болсун... – Сынчы сөздүн ток этерин айтты.

– Менден эч нерсе кетпейт! Мени сынагандан кийин сенин сының качса мейли. Мени сына дебедимби, сына! – деп чаңырды Кудаян.

– Анда эмесе, угуп тур. Өз убалың өзүңдө, сындын убалы да сенде. Үстүбүздө улук Кудай-Таала турат, – деген сынчы сынын баштады:

«Кой-кой десем болбойсуң,  
Компоңдогон Кудаян,  
Кордугуңду койбойсуң.  
Көргөнүмдү айтамын,  
Акыры түбү оңбойсуң.  
Сен кара жолтой хандырсың,  
Кадемиң каткан жандырсың.  
Ушу сенин тушуңда,  
Журт бузулат ушунда.  
Калың кыргыз бузулат,  
Качып, бозуп кысылат.  
Калкка тиет кесириң,  
Как талаада карайлап,  
Какшап калат жесириң.  
Каргашалуу Кудаян,  
Каарданып эсирдиң.

www.bizdin.kg

Аз жыл калды карап тур,
Дүнүйөнү чачасың,
Жөөлөп алып токтобой,
Күн батыш карай качасың.
Көргүлүктү көрөсүң,
Ач кайкалаң, куу белде,
Как ошондо өлөсүң.
Жетим калат балдарың,
Жер шыпырат акыры,
Кемпир менен чалдарың.
Өз тукумуң аз болот,
Назарлары пас болот.
Калмак алат жериңди,
Карайлатат элиңди.
Карап тургун Кудаян,
Капкандай чабат белиңди,
Онтотуп кесет демиңди.
Ойрот алат малыңды,
Оргуштатат каныңды»...

Санчы сынчы демин жыйып, сынын улаарда:

– Бас үнүңдү!!! – деп чаңырган Кудаян камчысын алып Санчы сынчыны башка чапты. Калпагы башынан ыргып, чекеси канаган сынчы сабырынан жанбай, чекесин бет аарчысы менен сүртө, калпагын кийип:

– Айтпадым беле, мына ушундай болмок. Болоору болду. Каргаша хандын катаал камчысы башыма тийди. Менден сын качты. Атагы хан, өзү пас сенден сыр качты... Элге кыйын болот. Сенден элге кайыр болбойт. Элге Кудайым өзү кайырлуу болсун, – деди да, сөзүн бүтө ордунан тура жөнөдү.

– Атын бербегиле! Жөө кетсин, сынаакы неме! – деп айкырды калчылдаган Кудаян.

Акылман сынчы Кудайдан жардам тилеп, нускалуу сөздөрүн төгүп, элин аралоодо. Ачууга жеңдирген Кудаян үйдөн чыкпай бир нече күн жатты. Сын окуясынан кийин элге сөзү өтпөй, арасатта калды.

www.bizdin.kg

## Абийир өлүмдөн бийик

1684-жыл. Теке айынын он башы.

Галдан бошоктунун түмөндөрү казак жергесин басып кире, элди «кызыл уук» кылып, кыйратып келаткан кез.

Мааматкулдун үйүндө миң башы жигиттер Кошой, Төлөк, Жандарбектер акыл кошуп отурушат. Курактары бир катар жоокер жигиттерге үй ээси жаш келин көөкөрдөн кымыз куюп, четинен аяк узатууда. Аякты бөксөртө, алдына койгон Жандарбектин:

– Кайгуулду өзүм баштап, Кастекке жете чалып келдим. Калмактар казакты «кызыл уук» кылып кыйратып киргенине үч күн болуптур. Кастекте бир түмөнчө кол эс алгансып турат. Түн маалындагы божомол ошончодой болду. Бери бизди көздөй аттанаары анык. Эртең кеч менен Кордойду ашып, биз жакка чабуул койчудай, – деген үнүнөн кебелбеген кайрат, жоону тосууга чечкиндүүлүк угулду.

– Бизде да, Кудая шүгүр, күч аз эмес. Казактар да бекер жатпас. Кудай буйруса, калмактын тумшугун кайрыйбыз. Алардын күчү арбындыгы айныксыз. Ашуунун алдына келип, түнөккө эс алышы ыктымал. Түнкүсүн капыстан чабуул коюп, шаштысын кетирели дейм. Мааматкул, сен баарыбызды бириктирип кол башы бол. Акылдашып, сенин амириңди туталы, – деди Кошой.

– Өзүң бол! Камбылсың, сага карайлы,– деген Мааматкулдун сөзүндө агынан жарылуу бар эле.

– Сен бол. Аяк ичээр улуулугуң бар. Жүйөөлүү ойлойсуң, шашылбаган сабырың бар. Сага ылайык. Бизге баш болуп бер. Кеңешип кесебиз бармакты, – жай сүйлөгөн Кошой «макулсуңарбы» деген тейде миң баштыгы Белек, Төлөк, Жандарбектерге көз жиберди.

– Кошой туура айтты. Сен кол башы бол! – деди Төлөк. Белек башын ийкеди.

– Болуптур эмесе. Менин оюмду уккула. Акыл бөлүшөлү. Кордойдун түбүнөн тай чабым бери колот-

www.bizdin.kg

ту ооруk кылабыз. Уйкуга кирген кезде чабуул коёбуз. Баарыбыз эмес. Ар бирибиз эки жүздөн кылыч, найза ыктуу жигиттерибиз менен эки капталынан, маңдайынан «кыргыз», «кыргыз» ураанын чакыра, кылыч шилтеп киребиз. Калмак ойгонуп, каршылык көрсөтө баштаганда баарыбызды коргоо үчүн «кыргыз» деген сөз ооздон түшпөсүн. Арийне, чабуулга кирээр алдында аңдып туруп, алардын жесекчилерин колго түшүрөбүз, же жок кылабыз. Кантсе да түмөн калмак арбын да, эстерин жыйнап салгылаша баштаса, жоокерлерди жоготпой сыртка чыга беребиз. Үч тарапка чыгабыз да, ооруkта жолугуп, эс алып, эртеңки уруштун камын көрөбүз. Кеп ушундай, – деп Кошой сөзүн бүтүрө колго суу куюлуп, табак тартылды.

Күн кеч бешим. Кордой ашуусунан тай чабым бери, кенен коктуда төрт миңдей кыргыз жоокерлери бири-биринен бута атым аралыкта жайланышкан. Курал-жарактарын, ат жабдыктарын алдыда күтүлгөн чабуулга даярдаган жоокерлер чабуулда колдонулуучу ыкмалар жайында ой бөлүшүп, эс алууда.

Ортодо жайланышкан Кошой миңдигинин баш жагында миң башы Мааматкул, Кошой, Белек, Төлөк, Жандарбектер алдыдагы күтүлгөн айкаш жаатында ой калчап отурушат… Калмак келүүчү тарапка кечээ кеткен кайгуулчулардын келиши күтүлүүдө.

–Мааматкул божомолдогондой түндөсү чабуул койсок, душман алдастап калары бышык. Ар бирибиз эки жүздөн жоокер менен түмөндүн эки четинен, экөөбүз эки капталынан, экөөбүз маңдайынан салгылашка кирели, – деген Кошой куралдаштарына сөз таштады.

–Абдан туура. Бешөөбүз чогуу кирбей, беш жерден кол салсак, душмандын айласын түгөтөбүз. – Миңбашы Төлөк оюн жолдоштору колдооруна ишенген тейде Кошойдун сөзүнө кошулду.

www.bizdin.kg

– Чабуулга кирер алдында калмактарды аттарынан ажыратып, жөө калтыралы. Аттарын оттотуу үчүн чыгарган жайды алдын-ала байкап туралы да, кароолчуларын дым кылып, аттарын алыс айыл жакка айдап жеткирели. Жөө калган калмактын азабын колуна беребиз, – деп демдүү сүйлөдү Кошой.

– Уга турган ойлор. Ушуларды жүзөгө ашыралы. Азыр жоо келүүчү, болжолдуу түнөккө жай алуучу жерлерди жесекке алалы. Ар миңдиктен ондон куралдуу жигиттер жесекке айтылган багыттарга чыгышсын. Ар эт бышым сайын абалды билдирип чабарман жиберип турушсун.

Мааматкул сөзүн бүтөөрдө Кордойдон аркы абалды кайгуулдаган жоокерлердин бири аттан түшүп, отургандарга салам айта четинен орун алды. Мааматкул жоокерге назар сала үн катты:

– Ии, Кенжебек баатыр, кеп ур. Кандай кабарың бар?

– Кеп бар. Калмак жылып келатат. Ыргайтыдан бери бири-биринен тай чабымдай аралыкта үч түмөн келатат. Алдыңкысы бүгүн кеч кыстай Кордойду ашып, берки түбүнө түнөшү ыктымал. Мен кабарды жеткиргенге шашып келдим, – деди жоокер жигит.

– Ырас кабарың бар экен. Эми тамактанып эс ал, – деген Мааматкул миңбашыларга кайрылды. – Ар бирибиз өз миңдиктерибизге барып, түнкү чабуулга даярданалы.

Маматкулдун сөзүнөн кийин жоокерлердин түнкү чабуулга даярдыгы жүрдү.

Ай отурайын деп калган маал. Айлана түн караңгысына чөмүлө, теребел бүдөмүк. Мааматкул, Кошой, Белек, Төлөк, Жандарбектер түнкү чабуулга өтүү камында ой бөлүшө, кайгуулдан кабар күтүүдө. Бир тыным өтө караңгыдан суурула чыккан эки жоокер аттарынан түшө миңбашылардын жанына келип жай алышты. Мааматкул экөө бирдей кайрылды:

– Кана, кабарыңарды бөлүшкүлө.

www.bizdin.kg

–Түмөн мындан бир эт бышым мурда келип түнөккө жайланышты. Саны арбын окшойт. Үн чакырым жерге батышты. Аттарын жайдактап, отко коюу үчүн эки тарапка, түмөндүн оң, сол жактарына куралданган он чакты калмак айдап кетти. Эшимбек аркы капталынан, мен берки капталынан байкап турдук. Кудай жалгап, биздин жоокерлер буктурмада күтүп жаткан жактарды карай бет алышты, – деген Кудайберди жоокердин кабарынан үмүт туюлду.

–Ыракмат. Тамактанып, эс алгандан соң кайра буктурмадагыларга биздин чабуулдан кабар бергиле. Кайтарыкчыларды дым чыгарбай жайлап, аттарды айылдан алыс айдап барып, кайтарык коюшсун. Кайтарыктан ашкандары бизге жардамга чабуулга киришсин, – деген Мааматкул куралдаштарына кайрылды. – Эмесе биз аттаналы. Кудай жолубузду ачсын. Түмөн үн чакырымча созулуп, бешөөбүз эки жүздүктөрүбүз менен эки жүз кадамча аралык сактап, чабуул салалы. Кылычты иштетели, найза керек болоор. «Кыргыз» деген ураан угулуп турсун. Караңгыда бири-бирибизди тааныйлы. Менин жүздүгүм ортодо, мага катар оңдо – Белек, солдо – Жандар, Кошой, Төлөк эки четинен басып кирели. Бири-бирибиздин абалыбызга көз салыша жүрөлү. Сабыр тута чабуулдайлы. Жесекчилери жок кылынды. Жол ачык. Кана, аттангыла!

Мааматкулдун үнү ишенимдүү, үмүттүү угулду.

Түн караңгысында, белгиленген аралыкты сактап бараткан беш эки жүздүк үн чакырымга созула уйкуда жаткан түмөнгө кылыч шилтей чабуулга өтүштү. «Кыргыз», «кыргыз» ураанын чакыра, өз коломтосун коргой, түмөндү аралап, кылыч шилтеген жоокерлерди адамдык аёодон алыс жек көрүү туюму сүрөп баратты. Дүбүрттөн ойгонгон калмак жоокерлерин коркуу, жан сактоо, үй-бүлөсүнө аман жетүүгө далбас уруу сабырдан тайытып, дүрбөлөңгө салды. Чала ойгонуп, эсине келе элек көпчүлүгү ашууну карай кача

www.bizdin.kg

жөнөштү. Чанда бирөөлөрү кылыч, найза алып каршылык көрсөтүп турушту. Ат үстүндө кылыч шилтеп, «кыргыз» ураанын чакырып ата конушун коргогондорго туруштук бере албай сулап жатышты. Он жети, он сегиз жаңырып отура чыккан айдын жарыгында артына бет алып жөө качып бараткандардын караанды үн чакырымга созула, самсый баратты. Сулагандардын саны да итабар эле. Кайрыла шамыян кайруу оюна келбеген калмак жоокерлери артына кылчаяр эмес. Каршылык көрсөтөөр жоо калбаган соң кыргыз жоокерлери четте салгылашкан Кошойдун эки жүздүгүнө чогулушту. Кошой жолдошторуна кайрылды:

– Бизде абал кандай? Мендеги жоокерлерден бешөө жарадар болду. Зыян жок. Силердечи?

– Баары болуп жыйырма жоокер жоолордон найза урулуп, жарадар болушуптур. Зыян жок, – деди Мааматкул.

– Кайрылаар чамалары жок. Эми туу белге чыгара артынан жаа тарта түшөлү, – деди Кошой миңбашыларга кайрыла.

– Өлгөндөрү арбын болду. Кантсе да адам да... Үй-бүлөлөрү бар... – Жандарбек боор ачып сүйлөдү.

– Үй-бүлөлөрүн таштатып, быякка аларды чакырган эч ким жок. Бирөөнүн жерине, байлыгына көз арткан ач көздүк чакырып келди да. Казак, кыргызга өлүм издеп келгендер өлүм табышты.

– Сөздү ооруктa сүйлөшөлү. Качкан калмактын артынан эки жүздүк менен жаа тарта мен түшөйүн. Колбашы кылбадыңарбы. Силер оорукка барып, эс алгыла, – деген Мааматкул эки жүздүгү менен жаа тартып душмандын артынан түштү. Кошой, Белек, Төлөк, Жандарбектер жоокерлери менен жарадарларды ала, оорукка жөнөштү.

Тоо кырынан күн муруту чачырай тамактанып, эс алган жоокерлер алдыдагы кармашка даярдануу-да.

www.bizdin.kg

Миңбашылар четте чогула акыл куруп турушат.

– Жөө качкандар эми кайрылбайт. Артта жылып келаткандар жолдогу казак айылдарына кыргын салып, кол байлоо болуп турушу ыктымал. Жоо кечээ качып кутулгандардын кабарынан чочулап алдыга чалгын жиберип, кабар күтө бүгүн биякка аттанбастыр дейм, – деп Төлөк куралдаштарына карады.

Кошой Мааматкулга көз жиберди:

–Туура божомол. Бүгүн бизден чалгынга калган жоокерлерден кечкурун кабар алабыз. Бейкам болбой, бүгүн да жоо тосууга даяр туралы.

–Ырас ой. Кошумча кайгуул жиберип, эртеңки беттешүүнүн даярдыгын көрөлү. Олжого түшкөн аттарды беш урууга тең бөлүп, табыялуу жоокерлерге айдатып карыя бийлерге салам дува жиберели. Азыркы саныбыз, чама-чаркыбыз менен кантип келаткан жоого туруштук беребиз. Түндөгү калмакка салган ойронубуз айла-амалдын жеңиши болду. Мындан ары бетме-бет кандуу кагылышуулар болооруна бел байлайлы. Карыя бийлердин деми менен элден күч кошулуп тураарын күтөлү. Жоокерлер эс алышсын. Демдүү болушсун. Миңбашылар өзүбүз аттанып, кайгуулчуларыбызга тирек болуп, жер өңүтүн баамдайлы. Жакында күтүлүүчү кооп туюлса, кайра колубуздун башында бололу, – деген Мааматкулдун сөзүнөн кийин миңбашылар эки-үчтөн жоокер менен бирин-деп аттанышып, өңүт көзөмөлдөөгө жөнөштү.

Кеч бешим...

Талкан үйүндө Жамангул, Кайдуулат, Мортук, Бакы бийлер сабырлуу, ойлуу отурушат. Калмактан олжого түшкөн аттарды жеткирген жоокерлердин кабарынан улам кеңешүүгө келишкен. Аңгеме башталганына аз убакыт болгондой.

–Кандай айтсак да, Кудай жалгап, калмактын үшүн алаарлык айлакер чабуул салышыптыр жоокер уулдарыбыз... – деп канааттана сүйлөдү Мортук бий. Бийдин сөзүн кубаттай, Жамангул үн катты:

www.bizdin.kg

– Чанда жүзөгө ашуучу айла-амал менен жоо беттеген уулдарыбызга Кудай кубат берсин. Хан Кудаян кол башыбыз тигинтип үйдөн чыга албай калса да, өзүлөрүнчө баш кошуп, эл-жерди коргогон уулдарыбыздын иштери оңолсун. Кудай кубат берсин. Бизден, элинен жардам күтүшөт тура. Кеңешели.

Ага удаа кошулган Кайдуулат бийдин үнүнөн канааттануу да, кооп да угулду:

– «Кыргыз» ураанынан калмактарга унутулгус угузушуптур уулдарыбыз. Эми аларды колдойлу!

– Кубанычыңар Кудайдын кулагына жетсин, баатырлар. Ырасында, бул кубанарлык саамалык болду. Алдыда оор салгылашуулар, апааттуу күндөр күтүлөт. Казакты басып алган калмактар атайын жерге ээ болуучу кишилерин куралдуу кайтарык менен калтырып, бизди каптаганы келатканына күбө болуп турабыз. Чымырканып, күч жыйнайлы. Олжо аттарга мингизип, эки жарым миң жоокерди бүгүндөн калтырбай аттандырып, өзүбүз жамы барып уулдарыбызга демөөр бололу. Азыр кимибиздин кандай камыбыз бар бул ишке, ошону кеп уралы, – деп Талкан бий отургандарга сөз учугун таштады.

– Эрте күндү кеч кылсак, элдин убалына калып, эл коргогон уулдарыбыздын өмүрлөрүн коркунучка кабылтабыз. Биз, моңолдор жети жүз жоокерди курал-жарагы менен аттандырабыз. Карысам да, мен өзүм баштап, жоо тосуп турган уулдарыбызга кошомун, – деген Бакы бийдин сөздөрү бардыгынын оюнда эле. Бакы бийди колдой сүйлөгөн Кайдуулаттын үнүнөн ыраазылык угулду:

– Баракелде, кыска жана таасын, так сөзгө. Саяк эли миңге чукул деп турабыз. Кем болгондо сегиз жүз, тогуз жүздү аттандырабыз. Мен да өзүм баштап барам.

– Мен да элибиздин камын айтайын. Миңден бери жагын биз да чамалап турабыз. Эсте тутуп, кам көрүүчү бир жагдай – жоо арбын, найзалашууга жеткирбей жебе менен тосуу керек. Жебени мыктылап,

www.bizdin.kg

арбын жондуралы. Жоокерлерди жебе менен жеткилең камсыздап, артынан үзгүлтүксүз жеткирип туралы– деген Жамангул бийдин сөздөрү көбүнүн оюндагы камкордук эле.

Демдүү да, камдуу да сүйлөгөн Мортук бий Жамангулдун сөзүнө кошулду:

–Ойдогуну айттыңыз. Найзалашканга жеткирбей кайрып туруш керек. Найзалашканда калмак көптүгүнөн биздин уулдарга кыйын болот. Жамангул туура сөз козгоду. Муну эске түйөлү. Биз тынымсейиттер бир тууганыбыз бугудан бөлөк, жети жүз, сегиз жүздүн чамасында кол менен аттанабыз.

–Кудай жар болсун. Камдуу экенибиз баамдалып турат. Солто уруусу да миң чамалуу курал-жарагы шайма-шай жоокер аттандырууга кам көрүүдө. Беттеше турган жообуз арбын жана күчтүү экенин эстен чыгарбайлы. Камыбыз ошого тете болсун. Жоокерлерге жебени мыкты, арбын даярдап берели. Калмакты найзалашууга жеткирбей, жаа тартып тосолу деген ой өтө жүйөлүү. Жараткан жар болсун, уулдарыбызга өбөк-жөлөк бололу. Аларды азык-түлүк менен камсыздоого камбыл, табиялуу кишилерди баш кылып, соют малын камдайлы. Курут, сүзмө, кымыз казат шартында өтө керектүү азык. Ушуга көңүл буралы, – деп Талкан бир тынымга энтиге дем алып турду да, сөзүн улантты. – Казак туугандардан узун кулак кабарлар калмак жерди биротоло ээлеп казак, кыргызды сүрүп чыгаруу, калгандарын кулданууга бекинген түрү бар. Элди үйлөрүнөн кууп чыгарып, жайыттагы төрт түлүктү дүк кылып ээлеп алды дейт. Эл качып, Букарага карай самсып баратат дейт. Мындай мүшкүлгө да даяр бололу. Элди дүрбөлөңгө түшүрбөй, акыл токтотуп, сабыр менен аракеттендирели. Элдин убал-сообу мойнубузда турат. Акыл куруп, кеңешип, иш кылалы. Эми алдыдагы зарурат иш, бүрсүгүнү чоң шашкеде биздин айылдан төмөнкү жайытта, убада айтылган сандагы кол менен жолугушалы. Чама-чаркыбызды жамдап алып, калың кол-

www.bizdin.kg

дуу баштап, эл четинде турган уулдарыбызга кошуп, бата берип кайталы.

Талкан бийдин сөзүнөн кийин убада бекиткен бийлер айылдарына тарады.

Баш оонанын он сегиз жаңырышы. Кеч бешим.

Кайгуулдан алынган кабарларды жана жоонун келүүчү багытын, алдыда боло турган айкаштарды өткөрүү божомолдогон өңүттөрүн өздөрү аттанып, баамдап келген миңбашылар ой калчашып отурушат.

Куралдаштарына көз жиберген Кошой сөз баштады:

– Кайгуулчулардын кабарына караганда жана өзүмдүн баамдаганымда эртең күн чыга алдыңкы калмак түмөнү Кордойдун берки түбүнө түшөт. Өлгөндөрүн жашырганга кишилерин калтырат да, Чүйдү көздөй бет алат. Мурдагы күнкү коргон кыргынынан чочулап, күтүлбөгөн кол салууга даяр жүрүшөт. Алдыга, эки тарапка кайгуул чалгын жиберип, алардан кабар күтө жүрүшүн улантаары бышык. Ошого карата акыл куралы.

Үнүнөн кебелбес кайрат, ишенич туюлган Төлөк Кошойду колдой сүйлөдү:

– Оюбуз бир жерден чыгып турат. Эртең душманды тосконго даярданалы. Алардын саны арбын, оң миңден кем болбосу ыктымал. Кудай кубат берсин. Жоону демдүү тосолу.

– Жигиттер демдүү. Өзүлөрүнө ишенип, чырлашуунун оордугун да көз алдыларына келтирип турушат. Мен көбү менен жекелик алышып көрдүм. Өктөлүү жанга бир өлүм ак экенине тике карап, сабырлуу, баамчыл шамдагай болуу, амандыкка кепил экенин туюп турушат. Бул жакшы жышаан. Аларды колдоп, туура багыттап, айкашта бирге болуу – биздин милдет, – деди Жандарбек өзү да эртеңки кармашты көз алдына келтире.

– Жоокерлер жөнүндө ойлоруң көңүлдү жубатып турат. Өзүң айткандай, бул жакшы жышаана. Ошону колдон чыгарбайлы, – деген Мааматкул Жандар-

www.bizdin.kg

бекке көз жибере сөзүн улады. – Эртең калмактын түмөнүн тосууну акылга чегерип алалы. Душманды баарыбыз катар беттесек, жоготуубуз көп болор. Бир багытта согушуу калмакка жеңил болот. Аны бир нече багытта алагды болуп согушууга аргасыз кылалы. Мен миңдик менен бетме-бет тосоюн. Кошой, Төлөк оң капталынан: Кошой өйдө жагынан, Төлөк ага катар ылдыйыраак чабуулдасын. Ошондой эле ирээтте сол капталынан Белек, Жандарбек катарлаша чабуул салышсын. Миңдиктерибизди экиден бөлүп, бирин баштап, салгылашалы. Экинчи бөлүгүбүз душмандын кысымы күчөй баштаганда, артыбыздан жаңы күч катары «кыргыз», «кыргыз» ураанын чакыра жардамга келсин. Кандай дейсиңер?

Сабырлуу кабелтең отурган Мааматкул миңбашылардан сөз күттү.

– Калмак бизден бери болгондо эки эсе күчтүүлүк кылаары бышык. Түмөнү он миңден кем болбойт. Мындай көп күчтү беш багытта алагды кылып согушалы дегениң абдан жүйөлүү ой. Ушул жоспорду калетсиз тутсак, ишибиз оң болор, Кудай дем берсе жоокерлерибизге, – деген Кошой куралдашы Мааматкулга көз жиберди.

– Кечээ кеп кылбадык беле. Калмак көп болуусу анык. Найзалашканга жеткирбей, жебе менен тосолу. Найзалашууга мажбур болсок, жоокерлерибиз сабырлуу, ыкчам, шамдагай болушса экен. Кудай колдосун. Алыбызды чамалап, кабарлашып туралы. Кимибизге кысым оорлосо, жардамга келгендей бололу.

– Жебелерибиз арбын. Дагы айылга киши жиберип, жебе алдыралы. Бир жебе да сая кетпегендей таамай тарткыла жааны, – деген Жандарбектин сөздөрүнөн камкоордук, майтарылбас эрк жана жоокерлердин өмүрүнө күйөрмандык туюлду.

Сөзгө кошулган Белек оюн ортого салды:

– Ырас ойлор айтылды. Кудай дем берсин, жоокерлер демдүү. Ар кимиси өз үй-бүлөсүн коргоо үчүн согушаарын туюп чечкин турушат. Эгер душман

www.bizdin.kg

көптүгүнө салып кысымы күчөп кетсе, жигиттердин өмүрүн сактап, тизгин бура согушканыбыз оң болор.

Белектин оюн колдогон Мааматкул кошумчалады:

– Калыс ой. Албетте жоокерлердин өмүрү кымбат. Чычая качсак, калмак артыбыздан түшөөр. Кача согушканыбыз оң. Көңүлгө түйө жүрөлү. Ошол кыйын кысым учурунда сабыр тутуп, акылды жолдош кыла аракеттенели.

– Баарыбыздын оюбуз бир болуп турганы жакшы. Туура баамдалып турат, калмак оңой жоо эмес. Айла-амал менен силер айткандай этият да, сабырлуу да, ошого жараша аёосуз да согушалы. Менин баам-болжолумда эл бейкапар жатпайт. Кары бийлер бизге жардамга кураган колду баштап, биз согушуп турганда, оорукка же түз эле бизге келип калуулары ыктымал. Кудай буйруса, ошондой болор деп турам. Бизге дем болуп, калмактын үшү качат, – деди Кошой элдин өзүлөрү менен бирге турганына ыраазы да, ишенимдүү да.

Айтылган ойлорду кунт коё уккан Маматкул сөздү жыйынтыктай миңбашыларга кайрылды:

– Эми ар кимибиз өз конушубузга барып, жоокерлер менен агынан жарыла баарлашып, дем берели. Чогуу тамактаналы. Кудай кааласа, эртең күн чыга ар кимибиз макулдашылган жөрөмөлгө ылайык өзүбүзгө тиешелүү өңүттөрдү ээлейли. Калмак эртең эрте ашууну ашып, туш тарабына кайгуул жиберип, алдыга жылат. Өңүттөрүбүздү күн чыга электе ээлесек, калмак кайгуулдарын тымызын жок кылып, чабуулга жол ачабыз. Сүйлөшүп алдык. Чабуулду экиге бөлүнгөн миңдик менен мен баштайын. Анан силер киргиле.

Мааматкулдун сөзүнөн кийин миңбашылар өз конуштарына кетишти.

Ала булут каптаган асман бүркөө. Булут арасынан кээде кылая калган күн тоо кырынан жаңы эле көтөрүлгөнүн баамдатып турат.

www.bizdin.kg

Кордойду ашып түзгө түшкөн калмак колу үн чакырымдан арбын аралыкка созула алдыга жылууда. Көп узабай алдыда бет маңдай бута атымда тосуп турган Мааматкулдун жарым миңдигинин таамай жебелеринен алдыңкылары жыгыла баштаган калмак колунун катары бузулуп артка дыргыды. Кылычын булгалап ураан салган туулгачан калмак артка бурулгандарды тосуп, жаа тарткандарды жебеге алып, алдыга жылууну буйруп, өзү жаа тарта келатты. Ондон катарлаша келаткан жоонун өзүнүн катарын кеңейтип жаа тартуу мүмкүнчүлүгү жок эле. Күн мурун жаа тартууга катарын түзөп турган кыргыз жоокерлеринин ургаал, таамай тартылган жебелери колбашысы канчалык кыйкырса да, калмакты алга жылдырбай жыгып турду. Алдыга жыла албай түмөн алды кайра дүрбөп турганда оң, сол капталдарына экиден төрт чабуул коюлушу калмактын айласын түгөттү. Эки чай кайнамча катары бузулган жоо көптүгүнө салып кыргыздын күтүлбөгөн чабуулуна каршы аракеттенип, жоосуна каршы жаа тартуу аракетинде болду. Кыргыз жоокерлеринин күн мурун камынган жаа кысымы ургаал эле. Беш тарабынан жебе огу жааган калмак колу санынын арбындыгына таянып, беш багытты карай жаа тарта жылып, кыргыздарды найзалашууга кабылтуу аракетинде өлгөндөрүнө кайыл болуп алдыга жылды. Өлгөндөрүн тебелей, колбашыларынын айдагында согушкан калмак эт бышымдан арбын убакыт өтө кыргыз жоокерлери менен найзалашууга кабылышты. Өлүмгө бетме-бет найзалашуу жүрүп жатты. Өз үй-бүлөсүн, мал киндиктүү жайлоо, кыштоолорун коргогон кыргыздардын найзалары таасын тийип кездешкенин көмөлөтүүдө. Олжо үчүн бирөөнүн малын, жанын ээлөөгө салгылашкан калмак жоокерлеринин үй-бүлөсүнө аман жетүү туюму үстөмдүк кылып, жан сактоо амалында тайсалдап сунган найзалары бошоң эле. Салгылашуу беш тарапта жүрүүдө. Калмак чыгымы арбууда. Кыргыз тараптын жыгылгандары да

бар. Кармаш кызып турган маалда миңдиктердин бугуп турган экинчи жарымдары беш тараптан удаа-удаа «кыргыз» деп ураан чакырып чабуулга кирешти. Ансыз да жоготууга арбын учурап турган калмак түмөнүнүн шаштысы кетип, алдастады. Тизгин кайрып артка кача баштагандары арбын эле. Кол баштагандар айкырык салып кармашка кайруу аракетин көрүп атышты. Араң дегенде качкандары токтоп, майданга кирешти. Зордук менен кайрылгандардын салгылашуусу солгун. Кыргыз жоокерлеринин буктурмадан чабуул койгон жаңы күчү, дембе-дем жаа тартуусу жоонун жоготуусун арбытып турду. Кантсе да, саны арбын калмак түмөнү миңбашы, жүзбашыларынын айкырык аракети менен ичинен түрүлүп, жаа тартып, найза сунуп алга жылууда.

Маал эрте бешимге чукулдаганда арты алдын түрткөн арбын калмак колу кыргыз жоокерлеринин бетме-бет найза сунуп, кылыч шилтеген кармашына тушукту. Бири-бирин демитип, жан сактоо аракетинде салгылашкан жоо каршы тараптын таамай сунган найзалары, таасын шилтеген кылычтарына зорго туруштук берип, жоготуулары арбыды. Жоготуулары бар болсо да Сары өзөн Чүйдү, чалкыган Ысык-Көлдү, келберсиген кеңири Таласты жатка кыйбай жан үрөгөн эр туюму жоокерлерге дем берген кыргыз кысымы дүрбөп согушкан калмактарга үстөм боло баштады. Ошенсе да арбын калмактын артка кайтчу түрү жок. Согуш уланууда...

Кеч бешим... Үн чакырым аралыкта Чүй тараптан келаткан карааны көзгө толо арты үзүлбөгөн атчандар көрүндү. Бул кыргыз уруу карыя бийлеринин көмөккө келаткан куралдуу жасоосу эле. Майданга кошумча кирүүчү көп колдун сүрдүү карааны үшүн алган калмактар чегине согушуп баратып, акыры чычая качууга өтүштү. Кыргыз жоокерлери качкан жоону сүрүп, чабуулдап баратышты. Качкан жоону ары сүргөн жоокерлерге көз сала, беш миңге жакын жоокерлердин алдында турган кыргыз бийлери

www.bizdin.kg

эки жүз жоокерди бөлүп, мүмкүн жарадарларга көмөк көрсөтүп алып келүүгө жиберип, калган колду баштап, оорукка бет алышты.

Жан сактоо үмүтү сүрөгөн калмак жоокерлери шашыла качып, ашууга жармашууда. Кыргыз жоокерлери ашуу түбүнө жете жоо сүрүп баргандан кийин кол башы Мааматкул эки жүз жоокерди калмактарды ашууну ашыра жаа тартып сүрүүгө жиберди. Өзү калгандарын баштап майдан өткөн өңүттү аралап жарадарларды, каза тапкандарды жыйдыртууда. Миңдиктер калдая токтоп, бой, жарактарын түзөп, тыныга турушат. Миң башылар айкаштан кийинки абалды тактап бүтө, чогулуп ой бөлүшө турушту.

–Кантебиз, кансыз согуш болобу?! Менин миңдигимден беш жигит каза таап, он бири жарадар болуптур. Силердечи? – деп Маматкул куралдаштарына кайрылды.

Баарында дээрлик абал бирдей чыкты. Он беш жоокер каза таап, элүү беши жаракат алышыптыр. Жагдай такталып бүтө миңбашылар да, жоокерлер да бир кыйлага тунжурап ойлуу турушту.

–Ыракматы болушсун, кайгы төлөө болобу? Шейит кеткендердин ар бирин бештен киши узатып айылдарына алып барсын. Жарадарларды таңып, атка мингизип бирден жоокер кошо барсын. Калган жоокерлер оорукка барып эс алгыла. Кудай кубат берсин! Биз, миңбашылар, шейиттерди, жарадарларды узаткандан кийин артыңардан барабыз, – деген Мааматкулдун сөзүнөн кийин кошуун оорукка бет алды.

Шейиттерди узатуу камылгасы башталды.

Оорук… Кыргыздын куралдуу колу колоттун башаягына созула бараандуу көрүнөт. Майдандан чыккан жоокерлер жардамга келген айылдаштары менен жолугушуп, кайгы, касиреттерин бөлүшүп, үйбүлө жайынан кабар алып, даам сызышууда.

Шейиттерди узатып коюп келген миңбашылар калың кошуундун ойдө жагында отурган карыя бийлерге эки аркан бою жакын келе аттарынан түшүп, колдорун көкүрөктөрүнө ала саламга келишти.

www.bizdin.kg

– Келгиле баатырлар, амандыкты Кудай кут кылсын! – деген Талкан бийдин каалоосуна кошула, алакан жая, бата менен тосушту карыялар өлүмгө бетме-бет айкаштан аман кайткан уулдарын.

Амандык батасынан кийин кол бере саламдашып орун алган жыйырма жашты аралаган миңбашы жоокерлер жыйнактуу да, кайраттуу көрүндү карыяларга. Көңүлү көлбүп турган Жамангул карыя:

– Чыгымсыз согуш болобу, чыгым бардыр... Жанныты болушсун. Түмөн калмак оңой жообу. Арстандардай айкашып, ажалдын оозунан кошууңуңар менен демдүү кайттыңар. Кудай кубат берсин! Азуулуу жоонун демин эки ирээт сууттуңар. Жоо муну менен артына кайтпайт. Кудай сактасын. Кудай алдында элиңер дем берет уулдарга. Ата конушун коргоого азыр экенине элиңер шерденип турат. Катарыңарды калыңдап, калмактын арбын күч менен каптоосун кайрууга жараткан жар болсун, – деп сөзүн бүтүрө, ыраазы жана тоболуу отурду.

Сексенден ашса да кайратынан кайтпаган Кайдуулат бий Жамангул бийди колдой сүйлөдү:

– Баракелде, калмак арбын көрүндү эле. Силердин амал менен туш тарабынан салган чабуулуңар айласын кетирди окшойт, чыдай албай кача жөнөдү. Калмакка кыргыздын ким экенин көрсөттүңөр. Жамакем айткандай, ата-журтуңарды, тага-журтуңарды, катын-журтуңарды дагы коргогула. Биз карысак да дем берип, жаныңарда болобуз. Жоо жүрөк жоомарт элиңер жаныңарда болот.

– Элден айланса болот! Элдин силердей касиеттүү кеменгер карыяларынан айланса болот! Бүгүн силердин караанаңарды көргөн калмактар чычая качышты. Айлары куруп турду эле. Силердин катарлаган калың сүрүңөр так кесер түгөттү. Болбосо бизди далай убарага салат эле. Силер Кудай алдында жоокерлериңерге көрүнө дем болдуңар. Бар болгула, элдин куттуу карыялары. Кантебиз, жоготууларыбыз бар. Он беш жоокер шейит кетти, элүү беши жара-

www.bizdin.kg

дар. Шейиттер жаннатта болсун, жарадарлар сакайсын. – Мааматкулдун сөзүнөн элге, карыя бийлерге, жоокер уулдарына ыраазылыгы угулду.

–Кудайга тобо, керектүү учурду күн мурун маакулдашып алгандай келдиңер. Силерди көрүп дем байлаган биздин жоокерлердин шилтеген кылычы таасын, сунган найзасы таамай болбодубу! Канча айтсак да өлүм коркунучун туюп турган жүрөктөрүбүз демге, ишеничке толбодубу! Душман кыскан күчүбүз эки эселебедиби. Силерди кыйындыкта уулдарыңарга өбөк болууга жараткан экен, Кудайым. Ылайым бар болгула, журт аталары айкөл, кеменгер карыялар! – деген Кошой жамы жоокерлердин оюн билдиргени ак эле.

Жоокер миңбашыларга, Мааматкулга көз жиберген Талкан бий өз пикирин ортого салды:

–Кудай-Таала биздин кулдугубузду кабылдап, Иншалла, ишибиз оңолуп турганына күбөбүз. Оңдогонго аракет кылалы. Күчтүү жоонун тумшугун эки ирет кайрыдыңар. Кудай кубат берсин! Эми калмак чогуу чоң күч менен келерин күтөлү. Ошого тете биз да күчүбүздү жамдайлы. Колуңар миңдин сегизин чамалап калгандыр. Аны тактап, тескеп алгыла. Аз да болсо калмактын ыгын баамдагандай болдуңар. Алдыга чалгын жиберип, беттешүүчү жоонун сан салмагын жоспорлоп алып, ошого ылайык миңдиктериңердин өңүттөрүн тактап алгыла. Биз силердин өңүттөрүңөрдү билип алалы. Ошого жараша тамакаш, жебе жеткирип турабыз. Калмакка туруштук берүүгө азыркы саныңар аз. Биз, карыя бийлер, айыл аралап эл менен пикир алышып, куралдуу кол топтоонун аракетинде болобуз.

–Сиздин даанышман сөздөрүңүз кулагыбызга алтын сырга болот. Калмактар кеч болсо үч же эки күндөн кийин каптап кирээри ыктымал. Алдыга үч багытка чалгын жибердик. Тереңирээк чалгындап келишет. Буйруса, ошого жараша миңдиктерге өңүт беребиз. Ага чейин силер менен чогуу аттанып, жер-

www.bizdin.kg

дин танабын, өңүтүн чогуу байкайлы. Сиздердин канык көзүңөр, тунук акылыңардын жардамы менен өңүткө ыктымал жерлерди жоспорлоп алабыз. Бүгүн кеч болуп калды. «Талаа жер кең жер, улуу-кичүүгө тең жер» – деп биз менен бирге болгула. Арабызда Манас айткан жоокерлерибизге дастан айттырып беребиз. Эми эс алалы, – деген Мааматкулдун сөзүнөн кийин карыялар жайылган көрпөчөлөргө бел чече жай алышып, жоокерлерде мейман болушту.

Жай. Асман киргилтсиз ачык. Күн кыйла көтөрүлгөн маал. Кыргыз миңдиктери Кордой ашуусунан тай чабым алыс жоо өтүүчү жолдун эки тарабында жарым чакырым аралык сактап, көздөн далдоо өңүттөрдө жайланышкан. Айлана тынч. Миң жоокер жигиттер оң тараптын төмөнкү четиндеги Мааматкулдун кошунунда чалгындан кайткан жоокерлердин кабарларын угуп, ой бөлүшө отурушат. Эки күн илгери чалгынга кеткен эки жоокердин жашы илгериси Калдарбек сөзүн улоодо:

– Дыкат чалгындадык. Чыгышта Кастекке жете, батышта тоо аяктап, казак талаасына жете тактадык. Калмак өтө арбын келатат. Чыгыштан, күн батыштан агылып, ашууга өтчү жолго чейин келгендери төрт түмөн, бери болгондо кырк-элүү миңди чапчыйт. Казак туугандарга жолугуп, ал сурасак, өтө көп жүз миндей бар. Элди талап, үй-жайын, малын ээлеп, катын-бала, жаш-карыга карабай чыгарып, жер алачыктарга турууга аргасыз кылышыптыр. Жерди түбөлүк ээлеп, казакты кул-күң катары иштетүүгө келишиптир. Эл качып жатат. Кайда барууга баштары маң. Батышты карай тентүү башталды. Казак жоокерлери согушуп атышат. Бирок калмак көптүк кылып, үстөм болуп турганын уктук.

Чалгын кабарын ынта коюп уккан миң башылар кабактары ойлуу, сабырлуу отурушат.

– Бизде да күч аз эмес. Түмөн дээрлик колубуз бар. Артыбызда тирек болуп элибиз турат. Кудай буй-

www.bizdin.kg

руса, күчү арбын жоону амал, айлага таянган күч-кубатыбыз менен тосолу. Кандай дейсиңер? – деп миңбашыларга кайрылды Мааматкул. Мааматкул менен макул болгон Кошой куралдаштарына кайрыла кошумчалады:

–Калмак канчалык көп болбосун келүүчү жолу бирөө гана. Сен айткандай, биз дагы аз эмеспиз. Аз болсо да душмандын ыгын баамдап алдык. Жаа тартканда анча эмес көрүндү. Өткөндө анын миңдигин жаа тартып, жакын келгенде найзалашып, алдынан жаа менен тостуңар эле. Кийин найзалашууга да бетме-бет өттүңөр. Жоокерлер майышпады. Ошентсе да оор болгонун көрдүк. Эми келүүчү душманды бетме-бет эмес, өтүп бараткаnда капыстан капталынан беш миңдик жарымы менен чабуулдасын. Экинчи жарым найзалашууга чукул калганда жаа тартып чабуул койсо, бизге жеңил болуп, душманды алдантат.

–Абдан туура, бетме-бет кармашууга барбай, жаа менен тосолу, – деди Белек.

–Өткөн айкашка караганда күчүбүз эки эсе арбын. Миңдиктердин төртөөнү эки тарапка экиден чабуул койдуруп, миңдиктердин артынан даяр туралы. Биздин дембе-дем кайталанган күчүбүзгө душман кызуу каршылык көрсөтө баштаганда арттагылар беш жүздөн бөлүнүп, кайталай чабуулдап, душмандын аргасын азайтабыз, – деген Төлөктүн ою да жүйөөлүү эле.

–Ырас болду, акыл бөлүшүп алдык. Айтылган ойлорду акылга тунган жоспор катары кабылдайлы. Өңүттү азыртан баштап ээлейли. Түндү ошол өңүттөрдө өткөрөлү. Чалгын кабарына караганда жоо эртең менен ашуудан түшүүсү ыктымал. Ар кимибиз өз миңдиктерибиздин башында бололу. Ар эт бышым сайын бирибизге кабар жиберип туралы.

Мааматкулдун сөзүнөн кийин жоо тарапка чалгын жиберилди. Миңдиктер, миңбашылар болжолгон өңүттөрдү ээлеп, жоо тосууга азырланууда. Жоону четки Мааматкулдун өңүтүнө өткөрүп жиберип, анын миңдигине удаа чабуулга өтүүнү чечишти.

www.bizdin.kg

Эртеси асман ала-бүркөк. Булут арасынан көрүнө калган, тоо кырынан көтөрмө бою күндүн нуру кунарсыз.

Ашуунун берки бетинен түшүп келаткан жоонун арты көрүнбөй кылкылдайт. Алды ашуу оюна түшүп, өткөн кармаштарда каза тапкандарын жашырууга жоокерлер калтырып, чоң кара ажыдаардай ийриле алдыга жылып баратты. Ажыдаардын тумшугу үн чакырым узаганда: «кыргыз!», «кыргыз!» ураанын чакырган жоокерлер оң капталынан жаа тарта жоону токтотуп, алдын тосту. Жасалган чабуулунан катары бузулуп, жоготууга учураган калмак түмөнү артка дыргып барып кайра кайрылып, алга жылууга далбас урууда. Бул ургаал чабуулга удаа түмөндүн оң, сол ыптасынан экиден төрт жеринен кыргыз ураанын чакырган, жаа тарткан демдүү чабуулдар жоону төрт тарапта согушууга мажбурлап, чыгымын арбытууда. Артынан удаа ашуудан түшкөн түмөн согушуп турган өз жоокерлерин аралап, айкашка кире албай, бири-бирине жолтоо боло аргасыз турду. Согушуп турган түмөн жаа тартып, өлүмгө себеп турган кыргыздарды көптүгүнө салып найзалашууга өтүү үчүн жан үрөөдө. Артында такап турган түмөн жаналакеттене айкашка өтүүгө аракеттенүүдө.

Жүз башы, миң башыларынын айдагынан жоокерлердин алды салгылашууга аралаша баштады. Ар тараптан кысымга алынып, жоготуулары арбын турган түмөн артына куралдаш күч келгенин туюп, жаа тарткан чабуулчуларды найзалашууга жеткирерине аз калганда «кыргыз!» деп кыйкыра жапырт кирген жаңы чабуул башталды. Чабуулдан мизи жапырылган калмак түмөнүнүн кысымы ыкшоо тартса да улануудa. Эт бышым өтө жаңы келген түмөн абалды баалап, салгылашууга кызуу кирише баштады. Көптүгүнө салган калмак күчтөрү кыргыздарга кысым көрсөтүп, найзалашууга өттү. Жоготуулар эки тараптан тең болууда. Эки жүз, үч жүздөн бөлүнүп, улам чабуул салып, жаа тарткан кыргыздар бирибирин колдоп, демдүү салгылашууда.

www.bizdin.kg

Кыргыз чабуулу акылга чегерилген аяр жана ургаал болуп, калмактар жыла албай, жоготуусу арбый берди. Күн кечтеп калган маалда ашуудан түшкөн калмактын үчүнчү түмөн алдыңкылары итерип, салгылашууга кирди. Күчү арбыганы менен калмактар көп жоготуудан көңүлдөрү кайт болуп, кармашуусу солгундап турду. Кыргыздардын артка коюлган миңдиктерин согушка киргизбей сактап, айкашка өңүттүү ээлеген миңдиктерин салган айлалуу ургаал чабуулунан калмактын үч түмөнү жыла албай, чыгымдары арбып, аргасыз түндү тосушту.

Кыргыз миңдиктери ээлеген өңүттөрүндө эртеңки чабууулга даярданып түнөштү.

Таң атып, жерге жарык түшкөндө, төртүнчү түмөнү келип аркасынан тиреген калмак колу тай чабымга созула көрүнбөгөн жоого чабуул коё баратты.

Төрт түмөн кырк миң калмак колу менен сегиз миң кыргыз жоокерлеринин теңдешсиз согушу башталды. Күн мурун ыңгайлуу өңүттөрдү ээлеген кыргыз миңдиктеринин чабуул кысымы бараандуу. Алгалап бараткан душманына беш багыттан чабуул коё «кыргыз» ураанын чакыра ургаал жаа тартып, жоготууга учуратып, алга жылдырбай бөлүндү согушууга аргасыз кылууда. Калмак башылары түзүлгөн абалга жараша катарларын багыттап жаа тарта, көптүгүнүн күчүнө сала кыргыздарды бетме-бетке алууну көздөп, согушууга өттү. Кыргыз жоокерлеридүң жаа бутасына алууну улантып, беттешпей тосууну улантууда. Жыгылгандарын тебелеп алга жылган калмактар көптүн шыкак күчү менен беш багытта дээрлик найза сунуп, кылыч шилтеп, согушууга өттү. Бетме-бетке даяр кыргыз жоокерлери найзага найза, кылычка кылыч менен кайрып, жан кыя салгылашып жатты. Аз болсо да кыргыз жоокерлеринин сунган найзасы таамай, шилтеген кылычтары таасын. Артында үй-бүлөсүн калтырып, чоочун жерде өлүүнү каалабаган калмак жоокерлери жалтайлап, жан сактоо аракетинде салгылашууда. Кантсе да арбын күчтүн

www.bizdin.kg

кысымы көрүнүүдө. Бешим кыңайган маалда калмактар кыргыз жоокерлеринин жап чабуулунан кутулууга далбас ура, шыкак менен алга жылганга аракет кыла башташты. Таамай найза сунуп, кылычты таасын шилтеген кыргыз жоокерлеринин деми күчтүү эле. Ар бирине эки же үч калмак тең келген, сабырына, кайратына, жоону жек көрүүсүнө ширелте согушкан кыргыздар жан сактоо аракетинде карбаластап согушкан калмактарга үстөм болууда. Көптүн колунан найза урулуп, кылыч тийип кулаган жолдошунун күйүтү көөмөйүнө толо, элинин башына түшкөн азап буулуктурган кыргыз жигиттеринин өлүмгө кайыл эрдигине туруштук бере албай артка дыргыган жоокерлерин калмак кол башылары кайрый, кыргыздардын шилтенген кылыч, найзаларына кабылтууда. Өлүүнү эсинен чыгарып, төгүлгөн кан үчүн, элинин абийир намысы үчүн жан кыя согушкан жоокерлер «өлгөн сайын өөрчүгөн, түгөнгөн сайын түтөгөн» кыргыздардын байыртан келаткан баянын калмак колбашыларынын эсине салып турду.

Каш карарып караңгы түшкөнчө калмак түмөндөрү алга жыла албай, кыргынга учурап шыкалып турду.

Кыргыз колу согушууну токтотуп, жарадарларын, каза тапкандарын жыйнап, өңүттөрүнө кайтып, жаралууларга жардам көрсөтө, шейиттерди аздектеп, айылдарына узатуу камын көрүүдө.

Арбын жоготууга учурап, үч күндөн бери алга жылалбай турган калмак түмөндөрү кыргыз кармашты токтотуп, өңүттөрүнө кеткен түнгө жамынып алдыга жыла, Чүй өрөөнүнө бет алды. Тынч элге чабуул коюп, мал-жанын олжолоп, андан ары карай Талас, Ысык-Көлдө улантууга баратышты.

Кыргыз миңдиктери жесек, кайгуулдан калмактын түнгө жамынып кыргыз жергесине ойрон салып, ээ болууга жөнөгөнүнөн кабардар болуп, баскынчы-

www.bizdin.kg

нын артынан түшүп өч алууга чечкиндүү турушса да, шейиттерди элине жеткирүүнү кечээндетүүгө болбосуна уюп, ошол аярдуу камылганы көрүүдө. Жоготуу зээн кейитерлик. Эки жүз жыйырма жоокер каза таап, үч жүз үчү жарадар болуптур. Тоо койнундагы тынч айылдарга ый түшкөнү турду. Миң башылар кеңешип, шейиттердин ар бирин элүүдөн жоокер жүз башылардын узатуусунда жоктоп баруусун, жарадарларды да чогуу чаран алып барып үйлөрүнө түшүрүүнү туура табышты.

Азалуу түндү өңүттөрүндө өткөргөн кыргыз миңдиктери күн чыга жоокерлик катарларын сактап, Чүйгө бет алышты. Алдыда Ала-Тоо өрөөндөрүн кара таандай каптап, талап-тоноочу калмактардын зомбулугунан элди курал менен сактоо зарылдыгы турду. Чүй бооруна келгенден кийин миңдиктер жоокерлик катары менен өз урууларын сактоого бет алышты.

Калмак түмөндөрү кыргыз элине, айылдарына кайгы, касирет, ый алып келди.

Калмак Коңтаажынын алдын-ала камынган жоспоруна ылайык Чүйдү, Таласты, Ысык-Көлдү, Нарынды атайын камынган түмөндөр басып кирди.

Ач бөрүдөй алкынып кыргыз жерин түбөлүккө ээлеп, элин кулданууга чыгынган баскынчылар айылдарды басып, төрттүлүк малын ийрип менчиктеп, каршылык көрсөткөндөрдүн үйлөрүн өрттөп, өзүлөрүн өлтүрүп кандуу калайман салууда. Кыз-келиндерди элдин көзүнчө басымчалап, элдин малмүлкүнө гана эмес, абийирине кол сала кириштн. Мал–мүлкүнө кайыл, абийирин, ыйманын сактаган элдин айбаты күч экенин, адамдык насилин унуткан баскынчылар каны менен төлөп, элдин кыжырынан үшү качкан учурлары да көп эле. Мал үчүн жанынан кечкен орду толбос ач көздүк жетелеген зулумдар кайра эсин жыйып, талоон баскынчылыкты улантууда. Өз урууларын коргогон кыргыз жоокерлери калмактар менен салгылашып, теңдешсиз кармашта үстөм боло алышпады.

www.bizdin.kg

Аргасы түгөнгөн эл үй-бүлөсүнүн абийирин, жанын сактоо аракетинде түндөсү колуна тийген унааларына жүк артып, аттуу, жөөлүү абалда самсып, уламышта кабары угулган тоо арасы «Ысар-Көлөп кайдасың» деп батышка бет ала чубоодо.

Ыйлуу, азалуу айылдарды аралап шейиттерге бата окуп жүрүп, элдин бүлүнүп качканын көрүп жаны кашайган миңбашылар Мааматкул, Кошой, Төлөк, Жандарбектер кенешке келип, Талкан бийдин үйүндө отурушат.

Бийдин кабагы салыңкы. Ошентсе да зоболосу бийик карыя сабырлуу. Элин коргоп, кан кече салгылашып, калмакка катыктай татыган жигит миңбашыларга ыраазы көз жибере бий сөзүн баштады:

– Элиңердин башына каар күнү түшүп турат. Кудайым бар, бул ый-муңдуу заман да өтүп, эл туулган жеринде бейпил өмүр өткөргөн күн да келет. Ошол күндү күтөлү. Өмүрүбүздү сая аракеттенели. Биздин курак өтүп, ошентсе да сөзүбүз, батабыз менен силерге дем боло жашайбыз. Калмак басып киргенге туш Жамангул бий дүйнөдөн көчтү. Рахматы болсун. Баарыбыз ошол жайга барабыз. Силерге Кудай өмүр, күч-кубат, кайрат берсин! Төрт түмөн калмакты канча күн жылдырбай жер каптырып турдуңар. Эл кантсин, силерге ыраазы. Кудай ыраазы болсун! Алдыда силер көтөрүүчү элиңердин жүгү оор. Калмак ата конушубузду ээлеп, элди эрксиз кул кылууга келди. Колдон келген каршылыкты көрсөтүп, элди сактоо аракетинде болгула. Эл кантет экен, бозчудай[1] болуп турат...

Карыя тыным жасап, ойго чөмүлө калды.

– Эл бозо баштаптыр кордукка чыдабай. Түн жамына колуна тийген унаасына жүгүн артып, батышты көздөй тобокелге көчкөн үй-бүлөлөр бар айылдарда. Ысар, Көлөп деген тынч жерлерге бет алышкан

[1] Бозуу – тептүү, качуу мааниде.

имиш, – деген Жандарбектин сөздөрүнөн чочулоо, кооптонуу туюлду.

Жандарбекти баш ийкей уккан Мааматкул Талкан бийге кайрылды:

– Тажик эли жердеген Памир тоо араларында Ысар, Көлөп деген өрөөндөрү бар. Ошол тарапка түндөсү көчүп аткандарга калмак каптаган айылдар бар экен. Айылдарды аралап эл менен жолугуп, көчө тургандар бириндебей, бирине-бири эш болуп, жаамат менен жол алгыла деп кеңеш берип жүрөбүз. Сиз айткандай, элдин жеринен качуусу калың болчудай.

–Ооба, элдин качып-бозуусу башталды. Токтогудай эмес. Калмактын элди эркиндигинен ажыратып, тартып алган малын өзүнө бактырып кулдантып коёрун туйган элде башка арга жок. Баарыбыздын түшөр жолубуз ошол болобу деген ой жүйөөлүү болуп турат. Өзүң айткандай, бириндебей чогуу чубабасак, эл чачылып кетер. Ушуну элдин эсине салуу абзел. Кудай жар болсо, күч жыйнап кайрылып келип, зордукчу каапырларды жергебизден кууп чыгарар күн да болор, – деп тунжурады бий.

–Калмактар Белек менен элдешип, сени кыргызга хан кылабыз деп алдап-соолап турат экен. Анын айылдары залалга анча учурабаптыр деген аңыз жүрөт элдин ичинде, – деген Төлөктүн үнүндө кыжырлануу да, таңкалуу да бар эле.

–Калмакка кыргыз хандыгы керек эмес. Тамана май төшөп, кебез менен муздоонун амалы. Атаганат, Жамангул бий тирүү болгондо калмак да, Белек да буга келе албайт эле. Мен барып, өз көзүм менен көрсөмбү? Белек сөзгө келер бекен деген оюм бар, кандай дейсиңер? – деп отургандардан кеңеш сурагансыды Талкан бий.

–Сиз барсаңыз болор. Бизди көрсө, намыстанып өөрчүп кетер. Сөзгө келбес, –деди Мааматкул. Бул ойго кошулган Кошойдун үнүндө ишеним угулду:

–Барсаңыз «өңдү көрсө, жүз таят» дегендей, атасынын курдашынан жүз үйрүбөс. Эл бирдикте болуусунан мойноп кетпес...

www.bizdin.kg

–Качкан элдин агымы бириндеп турат. Токтоор түрү жок. Бейтааныш алыс тоо арасындагы Ысар, Көлөпкө жолдун жайы кандай болду? Сиз билерсиз. – Жандарбек бийге суроолуу карады.

–Барып көргөн эмесмин, бери жагы Анжиянга жете билемин. Андан ары Кокон, Бухарды аралайт. Сурай, сурай Мекеге барыптыр. Эптеп жетүүгө болот. Анжиянга өтүүчү жолду бийик ашуулар тоскон. Кыйынчылыгы арбын. Төө-Ашууну өтүп, Суусамырды басып, Жумгалдын күн жүрүш батышындагы Чамынды ашуусунан Тогуз-Торого өтсө, Көк-Арт, Үйүрмөлөрдү ашып, Анжиян, Барганага түшөт. Андан ары да жол алыс, анча кыйын эмес. Дагы бир жол Долон ашып, Нарын дарыясын бойлоп, Каргалыкты басып, Тогуз-Торого өтөт. Эл ушул жолдордодур. Акыркы айтылган жол оңоюраак. Ушуларды элдин эсине сала жүргүлө, – деди бир аз демиге калган бий.

Мааматкул бийден кеңеш сурагандай кыстала сүйлөдү:

–Биздин эл, сарыбагыштар козголуп жол тарткандары бар. Биякты Кудайга аманат калтырып, эл менен болсомбу...

–Эл козголуп калды. Хан Кудаян айылы менен көчкөнүнө бир жумадан ашкан окшойт. Чамынды ашуусунда каза тааптыр деген кабар кандай? – деп Мааматкулга көз жиберди Талкан бий.

–Рахматы болсун. Ашууда, жүрөккө күч келген го, каза тааптыр. Бизге кабарлабай эле, беш-алты түтүн коңшулары түндөсү көчкөн экен. Бизге кабар кечигип жетти. Бара албадык. Ханды ашууда жерге узаткан коңшулары бел ашып, көч улаптыр. Тагдыры ошо болсо кантебиз. Куран окутуп турабыз, – деген Мааматкулдун сөзүнөн бир тууганы кыргыз ханынын баркынан төмөн тагдырына ызаланганы туюлду.

–Жер жамандап барбасын. «Хан Кудаянга Кудай алдында Санчы сынчынын кусуру тийбедиби?! Кал-

мак алар элиңди, кайырттырар белиңди. Ач бел, куу жолдо өлөсүң» деген экен. Төп келгенин кара, –деген Жандарбек миңбашынын сөздөрү Талкан бийге жакпады.

–Өлгөндү тынч коёлу. Рахматы болсун. Качууга камынган уруулар менен тил алышып, жааматташ жүрсөңөр болор эле. Калмактын зомбулугуна чыдап, бул жерде күн өткөрүү мүмкүн болбой калды. Каршылык көрсөтүп чабышуу уланса, элди курут кылчуудай, каапырлар. Көчсөңөр эл менен жамааттaш, баш көз боло жүргүлө, – деп Мааматкулду карады карыя. Куралдаштарына көз жибере Мааматкул ишенимдүү сүйлөдү:

–Кабарлаша туруп, бир маал бир жол менен жүрөлү. Бөтөн жерде көпкө турбай, ичкилик сол канат менен байланышып,калың кол курап келип, Кудай буйруса, калмактан жерибизди бошотобуз.

–Ылайым Кудай тилегиңерди ордунан чыгарсын. Мен да бул жерди байырлай албайм. Силер менен, эл менен болом. Азырынча кырдаалга көз сала турайын, – деген бийдин сөзүнөн кийин убада бекитилип, миңбашылар, жигиттер айылдарына тараштты.

Кордой алдында калмактын төрт түмөнүн бир нече күнү карыш жылдырбай камап, кыргын салып, колу беш эсе арбын жоого кыргыз кылычынын, кыргыз найзасынын бөрү тил учун тааныткан миңдиктин бирин жетектеген Белектин айылында үйлөрдү аралап талоонго салып, коргогондордун үйлөрүн өрттөп, кыз-келиндерди басымчалаган калмак куралчандары көрүнбөйт.

Белек миңбашынын чоң ак үйүнөн оолагыраак кермеде токулгалуу аттар байлануу турат. Үйгө жүз кадамча киши жолотпой эки кыргыз жоокери, эки калмак жоокери кайтарууда. Үй ээсинен башка бул чоң үйдө ким бар экени белгисиз. Айыл ичи демейкидеги кыймылда. Аттан түшүп үйгө кире, бир паста кайра аттангандар көзгө урунат.

www.bizdin.kg

«Баланча айыл өрттөнүптүр, төлөнчө айылдын малын калмактар тартып, өзүлөрүн алачыктарга кууп чыгыптыр, калмактар кыз-келиндердин төшүн ачып жатыптыр. Тигил уруу кордукка чыдабай колуна тийген унаасына жүгүн артып качууда дейт» деген имиштер айылдын тынчын алууда. Үйдөн-үйгө кирип чыккандардан кабар угууну каалагандар укканларын коңшуларына бөлүшүп, санаасын тынчытуу аракетиндегилер шекилдүү. Айыл ичи дүрбөп турат.

«Калмактар биздин айылга кол салбайт экен» деген жооткотууга ишенгендер аз. Түш кыңая берген маалда Белек миң башынын кермесине жигит ээрчиткен Талкан бий келди. Карыяны тааныган кайтарыкчы жоокер ызаат көрсөтө салам айтып, атын алып, чоң үйгө эшик ача өзүн гана киргизди. Салам айта кирген бий төрдө отурган калмактын улугуна баш ийкеп, жаш болсо да Жамангул бийди мурастаган эл башы Белекке кол сунду. Белек миңбашы Талкан бийдин колун алып:

– Келиңиз, бий, – деп орун жаңсаган болду. Калмак улугунун алдында өзүн бийик көрсөткүсү келген миңбашы атасынын ынак адамына эгин мамиле жасабады. Калмак улугу бийге суз, сынаакы көз жибере кыргызча дээрлик таза, кескин унчукту:

– Сен кимсиң?

– Мен кыргыз бийи Талканмын. Белек миңбашынын жайын билгени келдим. Сен өзүң кимсиң? – деди өз баркын тута билген бий. Карыянын токтоо сабырлуу турушунан кебелбес эркти туйган калмак улугу аны басынткысы келип:

– Сен мен үчүн эч ким эмессиң. Мен теңдеши жок улук өкүмдар, асмандагы Кудайдын жардамчысы касиеттүү Далай Лама бошокту даражасын ыйгарган Галдын Бошоктунун кыргызга жакшылык алып келген тээжисимин, – деп текеберлене сүйлөдү.

– Мен сен үчүн эмес. Мен казак, кыргыз жерин басып кирип, олжо издеген коңтаажыңар Эрдене бо-

www.bizdin.kg

шоктунун тумшугун канжалатып кууп чыккан кыргызмын. Эр Эшим менен Манап баатырдын мураскорумун. Өз жеримдемин. Рахматы болгон курдашым Жамангул бийдин айылынан кабар алганы келдим. Сенде жумушум жок, – деген карыянын үнүнөн каар жана элинин түбөлүктүүлүгүнө ишенич уккан калмак улугу:

– Бул айыл азыр кыргыз ханы Белектин айылы. Белек баатыр бүтүн кыргыздын улук ханы. Силер баарыңар ханга табынууга милдеттүүсүңөр. Сен абышка, азыр хан Белектин бутун өбөсүң да, анын ырайымын аласың. Кана өп! – деп көзүнөн чаар чыгара демигип турду[1]. Карыя Белекке көз жиберди.

Белек тунжурап үнсүз.

– Кыргызга ханды калмак эмес, эл өзү көтөрөт! Силер калмактар жерге да, элге да ээ болууга акыңар жок, баскынчысыңар. Уюткулуу эл, тагдырын силерге ээлетпейт. Кыргыз хандын да, бектин да бутун өппөйт! Балтыр бешик уулунун гана бутунан өбөт. Ал хандан да, бектен да улук. Эл келечегинин ээси, – деп ордунан тура, Белекке аянычтуу көз жиберди бий.

Өмүрүнүн акырына чыгуунун алдында турган карыянын чечкиндүү, сабырлуу турпатынан кыргыз элинин баскынга баш ийбес, майтарылбас эркин сезген калмак улугу бийди сындыруу үчүн өкүм сүйлөп:

– Белек хандын бутун өп дебедимби! Өп! Азыр өппөсөң жазалаймын! – деп демикти.

– Баш ийип берген немеге ичиң элжиреп турса, өзүң өп! – деген бийдин үнүнөн мыскылдоо туйган калмак жанында отурган сакчысына буйруду: – Тур! Алжыган өжөр чалды сакалынан тартып, Белек хандын бутун өптүр!

Ордунан тура колун сунган калмак сакчыны:

– Жолобо ыплас боюң менен! – деп колун кага, каардуу унчуккан карыянын айбаттуу көрүнүшүнөн жалтана кетенчиктеди.

---

[1] Белек Солтоноев, «Кызыл кыргыз тарыхы», 1-китеп.

www.bizdin.kg

– Кош, Белек, боорум! Кудай алдында атаңдын арбагы турат, – деп шарт бурула чыга жөнөдү бий.

– Элимди сактаймын, көпкө топурак чачпаймын, –деген Белектин үнүнөн аргасыз актануу да, чын ою да угулду.

Түмөндөрдүн артынан самсып үй-бүлөлөрү көчүп келген, кыргыз ата конуштарын ээлеген калмактар элдин тынымсыз келишкис каршылыгына тушугуп, тынч ала албады. Коңтаажы Галдан бошоктунун түпкү көздөгөнү кыргыз жерин түбөлүк ээлеп, элин сүрүп чыгаруу, аргасыздантып кулдантуу, бара-бара калмакташтырып кыргыз атын өчүрүү эле. Кеги ичине түйүлгөн эл күн да, түн да каруусу жетишинче ыйык мекенине, ырыскысына, абийирине кол салган жоого кашкая каршылык көрсөтүп залал тарттырууда. Элдин жан дүнүйө күрөшүн тыюуга чаркы жетпесин туйган калмак бийлиги «жанаша жашайлы, эл бололу, малыңар өзүңөрдө болсун, ата-салтыңарды сактап жашай бергиле» деген кытмыр, эки жүздүү мамилеге өтүмүш этти.

Кыргыз элинин кол тийгис аруу руху муну түпкүрүнөн туюп келишпеди. Киндик кан тамган жерине кайра келерине ишенген эл сактанууну көздөп, бозо баштады.

Калк атасы Талкан бийдин, жанын кылыч мизине, найза учуна байлап элин коргогон Кошой, Мааматкул миңбашылардын эли менен козголо Барганга, Ысар-Көлөпкө көчүүсү элдин убактылуу жай издеп агылуусун арбытты. Чүйдөн Төө-Ашуу, Суусамыр, Көкө-Мерен бойлоп, Чамынды ашып, Тогуз-Торону басып, Үйүрмө, Көк-Артты өтүп, Анжиянга бет алган катаал катуу багыт жолдо төөгө, өгүзгө жүк арта, аттуу, жөөлүү чубалгандардын агымы куйрук улаш үзүлбөдү. Агым каардуу залим душмандан ыйманын, абийирин, элдин уюткусун сактоо аракетинде, мекенине кайтууга Жараткандан үмүт күтө камынган байыркы элдин азаптуу да, келечектүү да агымы эле.

www.bizdin.kg

## Бозгун жолу «актаман чубурунду»

Төө-Ашуу, Чамынды, Долон, Каргалык, Үйүрмө, Көк-Арт ашууларында арып ачкан, жүгүн моюндарына арткан, жаш балдарын жүктүү унааларга отургузуп, өзүлөрү жөө баскан эл баарына кайыл болуп алдыдан жакшылык күтө, бири-бирине көмөк боло, ынтымак менен талбай чубурууда.

Минген аты өлүп, капыстан ооруган күйөөсүн жонуна көтөрүп, балдары үстүнө отурган жүктү унааны жетелеп бараткан аял тирүүлүккө ыраазы болуп, демдүү эле. Артынан бозгун көчтү аралап жете келген атчан келаткан карыя:

– Ай, кайраттуу келиним ай! Токточу, – деп күйөөсүн көтөрүп, балдарын жетелеп бараткан аялга кайрылып, атынан түшө, оорулуу жигитти атка мингизип, өзү жөө басты. Аны көрүп каркыраалуу кыз атынан түшүп карыяга мингизе, келинге катар баса:

– Жеңе, чогуу болобуз. Жакшы жайда туруп, кайра элибизге келебиз, – деп бечарага дем бере топуктуу баратты.

Бул мындан да аянычтуу азапка кайыл, бири-бирине жөлөк болуп, алдыдан жакшы жай издеп, мекенине кайтып келүү үмүтүн үзбөгөн бозгундардын ач бел, куу жолдогу катаал көрүнүшү эле.

Кылымдар түпкүрүнөн бери тарыхтын тар жол, тайгак кечүүсүнөн муңбай өтүп келаткан байыркы кыргыздын ынтымагы – азыркы азып-бозгон чубалмада да тирек болуп баратты.

Токсонду таяп, күүдөн кайта элек тууштуу карыя Талкан бий, кабелтең миңбашылар Кошой, Мааматкул, Жандарбек, Төлөктөр убагында калмакты кылыч мизинде, найза учунда тосуп, элин коргошсо, азыр агымы катуу суу кечип, ашуусу бийик тоо ашып, жөө-жалаңдап бозуп бараткан элин кыдырып, ал сурап, жардам көрсөтө иркектештирип, ынтымак күттүрүп, эли менен бирге баратышты.

Эл өзү «актаман чубурунду» деп таамай атаган бозгун жолунда убара тартты.

www.bizdin.kg

Бозгун жолу 1681–1683 жылдары тынбай уланды. Казак элине калайман салган Галдан Бошокту баскынчылары 1684-жылы Ташкен, Сайрамга жетти. Баскын алдында күн көрүүнү каалабаган казак эли да »ак таман чубурундуланып», Букарга кирди. Калмак малын, жерин тартып алып катаал ыдыкка[1] кабылган казак эли да »кайың саап» күн көргөн жылдарды кечирүүдө.

Бозуп Анжиянга, Барганага кирген кыргыздар Анжиян айланасына, Сыр дарыя боюн пааналап, өзбек эли менен тил табышып, чайрыкерликке жер алып, күн көрүүгө өтүштү. Унаа тетиги камдуулар төмөн Памир тоо өрөөндөрүнө, Ысар, Көлөпкө да жетип алды.

Бозуп жүрсө да кыргыз ынтымагы моюбады. Кошой, Мааматкул, Төлөк баштаган эл башылары чөлкөмдү кыдырып, кайсы уруунун кайда жайлашканынан кабар алып, бири-бирине катыштырып бозгунда да калк ынтымагын улап берүүдө.

Мезгил куштай учуп, желдей сызуудa. Бирине-бири окшош бозгун күндөрүн башынан кечирген эл кырк жылдык өмүр көчүн узатып, ата-журтуна кайтуучу күндү зарыга күтүүдө.

Кытай империясынын куралдуу кысымынан бүлгүнгө учураган калмак баскынынын Кыргызстанга агылуусу токтоп, чет жака өрөөндөрдүн ээн турганынан кабар алган Мааматкул, Кошой эл башылары өзүлөрү аттанып, чалгын чалып, Барганага жакын Кетмен-Төбө тоо өрөөндөрүнө калмак мекендей албаганын көрө, сарыбагыш, солто, жетиген, кытай жана башка урууларды көчүрүп келип, конуштарга жайлаштырганына бир нече жыл болгон.

Баргананын булуң-бурчтарында, Ысар, Көлөптө көп кыргыз үй-бүлөлөрү чачырап күн өткөрө кала берди. Мааматкулдун эр жеткен уулу Болот Кокон кызматына өтүп, ошол элди жыйнап, элине кайрууну көздөп чоң үмүт менен калды. Кетмен-Төбө кыргыздын өз жер-

---

[1] Ыдык – зордук, ырайымсыздык.

www.bizdin.kg

лерине кайтууну көксөгөн урууларын берекелүү койнуна батырган жамы элдин чакан мекени эле.

Жашы илгерилеген Мааматкул, Кошойлор элге баш болуп, учугун улап, чачылганын жыйнап, өмүрлөрүн келечекке тигип, эл камында жүрүштү. Жетиген Солтоной, кытай Кабыке, солто, сарыбагыштан Койкоң Назар, Дорбобаш баш болгон эл уулдары Маматкул, Кошой бийлердин кеңеши менен элди өз конуштарына кайтаруунун камында жүрүшөт. Жоонун жайын тастыктап, аны сүрүп чыгаруу үчүн чалгын чалып, Талас, Чүй, Иле бою, Үч Алматы, Сары Токум, Каркыра, Кызыл-Кыя, Санташ, Бетегелүү-Кой Ташка каттап, келечектеги чабуулдардын өңүттөрүн аныктап, калмакты жергеден сүрүп чыгаруу камылгасын аркалоодо.

Калмак өкүмүнүн капшыты бөксөрө баштаган. Галдан Бошоктунун ордун баскан Цебан Рабдан, анын мураскору Галдан Цереп коңтаажылардын биринен-бири айрымсыз катаал, казак, кыргызды кыргындап чачылткан күчтүү бийлиги ыдырап, «он сан ойротту Олоң байыр кыз бузган» делип эл оозунда калган, кыргыз, казак элдеринин өз мекендери үчүн күрөшүнө шарт түзүлүп турган кез.

Калмактын чоң ханы аталган Галдан Цереп өлгөндөн кийин ордун баскан уулу Ажыны бийликке кумар калмак ноёндору Лама Доржуга өлтүртүп, анын бийлиги жөнөй албай турганда ар кимиси хан болгусу келет. Ал үчүн Бошокту насилинен мураскор болбосо, ошол насилдеги кызга күйөө хан боло алат деген ырасми салтка ылайык Галдан Церепдин кызы Олоң Байырга үйлөнүү үчүн анын колун он сан ойроттун, ар уруунун чыгааны сурап жуучу түшүп турат. «Олоң Байыр тиги жуучуну өлтүрсөң, сага тиет» деп уруу чыгаандары бирин-бирине өлтүртө он сан ойрот бузулуп турган кез. Бийлик талашуу кандуу эрегишке айланып, Лама Доржунун бийлиги бошоң. Ушул учурду Мааматкул, Кошой бийлер коё бербөөнү чечишти.

www.bizdin.kg

## Калктын кайрылткыс соккусу

1747-жыл. Теке айынын он беши.

Кетмен-Төбө тоо койну. Берекелүү өрөөн бозгундап чогулуп, өз ата конуштарына кайтууну тилеп, алдыдан жакшылык күткөн кыргыз урууларын бейпил батырууда. Бирин-сериндеп кошулуп, конуш таппкан бозгун үй-бүлөлөрдүн саны өксүбөйт. Киндик каны тамган жерине кайтууну Кудайдан тилеп зарыккан үй-бүлөлөр Баргананын ар кайсы жеринде, Ысар, Көлөптө арбын.

Мааматкул бийдин Сыр дарыя боюнда төрөлүп эр жеткен, тың чыкма уулу Болот ордосу чачылган элди жыйнап мекенине кайтыруунун амалында Кокон ордосуна кызматка өтүп, Чөлкөмдөрдү аралап, азып жүргөн кыргыздар жайынан кабардар болуп, ыңгайлуу учурду күтүп жүрөт.

Кетмен-Төбөнү конуштаган сарыбагыш, солто, моңолдор, жетиген кытай урууларынын тиричилиги калыптанып, санаалары тынык. Илгери үмүттү туу тута өмүр өткөрүүдө.

Чоң шашке. Мааматкул бийдин үйүндө чакан кеңеш. Төрдө жашы илгерилесе да боюнан эр туушу кайта элек Кошой бий отурат. Солто гана эмес, кара кыргызга кадырман Талкан бийдин нускасын туткан кеменгер карыя элдин сый-урматына ээ. Карыянын эки жагынан сарыбагыш, саяк, моңолдор, жетиген, кытай, кушчу, саруу урууларынын кадырман ак сакалдары жай алышкан. Эл башына кыйын кезең туш келип турганда аттанып, айылдарды калмактын талап-тоноосунан сактап, эл оозуна алынып калган жетиген чабдар атчан Солтоной, кытай карала атчан Кабыке, сарыбагыш Тынай бийдин уулу Атаке, кушчу Бердике, моңолдор Балта, солтодон Койкоң, Назар, Дөрбөбаш, Момокондор эки капшыпта төмөнүрөөк ирегеге жете орун алышкан.

– Кана, үй ээси, сөз башта. – Мааматкулга кайрылган Кошой бийдин үнүнөн үмүт жана ишеним угулду.

Мааматкул катар отургандарга көз жибере үн катты:

– Сөз сенден болсун. Биз угалы.

– Учур келип турат. Так талашкан он сан ойротту Олоң байыр кыз бузуп, кан төгүлгөн калмак бийлиги ичинен ирип турган кези. Ойрот, калмакты жергебизден кууп чыгаруунун кези келип турат. Ырас чогулдук. Ой бөлүшүп, акыл токооруталы. Жер чалып, эл кыдырып жоонун танабын тартып жүрөсүңөр баатырлар, силердин оюңарды угалы. «Асыл таштан чыгат, акыл жаштан чыгат» дегендей, силерден үмүт күтөт элиңер, – деп Кошой бий сөз учугун таштады, төбөлөрү көрүнө баштаган жигиттерге кайрыла.

– Калмак али күчтүү. Капканын алдындагы гөрүндө[1] үч миңден ашык колу бар. Кара кыштактагысында миң чамалуу. Күчтүүсү Сокулуктагы колу. Төрт миңдин ары жагында. Ак-Бешимде да таянычы бар. Чүйдүн күңгөйүндө Кара-Булак, Кастектеги гөрүндө да эки миңден ашат. Жоокерлери күндүзү айылдарын кайтарган болуп «чалгын жесекте» жүрүшөт. Биз жактан кабардар болуулары да ыктымал. Бирок биздин көзгө чалдыга элек. Биз чабуулду Капкадан баштайбызбы дейм. Карыялар силердин кеңешиңер бизге өбөк-жөлөк болот. Кеңешиңерди жадыбызга түйүп, жолуңарды жолдойлу. Илгери калмак алгач каптап киргенде, сиз, Мааматкул карыя, беш эле миң жоокер менен кол баштап, төрт түмөн, кырк миң калмак колуна Кордой алдында кыргын салып жылдырбай тосконуңар, аргасы кеткен калмак силерден түн жамына кутулуп, Чүйдү аралаганы «сегиз калмактын аргасын бир кыргыз түгөткөн жылга», «түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыз» деп эл оозунда калбадыбы!? Бар болгула, жаангер кол башы, эл башы карыяларыбыз! Биз силерди ээрчийли. – Карыяларга ыраазы көз жиберген Эр Солтоной сөзүн улады:

---

[1] Гөр – калмак чеби.

www.bizdin.kg

– Калмактын түмөнгө жакын колу бар. Алар эки миңден ар кайсы гөрлөрүндө бөлүндүлөнүп турат. Биз үч-төрт миң кол аттарды амал менен чабуулдасак, калмакты Кудай буйруса, сүрүп чыгарабыз.

– Калмак оңой жоо эмес. Үч-төрт миң аз болор. Бери болгондо беш-алты миң кол жыялы. Биз моңолдорлор миңге жакын жоокер аттандырабыз, – деген Балтанын сөзү демдүү угулду.

– Эл каржалып турат. Бир уруудан миң жоокер аттандырууга каруу жетпейт. Солтоной айткан үч-төрт миңдин үч миңи ырмаң-чырмаң чыгар. Ошол жасоону амал менен чабуулдасак эле калмакты сүрүп чыгарабыз. Жана айтылгандай Мааматкул, Кошой, Жандар бийлер кырк миң калмакты беш-алты миң жоокер менен жылдырбай тоскон тура. Аксакалдарыбыздын акылы менен болсок, Кудай буйруса, калмакты кетиребиз. Кытай уруусу беш жүз, алты жүз жоокер аттандыра алат. Жетиген, сарыбагыш, солто, саяк алты жүздөн кол аттандырышса, үч миңге толот. Ар ким өзүнчө болбой, кол башы амирин туталы, – деп Мааматкул, Кошой бийлерге көз жиберди Кабыке. Сөзгө көңүлүн төшөй угуп отурган Мааматкул бий:

– Туура айтылды. Үч миңден арбын жоокер аттандырууга элдин чама-чаркы жетпейт. Душмандын өңүттөрүн, алы-күчүн таасын аныктап алып, ыгы менен чабуулдаса үч миң аз эмес. Колбашы амирин туталы деген Кабыкенин оюу төп. Жаштайыңардан атталып, калмакка бүлүк сала, чабдар аттуу Солтоной, кара ала аттуу Кабыке атанып, элге атыңар угулуп, калмактын тынчын алып турасыңар. Экөөңүн бириң кол баштагыла. Биз карыялар бата берели,– деди.

– Солтоной болсун! Ал аяк ичер улуу, – деген Кабыке агынан жарылып турду.

– Мени жөн кой. Колбашылык калк карытып, жол билген карыяларга ылайык. – Солтоной Мааматкул, Кошой карыяларга ыраазылык билдире карады.

– Ыракмат. «Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүн ал» дегендей биз күчүбүздү аябайбыз.

www.bizdin.kg

Ырасында колбашылык Мааматкулга ылайык. Калмакты алгачкы тоскон колбашыбыз болгон. Жоонун жайын билет. Кысталышта ык тапкан, кыйындыкта сөз тапкан эр. Пайгамбар жашынан эчак өтсө да, күчтүү, демдүү кеменгер курагы, – деген Кошой бийдин сөзүнөн кийин Солтоной алакан жая карыяларга кайрылды:

–Калкыңарды хан Кошойдой коргогон силердин карааныңар бизди алдыга сүрөп турат. Туулган жерлери көзүнөн учуп, азып-бозуп, ар кайда аргасыз күн өткөрүп жүргөн элибиздин зарыга күткөн тилегине жеткирүүгө бел байлап, аттаналы. Көсөм бийибиз Мааматкул кол башынын амирин туталы. Бизге бата бергиле!

–Оо, жараткан Эгебиз! Өзүңдүн улук амириң менен ата конушун кара жоодон бошотууга бел байлаган кыргыз элине, анын жоокер уулдарына ак жол ача көр!

Кошой карыяга кошула отурган эл жакшылык күтө бата тиледи. Батага кошула сакалын сылай ойлуу отурган Мааматкулдун:

–Кудай алдында оор жана зарурат иш жүктөдүңөр мага. Болгон дараметимди жумшайын. Баарыңарга Кудай ал-кубат, дарамет ыроолосун! Ишти көпкө кечиктирбейли. Эмки ишембиде ар бириңер өзүңөрдүн ат-көлүгү тың, курал-жарагы шай жоокерлериңер менен чоң шашкеде Кең-Колдун башына келгиле. Касиеттүү жерибиз Кең-Кол, кең Талас, атабыз өткөн эр Манас деп чама-чаркыбызды жамдап, жергебизди кара жоодон бошотууга аттаналы, – деген сөздөрүнөн кийин колго суу куюлуп, табак тартылды, бата тиленип, кеңеш тарады.

Күнгө ишемби. Кең колдун башы. Күн тоо кырынан кылайган маал.

Мааматкул, Кошой карыялар куралчан бастыра, бири-биринен жарым чакырым бөлүнө жайланышкан беш жүздүктөрдү кыдырып, жоокерлердин алжайын сурап, алдыдагы чабуулга даярдыктарына көз

www.bizdin.kg

сала жүрүшөт. Катар бастырган карыялар алдыдагы беш жүздүккө келип токтогондо, тобунан бөлүнө келген Солтоной аттарын алдырып, кол алыша салам айтып, ызаат көрсөттү:

– Ассалому алейкум, урматтуу кол башы жана карыя жоокер!

– Алейкума салам, беш жүз баштаган баатыр жана анын баатыр жоокерлери, саламат демдүүсүңөрбү?...

Алик ала, ал сураган Мааматкул, Кошойлор:

– Ыракмат, жоо бетине аттандык.

– Калмакты сүрөбүз!

– Кудай кааласа, – деген күүлү кобурга удаа Солтонойдун узатуусунда четтерээк жайылган көрпөчөлөрдөн жай алышты. Дасмал жайылып, суусун сунулууда. Жоокерлер арасынан: – Аксакалдардан бата алайын. Уруксат этиңиз, баатыр ага, – деп Солтонойго кайрыла, көөкөрүн, түйүнчөгүн колуна кармаган чымыр денелүү, карасур улан ордунан тура, карыяларга келип салам айтып, адептүү турду. Кошой орун жаңсады:

– Ии, кел, келегой, баатыр.

Илбериңки кыймылдаган улан түйүнчөгүн жазып, бууга бышырылган этти жайып, ынак чучук, жапкан нан коюп, көөкөрүнөн чөйчөктөрүнө кымыздын гүлүн куюп, карыяларга сунду. Карыялар даам сызышып, ыраазы отурушту.

– Жоо сүрүүгө биринчи аттанышым. Силерден бата алайын деген дамам бар. Ысмым Сабыр, – деп карыяларга үмүттүү көз жиберди жаш жоокер.

– Аман бол, жигит! Жигит пири Шаймерден Кудай алдында жолдош болсун! – деген Кошойдун үнүндө чоң атанын мээрими туюлду.

– Кудай алдында азирет Аалы шер колдосун! Коркуу оюңда болбосун! Өлүмдү ойлобо, жеримди булгаган жоону өлтүрөйүн деген ойдо бол. Албетте, жоону өлтүрүү үчүн сак болуу керек. «Сактансаң сактаймын» деген Кудай-Таала. Сактануу-бойду ала качуу эмес, найзасын, кылычын кагуу. Сактануу деген ошол.

www.bizdin.kg

Сабыр менен аракеттенсең, кылычың таасын, найзаң таамай болот, – деген Мааматкулдун сөздөрүн кунт коюп уккан Сабыр улан:

–Ыракмат! Осуятыңарды жадыма бекем түйөйүн, – деди ыраазы боло топуктуу тейде.

Даам сызылып бүтө:

– Оомийин, Аллоху Акбар! Кудай кубат берсин! Ата-баба арбактары жар болсун! Киндик кан тамган жериңер үчүн казатыңар жеңиштүү болсун! Манас баатыр бабаңар баштап жүрсүн! Аллоху Акбар! – деген Кошойдун бийик үнүн беш жүз жоокердин жигерлүү, үмүттүү добушу коштоп Кең-Колдун башын мекенин бошотууга аттанган кыргыз жоокерлеринин мунажаты ээледи.

Кыдырып жоокерлердин деми купулуна толгон карыялар жүрүш алдында беш жүз башылары менен кеңеште отурушту. Мааматкул кеңештегилерге кайрылды:

– Пикир алышалы. Жүрүш алдында ой токоорутуп алалы.

–Калмактын Капкадагы гөрүнө түн ичинде кол салалы. Уйкудагы немелерди тургузбай дым кылалы, –деп мурутун сылай, оңдоно отурду моңолдор беш жүзүн баштаган Балта.

–Калмактар бейкапар уктап жатат дейсиңби?! Алар бизден кабардар экени аныксыз. Гөрүн басып алып кол байлоо болуп турганда, сыртыбыздан сокку урушу толук ыктымал. Биздин кайгуулдан кабар келет. Ошого жараша аракеттенели. Гөрүндө катын баласын кайтарганга анча-мынча жоокер калтырып, бүткүл жамасы жоо күтүүгө өңүттөрдө турат дейм, – деген Солтонойдун сөздөрү жүйөөлүү угулду.

–Өңүттөрүн аныктап алып, ошол жоо күтүп тургандарды жоготолу, – деп оюн айтты кушчу Бердике.

–Ойлордун баары угумдуу болду. Албетте, жоо бейкапар эмес. Биздин жоокерлер демдүү. Ата конуштарын жоодон бошотууга азырланып турганын көрдүк. Айтылгандарды эсте тутуп, чалгындын ка-

www.bizdin.kg

барына ылайык чабуулга кирели. Калмакты найзалашууга жеткирбей жебе менен тосолу. Мааматкул экөөбүз баштан кечирген айкаштай эле, жебени аралык сактап, таамай ыгы менен тарттыралы, – деп Кошой бий сөзүн бүтө кол баштоочу жаш жигиттерге үмүттүү көз жиберди.

– Түнкү чалгындан кабар эртең менен алынды. Солтоной болжогондой, жоо жарактуу. Гөрүнөн жарым чакырым аралыкта алдынан кайтарып турушат экен. Менин оюм таң үрүүлүндө чабуул тосуп турган калмактарды уйку кыстап, үргүлөп турган маал болот. Дал ошол маалда бетме-бет чабуул коюу керек. Түн оогондо аттансак, ашууну ашып, таң үрүүлүндө чабуулда болобуз. Чабуулга тополоңдоп жапырт кирбейли. Бир беш жүздүк беттесе, жетишет. Экинчиси артынан такоол болуп, зарыл учурда качырып кирет. Үчүнчү, төртүнчү беш жүздүктөр чабуул кызыган маалда эки капталынан куушура чабуулдайлы. Бешинчи жүздүк душмандын кысымы күчөгөндө капыстан артынан кол салат. Кандай дейсиңер? Дагы бир керектүү сөз, чабуулду «сен башта» деп таңуулабайлы. Ыктыяры менен ким каалайт? – деген Мааматкулдун сөзүнө удаа Солтоной ишенимдүү, сабырлуу сүйлөдү:

– Чабуулду мен баштайын. Капкадагы калмактын жайынан кабардармын. Менин жоокерлеримди алдыга салыңыз.

– Биз да калмактан бейкапар эмеспиз, – деген Балтанын үнүнөн эр намысы угулду.

– Ыракмат, баатырлар. Ыракмат, Балта баатыр. Капка менен кагылышып, сезин алып жүрөт. Солтонойго жол берели, – деген кол башынын сөзүнөн кийин Кошой карыя алакан жайып, жүрүшкө Кудайдан ийгилик тилеген бата жаңырып, жоокерлер беш жүздүктөрүнө тарашты.

Жекшемби. Таң үрүүлү.

Капка алдындагы калмак гөрүнө үч чакырым таң куланөөк салаардан мурдараак келген кыргыз кошуу-

www.bizdin.kg

ну кеңеште бүтүмдөлгөн өңүттөрдү ээлеп, Солтонойдун беш жүздүгү экиге бөлүнө – бири чабуулдап, экинчиси такоол болуп артында баратты. Зээри бийик, суйдаң жалдуу омуроолуу чабдар аттын тизгинин жайган Солтоной баатыр «кыргыз», «кыргыз» ураанын чакыра, таң уйкусу тартып турган жоого жаа тарта алдыда. Ага удаа карыялар, колбашы Мааматкул, Кошой бий жебе жаадыра жыйнактуу баратат. Өздөрүнө сездирбей карыяларды үчтөн жоокер дайыма сак-сактап жүрүүдө.

Ургаал учкан жебелерден катары бузулуп, жоготууга учураган калмак катары чачыла, артка дыргыды. Алдынан тоскон жүз башылары кайра кайрыгандар беттеп келаткан кыргыз жоокерлерине туш келди жаа тартып, каршылык көрсөтүү аракетине өткөн менен таамай мээленип тартылган жаа кысымына туруштук бере албай, кайра чегиништи. Артынан келген кошумча жүздүктөрдүн кысымын кайра кайтарган калмактар кайсалактап туруштy. Арбындыгына таянып алдыга жыла, найзалашууга аргасыз, солгун согушууда. Жан сактоо аракети үстөм болуп, каршылашына кысымы начар. Өлүмгө бел байлап, жерин коргогон кыргыз жоокерлеринин кылычы таасын шилтенип, найзалары түз урулуп, жоонун шайын кетирүүдө.

Кыргыз жоокерлеринин мизин кайтаруудан үмүт үзбөгөн калмак кол башысы түнкүсүн тыныккан жүздүктөрүн майданга салып, өзү баштап кылыч шилтеп, колун алга сүрөөдө. Арбын күч менен алга жылууга аракеттенип, салгылашуу айыгышкан мүнөзгө айланып баратат.

Кылыч шилтеп, найза сунган жоокерлердин алдында жүргөн Солтонойду беттеп, найза суна калмак колбашысы келатты. Ага жардамга капталдан качырган жоокерди кылыч чаап, аттан кулатып, кыргыз уулу көзгө илинбегидей шамдагай кыймылдап, сунулган найзадан качып, чалкалай калган колбашыны уруп, аттан кулатты. Күймөлө калган алдыңкыларына кыйкырып туулгачан калмак айкашты улантууда...

www.bizdin.kg

Салгылашуу кысып турган маалда карала атчан Кабыке солдон, Атаке, Бердикелер оңдон «кыргыз» деп ураан чакыра киргенде, эки капталдан, маңдайдан сокку жеген, колбашысынан айрылган калмактар кача жөнөштү. Артынан түшкөн кыргыз жоокерлери калмактарды гөрүнөн эки чакырым узаганча кууп барып, чычая качкандан улам кеч кире тизгин жыйышты.

Чабуулду токтотуп, беш жүздүктөр өзүлөрүнүн катарларын түгөлдөгөндөн кийин Мааматкул, Кошой карыялар жоготууларды тактап, гөргө чукул аттан түшүп, теребелге көз жибере, сөз катпай, ойлуу отурушту. Көз байлап, жоокерлер тыныгууга жайланышты. Ээн калган калмак гөрүнө кыргыз жоокерлери башбакпады.

От жагылып, караңгы сүрүлө, карыялардын жанына беш жүздүктөрдү баштаган жоокер жигиттер Солтоной, Кабыке, Атаке, Бердике, Балта жай алышты. Аларга ыраазы көз жиберген Мааматкулдун:

– Тобо кылалы, кансыз согуш болчу беле?! Шейит кеткендер, жарадарлар такталгандыр. Камын көрүп, айылдарга жөнөтөлү, – деген сабырлуу үнүнөн кайгы, үмүт жуурулушкан кебелбес ишеним угулду.

– Биз чогулуп тактадык. Кантебиз, алты жоокер көз жумуп, жыйырма бири жаракат алыптыр. Каза тапкандарды айылдаштарынан үчтөн жоокер узатканы даярданып жатышат. Жарадарларды чогуу аттандырып, ар-бирин бирден айылдаштары узатып барышат. Камын бүткөрүп, түнү менен жөнөтүүгө макулдаштык. Калмактардын өлгөнү арбын. Жар көчүрүп жашырабыз, – деп жолдошторуна көз жибере баяндады баарынан жашы илгери кытай Кабыке.

– Ырас кыласыңар, түнү менен узагандары оң. Эми эртеңки аракеттерибизди да акылга чегерип алалы, – деп Мааматкулду карады Кошой бий.

– Ооба, азыр акыл токоорутуп алалы. Эртең менен жүрүш салалы, буйруса. Менин бааамымда Кара кыштакта Олоң Байыр кыздын төөсүн баккан калмак айылдары болушу ыктымал. Алар да көчүп кет-

www.bizdin.kg

кендир. Көчүп аткан айылдарга кол тийгизбейли. Чалгын маалыматы келер. Ошого жараша жолубузду аныктайбыз. Бизди калмактар Сокулуктагы гөрүнө жете электе тосору ыктымал. Бул жерден качкандар кошулуп, саны арбып калат. Бизди эки тараптан буктурмалап тосуусун күтөлү. Ошондой согушка даяр болуп баралы, – деп сөз учугун отургандарга саласал этти Мааматкул. Алдыдагы салгылашууну ар ким көз алдына келтирген тейде кеңеш бир тыным ойлуу турду. Бир аз обдула боюн түзөгөн Кабыке:

– Ошол жакка ургаал каттап, жердин өңүтүн дурус билген Солтоной экөөбүз бугуп турган жоонун эки капталынан капшыра сокку уралы дейм – деди. Карала атчан Кабыкенин сөздөрүнөн өз туушуна, куралдаштарына ишенген жигерлүү дем туюлду.

–Сокулуктагы калмак гөрүнүн алды жайык. Буктурма өңүтү жок. Эки-үч чакырымда оң жагы жыбыт, сол жагы камыштуу өңүт бар. Ошол жерден калмактын бугуп согуш салуусу ыктымал. Кабыке баатыр менин оюмдагыны тапты. – Куралдашына ыбаа карап сөз улады чабдар атчан Солтоной: – Кабыке экөөбүз колдун эки канаты кошуундарыбыз менен жүрөлү. Оң канаты кошулган кытай жоокерлери, сол канатта мен жетиген жоокерлери менен жүрөлү. Сокулукка жакындаганда аралыктарыбызды аныктап алабыз.

–Кабыке, Солтоной баатырлардын таасын, так жоокер бүтүмдөрүн колдойлу. Кандай дейсиң? – деп Кошой бийге көз жибере сөз улады Мааматкул:

–Кудай жар болсо, эки капшыттан, бет маңдайдан үч багытта чабуул коёбуз. Оң канатта Кабыке, сол канатта Солтоной беш жүздүктөрү, ортодо жоого бетмаңдай Бердике, Атаке, Балта баатырлардын беш жүздүктөрү майданга киришет. Кошой бий экөөбүз бет маңдай салгылашкан жоокерлердин катарында болобуз. Чалгындан маалымат алып, ошого жараша бетмаңдай чабуулду жапырт, же бирине-бири такоол боло беш жүздүктүн бири баштап, башкалар артынан колдоо көрсөтүп, жоонун үшүн ала чабуулдайт.

www.bizdin.kg

Бул жоромолду майданга кирер алдында жагдайга жараша ыкма менен согушабыз. Жараткан жар болсун! Эртең менен таң үрүлүндө жүрүш баштайлы.

Колбашынын сөзүнөн кийин беш жүз башчылары өз конуштарына эртеңки камылгага тарашты.

Чыгыштан ык салган күн шооласы асманды чайып, жерге жарык түшкөн маал. Кыргыз колу оң канатта Кабыке тоо этектей, сол канатта Солтоной камыш баскан талааны бойлоп беш жүздүктөрү менен күтүүсүз таймашууга даяр келатышат. Ортодо Мааматкул, Кошой бийлер жол баштап, Балтанын беш жүздүгүнүн алдында баратышты. Артынан такоол боло Бердике, Атаке баштаган кошуундар келатышат.

Оң жакки жыбытта бугуп турган калмак жоокерлери ортодо бетмаңдай салгылашууга бараткан кыргыз колуна чабуулга тизгин жайганда капталынан Кабыкенин кошууну сокку урду. Катары бузулуп, жоготууга учураган калмактар алдастап, жан сактоо аракетинде гөрүн карай чегинип баштады.

Сол тарапта камыш арасында бугуп турган жоо ортодо бетмаңдай салгылашууга бараткан кыргыз колуна капталдан чабуул салды. Мындай күтүүсүз кагылышуу болооруна даяр келаткан Балтанын жоокерлери кайрылып, жаа тарта тосушту. Алдыңкылары көмөлөнүп, артка дыргыган жоого кечиге жеткен Солтонойдун беш жүздүгү артынан сокку урду. Алдынан, артынан кысымга учураган жоо бир аз салгылашуудан кийин кыргын болоорун туюп, гөрүн карай кылчайбай кача жөнөдү. Солтонойчулар качкан жоонун артынан түшө кыргын сала барып, кайта ортодогу катарга кошулушту.

Буктурмадагылар келип кошулган калмактын ортодогу кошууну каршы келаткан кыргыздарга бетмаңдай чабуулга өттү. Чабуулдап келаткан калмак жоокерлерин Мааматкул, Кошой баш болгон кыргыз колу жаа жебеси менен тосту. Эт бышым салгылашуудан кийин калмак колу арбындык менен найзалашу-

www.bizdin.kg

уга өттү. Мурда макулдашылгандай Атаке, Бердике беш жүздүктөрү «кыргыз» деп ураан чакыра жоону эки капталынан капшыра кирди.

Үч тарапта согушуу саны арбынына карабай кыйынга турган калмактар чегинип «ит урушун сала» гөрүн карай жылууга аргасыз болду. Кеч кирип, көз байланган маалда кыргыз колу тизгин жая салгылашууну токтотуп, түнкү өңүттү ээлешти. Калмак колу гөрүн айланта эртеңкиге даярданып, жайлануу аракетине өткөнсүдү.

Кыргыз беш жүздүктөрү өз алдыларынча катарларын тактап, каза тапкандарды, жарадарларды жыйнап, түнү менен айылдарына узатуу камын көрүүдө. Мааматкул колбашы, Кошой бий тыныгууга жайланышкан беш жүздүктөрдүн ар биринде жоокерлер менен агедил куралдаш катары жай отуруп, бүгүнкү салгылашуунун тобокел эр үстөмүн өлүм сызышып турган кыйынчылыктарына ой бөлүшүп, калмакты жергеден биротоло сүрүп чыгаруунун оңтою келип турганына акыл калчашты.

Таң жарыгына коштоло башталган кыргыз чабуулу ургаал да, демдүү да болду. Өткөн айкаштагы ири жоготуулардан көңүлдөрү кайып болуп, бошоң турган калмак колу жүз башыларынан, кол башысынын айдагында жан сактоо аракетинде тайсалдап ыкшоо салгылашууда. Кыргыз беш жүздүктөрүнүн экиден бөлүнөө, бири-бирине такоол боло урган соккусу жаңы эпкин сала жоонун үшүн алып, жоготуусун арбытты.

Тынымсыз кысымга туруштук бере албаган калмак жоокерлери кеч бешимде өңүттөрүн калтырып кача жөнөштү. Бул качуу тарыхый бурулуштун, 1609-жылдан тарта тие-кача элдин тынчын алып, акыркы жетимиш жыл бою кыргыз, казак жерлерине баскынчы болуп турган калмак бийлигинин кыйроосунун айныксыз жышаанасы эле.

Мааматкул, Кошой баштаган кыргыз колу акыркы салгылашууга жүрүш салды. Эр Табылды, Элдияр, Төлөк баатырлардын кошуундары калмак баскынын сүрүп, Эки Нарындан калмакты ашууну ашыра,

www.bizdin.kg

Оорукталдан өткөрө тоо аралап сүрүп, Ысык-Көлдү, Кызыл-Кыя, Санташты, берекелүү Кошташты бошотуп, бозгундап кайткандар конуштарына конуп, жер кылым карыта келаткан ээси кыргызга тийди. Курманбек баатырдын күрөшүн уланткан кыргыз жоокерлери Түштүк чөлкөмүн калмак баскынынан бошотуп, эл тынч жашоого өтүүдө.

Ак бешим. Түнкү согуш жүрүүдө. Капка алдындагы Сокулуктан сүрүлгөн калмак жоокерлери Чүй аягындагы такоол өңүтүндө баш кошуп, кыргыз колун тосо талкалап, ээлигип, улантуудан үмүт үзбөй шайланып турган эле. Кыргыз кошуундарынын түн сүрүлүүсү алдында «кыргыздап» ураан чакырып, чабуулду салуусу канчалык сак турганынан күмөн санабаган калмактар үчүн кандуу болду. Аттары токулуу, куралдары жанында бүкүлү уйкудагы калмактарды алдастатты. Кыргыздын кылыч, найзасына кабыла электери аттанып, салгылашууга өтүүдө. Аттана качкандары да көрүнүүдө. Кыргыз колбашылары беш жүздүктөрүн бириктирип, аны да экиге бөлүп чабуулга кирген. Калган кошуундар да эки жүз элүүдөн бөлүнүп бири-бирине такоол боло, салгылашуунун жүрүшүнө жараша жаңы күч катары жоонун үшүн ала чабуулга кирет.

Жерге жарык толук түшкөн маалда калмактын бир кыйласы качып, калгандары абалдын оордугун туюп качууга бет алганы турду. Сырткы өңүттө турган калмак колу чабуулга киреерде алардын аракетинен кабардар боло даяр турган кыргыздын эки жүз ээлүүлүктөрү чабуулга келаткан жоонун эки капталынан сокку урушту. Бөлүндү болгон калмак колу чачылып, багытын жогото согушуп турганда кыргыз кысымынан чегингендер кошулуп, бири-бирине жолтоо боло кыргынга учуроодо. Жүз башылары үн сала аракеттенип, катарын түзөп салгылашып турган жоону эки-үч чайнам аралыгында «кыргыздап» чабуулга жаңы кирген кыргыз жоокерлеринин куралдуу

www.bizdin.kg

кысымы алсырата, катарын буза, кыргын салып турду. Дигер маалы жакындаганда көп жоготууга учураган калмак колу кача жөнөдү. Качкан жоону жергеден биротоло сүрүп чыгарууну көздөгөн кыргыз жоокерлери артынан түштү.

Атаке, Бердике баатырлардын кошууну күңгөй тоо түбү Кара-Булактагы калмак гөрүнөн келүүчү каршылыктын алдын-ала Ак-Бешимдеги согуштан жоонун шайы ооп бараткан кезде аттана барып, чабуул коё калмак гөрүн басып алып, тээжинин «көзүн тазалап», качкан жоонун артынан түшө тизгин жыя баратышты. Качкан калмактын кайтчу түрү жок. Самсып, жерин бет ала көчүп бараткан айылдарынын абалына кайыл, жан сактоо туюму үстөм боло, токтобой, ат күчүнө сала, кутулууга жандалбастап баратышты. «Бүлүнгөндөн бүлдүргү[1] алба» деп түпкөрүдөн келаткан элдин осуятын ыйык туткан кыргыз жоокерлери мекенине кайтып бараткан калмак айылдарына катылбады.

Кыргыз жоокерлери жарыша кубалоону токтотуп, беш жүздүктөр боюнча катарларын тактап, жарадарларды, каза тапкандарды кастарлап артка узатып, жергени качкан жоодон биротоло арылтууну жоспорлоп, кеңеш куруувда.

Качкан жоонун артынан аттанган кыргыз кошуундары ашуу ашып, суу кечип изине түшө кыргыз чегинен сүрүп чыгара кайтышты.

1609-жылдан баштап, тийип-кача кыргыз жергесине көз артып, элдин тынчын ала бир жарым кылым ээлик кылуу аракетинде болуп, элди мекенинен сүрүп чыгарып, жетимиш жыл басып турган калмак зордугу аягына чыгып, келберсиген кенен Чүй, Эр Манастын, алп Кошойдун туругу айтылуу Кең- Кол, кең Талас, ырыс жайылган Анжиян, Алай, Баргана, ак булут челген касиеттүү Ала-Тоо, тоо койнунда чалкып, жээгине береке уюган, табият бермети Ысык-Көл,

[1] Бүлдүргү – камчы саптын учуна өткөрүлүп, билекке илинүүчү ичке кайыш илмек.

www.bizdin.kg

Ак-Суу, Кең-Суу, Сары-Тологой, кыргыз сыймыгы Каркыра, Кызыл-Кыя, Сан-Таш, бетегелүү Кой-Таш, Иле-башы, Үч-Алматы, Көк-Дөбө, Сары-Токум кылымдар түпкүрүнөн берки – ээси кыргызды күтүп турду.

1747-жыл, баш оона.

Ордонун мартабасын бийиктеткен олуттуу ишти төп аткарган кыргыз жигити Болотту кабыл алган хан ага терең алкыш айтып:

– Кандай мүдөөң бар, айт. Ойлогонуңду ордунан чыгартамын, – деп «кыргыздын эр жүрөк жигити сулуу аял алып берүүнү сурайт го» деген ойдо ага ыраазы көз жиберди.

– Таксыр, Ысар-Көлөптө, Сыр дарыя боюнда жана Баргананын булуң-бурчунда бозгун күн көрүп турган элимди жыйнап, жериме алып кеткенге жардам бериңиз, – деп төшүн баса таазим этти Болот.

Элинин тагдырына күйгөн жигиттин айкөл туюму купулуна толгон хан вилайет[1] башкарган акимдерин жыйып: «Өз чөлкөмүңөрдө убактылуу күн өткөрүп турган кыргыздарды чогултуп, жерине кайтканга унаа, азык-түлүк менен камсыздап, Болот мырзанын баштоосунда мекенине кайтаргыла. Иш төп эки ай ичинде тамам болсун» – деп катаал буйрук берди.

Хандын буйругу аткарылып, Болот жигиттин узатуусунда көчкөн кыргыз айылдары 1747-жыл, тогуздун айынын ортосунда кыргыз жергесине келип, өзүлөрүн күтүп турган ата конуштарын ээлешти.

Кошой, Мааматкул бийлер уруу бийлери менен бардыгына баш-көз болуп, Кетмен-Төбөдө сыгылыша турган эл, аларга Болот Мырза менен келип кошулган бозгун айылдар баш бойлорун жыйып, баары өз ата конуштарына бет алышты.

Ата конуштарын ээлеп, санаасы тынган кыргыз эли кылымдар түпкүрүнөн үзүлбөй келаткан байсалдуу өнүгүү жолуна өттү.

---

[1] Вилайет – ошол убактагы башкаруу чөлкөмү.

www.bizdin.kg

Алды жакта бүгүнкү мамлекеттүүлүккө чейинки үмүттүү, кыйын кезеңдүү, тар жол, тайгак кечүү – узак жылдар жатты.

## Ислам жана илим

Адам баласынын дүйнөдө жашоосун алга сүрөп, илимге, өнөргө ээ болуп, бактылуу өмүр сүрүүсү үчүн Аллахи Таала ага «Оку» улук осуяты менен кайрылган. Курани Каримдин 597-бетинде «Аляк» сүрөөсүндө «Оку» осуятынын айкын аяттары жакшылыкка нускап турат. «Оку жараткан Эгеңдин аты менен (1) Инсанды тамчыдан жараткан (2) Оку жана да Улук Эгеңе (3) Ал калам менен илим ээлетет (4) Инсанга билбегенин билгизет (5).

Бул ыйык аяттардан адам баласы жетүүчү илим жолуна Аллахи-Тааланын жарыгы түшүп турганын көрөбүз. Кээде айрым адамдардын «эмнеликтен Курани-Каримде электроника жөнүндө кабар айтылбайт» деген түкшүмөл суроолору туулат. Аларга айтаарыбыз: көңүл бура билгенге Аллахи-Тааланын ыйык аяттарынан электрондук технология гана эмес, азыркы илимдин жетишкендиктерине таянган нанотехнологияга жеткен жолунун көрүнүп турганы баамдалат. Калем кармап, илим артынан түшсөңөр, Аллахи-Тааланын мааниси түгөнгүс «Аляк» сүрөөсүнүн (5) аятынан азыркы заман Илим изилдөө борборлорунун фантастика чегиндеги жабдууларга шай илимий лабораторияларында жаратылыштын, ааламдын купуя сырларына сүңгүп кирген иштерин көрөсүңөр дейм. Илим ачылыштарынын жолу көрүнүп турганын сабаттуу киши байкай алат.

«Илимий атеизм» окуусун негиздөөчүлөрү Карл Маркс, Фридрих Энгельс, Владимир Ильич Ленин Курани-Каримди, Тауратты, Инжилди үйрөнүшкөн. Алардын улук Курандагы Алла-Тааланын илимий жоболорун бурмалап, өз теорияларына пайдаланганын көрөбүз. Владимир Ильич Лениндин «Окуу, окуу

www.bizdin.kg

жана окуу» деген кайрылуусу биз жогоруда чечмелөөгө аракет жасаган ыйык Курандын «Аляк» сүрөөсүнүн аяттарынан алынганы таасын көрүнүп турат. Материалисттик дүйнө тааным теориясынын негизин түзгөн «илимий» жобосун Ильичтин өз тилинде окуйлу. В.И.Лениндин: «Материальный мир познаваем. И в своем познании бесконечен» деген теориясы Курани-Каримдин «Бакара» сүрөөсүнүн 255-аятындагы «Ла юхитуна би шайин мин Илмихи Илла бимаша», «(Киши) илимден шайы жетишинче гана ээ боло алат» деген Аллахи-Тааланын окуусун атеизмдин тилине которуп алганын түшүнүүгө ар кимдин чамасы жетээри айныксыз.

«Атом неисчерпаем» – дейт Ленин андан ары. Азырынча илимде атомдун эң майда бөлүгү нано белгилүү болду. Ага негизделген нанотехнология илимди, өнөр жайды жаңы бийиктикке өркүндөтүүдө. Нанодан ары дагы атомдун ачыла элек мүмкүнчүлүктөрү бар экенин туйган адам андан ары изденип, улам жаңы ачылыштарга жете берет. Аллахи-Таала адамды алды жактагы купуя сырларга баш бактырып, акырын белгисиз бойдон калтыра берет. Дагы кандай ачылыштар бар экенин өзү гана билет. Адам уулу изденүү үстүндө өмүр өткөрөт. Атомдун электрон, протон, нейтрон, нано бөлүкчөлөрүнүн жайланыша жана орбита ылдамдыгына жараша, Аллахи-Тааланын амиринде, алардын ар бирине түспөл түз энергия (кубат) берет. Бирлери кооздук жарашык үчүн, экинчилери дартка даба, илдетке шыпаа касиеттерине ээ. Айрымдарынын атом ядросунда эбегейсиз энергия камтылат. Анда илим өнөрдүн күчү менен ааламды жакшылыкка бөлөөчү, этият болуп, оздуктап, пайдалана албаса, жарык дүйнөдөгү жашоону жексендөөчү алаамат баш багып турат.

Аллахи-Таала адам баласын ааламдагы бардык макулуктардан акылы, даражасы бийик, сын-сыпаттуу кылып, жакшылык үчүн жараткан.

www.bizdin.kg

# МУХАММЕД ПАЙГАМБАР ЖАНА БҮГҮНКҮ ЖАШОО

*(Тегеран, 1996-жыл)*

www.bizdin.kg

## БИСМИЛЛАХ ИРРАХМАН ИРРАХИМ

**Автордун кыргыз жана орус тилдеринде сунуш этилген аңгемесинде Аллах-Тааланын акыркы Пайгамбары Мухаммед Алейхи Саламдын өмүрүнүн урунттуу учурларына кыскача сереп салынган.**

**Аңгеме Иран Ислам республикасынын Кыргызстандагы элчилиги тарабынан Мухаммед Пайгамбардын урматына 1995-жылы өткөрүлгөн конкурста байгелүү орунга татыган.**

**Профессор А.А.Алдашевдин редакциясы астында чыгарылды.**

***«О жараткан, мени Чындыктын***
***эшигинен киргиз да,***
***ошол эшиктен кайра чыгар жана***
***мага Чындыкты ишке ашырарлык***
***кубат бер».***

*(Мухаммед Пайгамбардын айткандарынан).*

Кийинки эки-үч муундун өмүрүн камтыган кудайсыздыктын апааты жана ага жанашып жашообузду коштоп алган аракечтик адамды адал жашоого уюштуруучу ыймандан, Алла-Таалага ишенимден кол үзүүгө чукулдатып койгон маалда кыргыз эли кайра-

www.bizdin.kg

дан жан-дүйнө эркиндигине, дин эркиндигине ээ болду. Элдин жан-дүйнөсү түйшөлүп турган бүгүнкү күндө да атеизм менен аракечтик элдин жакасынан карышкан колдорун коё бербей турат.

Өлүмдүн сүрдүү купуя сырынан чочулап, өлгөндөргө куран окутулганы эле болбосо, азырынча эл, айрыкча жаштар ыймандан, динден оолак, коомайыраак, жан-дүйнөлөрү эки анжы болуп турган кез.

Мындай жагдайды Батыш-Чыгыштын ар кайсы өлкөлөрүнөн келген дин конфессияларынын миссионерлери билгичтик менен пайдаланууда. Ар кандай айла-амалдарды колдонушуп, алдап-соолап, ал эмес акчага ишеним сатып алуу ыкмалары менен жаштарды, орто муундагы адамдарды азгырып, ата-жотолору, өз ата-энелери туткан ислам дининен адаштырып, чокундуруп жатканы биздин көз алдыбызда жүрүүдө. Мындай абал улана берсе келечекте эмне болорун Югославиядагы серб деген бир эле эл мусулмандар жана христиандар болуп жоолашып, кан төгүлгөнүнөн баалоого болот.

Мына ушундай жан-дүйнө устаранын мизинде оошуп турган кезде, адам баласы үчүн аруулуктун, адалдыктын, адилеттиктин нускаларын Алла-Тааладан алган анын өкүлү Мухаммед пайгамбарыбыздын өмүрүнө кайрылып, андан өрнөк алып жашоону ашыра баалоого мүмкүн эмес.

Акыркы 2000 жыл ичинде жер жүзүндө жашап өткөн гениалдуу 100 инсанды адам коомуна тийгизген таасирлери боюнча тепкичтерге жайгаштырган Америкалык окумуштуу Майкл Харттын аныктоосунда Мухаммед пайгамбарга биринчи, Исаак Ньютонго экинчи, Иса пайгамбарга үчүнчү орун ыйгарылганы илимий көз караш менен алганда да бул улуу инсандын өмүрүн үйрөнүп, өрнөк алуу, жеке эле ислам дининдегилер үчүн эмес, жалпы адамзатына тиешелүү асыл нарктарды баа туткандар үчүн да зарыл экенин айгинелейт. Бул соолбос булактан биз бүгүнкү чиеленген карама-каршылыктарга толгон,

www.bizdin.kg

коогаландуу жана үмүттүү жашоонун кептеген суроолоруна жооп ала алабыз.

Улуу Алла-Тааланын өкүлү болуу үлүшү мандайына жазылган бала ата-энесинен эрте ажырап, жакынырак чоң атасы Абдул Муталибдин үй бүлөсүндө чоңоёт. Анын үй-бүлөсү Иса пайгамбар туулганга чейин эле Мекеде үстөмдүк жасап турган Курайши уруусуна тиешелүү болсо да кийинчерээк жакырданып кеткен эле. Мухаммед кичинесинен тартып уруу жаңжалдарынын, наадандыктын, кайрымсыз таш боорлуктун кесепетинен жапа чеккен араб жериндеги адамдардын кайгы-касиретин кошо тартып, ага астейдил кайышып, боор оору сезими менен чоңоёт. Жалкоолук, абийирсиздик, талоон, жан-дүйнө бүлгүнү элдин ансыз да оор жашоосун ого бетер кыйындатып турган. Сөлөкөттөргө табынуу (идолопоклонничество) элдин жан-дүйнөсүнө жаркын багыт бермек түгүл, адаштырып, кылмышка түртүп турган.

584-жылы Нахлада Курайшилер менен Бену Хазаби урууларынын ортосунда уруш чыгат. Он төрт жашар Мухаммед атасы менен бир тууган Абу Талибдин уулдарын өзүнө жардамга алып, уруу аксакалдары менен акылдашып, кан төгүүнү токтотуп, ынтымакка келүү жөнүндө келишимге жетишет. Эки уруу бири-бирин кыргандан көрө, күч бириктирип каракчыларды, зордукчу ээн баштарды тыюу, кербендердин коопсуз жүрүшүн камсыздоо, жалпы ымала күтүп, жарды-жакырларга, карып-мискиндерге жардам берүү, Мекеге кылмышкерлерди жолотпоо жөнүндө өз ара ант беришет. Согуш токтолуп, ынтымак өкүм сүрөт.

Адамдардын тагдырына жан-дили менен киришкени, жакшылыкты кебелбей жактаганы, адилеттиги, чечкиндүүлүгү жаш бала Мухаммедди элдин жалпы кадырлоосуна жеткирет. Мекендештери аны «Ал-Амин» деп аташат. Бул «ишенимдүү» деген мааниде эле. Өспүрүм Мухаммеддин адамдык бийик сапаттары, биздеги ирээтке түшө элек базар мамилелеринин

www.bizdin.kg

башаламан сүрөөлүнө аралаша, адамкерчилик, абийир, ыймандан кечип, кандай болсо да акча табуунун арааны жүрүп турган жоболоңдуу жагдайда жаштар үчүн адилеттиктин, аруулуктун үлгүсү болмокчу. Бирөөлөрдүн адал эмгеги менен тапкан ырыскысын кыркып, өмүрүн кыйып, кан төгүп, жаш агызуудан кайра тартпай, жай адамдарды, ал эмес жаш аялмет, кары-картаңдарды тоногондорго, көз боёп, соода жүргүзүүчү кесебирлерге бөгөт болуп, жакшылыкка жол ачмакчы.

20 жаш курагында Мухаммед эл ичинде калыс, адилет, чынчыл сабаттуу киши катары оозго алынып калат. Ал эч убакта эч кимге калп айтып, кара санаган эмес. Өзүнүн бардык аракеттеринде, иштеринде ар дайым адал эмгегине, адилеттикке таянуучу. Бирөөлөргө жакшылык жасоого ар дайым дилгир эле. Айткан сөзүнө, убадага бекемдик – аны өзгөлөрдөн айырмалантып турар эле. Күндөрдүн биринде ал бир таанышы менен жолугууга убакыт жана жер болжошот. Таанышы убадасын унутуп, үч күндөн кийин эстеп, болжошкон жерге келсе, Мухаммед күтүп туруптур. Буга таң калып: «Мен келбегенден кийин убара болбой, келбей койсоң да болмок» – деген таанышынын сөзүнө, «Убададан тануу, күтүү убарасынан да оор болмок, мен күн сайын болжошкон убакта келип турдум» – дептир Мухаммед.

Мекенин тургундары Мухаммедди жан дилдери менен сыйлашар эле. Аны эми «Сыдык» деп аташчу. Бул «чынчыл, калыс» деген мааниде эле.

Ойлонуп бышкан, же баштаган ишти аягына чыгаруу Мухаммеддин жашоодогу эрежеси болгон. «Отургузуу үчүн даярдап койгон көчөтүңдү эртең жарык дүйнө бүтөт десе да, отургузуп кой», – дээр эле.

24 жашында өзүнүн иш абалынын төмөндүгүнө карабастан ал кадырман кишилердин катарында болот. Буга көзү жеткен бай, жесир аял Хадиджа Мухаммедге өзүнүн шаардан-шаарга жүрүүчү соода кер-

www.bizdin.kg

бенин башкарууну сунуш кылат. Бул иштеги Мухаммеддин ак пейил, чынчылдыгы, адалдыгы, калыстыгы бөтөнчө байкалып, Хадиджанын соодасы арта баштайт. Кийинки жылы Мухаммед Хадиджанын сунушун кабыл алып, ага үйлөнөт.

Мухаммед ак пейил күйөө, камкор, кең пейил ата болгон. Анын нике алдындагы актыгы, жубайлык тазалыгы таң каларлык үлгү. Бул жөнүндө башка динди туткан окумуштуу Владимир Соловьевдун 1886-жылы Санкт-Петербургда басылып чыккан китебинен үзүндү келтиргенибиз ынанымдуу болор: «Алардын никелери бактылуу болгон. Мухаммед өмүр бою нике алдында адал болгон. Хадиджага сүйүүсү чексиз эле. Ага чейин аялга жологону ыктымал эмес. Кээ бирөөлөрдүн Мухаммедди сүйүү сезимине ээ боло албаган киши катары күнөөлөгөнү туура эмес. Алардын божомол уламыштары убагы боюнча Мухаммеддин картайган кезине туура келет да, ал өзүн адепсиз, арам жоруктардан мурдагысындай эле алыс алып жүргөнүн айгинелейт». (В.Соловьев, «Магомет», 1896-жыл, Санкт-Петербург, 14-бет).

Мындан 100 жыл илгерки изилдөөлөр Пайгамбарыбыздын өмүрү ааламга бир келип кетүүчү, адамга адал жашап өтүүнүн үлгүсү катары калаарын көрсөтүп турат жана Пайгамбардын аркасынан таш ыргытуучуларга айныксыз сокку берет.

Пайгамбарыбыздын үй-бүлөлүк турмушунан өмүрдүн булагы, жашоонун теңдешсиз лаззаты болгон сүйүүгө, анын ыйык чеги никеге астейдил болуунун, адал болуунун жана аны өмүрүнүн акырына чейин кастарлап өтүүнүн өрнөгү көрүнүп турат.

Хадиджанын өмүрүнөн үй-бүлө куту аялдын, жароокер, агедил жардын, мээрман эненин, алган жарынын, элдин иши үчүн өмүрүн тиккен кайраттуу, акылман адамдын элеси келет.

Жан дүйнө мүшкүлүнө тушуккан эң оор кырдаалдарда, Алла-Тааладан аян келер алдындагы дил туюму машакаттанган кооптуу күндөрдө да, кийинчерээк

www.bizdin.kg

дил ишеними үчүн ырайымсыз куугунтукка алынып, өлүм коркунучу башка түшүп турган кайгылуу күндөрдө да Хадиджа улуу Пайгамбардын кебелбес таянычы, эң жакын кеңешчиси болгон. Хадиджанын Мухаммед пайгамбар менен өткөргөн муунсуз жупчулук өмүрү, көөнөрбөс элеси жалпы адам баласы үчүн сүйүктүү жана ишенимдүү жардын, мээрман эненин үлгүсү болуп кала бермекчи.

Бай жана акылдуу аял Хадиджага үйлөнүп, бала-бакыра күтүп, калктын кадырлоосуна жетишкен Мухаммеддин өмүрү тынч, беймарал өтүүгө тийиш эле. Андай болбоду. Кереметтүү чексиз ааламдын ээси Алла-Таала өзүнүн акыркы Пайгамбарынын жердеги адамдарына чогуу болуп, ошолор көргөн күндү көрүп, өз өмүрү менен адамдарга адалдыктын жана аруулуктун, адилеттиктин, кайрымдуулуктун, ак эмгеги менен жашоонун өрнөгүн өтүүсүн каалаган экен.

Өмүр жана өлүм, адилеттик жана зордук, жакшылык жана жамандык, арамдык жана адалдык жөнүндөгү жашоо чындыгынан келип чыккан, чиеленген ойлор Мухаммеддин акыл-туюмун, жан дүйнөсүн ээлеп алат. Жанга тынчтык бербеген түрмөктөлгөн суроолорго жооп таба албай, кыйналган Мухаммед көп учурларда чөлдүү Хира тоолорунун ой-чуңкурларын аралай жалгыз жүрүп, ой толгоого өтөт. Ушундай күндөрдүн биринде, Хира тоосундагы үңкүрдө жалгыз ойго батып олтурган Мухаммедге Жаберейил периште киши сыяктуу абалда көрүнүп: «Ааламдагынын баарын жараткан ырайымдуу Кудай Тааланын аты менен оку! Ал кайрымдуу жана мээримдүү. Камыш калем аркылуу адам балдарына алар билбегенди билдирет» (Куран, XCVI сүрөө, 1–5-аят) деп талап кылат. Күтпөгөн жолугушуудан эси чыгып, ою чаташа айласы куруган Мухаммед эмне дээрин билбей, беймаза абалда калат. Ушундан кийин туңгуюк ойлуу, машакаттуу күндөр башталды. Көп узабай Алла-Тааладан Жабрейил аркылуу экинчи ирет аян келет.

Мухаммед Пайгамбарга Алла-Тааладан келген экинчи аян жөнүндө башка диндин өкүлү, Христианин В.Соловьевдун изилдөөлөрүнөн дагы бир далил келтирели: «Андан кийин бир нече жума бою Мухаммеддин жашоосунда өзгөчө эч нерсе болбоду. Бирок, ал бир нерсе күткөн сыяктуу маанайда болот. Бир күнү ал демейдегиден эрте туруп, тоого кетти. Тоодон максатсыз эле кырдан-кырга өтүп, кыдырып жүрө берген соң, бир саамда анын жан дүнүйөсүн бүлүндүргөн кусалык, коркунучтуу, түңгүюк кусалык каптады. Мындай аргасыз абалдан кутулуу үчүн Мухаммед аскадан боюн таштоого умтулган кезде, ага асмандан кереметтүү нур төгүлүп, дароо санаасы тынып, көңүлү жайлана түштү. Көңүлү жаркып, өзүнө күчтүү ишенимдин, кайраттын пайда болгонун сезди. Үйүнө маанайы жаркын келди. Бирок денеси талыкшып, жаткысы келди. Бак ичиндеги чатырчалуу тактага чапанын оронуп жатты эле, бүткөн боюн калтырак басып, кыйналуу абалына тушуккан кезде: «Сен, чапанга оронгон киши, тургун! Кийимдериңди тазала, ыпластыктан оолак бол. Жараткан Алла жөнүндө элге айт. Аны даңазала. Бирөөлөргө кайрымдуулук жаса. Алгылыктуу иштерди иштегенде жакшы аттуу болоюн деген өзүмчүл ойлордон оолак бол. Жараткан Алла-Таала, ага ишенимиң бекем болсун», – деген сөздөр асмандан угулду. (LXXIV Сүрөө, 1–7-аят, 1886-жыл, Санкт-Петербург, 24-бет).

Ушинтип, экинчи мертебе аян, буйрук болгондон кийин Мухаммед өзүндөгү ишенимди, кайрат-кубатты даана туйду. Ошентип, Пайгамбарлыкты өтөөгө киришти.

Мухаммед окуй да, жаза да билген эмес. Аны окута турган киши да жок эле. Алла-Таала Периштелери аркылуу Курандын ыйык сүрөөлөрүн өздөштүрүүнү үйрөттү.

Алгач Пайгамбардын жолун жолдогондор анын үй-бүлөсү, жакын санаган адамдары гана болду. Алла-Тааладан келген Куран сөздөрүндөгү төгүндөлгүс

www.bizdin.kg

жүйөөлүү чындыктын күчү, Пайгамбардын жылдыздуу, жаркын маанайы, терең акылы, астейдил адамкерчилиги, иши менен сөзүндө ажырым жок төптүгү элди чыныгы динге – мусулманчылыкка тез бириктире баштады.

Сөлөкөттөргө сыйынгандар жана кудайсыздар өздөрүнүн ишенимдерин, динин жана үстөмдүктөрүн жокко чыгаруу үчүн Алла-Таала жиберген, элди жакшылыкка үндөгөн кубаттуу агымдан коркуп, Мухаммед пайгамбарга жана мусулмандарга каршы куугунтук уюштуруп, уруп-согуу, өлтүрүүгө өтүштү. Пайгамбарды «жинди» деп жарыялашып, маскаралоо үчүн ар кандай кара өзгөй аракеттерди жасап турушту. Мындай оор күндөрдө Пайгамбар эл менен болуп, аларды чыдамдуулукка жана биримдикке чакырып, мусулманчылыктын артыкчылыгын көрсөтүүчү соопчулукту, кайрымдуулукту, бей-бечараларга жардам берүүнү уюштуруп, Алла-Таала тапшырган иштин демин сууткан жок.

Сөлөкөттөргө сыйынгандар Кудай-Тааладан келген анык динди –мусулманчылыкты кабыл алгандарды ырайымсыз куугунтуктап, жазалап, көрүнө өлтүрө башташат. Мусулмандарды куугунтуктан, өлүм коркунучунан сактоо үчүн Пайгамбар алардын айрымдарына Эфиопияга өтүп, баш калкалап турууга кеңеш берет. Христиан динин туткан Эфиопия падышасы Мекеден келген качкындарды кабыл алып, мусулман дининин жорук-жосундары менен таанышкандан кийин, Кудайдын бирөө гана экенине, ал адегенде Христосту жиберип, элге жакшылыктын, дүйнөдө адал жашап өтүүнүн жолун көрсөткөн болсо, эми Мухаммедди жибергенине ынанат. Келгендердин жашоо-шартын түзүп, жардам берип турат. Ислам дининин аруу жана адилет экенине көзү жеткенден кийин падыша өзү мусулманчылыкка өтөт.

Өз өмүрүнө өлүм коркунучу туулуп турганына карабастан, Мухаммед Пайгамбар Мекеден кетпестен Алла-Тааланын тапшырган осуятын элге таратып,

www.bizdin.kg

ишенимден адашып жүргөндөрдү туура жолго тартууну уланта берет. Жакшылык менен жамандыкты ажырымдап, адилет жашоого үндөгөн Алла-Тааланын сөзүнө уюгандардын катары арбый берет.

Мындай абалдан өзгөчө корккон дин безерлер Мухаммед Пайгамбарды жана башка мусулмандарды Бекаа чөлүндө камоолоп эч жакка катыштырбай, ачкалыкка кириптер кылып, үч жыл дээрлик туткундап турушат. Мусулмандардын камоого моюн бербей тургандыгына көзү жеткен соң, аргасыз аларды Мекеге кайра барууга мажбурлашат. Камоо бүткөндөн кеп узабай, туткун азабында ден соолуктары начарлап, табынан тайыган Хадиджа менен Пайгамбардын чоң атасы Абдул Муталиб көз жумушат. Пайгамбарыбыз сүйүктүү аялынан, жан жолдошунан, улуу иштеги кебелбес таянычынан, акылман кеңешчиси, көптү көргөн жетик көсөмү – чоң атасынан ажырайт.

Аялзатынын улуу өкүлү Хадиджанын Алла-Тааланын акыркы Пайгамбары Мухаммед менен өткөргөн өмүрү адал никеге, асыл жарга, элге болгон астейдил сүйүү, жалган дүйнөнүн бардык байлыктарынан жогору тураарын даңазалаган эненин, эки дүйнөлүк жуптун өчпөс, жаркын элеси катары кылымдар бою адамзатына үлгү болмокчу.

Хадиджанын өлүмүнөн улам жашоодогу, ишиндеги тирөөчү кулаган Мухаммед Пайгамбар арылгыс кайгыга чөмүп, жалгыздыктын кусасына батып мүңкүрөйт.

Пайгамбар өзүн-өзү жубатып, түнү бою намаз окуп, убактысын Алла-Таалага мунажат кылуу менен өткөрүп калат.

Жарынан айрылып, жалгыздыктын мүшкүлүн тартып турган Алла-Тааланын улуу Пайгамбарынын абалына муюшкан досу Абу Бакир кызы Айшаны ага жар болуусун өтүнөт. Акылдуу, кат тааныган кыз Айша Пайгамбардын тагдырын бөлүшүүгө макул болот.

Улуу Хижаранын алдындагы алты жүз жыйырма экинчи жылдын тарыхый күндөрүнүн биринде

www.bizdin.kg

Пайгамбарыбыз Айшага үйлөнөт. Айша жайдары да, ийкемдүү да, окуй, жаза да билген сабаттуу аял болгон. Айшанын сабаттуулугунан исламга, эринин ишине берилгенинен, аны чексиз кадырлагандыгынан улам Пайгамбардын өмүрүнүн көп урунттуу учурлары жазылып калып, азыркыларга кун жеткис мурас катары калганын көрөбүз.

Аялдарды окутууга, илимге тартууга Алланын улуу Пайгамбары өзгөчө көңүл бөлгөн. Аялдардын кол тийгис асылзаадалыгын баалап, кадырлай билүү, жашоонун маңызын түшүнгөн адамдын парсы экендигин, аялды кемсинтүү, басынтып кордоо күнөө экенин эскертип, Пайгамбарыбыз: «Аялдарды сыйлагыла. Алар силерге эне, эже, карындаш жана өмүрлүк жар. Бейиш – энелердин буту астында экенин унутпагыла», – деген. Энени сыйлоо – бардык адамдардын бул дүйнөдөгү ыйык милдети. Улуу Пайгамбардын бул осуяттарын туура тутунсак, биздин күндөрдөгү аял-эркектин жуптулук мамилелериндеги кол тийгис аруулукту, өмүр булагы болгон ыйык сүйүүнү, жашоонун куту, эне болуучу аялдын абийрин, соода-сатыкка, баюунун булагына айландырып алган дүнүйөкор кудай безерлердин алды бөгөлөр эле.

Улуу Пайгамбар Мухаммеддин бүткүл өмүрү Алла-Тааланын жерге жараткан теңдешсиз асылзат феномени болгон адам баласынын идеялы катары дүйнө бүткөнчө үлгү болмокчу. Анын өмүр жолунан үй күтүп, мал багып, эгин эгип, бак тигип, шаарлар куруп, маңдай терин төккөн катардагы пенде да, эл башкарган уюштургуч ишкерлер да, илим изилдеген аалымдар да, мамлекет башкарган бийлик ээлери да өз өмүрү үчүн өрнөк таба алышат.

622-жылы сөлөкөткө сыйынган динсиздердин Мухаммед Пайгамбардын өмүрүнө кол салууга жасаган аракети оңунан чыкпай, Алла-Таала өз өкүлүн өлүмдөн сактап калат да, Ясрибге-Мединага көчүүгө аян берет. Пайгамбар үй-бүлөсү, жамааты менен Ясриб шаарына көчөт. Бул учур Мекеден мусулмандар-

www.bizdin.kg

дын баары дээрлик качып чыгып, Ясрибге жайланышкан кези эле. Пайгамбардын келишинин урматына Ясриб шаары Медина (Пайгамбардын шаары) деген жаңы атка конот. Мына ушул тарыхый күндөн мусулмандардын Хижра боюнча жыл эсеби башталат. Христиандар болсо жыл эсебин Иса пайгамбардын туулган күнүнөн эсептешет. Мухаммед Пайгамбардын Мекеден Мединага көчүүсү Хижра делет. Улуу Хижрадан кийинки акыркы 10 жыл Пайгамбардын өмүрүндөгү өзгөчө маанилүү жарык тилкени түзөт. Андан бери 1415 жыл өттү.

Хижрада Алла-Тааланын акыркы улуу Пайгамбарынын Мекеден келиши элдин көңүлүнө ишенич толтуруп, кубанычка бөлөсө да, Мединадагы абал оор эле. Мекеден ооп келген миңдеген качкындар үй-жайсыз, азык-түлүксүз, ишсиз Алла-Тааладан жана Пайгамбардан жардам күтүп турушкан эле.

Алла-Тааланын нускаларына жана анын атына шыктанган Мухаммед пайгамбардын жаркын, жайдары мүнөзү, сабырдуулугу, астейдил адамкерчилиги, ар кимдин муктаждыгын дароо баамдай алган сергектиги, акылмандыгы адамдардын жүрөгүнө бат эле жол таба алды. Ал Мединанын тургундары менен Мекеден келген качкындардын уруучулук айырмалыгына карабай, бекем туугандашуусуна жеткире алды. Медина тургундарынын ар бири – ансорийлер Мекеден келгендердин ар бирин турак-жай, тамак-аш менен камсыздап туруу милдетин алышат. Бул жөнүндө уруу башчылары менен атайын келишим кабыл алынат. Пайгамбар жана анын шакирт санаалаштары ар дайым эл арасында болуп, сөздөрүн иш менен бекемдеп турушат. Мусулманчылыктын таяныч борборуна айланган Мединада чымырканган оор эмгек ыргагы, бирин-бири астейдил аяп, жардамга келүүгө даяр турган адамкерчилик ымыла өкүм сүрө баштайт. Шаарга бейкуттук орноп, ууру, ушакчы, зордукчулардын жолу тосулат. Адилеттик, абийирдүүлүк, сыйызаат, адал эмгек элдин жашоо эрежелеринен болот.

Алла-Тааланын ыйык осуяттары элдин жүрөгүнө уюп, аларды жакшылыкка үндөп турат. Турак жайларды, мечиттерди, маданий-тарбиялоо борборлорун (мектеп-супаларды) куруу жумуштары арыш керет. Жакшылыкка умтулган түзүүчүлүк маанай элдин кеңири катмарын кучагына алат. Элди окутуп, билим берүүдө, агартуу ишине, үнөмдүү чарба жүргүзүүгө Пайгамбар өзгөчө көңүл бурган. Улуу Пайгамбардын үлүшүнө уста болуу, насаатчы болуу, мыйзам чыгаруу, агартуучулук милдеттери туш келет. Ал бардык жерде эл менен бирге болуп, эл иштеген жумушта иштеп, оорчулукту эл менен бирге тартат. «Сиз көзөмөл салып эле карап туруңуз, оор жумушту биз иштейли» дегендерге: «Мен деле силердей адаммын. Силер көргөндү мен дагы көрүүгө тийишмин. Силер тарткан оордукту мен дагы тартууга тийишмин», – деп жооп берчү экен.

Илимди өнүктүрүүдө Пайгамбар өзгөчөлөнгөн. Анын «Илим чындыктарын издегиле. Илим чөлдө жүрсөң – дос, жашоого – тирек, жалгыздыкка – жолдош, кубанычта – жетекчи, достор арасында жүрсөң – кадыр-сый, душман арасында – курал», – деген сөздөрүн бүгүн бизге акыл кылып алсак.

Мединада түзүүчү эмгектин, адилеттиктин, мыйзамдуулуктун духу өкүм сүрүп, биринчи ислам мамлекети калыптана баштайт. Анын таасири шаар четинен чыгып, башка араб аймактарына да кете берет.

Хижрадан кийинки Алла-Тааланын улуу Пайгамбарынын исламды жайылтуу, мамлекетти чыңоо, элдин турмушун жакшыртуу боюнча жүргүзгөн иштерине сереп салганда, анын гений акылмандыгына, алысты көрүп, жакынды баамдай билген кыраакылыгына күбө болобуз. Ал уруулар арасындагы жаңжалдарды тынчтык жол менен чечүүнү көздөп, кан төгүлүү апаатын болтурбоого аракеттенген. «Тынчтыкты сактайлы. Тынчтык жердеги бардык баа жеткис байлык», – дечү улуу Пайгамбар.

Планетанын ар кай жеринде жазыксыз кан төгүлүп, уруш болуп турган бүгүнкү күндө Мухаммед Пайгамбардын бул осуяттарын мамлекет ишмерлери да эске алса, калайык калк үчүн тынчтык орнор эле.

Аргасыздан согушууга мажбур болгон жагдайларда Пайгамбар тобокелчиликти чектөө тактикасын колдонуп, адамдардын өмүрүн сактоого аракеттенчү. Жеңилген душмандарга талоон, зомбулук көрсөтүүгө, карапайым калкты жабырлантып, кабатыр кылуучу аракеттерди аёосуз тыюу сала билген. Согуштарда өзү жоокерлердин арасында салгылашып, эр жүрөк жоокердин, ийкемдуу кол башчынын аракеттерин көрсөтүүчү. Бул жөнүндө чыгаан адамдардын өмүрүн изилдеген В.Соловьевдун китебине дагы кайрылуунун ыгы келип турат. «Охоттогу салгылашуудагы анын кол башчылык сапаттары, салгылашуунун акырында көрсөткөн жоокердик жеке эрдигинен жогору болгон». (В. Соловьев. «Магомет», 63-бет, 1896-жыл, Санкт-Петербург).

Мухаммед Пайгамбардын кеменгер мамлекет башчысы, эрки майтарылбас каарман кол башчылык касиеттерине теңдешсиз айкелдүгү, ак пейил адамкерчилиги айкалашып турганына бир далил келтирели. Мусулмандарды Мединадан сүрүп талкалоо үчүн согуш ачып келген Абу Софиондун аскерлери талкаланып, качып бараткында ачкалыкка тушугуп, кырылуу коркунучуна кабылат. Муну уккан Пайгамбар жеңилген душманына азык-түлүк жана пул жиберип, өлүмдөн сактап калат.

Пайгамбарлардын аскер ишинде да, мамлекеттик иште да арааны жүрүп, биринчи мусулман мамлекети чыңала баштайт. 629-жылы Алланын улуу Пайгамбарына Меке шаары баш иет. Жеңилген шаарга Пайгамбар тынч, эч кандай шаан-шөкөтсүз, ызы-чуусуз кирет. Жеңүүчүлөр ырайымсыздык кылабы деп корккон Мекеликтерге: «Бизди бир туугандай көргүлө. Биз улууларга уулубуз, инибиз. Кичүүлөргө

www.bizdin.kg

агабыз», – деп мээримдүү кайрылуу жасайт. Жеңилген каардуу душманы Абу Суфиону, атасы менен бир тууганынын ичин тирүүлөй жарып, боорун сууруп алган Суфионун аялы Хиндиге да кечирим берилет. Алар күнөөлөрүн мойнуна алып, мусулман болушат.

Пайгамбарыбыздын өмүрүнүн акыркы он жыл ичинде Алла-Тааладан келген бир катар куран сүрөөлөрүндө мамлекеттин адеп-ахлактык, Мыйзамдык негиздери, үнөм жана саясат жөнүндөгү маанилүү маселелери чагылдырылган. Булар бүгүн да биздин жаш мамлекетибиздин ишин чындоого кызмат өтөй алат эле.

Кыргыз мамлекетинин биринчи Конституциясы кабыл алынаарда анын преамблуасына «Кыргызстан укуктук демократиялык мамлекет, исламдын жана башка диндердин асыл нарктарын сыйлайт» деп жазылсын деген Президент А. Акаевдин сунушу өтпөй калганы өкүнүчтүү болду.

Жаңы парламент Конституцияга өзгөртүү киргизүүнү карай турган болсо, ушул кемчилик толукталаар бекен деген илгери үмүт бар. Алардын ишин улуу Алла-Таала жана касиеттүү Мухаммед Пайгамбар колдосун.

Бишкек, рамазан айынын 26сы, 1995-жыл.

www.bizdin.kg

*«О Всевышний, введи меня в дверь правды и с нее же выведи, и дай силу осуществить эту Правду в жизнь»*
*(Из высказываний Великого Пророка Мухаммеда).*

## Великий пророк Мухаммед и наше время

После длительного преследования и гонения за веру народ Кыргызстана вновь приобрел свободу совести. Разумеется за эти десятилетия в духовном мире людей образовался некий вакуум. И в этих условиях приобщение к материалам о жизни Великого Пророка Всевышнего Аллаха Мухаммеда Алейхи Салама имеет неоценимое значение. Особую значимость вопросу придают обстоятельства, когда пользуясь демократическими свободами в республике миссионеры различных конфессий развернули кипучую деятельность, и разными посулами, вплоть до денежных подкупов сбивают людей, особенно молодежь, с пути истинной веры, которую веками исповедовали предки.

Изучение жизни Великого Пророка Мухаммеда – идеала нравственности и духовности, необходимо не только людям исповедующим ислам, но и всем, кому дороги общечеловеческие ценности. Из этого неиссякаемого источника мы можем черпать ответы на многие вопросы сегодняшней бурно и противоречиво протекающей действительности.

В этой небольшой статье мы постараемся осветить только некоторые стороны биографии этого Величайшего человека земли, который будучи посланником Всевышнего Аллаха, являл собой доброго, примерно-

www.bizdin.kg

го семьянина, честного торговца, храброго воина и предводителя войск, умелого правителя, гибкого, справедливого, дальновидного, государственного деятеля, подвергшегося гонениям и смертельной опасности.

В целях наглядной демонстрации значимости и влияния жизнедеятельности Пророка на развитие человеческого общества обратимся к исследованием американского ученого Майкла Харта. Майкл Харт исследовал жизнь и деятельность 100 гениальных людей, живших на земле последние 2000 лет и расставил их, по значимости их деятельности, оказавшей влияние на развитие человеческого общества. По результатам своих исследований он представил первое место Мухаммеду, второе место Исааку Ньютону, третье место Иисусу Христосу. Его исследование с научной точки зрения показывает Мухаммеда как выдающегося, первого гениального человека на земле.

Нареченный Всевышним Аллахом будущий Пророк рано лишившись родителей рос в недостаточно обеспеченной семье деда Абдул Муталиба. Его род принадлежал впоследствии обедневшему племени Курайшитов, господствовавших в Мекке до рождения Христова.

Осиротевшему мальчишке пришлось пережить все горести бедной жизни без родителей. Он с малых лет видел, и остро, проникновенно воспринимал горе людей, порожденное межплеменными распрями, невежеством, жестокостью и бедностью, царившими в то время на арабской земле. Лень, разврат, разбой и безнравственность усугубляли бедственную жизни людей, лишенных духовного ориентира. Идолопоклонничество не смогло дать людям необходимую духовную пищу.

Сопереживая тяжелой жизни людей Мухаммед рано стал приобщаться к жизни. По мере сил помогал тем, кого постигло горе.

В 584 году, когда Мухаммеду было 14 лет, возникает война между племенами Курайшитов и Бену–Хазабин. Юный Мухаммед совместно с сыновьями

www.bizdin.kg

дяди Абу Талиба при содействии старейшин добивается прекращения войны в Нахле и заключения договора о недопущении своеволия и беспорядка; об охране караванов разбойников и наказании их; об оказании помощи неимущим, и принятия клятвы о не допущении преступников в Мекку.

Проникновенное участие в судьбах людей, душевная теплота и непреклонная приверженность добру, решительность и справедливость юного Мухаммеда снискали всеобщее уважение. Люди нарекают его Ал-Амином, что означало «верный», «надежный». Эти качества юного Мухаммеда достойны подражанию, сегодня, когда на волнах неупорядоченных рыночных отношений многие очерствели душой; готовы нажиться нечестными путями, даже на бедах сограждан. Некоторые воруют, грабят даже стариков, детей, и женщин.

К двадцати годам за Мухаммедом прочно утверждается репутация честного, порядочного человека. Он никогда не лгал. Ему было противно обогащаться и жить нечестным способами. Во всех своих деяниях он опирался на праведный труд, добро и справедливость. Его отличала непоколебимая верность слову. Предание гласит, что в один из дней он дал слово одному знакомому встретиться в определенном месте. Его знакомый не сдержал слово и не явился в условленное место. И только через три дня вспомнив о встрече, пришел в условленное место. Увидев Мухаммеда ожидающего его, удивился:

– Все три дня ждал меня?

– Да. Каждый день приходил в условленное время, – отвечал Мухаммед.

– Не надо было мучится, ушел бы, раз я не пришел, – говорит знакомый.

– Нарушение данного слова было бы мучительнее муки ожидания, – отвечает Мухаммед.

Жители Мекки благословляли Мухаммеда и нарекли его «Сыдыком», что означало «честный».

www.bizdin.kg

Девизом жизни Мухаммеда было довести до конца задуманное или начатое дело. «Выбранный для посадки дерево сажай, если даже на завтра предвещают конец света», – говорил он.

До 24 лет он был в услужении у своих дядей, пас скот, ходил торговым караваном. Несмотря на незначительность своего положения он пользовался репутацией почитаемого человека. На это обращает внимание богатая вдова Хадиджа и предлагает ему возглавить свои торговые караваны. В возложенном на него деле молодой Мухаммед был безупречен. Ему сопутствовала удача. В следующем году он принимает предложение Хадиджы и женится на ней.

Мухаммед был верным мужем, заботливым отцом. Поражает его беспредельная верность супружеской жизни. Здесь будет уместно привести высказывания приверженца иной веры, ученого Владимира Соловьева, издавшего книгу о жизни Мухаммеда в 1896 году в Санкт-Петербурге. Он пишет: «Брак их был вполне счастливым, хотя не дал Мухаммеду мужского пола потомства; три сына, рожденные ему Хадиджей, умерли в детстве. Дочери же – Зейнеп, Ракыя, Омкульсун и Фатима остались в живых. Впоследствии стали мусульманками. Когда родилась последняя дочь Хадидже был 51 год. После этого она прожила еще 13 лет. И Мухаммед все время был верен ей: но так же вероятно, что до брака с ней он не знал женщин. Таким образом неумеренность в чувственной любви, которую обыкновенно ставят в вину Мухаммеду, относится ко времени его старости. И должно быть приписано скорее к прежнему воздержанию, нежели порочным нравам» (В.Соловьев. «Магомет», 1896 г., Санкт-Петербург, 14 стр).

Пожалуй сказанное будет достойным примером подражания для всех и опровержением клеветнических измышлений некоторых злопыхателей в адрес Великого Пророка Аллаха. И показывает, что семейная жизнь его была образцом любви и преданности

www.bizdin.kg

прекрасным идеалам человека – феноменального создания Всевышнего на земле. Хадиджа, великая женщина эпохи была верной женой, самым близким сподвижником Пророка, готовая к самопожертвованию ради мужа, семьи и святого дела, которому посвятил себя муж. В самые трудные дни душевных мук, жестоких преследований за веру и смертельной опасности, и впоследствии она была опорой, ближайшим советником великого Пророка. Безупречная и самоотверженная жизнь Хадиджы прожитая с Мухаммедом, ее незабвенный образ жены и матери могут служить образцом для подражания во все времена.

Женившись на Хадидже, богатой, умной женщине, имея детей, окруженный почитанием и уважением сограждан, Мухаммед мог прожить спокойную жизнь. Но он постоянно бывал в раздумье о жизни людей, о ее смысле, о добре и зле.

Всевышнему Аллаху было угодно, чтобы последний Пророк жил среди людей, своей жизнью подавал пример нравственной чистоты, доброты, терпимости, человеколюбия, понимания смысла жизни на земле и почитания создателя истинной Веры.

В один из дней во время уединенной молитвы в пещере Хира явился ему ангел Жебреил и прорицал: «Читай во имя Бога милостивого, Создателя всего сущего. Он милостив, милосерден – дает знать через писчий трость человеку то, что он не знал (Куран, сура XCVI, 1–5).

Ошеломленный этой встречей он не знал что делать. В скором времени ему было послано второе откровение.

Для большей объективности дальнейший ход великого откровения Пророку, уместно передать устами христианского ученого В. Соловьева: «После этого с Мухаммедом несколько недель ничего особенного не было. Но он видимо чего-то ждал, ибо снова отправился в пустыню ранее обычного. Побродив напрасно в горах, он впал в страшное томление и готов

был броситься с высокой скалы, чтобы избавиться от давившей его тоски. Тут вдруг какое-то чудесное сияние озарило его. И он почувствовал полную уверенность и спокойствие в душе. Но тело изнемогало, и он вернулся домой в сильной лихорадке. И удалился в садовую беседку. И попросил, чтобы его завернули в плащ. Он лег в сильном нервном припадке. И услышал следующие слова: «Ты завернутый в плащ! Вставай! Проповедуй Господа твоего! Прославляй его! Одежды твои – очисти их! Нечистоты – избегай ея. Не будь добр из своекорыстия – и Господа твоего – крепко держись !» (Сура LXXIV, 1–7 изд. 1896г. стр. 24. Санкт-Петербург).

После этого второго откровения Мухаммед более не колебался признать себя Посланником Божьим, и принять поручение свыше – проповедать арабам истинную Веру, обличать их заблуждения» (В.Соловьев, изд. 1896 г. Санкт-Петербург, стр. 24).

Мухаммед не умел писать. Не у кого было учиться, и Всевышний Аллах через своих Ангелов помог ему познать учение священного Курана.

Первое время последователей было немного, в основном члены его семьи и очень близкие люди.

Поражающая сила Правды учения Курана и наделенное Всевышним Аллахом человеческое обаяние, умение, глубокий ум и гений Пророка, беспредельная гуманность его поступков и деяний быстро сплачивали людей в истинную веру. Ряды мусульман росли. (О глубине философии учения Курана и созвучие его с научными представлениями о Вселенной и жизни на земле нужен отдельный разговор по материалам ученых исследователей).

Идолопоклонники и безбожники, встревоженные приближением конца своей веры устраивали гонения, преследования Пророка Мухаммеда и его последователей. Объявляли Мухаммеда сумасшедшим.

В это трудное время Великий Пророк призывал к терпению и более активным действиям. Божье пос-

www.bizdin.kg

лание обещало им вознаграждение в этой жизни и вечном раю.

Беспощадное преследование язычниками людей принявших истинную веру все нарастало. Обеспокоенный за судьбу мусульман, подвергающихся смертельной опасности, Пророк посоветовал им переселиться в Эфиопию. Христианский правитель Эфиопии ознакомившись с верой мусульман, убеждается в единстве Всевышнего, пославшего на землю ранее Христоса, теперь Мухаммеда. И оказывает покровительство мусульманам. Впоследствии сам принимает ислам.

Невзирая на опасность для своей жизни Великий Пророк Аллаха оставался в Мекке. И продолжает проповеди, наставляя на истинный путь заблуждающихся в Вере людей. Не опровергаемая правда слов ниспосланных Аллахом все больше привлекает людей. Испуганные таким развитием событий язычники устраивают жестокую осаду в пустыне Бекаа Великому Пророку и всем мусульманам. Три года продолжалась изнуряющая осада. Мусульманы терпели голод, болезни. Здоровье многих было подорвано. Вскоре после снятия осады скончались Хадиджа и Абдул Муталиб. Пророк лишился любимой жены, сподвижницы в Великом деле, и мудрого деда советника.

Безупречная и самоотверженная жизнь Хадиджы с великим Пророком Мухаммедом, ее незабвенный образ жены и матери, могут служить примером того, что любовь к мужу, семье и служение истине превыше имущественного и материального богатства.

Смерть любимой жены и сподвижницы подвергла Мухаммеда в неизбывное горе и одиночество. Утешение он находил в молитве. Ночами напролет сидел он предаваясь мыслям о жизни и вере. Видя безысходное положение великого Пророка, один из его близких друзей Абу Бакр выдает замуж за него свою дочь Айшу. В 622 году в преддверии священных исторических дней Хиджры Пророк женится на Айше. Айша

www.bizdin.kg

была умной девушкой, владеющей грамотой. Она была очень коммуникабельна. С мужчинами наравне она отправляла религиозные обряды, проявляя незаурядные способности. Благодаря ее грамотности и преданности мужу и великой Вере, многие эпизоды жизни Великого Пророка стали достоянием потомков.

Великий Пророк наставлял учить и просвещать женщин. Бережно чтя нравственные устои человечности и свято оберегая женское достоинство и честь, он говорил: «Уважайте женщин, они Вам мать, сестра и жена. Учтите, что рай под ногами матерей». Эти наставления Великого Пророка имеют неоценимое значение и сегодня, когда некоторые люди стараются делать бизнес на женской чести и достоинстве. И когда широко распространенная у нас порнографическая литература опошляет отношение к прекрасной половине человечества.

Вся жизнь Пророка пример идеала человеческой жизни и деятельности. Из нее каждый, от рядового труженика до государственного деятеля, могут найти пример для праведной жизни и управления государством.

Десятилетие со дня Хиджрата в Медину охватывает особо яркую полосу жизни великого Пророка Аллаха Мухаммеда.

В 622 году, после неудавшегося покушения язычников, Пророк по благословлению Аллаха переезжает в город Ясриб, где ранее находили приют многочисленные беженцы – мусульмане. Жители города с нетерпением ждали великого посланника Аллаха, город радушно встретил его. В его честь Ясриб был переименован в Медину, что означала город Пророка. С этого знаменательного дня начинается мусульманское летоисчисление по Хиджре, которому 1415 лет. Переезд Пророка Мухаммеда в Медину именуется Хиджрой.

Медина в те времена ставшая опорой мусульман жила трудной, напряженной, насыщенной созидани-

www.bizdin.kg

ем жизнью. Воцарилась уверенность в торжество истинной веры и справедливости. В город переселились из Мекки беженцы, не имеющие ни жилья, ни продуктов питания, уповавшие на Аллаха и его Великого Пророка. С благословления Аллаха великий Пророк своим неувядаемым обаянием, мудростью и человечностью находил пути к сердцам людей. Он добился братания людей независимо от племенной и национальной принадлежности. Каждый ансорий – житель Медины опекает одного беженца – мухожария, дает кров и питание. В Медине воцаряется взаимовыручка, справедливость, честность, человеколюбие и почитание Великого Аллаха. Разворачивается строительство жилья, мечетей, мектабов – супа – культурного просветительного центра. Пророк призывал людей познать науки. «Ищите научные истины, наука в пустыне друг, в жизни опора, в одиночестве – товарищ, в радости – руководитель, среди друзей – уважение, среди врагов – оружие», – говорил он. Дух созидания охватывает жителей Медины. Люди обучаются ценностям ислама, грамоте, ведению хозяйства. Пророк выступает как учитель, воспитатель, просветитель, законотворец и правитель. Его скромность, простота, вежливость и человечность вселяли в сердца людей уверенность в добре и справедливости. В это время состоялось освященное бракосочетание любимой дочери Пророка Фатимы и его сподвижника Али. С этого брака и продолжается род великого Пророка. Родились выдающиеся имамы Хасан и Хусейн.

Великий Пророк трудился на равных со всеми. Копал землю, таскал камни. Людям просящим его руководить и наблюдать, что черную работу сделают другие, он отвечал: «Я такой же человек, как и все вы. Перед Аллахом Всевышним мы все равны». Такие качества его еще больше возвышали в глазах людей. И видя добродетельную деятельность великого Пророка все больше людей тянулись к истинной вере. В Медине укрепляются мир и дух созидания.

www.bizdin.kg

Зарождается первое исламское государство. Его влияние начинает выходить за пределы города.

Вся последующая деятельность великого Пророка Аллаха (да благословит Аллах его имя и его род) по распространению истинной веры ниспосланной Аллахом свидетельствует о его мудрости, прозорливости и гениальности. Он всеми силами добивался решения межплеменных и межнациональных конфликтов только путем переговоров, соглашений, избегая кровопролития и страдания людей. И добивался мира. «Мир – самое бесценное богатство земли» заявлял он. И в наше время, когда льется кровь невинных людей, из-за межнациональных распрей, экономического и политического эгоизма деяния Пророка могли бы быть примером для государственных деятелей.

При вынужденных боевых действиях он вел тактику наименьшего риска, оберегая жизнь людей. Категорически запрещал грабеж, насилие над побежденными и мирным населением. Возглавляя войско в битвах принимал личное участие, проявляя храбрость воина и умение полководца. Об этом писал ученый-исследователь жизни замечательных людей В.Соловьев «В битве при Оходе он показал более полководческие качества, чем личной храбрости в конце» (В.Соловьев «Магомет», 1896 г. стр. 63, Санкт-Петербург).

О великодушии и гуманности Пророка-полководца, победителя свидетельствует эпизод из военной биографии. При битве в Оходе разгромленное войско смертельного врага Абу Суфиона отступая в беспорядке, терпел голод и бедствие. Узнав об этом Пророк послал им хурму и другое питание.

Удача сопутствовала Пророку.

В 629 году ему покорилась Мекка. Он входит в город мирно, без шумных ритуалов. Мекканцам, опасающимся жестокости победителя, он говорил: «Считайте нас братьями. Для младших – мы дяди, и старшие братья, для старших сыновья».

www.bizdin.kg

Провинившихся врагов простил, простил даже Абу Суфиона предводителя своих заклятых врагов, и его жену Хинду, которая распоров живот вырвала печень его двоюродного брата Хамзы.

Великий Пророк расширяет и укрепляет первое исламское государство. Все новые земли переходят в его состав и все больше людей принимают ислам.

В Медине в течение 10 лет до конца жизни Великого Пророка, ему были ниспосланы Аллахом ряд великих сур Курана, отражающие нравственные и политические основы государства, вопросы экономики и управления государством. Эти святые суры и хадисы Великого Пророка своей жизненностью, нравственной чистотой и справедливостью и сегодня могут служить ориентиром развития и укрепления нашего молодого государства. Вызывает сожаления тот факт, что в преамбуле новой Конституции парламент не принял предложение Президента о том, что Кыргызстан является демократическим, правовым государством, уважающим ценности ислама и других религий. И надеемся, что в случае внесения изменений в Конституцию, новый парламент восполнит этот пробел.

Да, поможет им Великий Аллах и Великий Пророк Мухаммед Аллейхи Салам (да благословит Аллах его имя и его род).

Бишкек, рамазан 26, 1995 год.

www.bizdin.kg

## Касымаалы ажынын акыркы күндөрү

Кашкар, Анжиян, Бишкек тараптардан Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүн аралай каттоочу тоо жолдорунун тому –дарыя жээгиндеги кууш тилкеге орношкон үркөрдөй чакан калааны жазалоочу казак орустардын басканына эки айдан ашты. Жазалоодон абигер чеккен жалпак боз тамдуу чакан калаа түнү бою жаап, таңга жуук кыламыктап басылган кеч күздүн нөшөрүнөн кийин ого бетер жүдөңкү. Топурак морлордун түтүнү шамалга айдала көзгө илээшпей, калаа үстү томсорот. Калааны тең бөлгөн ортоңку көчөдө баткак кече жалгыз аттуу суу ташыгыч араба илкийт.

Таңкы намаздан кийинки субкатта отуруп көчө башындагы мечиттен чыккандар эмнедендир кооптонгондой эки жактарын карана бириндеп тароодо. Мечиттен аркы бир кабат узата имараттардагы Абдымомун аксакалдын, Шүкүрбек байдын дүкөндөрүнө кирип чыккандар көрүнбөйт. Аларга теке маңдай ашкананын сереси жабык. Баткактан чолоолой ылдыйтан басып келаткан үч кишинин алдындагы боз таар чепкенин камтый курчана, калпагын баса кийген чокчо сакал, сыйда мурут, карасур киши камчысын сүйрөй дүкөнгө кайрыларда, артындагы кара трайке чепкенин бүчүлөнө кийген кара саксак тебетейчен, көк ала сакал, сары чийкил салабаттуу карыя:

–Жан кулактын учунда турганда буйдалбайлычы! Жолдор тосулуп жатат дешпедиби?! Эртерээк

www.bizdin.kg

көмүскөлөй шаардан чыгып кетели – деп дүкөн бурчунан дарыя жакка өткөн тик көчөгө бурулуп, жээктен бери кырданып турган «Айгыр жал» алдындагы боз тамдарга бет алды.

Жалгыз аттуу суу ташыгыч араба баткак кече илкий дарбазалар алдына токтоодо. Андан суу алып кайра келгендерден бөлөк көчөдө жан көрүнбөйт.

Үрккөн кыргыздарды тоо-ташка камап, тыптыйпыл кыруу жөнүндөгү Жети-Суу аскерлеринин командачысы генерал Фольбаумдун ырыйымсыз буйругун аткарган казак орус жүздүктөрүнүн Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө айылдарды өрттөп, бейкүнөө элди эмчектеги балдарына чейин кылычтаган жырткыч кыргыны калайыкты муңкүрөтүп турат.

Жети-Суу казак орустарынын үчүнчү полкунун есаул Булычевдин жүздүгү Он-Арча (Тынымсейит), Ажы, Субан, Шатен, Моңолдор, Шаркыратма, Черик айылдарын түрө, кокту-колоттордо, Кытайга өтүүчү Үзөңгү-Кууш, Бедел ашууларына кетүүчү жолдорду тосо ок жаадырып, эл башына кылыч ойнотуп жүрөт.

Оренбург казак орустарынын полковник Бобров жетектеген алтынчы полку Намангандан Көк-Арт аша келип, Атайкеде көтөрүлгөн Тогуз-Торо кыргыздарын канга батырган кыргындан кийин, Ой-Кайың, Каргалык, Ак-Бел аша Нарындын түштүк жээгине, Дөдөмөл, Кара-Гөө аркылуу түндүк жээгине оогон.

Есаул Кохановскийдин жүздүгү Молдо ашуусу менен Соң-Көлдү жээктеп, Чаар-Арча, Килемче аркылуу Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө көтөрүлүп, Канат Ыбыке уулун кан көтөргөн айылдарды жазалоого өткөн.

Есаул Скоболевскийдин жүздүгү Ала-Буга, Туткуй, Терек-Чат, Актал-Чат өрөөндөрүн канакараптап, Суук капчыгай өрдөй, Орто-Сырт Чалк-Өйдө, Ат-Башы өрөөндөрүнө өтүп, Таш-Рават, Торугарт ашууларына бет алган кыргыздарды кырып жүрөт.

www.bizdin.kg

Генерал Фольбаумдун буйругу менен жазалоочулардын жалпы жетекчилиги полковник Бобровго жүктөлгөн. Убактылуу штаб Нарын гарнизонунда турат.

Гарнизон калаанын боз тамдарынан обочороок, дарыя жээгиндеги кашаттан бери карагайдан кыналып, Сибирь ыкмасы менен салынган орус чиркөөсүнө жанаша жайланышкан казарма имараттарында. Падыша акими – участка начальнигининин кеңсеси да аларга тутумдаш. Бул чөлкөм бийик дарбазалуу дубал менен курчалып, калаанын жупуну турпатына коошпой, өгөй жана сүрдүү турат. Казарма алдындагы аянтка орнотулган дарганын кендир сыйыртмактары кимдердин мойнуна илинерин күткөндөй шамалга термеле көргөндөрдүн үшүн алууда.

Күн көтөрүлө бийик дарбаза ачылып, үчтөн сапка турган куралдуу атчан орус солдаттары үч топко бөлүнө: бири Нарын көпүрөсүн карай өйдө, экинчиси калаадан бир аз обочо түштүк-чыгыш тоо этегиндеги карагай тамдуу ооруканадан берки бош аянтты кыйгач кесе, Орусия ажайыпканаларынын ортончусу көпөс Музивийдин (Неживойдун) имараттары менен турак үйүнүн ортосундагы кыска көчөгө сала Шаркыратма жактан келүүчү Ат-Башы жолуна, үчүнчүсү ортоңку көчө менен Ак-Кыя оюн көздөй текиреӊ-таскак менен жөнөштү.

Жазалоочулардын баткактуу даӊкан учурган дүбүртү калаанын кооптуу тиричилигин селейте түштү. Бирин-серин көчөгө баш баккандар кыргый көргөн таранчыдай жакын эшиктерге жылт кирип жок болууда.

Оӊ жактагы чоӊ дарбаза алдындагы жалгыз аттуу арабадан суу алып турган аял чакасын таштай кире качты. Малакайын баса кийип, шырымал күрмөсүн белинен курчанган суучу чакасын колуна кармаган бойдон солдаттардын артына карай араба үстүндө селейип турат.

www.bizdin.kg

Казак орустардын баткактуу дүбүртү элдин үшүн алуу үчүн бүгүн көрсөтүлүүчү көз көрүнө жан алуунун дүбүртү; кыргындан баш калкалоо үчүн тогуз жүз түтүн эли менен Кытайга качып кармалган айтылуу Касымаалы ажыны, болуш уулу Орунаалы жана жигиттери менен даргага асуунун коопсуз болушу үчүн көрүлгөн кошумча чара болучу. Таң заарынан чыккан казак орус солдаттары Нарын көпүрөсүнүн кулагында, Шаркыратмада, Теке-Секирикте, Ак-Кыя оюнда бирин-серин шаарга келаткан кыргыздарды аттарынан түшүрүп, камчыларын, кындуу курларын, бычак кестиктерин алып, жол боюна отургузуп, кайтарыктап турушат. Касымаалы Ажыны даргага асуу убактысы жеткенде аларды казарма аянтына жөө айдап келип, укмуштуу өлүм жазасын көрсөтүүгө тапшырма берилген эле.

Казак орустардын коркунучтуу дүбүртү басыла көчө ичи бир аз тынчый түштү. Бир тынымдан кийин участка начальниги Хохалевдин кеңсеси жактан эки атчан суурула чыгышты. Баштарында кызыл чок тагылган көрпө тебетей, кемселдеринин сыртынан курчанган курларында кындуу кылыч салаңдайт.

–Уккула, баарыңар уккула! Кадимки Касымаалы Ажы, болуш уулу Орунаалы жигиттери менен казарма алдында даргага асылат. Келгиле, келгиле казарма алдына, Кекилүп (Хохалев) таксыр өзү чакырат. Укмуш кызыкты көрөсүңөр. Чиркөө алдына келгиле! Кекилүп таксыр өзү буйруду, келгиле! – деп жарыша кыйкырып келатышат. Желдире бастырып ортоңку көчө менен тоо тараптан келген тик көчөнүн кесилишине жеткенде, бири оңго бурулуп, дарыя жакка, экинчиси түз ылдый жөнөштү.

–Уккула, уккула, баарыңар уккула! Кекилүп таксыр өзү буйруду! Кытайга качып кармалган айтылуу Касымаалы Ажы даргага асылат. Чиркөө алдына келгиле! Ата-бабаңар көрө элек кызыкты көрөсүңөр. Келгиле, келгиле! – деп үндөрүнүн болушунча кыйкырып, шөлпүлдөтө желдиришет.

www.bizdin.kg

Казак орустарынын дүбүртүнөн кийин бир аз калыптана түшкөн калаанын ыкшоо тиричилигин кызыл чоктордун кыйкырыгы дүрбөттү. Тирилик жагдайында көчөгө чыккандардын кээ бирөөлөрү үйлөрүнө кире качышса, кээ бирлери жанындагылардан эмне болгонун түкшүмөлдөөдө.

Шүкүрбек, Абдымомун дүкөндөрүнүн кардарсыз эригип отурган сатуучулары кыйкырыктан улам чыгышса керек. Дүкөндүн сырдалган көк каалгасы алдында чаар ала топучан үч-төрт жигитке сакал муруту сыйда серпилген улгайыңкы уйгур колун төмөн жакка жаңсап, бирдемелерди түшүндүргөнсүп турат. Суу ташыган жалгыз аттуу араба баткак кече илкий ылдыйлап баратат. Кыйкырыкты уга артын караган суучу арабакеч, элейип, оң тарапка ыктай кызыл чокко жол бошото илээлейт.

Көчөнүн орто жери, оң ыптада көпөс Мендуруптун (Бондаревдин) жерпайы бийик чатырчасы тунукеленген карагай үйү. Эшик алдындагы тепкичтүү сересинде кара фрактын үстүнө кундуз жакалуу халатын желбегей жамына, чегерме кундуз тебетейин (гоголь) кырданта кийген, жээрде сакалы кылдат серпилип, муруту чыйралган, сары чийкил эткээл орус канжасын маашырлана соруп, жанындагы орус төбөлдөрү менен күлө бага маектешип турат. Ага катар почта кеңсесинин алдында чүмбөттөлгөн эки аттуу арабага жүк салып жаткан эки орус жигит, аларды тескеп турган бакжагай сакал орус кыйкырып келаткан атчан кыргызды таң кала карап турушат.

– Келгиле, келгиле! Чиркөө алдына келгиле. Айтылуу Касымаалы ажы, уулу жана жигиттери менен даргага асылат. Кекилүп таксыр өзү чакырат. Укмуштуу кызыкты көрөсүңөр, келгиле чиркөө алдына! – деп кыйкыра желдирген кызыл чок көчө аягына чыга жаздап калды. Кызыл чокко оро-пара көчө аягындагы мал базар жактан келаткан үч-төрт киши жакаларын кармана токтой калышты. Араларындагы ак сакалы жайкала, муруту сыпаа серпилген,

www.bizdin.kg

күрөң нооту чепкен, түлкү тебетейчен карыя жакасын карманган тейде:

–Оо Жараткан! Кыргызды эмне алаамат каптады!? Өзүң сактай көр! Кайран киши бейажал кетет экен да. Касымаалы ажыны Тойундан кармап келди деди эле. Кайран киши, кайран киши! – деп тунжурай түштү.

– Такыба да, катаал да, дөөлөттүү да киши деп укчу элек. Ооматы кеткен экен да. Оомал-төкмөл дүнүйө – деп күрсүндү жапалдаш бойлуу, боз таар чепкенчен, ак калпак жээрде сакал, чекир көз сары киши сакалын сылай.

– Атаң көрү, жинди неме го. Киши өлтүргөндүн эмнеси кызык. Эмнесин көрөт элек!? Жүргүлө, айылга кетип калалы, – деп аксакалга суроолуу карады, көрпө малакайчан, кемселчен боз тонун кынай курчанган, олбурлуу сары чийкил жигит. Аксакал кайра бурула жолдошторун баштай, дарыя жээгин карай жөнөштү.

Кыйкыра, кыйкыра көчө аягына чыккан кызыл чок солго бурулуп тоо жакка карай жөнөдү. Кыязы, тоо этектеген узата көчөнү кыдыра башына чыгып, казармага кайрылчудай түрү бар. Суу жээгинен берки узата көчөдө жар салып жүргөн кызыл чок тик көчө менен өйдө бурула, ортоңку көчөгө чыга келди.

–Чиркөө алдына келгиле! Кызыкты көрөсүңөр! Кекилүп төрө өзү чакырат! – деген кыйкырыгы анчалык натыйжа бербегенинен улам басыгын жайлата, ар кайсы дарбазаларга токтоп камчысы менен тыкылдатып, бирөөлөрдүн чыгып жөнөөсүн күтүп туруп, анан жолун улоого өттү. Кызыл чоктордун айдаганынан улам көчөлөрдө ыргылжың боло өйдө бараткандар көрүнө баштады. Түшкө чукул көпүрө кулагынан, Теке-Секирик, Шаркыратма, Ак-Кыя жактардан аттарынан түшүрүлүп тинтилген кыргыздар солдаттардын айдагында топ-тобу менен баткак кече чиркөө короосуна киргизилип, андан ары казарма аянтына өткөрүлүп турду. Келгендер даргадан обочо

www.bizdin.kg

аркан керилген тосмонун ары жагына жыйналууда. Түш оой дарга жанындагы аянтка жүз элүү, эки жүз чамасында кыргыздар чогулду.

Эки тирөөчке ашталып, беш сыйыртмак илинген дарганын төрт бурчуна жыйырма метрлик аралыкта мамычалар орнотулуп, кендир аркандар керилген. Керменин сыртында, ар бир беш кадамда бирден солдат найзалуу мылтыктарын окчо кармап какайышат. Дарганын эки жагында эки офицер жалаң кылычтарын ийнине жөлөй, аттарын ыргыштата кекейишет. Казарма дубалы сыртынан ар бир жыйырма метрде бирден атчан казак орустун көзөмөлүндө турат.

Чогулган элдин көңүлү шамалга жай термелген дарганын сыйыртмактарына арбалууда. Сыйыртмакка муунтуп өлтүрүүнүн туңгуюк азабын боолголой ар кимдин жан туюму ичиркене титирейт. Дарганын ар бир сыйыртмагынын алдына жарым кезден таарылган дөңгөчтөр турат. Кеч күздүн сыдырым коштогон нымдуу кара суугу өпкөдөн өтө, баткак кечип аргасыз туйшөлүп турган эл коркунучтуу сыйыртмактар кимдердин мойнуна илинээрин зааркана күтүп турат. Мындан үч күн илгери угузулган сотсуз өкүмгө ылайык күнөөсүз кыргыздардын жаны азыр көз көрүнө алынмакчы. Аларды жан алгыч үч күндөн бери күтүп турат...

...Үч күн илгери... Аскер гарнизонунун камак жайы. Чакан бөлмөнүн ичи темир торлуу кичине терезеден түшкөн кунарсыз шооладан күңүрттөнүп турат. Бөлмөнүн кереге дубалдарына орнотулган тактай середе алты киши. Төр жагында Ниязбек сегизиндеги мыктылардын бири айтылуу Касымаалы Ажы, ага катар үзөңгү жолдошу Чоткара бий, Ажынын болуш уулу Орунаалы, болушка кандидат[1] уулу Акимаалы, «нээти казат» деп орус өлтүргөн бир туугэн жигиттер Момунаалы, Бопунаалылар отурушат. Баарынын көңүлү теспе тарта жай сүйлөп отурган

[1] Кандидат –болуштун ордун басуучу деген мааниде, ошол убакта эле колдонулган сөз.

www.bizdin.kg

Касымаалы Ажыга бурулган. Жазы маңдай, субагай кызылдуу жүзүнө төш жаба куюлган кара сакалы, серпилген сыйда муруту төп келген, бийик кабак алдындагы оттуу курч көзүнөн эл жүгүн аркалаган өмүр өтөлгөсүнө тете кайрат, Кудайга болгон чексиз ишенимге уюган кебелбес сабырдуулук байкалат. Башында тепчий шырылган төбөсү учтуу ак топу, тик жака ак кемселинин жакалары тегиз бүчүлөнгөн. Кемселге өңдөш шымынын багалектери хром маасынын кончуна кийирилген, мандаш уруна отуруп ангеме улантууда. Кырктын ичинде эле ажыга барып, тобого таянган Касымаалы күч-кубатын, акыл-кайратын беш күндүк өмүрдү адал жашап, Кудай алдына ыйман күтүп барууга үрөп турган учуру эле. Азыр элүү төрткө караган кези.

Тайманбаган курч мүнөзү, эргиген өктөм кыялы, акыл калчаган калыстыгына, шарият жолун ыйык туткан агартуучулугуна айкалышкан Касымаалы Ажы арканын аяр манаптарынын ичинен айырмаланып турар эле. Даңазалуу күлүк кара аты Базаркул байдын ашында топ жарып алган байгеси бир пуд күмүш жамбыны соогат деп элге таратып, өзүнө бир гана жамбы алган жоомарттыгы, эмгекчил сарамжалдуулугу, түтүн ээлерине, кембагалдарга жардам берген кайрымдуулугу, чукугандай сөз тапкан чечендиги, күйдүргү курч мыскылдары, кылмыш жасагандарды катаал жана аеосуз жазалаганы эл ичине аңыздалып таралып калган.

Маңдай терин төгүп, тың оокат өткөргөндөрдү таасын колдогону, бей-бечараларга үзүлө түшүп камкордук көргөнү, Нарын өрөөнүндө биринчи болуп чыгыш архитектура үлгүсүндө медресе куруп, балдар окуткан агартуучулугу, ууру, кескилерди, нике арамдаган ойноштчулдарды эл алдында көрүнө аеосуз жазалап, маскаралаганы, сөз баркын билбей жүйөөсүз сүйлөгөн бекер ооздорду ачуу мыскылдап шоттогону, элдин бир даарын чочулатса, көпчүлүк анын эл башкаруусунун тарбиялык мааиисине таң берип, кадырбаркы көтөрүлүп турар эле.

www.bizdin.kg

Касымаалы Кара булуңдагы медересесинде тегине карабай балдарды окутууну колго алган. Казандагы Галия Бану жогорку медресесин бүткөн уулу Айдараалы, Молдо Ажы Агыбай молдо, билимдүү аалым Тайыр Карылар медреседе дарс окушкандыктан өз убагында бул окуу жайынын билим берүү мүмкүнчүлүгү бир кыйла жогору болгон. Кийин биринчи мугалимдерден болуп кадыр-барк күткөн Абдылда молдо Аралбаев, Эшбай молдо Токсобаев, Сарба молдо Осмоналиевдер билимди Ажынын медресесинен алышкан.

Кыз-Мазардан ылдый Кара-Жардын алдына тырмалап эгин эгип, тың оокат өткөрүп турган дыйкан Андашты колдоп, короосуна байлардан чогултуп кой салып берет. Жардам көргөн Андаш ноо куруп, Отуз Адырдын үстүнө суу чыгарып, дыйканчылыгын арбытып, журтка пайдасын тийгизип турат. Байлык күтүп, ажыга барган элге кайрымдуу, кадырлуу адам.

Падыша өкмөтүнүн кыргыздарды жеринен сүрүп чыгарууну көздөгөн адилетсиз чараларынан улам эл ичи дүүлүгө баштагандан бери Касымаалы Ажы Шабдан баатырдын уулдары Мөкүш, Исамүдүндөр менен өз ара кабарлашып, коңшу Казакстандагы, Чүй өрөөнүндөгү жагдайларды иликтеп турар эле.

Чөп чабыш башталардан бир аз мурда кудасы Шабдан уулу Исамүдүндүн жигити Бугубай жашыруун келип, Олуя-Ата, Алматы, Жаркент, Капал, Лепси казактары, Чүй, Ысык-Көл кыргыздары орус-герман согушуна уулдарын жибербей, көтөрүлүүгө даярданып жатышканын кабарлап, Нарын, Ат-Башыдагы жагдайдан маалымат алып кеткен эле. Жалпы элдин ишин колдоого ниеттенген Касымаалы Ажы элин ар кандай абалга даяр болууга камындырып, болушунча жарактандырып, күтүп турган.

Чүй жактан көтөрүлүштүн оңунан чыкпай, падыша өкмөтү элди аёосуз кырууга өттү деген кабар келгенде, айыл жигиттери Момунаалы, Бопунаалылар өч алабыз деп Нарындан почта менен келе жат-

www.bizdin.kg

кан эки орусту өлтүрүшөт. Бул жоболондуу кабар угулгандан кийин элди бөөдө кыргынга учуратпайлы деп Касымаалы ажы тогуз жүз түтүн жамаатын чогуу көчүрүп, Кытайга аман өтүп кетет. Эл Тоюнга жайланышып, эл жайын түшүнгөн, сөз билги иниси Шераалы Ажы Кытай улуктары менен сүйлөшүп баш калкалоо сурап Кашкарда жүргөн кезде, Нарын участка акими Хохалев ажынын үч ата өткөн тууганы Ниязбек сегизинин Ат-Башыдагы мыктысы Казы болуш аркылуу Черик Мааке ажы баштаган аттуу, баштуу эл кишилерин жиберип, «Касымаалы кайра эли менен келсин. Падышага өткөн кызматы бар. Эч ким мышыгын мыш дебейт» – деп алдап чакыртат. Ажалдан качып кутулууга болбойт деген терең ишенимдеги Ажы эли менен кайра көчүп, Торугартты ашып түшкөндө, тозуп турган казак орустар элди канакарап кылып, өзүн, болуш уулу Орунаалыны, болушка кандидит уулу Акимаалыны, кенешчи жигити Чоткараны жана орус өлтүргөн эки жигитти туткундап келип камаганына бир ай толо жаздап калды.

«Беш күндүк» жашоонун ыракатын да, машакатын да таразалай билген Касымаалы ажы белгисиз кооптуу тагдыр күтүп турган күнү да сабырлуу, кайратынан жанбайт.

– Биз эмес Азирети Мухамед Алей Салам дагы каапырлардан кордук көргөн. Каапырлар өлтүрмөкчү болгондо, Алла-Таала өзү сактап, Мединага көчкөн эмеспи. Ажал жетсе арга жок. Кудай ыйманыбызды жолдош кылсын. Өлүм эч ким баш тарта албас парз. Ошентсе да тирүүлүктөн үмүт үзбөй, Кудай-Тааладан жакшылык тилейли, – деп сөзүн аяктай, өлүм менен өмүрдүн чегинде абигер чегип турган жаш уулдарына аянычтуу көз чаптырды.

– Касыке, биз эч кимге залал келтирбей, жан аргасы үчүн үрктүк да. Анын үстүнө сиздин ак падышага өтөп келген адал кызматыңыз, калк ичиндеги кадыр-баркыңыз эске алынса, бошоп кетербиз дейм, – деп Ажыга үмүт менен карады Чоткара бий.

www.bizdin.kg

– Баардыгы Кудаанын колунда. Тагдырга жазылганын көрөбүз, – деп Ажы ичинен келме келтирип, теспе тартуусун улантты.

Аңгыча эшик шарт ачылып, эңгезердей узун бойлуу, кең далылуу, погондуу күрмөсүн ийнинен арчындаган жез тоголуу курга маузер илинүү, кызыл жээктүү фуражкасын алчыланта кийген эсаул Булычев татар тилмечтин коштоосунда кирип келди. Аларды коштоп жүргөн прапорщиктин «Тургула» деген кыйкырыгы отургандарды селейте ордунан көтөрдү.

Эсаул папкесинен бир барак алып, үнүн жасай каадалана төмөнкүлөрдү окуду: – «Именем Его Императорского Величества, на основании статьи 1308 Военного Судебного Устава, согласно приказа Военного Ведомства 1914 года И 464, Особый отрядный суд, ведомый начальником отряда Его Превосходительства полковником Бобровым за организацию вооруженного мятежа против Его Императорского Величества и убийства двух русских людей приговорил к смертной казни через повешение: Касымаалы Мамбетова, Орунаалы Касымалиева, Чоткара Барманова, Момунаалы Жетигенова, Бопунаалы Жетигенова. Приговор обжалованию не подлежит. Исполняется на третий день после оглашения.

14 октября 1916 года, город Нарын.

Тилмеч кыскача төмөнкүлөрдү которду:

–Улуу урматтуу Императорго кыянат кылып, көтөрүлүш чыгарганы, орус адамдарын өлтүргөнү үчүн таксыр Бобров жетектеген аскер соту Касымаалы Мамбетовду, Орунаалы Касымалиевди, Чоткара Бармановду, Момунаалы, Бопунаалы Жетигеновдорду даргага асуу менен өлүм жазасына буйруду. Өкүм акыркы. Даттанууга жатпайт. Угузулгандан кийин үчүнчү күнү ишке ашырылат, – деп үнүн салмактуу чыгара которду. Алгач тула бою дүрт эте түшкөн Ажы келме келтирип, сабыр кыла төрөгө тике карап: – Сураксыз да өкүм болобу? Өкүм адилетсиз. Ошондой болсо да, Кудай менин тилегенимди берген экен. Үч

www.bizdin.kg

күн мурда өлүмдөн кабар келсе деп тилөөчү элем. Эр ортонун аштым, мунабу жаштарга убал. Ыгы келсе мени өлтүрүп, калгандарды бошоткула, – деди. Тилмеч кайра которду эле, эсаул башын чайкап:

– Өкүм акыркы. Даттанууга жатпайт, – деп шарт бурулуп чыга жөнөдү. Кандары ичине тарта, өңдөрү кубарып, бүткөн бойлорун майда калтырак баса, дендароо болуп турган тагдырлаштарына кайрып:

– Кайрат кылалы, каапырлардан ырайым болобу. Бул жалганда өлбөй турган адам жок. Бизди өлүмгө буйругандардын өздөрү да дайыма өлүмдүн тузагында жүргөнүн билишпейт. Бүгүнкү тирүүлүгүнө маашырлана өлбөчүдөй болушат. Кайрат кылалы. Алла-Тааладан ыйман тилейли. Олтургула, – деди Ажы сабырлуу ишенимдүү үнү менен.

Өлүмгө буйрулгандардын ичинде аты чыкпай калган кичүү уулу Акимаалы:

– Касыке, бул кандай шумдук! Силер күнөөсүз өлсөңөр, менин тирүү калышым кандай, – деп атасына боюн таштап, кучактай солуктады.

– Сабыр кыл, уулум. Сени куткарышат. Көрөөр күнүң алдыда. Сени Кудай өзү сактады. Чыгып барып эл журтка бизден салам айт. Шераалы ажы эл тынчыса, Кашкардан келээр. Айдараалы молдо агаңар бар. Ошол агаларыңардын акылына көнүп, оокат кылгыла, – деп Ажы ордуна отуруп, теспе тартууга өттү. Өлүмгө буйрулган эки жигиттин улуусу жазы маңдай, кең таноолуу, ээрди калбагайыраак, көзү жайнаган карасур жигит Момунаалы:

– Ажым, оруска тийген биздин кол эле. Силердин ажалыңарга калдык го. Бизди кечиргиле, – деп колун бооруна алып, Ажыга тигилди.

– Кудай өзү кечирсин. Биз да тагдырга жазылганын көрүп жатабыз. Отур, ыйман тилейли, – деп теспе тартуусун улантты.

Өлүм кабары үрөйлөрүн учуруп, жан туюмдары мүлжүлүп турган бечералар Ажынын напил намаздарды окутуп, пайгамбардын, улуу адамдардын

www.bizdin.kg

өмүрүнөн баяндаган, өлүм алдында көнүл жубатардык окуялуу ангемелерине көңүл бурган болушат. Өлүм, өмүр, Алла-Таала түгөй жараткан ар бир пендениn мойнундагы парз. Аны сабыр күтүп, ыйман келтире тосуп алуу жөнүндөгү жүйөлүү осуят, кайраттарына уюмуш болгонсугандары менен, санаалары сандап, өлүм менен өмүрдүн туюмдары алпурушкан машакаттуу эки күндү өткөрүштү.

Мына бүгүн акыркы үчүнчү күн. Көз көрүнөө келүүчү жан алгычты күткөн азаптуу мүнөттөр... Жарык дүйнөнү калтырып жан берүүнүн белгисиз коркунучунан жүрөк зилдеп турса да, чиркин үмүт жылт эте көңүлдү ээрчите калат. Үмүт өчөт... жанат... өчөт. Эшик шарт этпей турса экен дет жүрөк опколжуйт. Ага болобу. Эшик шарт ачылып, эшик алдында желдеттер көрүндү. Даргага асылуучуларды бирден чакырып, колдорун артына байлап, катарга тизишти. Касымаалы ажыны алдыда, калган төртөөнү экиден артта. Теребелди козгогон түрсүл алдында айдап жөнөштү. Айлананы капыстан дүңгүрөткөн барабан түрсүлү дарга алдында жыйылган элди казарма жакка жалт каратты. Камак жайынан келе жаткан өлүм туткундарды көргөндө эл дуу эте козголду. Колдору артына байланган, жан жактарында найзалуу мылтыктарын кесе кармаган бештен он солдат. Ортодо бейкүнөө жандары алынуучу беш киши. Алдыды Касымаалы ажы, башында тепчий шырылган төбөсү учту ак топу, тик жакалуу ак кемсел шымчан, багалеги хром маасынын кончуна түшүрүлгөн. Жазы маңдай, субагай кызыл жүзүнө төш жапкан кара сакалы жараша, терең кабагы алдындагы сурмалуу курч көзүнөн, элүүнү жаңы аралаган жигерлүү адамдын эргиген жашоо кумары, Алла-Таалага жан туюму менен чексиз ишене ыйман күткөн кайратына багынгандай, кебелбеген токтоолук, сабырдуулук туюлат. Башын өйдө көтөрө, жарык дүйнө менен кадыресе коштошкон таризде тоо башына көз чаптыра келатат. Ажынын артында ок-

www.bizdin.kg

шош ак кемсел шымчан, нооча бойлуу, кырдач мурун, кызыл жүздүү, муруту жаңыдан керилген жыйырма беш жаштагы болуш уулу Орунаалы, Ажы менен жакшы тең, үзөнгүлөш Чоткара бий. Алардын артында кырылган чачтары өскөн, жылаң баш, боз таар кемсел-шымчан, жыйырма үч, жыйырма беш жаштагы олбурлуу жигиттер Момунаалы, Бопунаалы келе жатышат. Элдин күңгүрөгөн уу-дуусун кимдир-бирөөлөрдүн эчкире боздогон үндөрү коштоп турду. Касымаалы Ажыны жолдоштору менен дарга алдына келтирер замат эки офицер коштогон эсаул Булычев алардын каршы алдына тура, папкасынан кагаз алып, отряд соту Касымаалы Ажыны, Орунаалыны, Чоткараны, Момунаалы, Бопунаалыны ак падышага кыянаттык менен көтөрүлүп чыгып, орустарды өлтүргөндүгү үчүн өлүм жазасына буюрганын, өкүмдүн дарга асуу менен азыр аткарылаарын айтты. Тилмеч өкүмдү кыргызчалагандан кийин, эсаул Булычев мурутун сылай тамагын жасап:

– Өлүм алдында кандай каалооңор бар? –деп соттолгондорго кайрылды.

– Күнөөбүз жок. Шейит кетип бара жатабыз. Оо, эл-журт! Бейкүнөө кырылып бүлүнгөн эл, кемелиңе келе турган күндү Кудайдан тилегиле! Улуу-кичүү, ага-инилер! Өкүм жүргүзүп, араңарда жашадым. Көңүлүңөрдү оорутуп, капа кылган болсом, кечиргиле, жакшылык жасаган болсом, эстей жүргүлө. Алаcаңар болсо, айткыла. Иним Шераалы ажы, уулум Айдараалы беришет. Мен силерге ыраазымын. Силер да мага ыраазы болгула, – деп элге кайрыла үн салды күрөө тамырлары чыңала бир аз буулуга түшкөн Касымаалы Ажы.

–Ыраазыбыз, – деген үндөр үзүл-кесил боздогон ыйга аралаша муздак абаны термелтти.

– Улук, – деп офицерге кайрылды Ажы. – Өлүм алдында эки рекет намаз окуганга уруксат бер.

Тилмеч которду. Эсаулдун баш ийкеген ишааратынан кийин, туткундардын колдору чечилди. Касы-

www.bizdin.kg

маалы Ажы дарга алдында кыбылага жүзүн буруп, бетаарчысын жая намазга турду. Артынан Орунаалы, Чоткара, Момунаалы, Бопунаалылар экиден катарга турушту. Ажы такбир айтып, кол байлап, намаз окуугa өтүштү. Намаз окулуп бүтө Касымаалы Ажы «Оомийин, Алла Акбар» – деп колун жайганда, жалпы эл дуу эте «Оомийин», – деп бата тилешти. Элдин алдында турган Тайыр кары дамбылда Ажынын жанына басып келип:

– Хаджи, сиздер шахит болгайлар. Алла-Таалам сүйгөн адамсыз. Хаммаларын жаннати болуңдар,– деп Касымаалы Ажыны кучактап, төшүн тийиштире коштошту да, Чоткара, Орунаалы, Момунаалы, Бопунаалылардын карысын кыса, ичинен келме келтирип четке чыкты. Желдеттер туткундардын колдорун байлоого кам урганда:

– Эй улук, – деди намаздан кийин үнү чыйралып, кадимки кайратына келген Касымаалы Ажы кадыресе сабырлуу үн менен:

– Мени мурда өлтүр. Уулумдун өлүмүн көрбөйүн. Дагы уруксат бер, колдорубуз байлана электе бирибирибиз менен ыраазылашалы.

Тилмеч которду. Эсаул өлүм алдындагы бул адамдын сабырлуулугуна таңкала баш ийкеди. Ажы солдаттардын туткунунда жулкунуп, адилетсиз өкүмгө акарат айтып турган уулуна кайрыла көкүрөгүнө кысып:

–Уулум,– деди салмактуу үн менен. – Аталык акымдан кечтим. Башыңды көтөр! Ыйманың жолдош болсун!

– Чоткара, үзөңгү жолдош элек. Өйдө төмөнүбүздү кечиришелик,– деп бий менен кучакташты. Момунаалы, Бопунаалы жигиттердин колун кыса коштошту да, колун байлоо үчүн жибин даярдап турган желдетке билектерин тосту. Кудай-Тааланын бардык бирдигине жан туюмун берген Ажы, өлүмгө эмес каймана сапарга бара жаткандай сабырдуу да, токтоо да көрүндү. Желдеттер колун байлап, Ажыны четке ил-

www.bizdin.kg

мектин алдындагы дөңгөчкө чыгарып, мойнуна сыйыртмак салды. «Илла, иллаха илла Алла», – деп Ажынын үн чыгара келтирген келмеси бүтөөрдө желдет аяк алдындагы дөңгөчтү тартып кетти. Денеси салаңдай дирт эте, Ажы кара сакалы төшүн жаба сунала түштү. Эл ичиндеги күрсүнгөн уу-дууну эчкире боздогон ый коштоп турду. Ажыдан кийин калган төрт шейиттин жандарын чогуу тартышты. Даргага беш шейит асылгын бойдон калды.

Солдаттардын айдагында тароого дүрбөгөндөрдүн кайгылуу кобурун коштогон муңдуу ый, чыгыштан соккон сыдырым менен обого тарап турду. Киргил булуттар каалгый көчкөн кеч күздүн бозомук асманы суз, элдин кайгысына орток болгонсуп, теребел бүркөө тунжурайт.

*Бишкек ш.,*
*Сентябрь, 1996-жыл*

www.bizdin.kg

# РЕПЛИКА ЧИТАТЕЛЯ[1]

Клевета не сожжет, только наводит проходящую тень.

Изрядно похудевшая потерей нравственных устоев, заодно и читателей, газета «Кыргыз маданияты» представила почти половину своего без того бедного номера (15.07.95г. № 13 (1432) пасквильной писанине В. Бондаренко «Чингиз, не помнящий родства».

До боли обидно, что газета, в недавнем прошлом являющаяся глашатаем и защитником культуры, искусства и литературы Кыргызстана, опустилась до прислужницы злобствующего писаки, взявшегося не разбирая средств, ради так называемого русского реализма и русского духа, чернить писателя вознесшего киргизскую литературу на уровень мировой, приобщив ее к общечеловеческим ценностям.

В. Бондаренко, видимо, было не по нутру, что вышел на арену мировой литературы и культуры, удостоился уважения мирового читателя, званий лауреатов премий элитных институтов, обществ, мировой литературы, культуры и искусства, стал академиком Европейского и Всемирной Академий, членом Римского Клуба писатель не русского происхождения.

Из публикации явствует, что человек не способный творить взялся «разбирать» и «оценивать» твор-

---

[1]«Наш современник» журналынын 1995-ж. №4 санына чыккан В.Бондаренконун «Чингиз, не помнящий родства» аттуу сын макаласына жооп иретинде.

www.bizdin.kg

чество художника, чьи произведения давно нашли приют в сердцах сотней миллионов читателей земли.

Не рискуя быть нескромным, можно заявить, что кыргызский писатель давно вышел на просторы общечеловеческого реализма, включающего в себя и русский реализм, за который так болезненно ратует В. Бондаренко.

Публикация «Чингиз, не помнящий родства» сквозит неизбывной ностальгией по тем «славным» временам, когда «старший брат» был во всем указ для «младшего». Нездоровая ностальгия В. Бондаренко, видимо, питается проснувшимся великодержавным шовинизмом, готовящимся «к решительному броску на юг» и лелеющим счастье видеть русских солдат, моющих грязные сапоги в водах Индийского океана.

При чтении публикации невольно вспоминаются персонажи басни И. А. Крылова «Слон и Моська». Как и беспомощные потуги той Моськи против величаво шествующего гиганта, у В. Бондаренко через край переливается беспомощная черная зависть и беспочвенная попытка свести на нет творчество крупного писателя–гуманиста, признанного мировой аудиторией мастера художественного слова.

В. Бондаренко обвиняет писателя не больше, не меньше в буквальном плагиате, предательстве своему народу, своей религии. Войдя в раж, не выбирает выражений как та женщина, поссорившаяся со своей соседкой на почве ревности, и переходит на обзывания, желая смерти сопернице. Что скажешь, таков, видимо, уровень «литературной критики».

Публикация «Чингиз, не помнящий родства» кроме надуманно вырванных из контекста и вольно комментируемых автором выражений, клеветы и злопыхательства не содержит ни художественно-философского, ни сюжетно-стилистического анализа. В нем не только мы, рядовые читатели, но и профессионалы – литературные критики с трудом найдут предметы для серьезной полемики.

www.bizdin.kg

Бездефектное творение присуще одному Всевышнему Аллаху. Возможно, в новом романе Ч. Айтматова, могут быть какие-то пробелы. В попытках опровергнуть не опровергаемое В. Бондаренко старается представить великого писателя неким расчетливым дельцом от литературы. Приводим дословно его доводы: «В свое время расчетливо привозил на Иссык–кульские чтения чуть ли не весь Нобелевский комитет, надеясь по-свойски барашками и огненной водой завоевать Нобелевскую премию». (Термин «огненная вода» из лексики народов российского Севера, которые доведены до вырождения такими же ревнителями русского духа, как он).

Такое пренебрежение авторитетами всемирно известных интеллектуалов, объединившихся в Иссык-кульский форум, сыгравший немаловажную роль в объединении усилий выдающихся ученых, деятелей культуры, искусства для сохранения мира и природы, культурных богатств земли, а также национальных традиций целого народа было бы к лицу персонажу «Плахи» Кочкорбаеву, а не литературному критику, взявшемуся защитить русский реализм, разоблачить антирусизм.

Дальше – больше... «Наверное, крушение Чингиза началось еще тогда, когда он, Лауреат Ленинской премии, реальный кандидат на Нобелевскую премию (спор шел в тот год между кандидатурами»советского» Айтматова и диссидентствующего эмигранта Бродского, в пику Советскому Союзу премию решили дать Иосифу Бродскому, тогда-то коммунист Айтматов понял высокую цену литературному антисоветизму, но опоздал), самый признанный из писателей Советского Востока не поверил в самого себя и в свои собственные литературные способности», – пророчествует В. Бондаренко, при этом явно намекая на то, что якобы после этого Айтматов круто изменил идейную направленность своих произведений. А нам, постоянным читателям, сопереживающим судьбу героев

произведений Айтматова и находящим в них пример для подражания или исправления жизненных ошибок, доподлинно известна эволюция его роста от начинающего до крупнейшего писателя современности, и постараемся поделиться ими.

В нашем тогдашнем понятии литературные герои – наши современники – должны были быть во всем безупречными и выходить победителями во всех жизненных ситуациях.

В поведениях, поступках героев первых же произведений молодого Айтматова было что-то, если можно так сказать, выходящее за рамки стандарта, что делало литературных персонажей советской литературы родными, понятными нам. В повести «Лицом к лицу» мы впервые в образах Исмаила и Сейде стали свидетелями истинных поступков и поведений людей в крутых поворотах жизни. Поведение новых героев Айтматова затрагивали затаенные уголки, нетронутые струны души.

Помню как сегодня, один эпизод. В 1958 году в учебной аудитории Политехнического института, тогдашний его проректор по науке, доцент Василий Андреевич Андреев перед началом своей лекции многозначительно смотря на сидящих студентов, спросил: «Знаете ли вы писателя Чингиза Айтматова?» и сделав многозначительную паузу, не дождавшись ответа, начал читать лекцию. В его голосе, взгляде чувствовалось удивление и восхищение новаторским веянием в киргизской литературе не в унисон времени.

С тех пор в глубоко гуманных, психологических и навеянных философскими мышлениями произведениях Ч. Айтматова по восходящей линии рассматривается проблема человека с учетом громадных успехов развития общества, влекущие за собой революцию в мышлении, благодаря ежедневным достижениям науки в сфере фундаментальных исследований и удовлетворении потребностей людей. Видимо, его героев тревожит обстоятельство, когда технология и ин-

www.bizdin.kg

дустриализация достигают зенита морали и нравственности грозит разложение, земля, природа и мир подвергаются опасности.

В своих произведениях, начиная с ранних и кончая последними, которые нам удалось прочитать, писатель неизменно болеет за судьбу людей и их общего дома – Земли, утверждая, что природа и люди – единое творение Всевышнего. В бесконечных далях Вселенной земной шар со своими обитателями похож на ковчег со спутниками, плавающими в бескрайних просторах бушующего океана. Только уважение друг к другу, бережное отношение и забота о себе и о природе приведет людей к благоденствию, а не утверждение каждым народом своего «реализма», за что болеет В.Бондаренко.

Нас, читателей, огорчает, что В. Бондаренко ненавидит всех, кто поднялся выше его «русского реализма», «русского духа». Он проклинает и писателей Василия Быкова, Виктора Астафьева, поэтов Иосифа Бродского, Евгения Евтушенко за то, что они пишут о жизни так, как она есть.

Наивно и примитивно его обвинение Ч.Айтматова в плагиате.

Одни и те же легенды находят место в произведениях разных писателей в соответствии с их художественными приемами. Они могут не знать друг о друге. Жизнь не так примитивна и предсказуема, как видит ее журналист В. Бондаренко. Даже одни и те же фундаментальные научные открытия делаются одновременно разными учеными, ничего не знающими друг о друге, и в разных местах. Дифференциальные исчисления – важный раздел высшей математики, основы научных исследований современной физики, одновременно, независимо друг от друга, открыли великие ученые англичанин Исаак Ньютон и немец Готтфрид Лейбниц. И никто никого из них не осмелился обвинить в плагиате. В этом плане «шептание» В.Бондаренко на ухо Абишу Кекильбаеву: «Что

www.bizdin.kg

ты молчишь? Ведь Айтматов перенял манкурта у твоей «Баллады забытых лет», сродни походке незаурядной сплетницы.

В. Бондаренко клевещет на Чингиза Айтматова, что он забыл свои корни, оторвался от своего народа, его интересов и культуры. Одним словом, предал свой народ, свою религию. А жизнь подтверждает другое.

Ч.Айтматов, находясь в Европе, постоянно жил заботами о своем народе. Прилагал немало усилий к приобщению кыргызской литературы к европейской. Неоспоримый пример тому – организация в Германии фестиваля-выставки «Кыргыз айылы», его многочисленные выступления перед европейской аудиторией о культуре и литературе Кыргызстана, о своем творчестве, организация выступлений молодых талантов Кыргызстана, музыкантов, композиторов в престижных театрах Европы, всего не перечесть.

И сегодня Ч. Айтматов поглощен заботой о своем народе, о его месте в цивилизованном человеческом обществе.

Обвиняя Ч. Айтматова в измене своей религии, в оголтелом атеизме, В. Бондаренко обнажает свое невежество. Даже деревенская старушка знает, что бог един, но люди по-разному веруют в него. А вот что говорит В. Бондаренко: «Айтматов мечтает, чтобы человек конца двадцатого века мог заявить в отличие от прошлых поколений «все религия мои, я носитель всех религий». Дальше переходит на личность и прямое оскорбление: «Заехал на денек в одну страну, там молишься одним богам, переехал на уик энд в другую, меняешь веру. Все просто и удобно. Можно ли другого ожидать от киргиза, объявляющего себя казахским писателем, пишущего на русском языке для англосакского читателя».

**Очень жаль «критика». Выше мы говорили о знании старушки о религии. Давайте послушаем, что говорят научные авторитеты. Всемирно известный ученый теолог, исламовед, доктор наук Сайид Мудж-**

www.bizdin.kg

**таба Рукни Лари в своей книге «Западная цивилизация глазами мусульманина» подчеркивает, что ислам одобряет поклонение единому богу: «Мы не просим интеллектуального уединения. Мы не отходим от** того **курса, по которому история заставляет идти цивилизации, так как мы попутчики** и **партнеры в караване человечества. Ислам поддерживает поклонение единому богу, оно должно решить судьбу человека, искоренять дурные последствия заблуждений и поднять человеческую культуру до чистого монотеизма». (Стр. 49, изд. 1994 г. Баку).**

Как видно, выводы ученого созвучны с позицией Ч.Айтматова, это и подтверждает невежественность обвинения Ч.Айтматова в многобожии.

В заключении хотелось бы заметить, видимо, В.Бондаренко, подгоняемый завистью и злобой, не нашел достаточных аргументов против глобального мышления Айтматова и в поисках какой-либо опоры просто запутался в мыслях. Иначе как понимать его противоречивые оценки творчества Айтматова в одной и той же публикации:

«Именно школа великой русской литературы в сочетании с природным даром и несомненной почвенностью, глубинным чувством своего народа сделали Чингиза Айтматова одним из лидеров нашей литературы» пишет в одном месте, а в другом: «Из всех реальных больших писателей того времени Чингиз Айтматов выступал всегда казенно–партийно, давая своей общеобязательной преданностью коммунизму фору самому Суслову». Об этом, наверное, профессиональные критики скажут свое слово.

Все же хочется спросить: «Где же вы искренны, господин Бондаренко?»

*г. Бишкек*
*27. 07. 95 г.*

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ

Автордон....................................................3
Тескери бата................................................7
Ынтымакка жоо даай албайт ....................................14
Жанаша жоо сүрсө, жаасы колунан түшөт....................36
Тынч эл кабар күтөт.......................................46
Акыркы айкаш...............................................52
Кечиргүү жана өктөлүү өкүнүч.............................60
Кыз намысы кыйыр бузат....................................66
Угузуу......................................................80
Өмүр өз нугунда.............................................90
Хан алдындагы кеңеш......................................103
Кооп жана үмүт............................................114
Өмүр, өлүм жол талашат...................................130
Хандан сыр качты, Сынчыдан сын качты....................159
Абийир өлүмдөн бийик......................................174
Бозгун жолу «актаман чубурунду»..........................203
Калктын кайрылткыс соккусу...............................206
Ислам жана илим...........................................221
**Мухаммед пайгамбар жана бүгүнкү жашоо**....................223
Великий пророк Мухаммед и наше время.....................238
Касымаалы ажынын акыркы күндөрү..........................249
Реплика читателя..........................................265

---

**Көркөм адабий басылма**

**Токтоналиев Жапаркул**

## АБИЙИР ӨЛҮМДӨН БИЙИК

***Тарыхый роман***

Редактору *Н.Ногойбаева*
Компьютерге калыпка салган *Р.Атабаев*

Басууга 20.12.2011-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 17 басма табак. Нускасы 500. Заказ № 799.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, Горький көч., 1.